# Бакы Ороков



# «АЛТЫН ЧӨЙЧӨК» -ЫЙЫК БЕШИГИМ

С(Кырг)
О-14

Бакы Ороков

# «АЛТЫН ЧӨЙЧӨК» – ЫЙЫК БЕШИГИМ

Чыңгыз Айтматов атындагы
райондук борбордук китепкана
Инв.№ 33847

4353

БИШКЕК
«БИЙИКТИК» – 2005

УДК 95 (48)
ББК 64.3 (2Ки)
О 14

**Ороков Бакы.**
О 14 «Алтын чөйчөк» – ыйык бешигим: – Б.: Бийиктик, 2005. 216-бет.

ISBN 9967-13-129-4

Азыр эскерүү китеп жазуу адат болуп кетти. Ар ким эле ата-бабасын баатыр, хандар менен табакташ кылып жазуу да салт болуп баратпайбы!

Менин оюм, максатым таптакыр башка маанайда, башкача айтканда, мени эскерүү жазууга бөлөк жагдайлар түрткү болду. Өз өмүрүмдө мен кимдер менен гана иштешпедим, кимдер менен гана мамилелешпедим... Айрыкча улуу муундардын укмуштуудай керемет өкүлдөрүнүн тикелей таасири, алардын тарбиясы, таалими астында эл инсаны катары ар тараптан калыптандык.

Кийинки муундар, биз кастарлаган, биз сыймыктанган улуу муундардын асыл сапаттары, адамдык бийик касиеттери жөнүндө билип калса деген ой.

О 0503030911-06
ISBN 9967-13-129-4

УДК 95 (48)
ББК 64.3 (2Ки)
© Ороков Б. 2005

## ИЗ КАЛТЫРМАК БИЗДЕН

Мен да жашым боюнча ушул китептин ээсине удаа келаткандардан болом. Ушул куракка келгиче окуу боюнча да, кызмат боюнча да көптөгөн кишилер менен жакындан таанышып, билип, мамиле түзүүгө туура келди. Алардын билимдери, мүнөздөрү, баскан-турганы, ой чабыттары ж.б. адам баласына тиешелүү касиеттери түрдүү кишилер. Ошол көптөрдүн ичинен Бакы акени өзгөчө бөлүп, белгилеп койбосом болбочудай көрүнөт. Бул киши менен чарбада бирге иштеп, айылдаш болуп жашабасам да, таанышкан бир аз убакыттын ичинде көп жылдардан бери бирге жүргөндөй эле билип калдым десем ашыра чапкандык эмес.

Тогузторо районунун энциклопедиясын чыгаруу маселеси экөөбүздү жакындаштырганы жакшы болуптур. Бакы акенин ушу китеп боюнча кыйла түйшүк тартып убара болгонун, майра-кайра ушунчалык алыс жерден келип-кетип турганынын өзү эле канча машакат. Ушундай маанилүү маселеге райондун бизге салыштырганда алда канча жаш жетекчилеринин кайдыгер мамиле жасагандарына күйүп-бышып жүрүп, аягына чыкпай калганы аябай өкүнүчтүү. Энциклопедия деген ошол райондун элинин, жеринин күзгүсү – тарыхы эмеспи. Каражатка шылтоолоп койгондору жарабаган жорук.

Бүгүн аким дегендер аз гана мөөнөткө дайындалаарын беш колдой билип алышты. Мага энциклопедиянын кереги канча, бүгүн иштеймин, эртең кетип калам деген тескери ойдон арылбагандары байкалат. Аз убакыт болсо да райондун өйдө-ылдыйын мойнуна алып келди да. Маселени чечүүнүн жолун, ыгын табууга милдеттүү киши экенин унутпоосу керек.

Бакы аке ошентип жүрүп, райондун чыгармачыл журтун чогултуп, бир уюм түзүүгө жетишкенин, ошолор жараткан чыгармаларды камтыган өзүнчө альманах чыгарганын айтсак мактагандык эмес. Болгонду гана белгилеп, элдин эсине салып койдум.

Албетте, эскерүү жазуу милдет эмес, бирок артыбызда келаткан жаштарга өмүрү өрнөк инсандардын басып өткөн жо-

лун кагазга түшүрүп калтыруу милдеттен да жогорураак турабы дегеним. Жаштар окуп үйрөнсүн, билсин эл урматтаган, кадырлаган инсандарды. Үлгү алышсын, таасир алышсын. Ошол кишилердей окууга, иштөөгө далалат кылып дилгирленгенден эч бир уттурбайбыз, утарыбыз турган иш.

Мен да чарба жетектеп жүргөндөрдүн биримин. Билемин жетекчиликтин көтөргөн жүгүн, тарткан түйшүгүн. Акыры чыгармачылык кесибим тартып кетип көп жылдардан бери китеп жазуу, которуу, чыгаруу, аларды сатып таратуу жагында эмгектенип келем.

Бакы аке тимеле бир укмуштуудай эскерүү жазып салыптыр дегенден алысмын. Геологдордун, куруучулардын ж.б. арасынан да таланттардын чыккандары бизге белгилүү. Бул китептин автору өтө көп изилденип, эзилип иштебегени менен бир кыйла аракет кылганын айтып койбосок болбойт. Эскерүүнү мезгилдерге бөлүп жазуу жана жайгаштыруунун өзү эле бир кыйла кыйын маселе. Өзү да жалпыга маалымат каражаттары менен байланышын үзбөй, анда-мында жаза койгон болуп жүргөнү эскерүүнү жазууда пайдасы тийген өңдөнөт.

Редактор катары кол жазма менен бир кыйла түйшүктөнүүгө туура келди. Эскерүүнүн ээси менен да көп иштештик. Макул болбогон учурларга кабылдык. Жол издедик, ал жолдор табылбай койгон жок. Көп жылдык тажрыйбам айтып тургандай китептин ээсине жазгандары балага окшоп туруп алат. Тигини калтыралы, муну калтыралы, кокуй ага тие көрбө, буга тие көрбө деп колуңду калемиң менен кошо кармап алганын элестетип көрсөңөр. Бул эскерүүнүн ээсинде да ошондой адат бар болуп чыга келди. Баяндалып жаткан маселе, анын чөйрөсүндөгү кызмат адамдарынын ал маселеге билип-билбей жасаган мамилесин, адамдык мүнөзүн, касиетин ж.б. сүрөттөп берүү ар кимдин колунан оңой менен келе бербейт. Эмнеси болсо да ары тартышып, бери тартышып жүрүп ушул эскерүү деген китепбаланы жараттык. Мурда «Кыргыз Республикасына эмгеги сиңген куруучу» катары «Жалалабат облусунун энциклопедиясына» кирсе, эми эскерүүнүн ээси катары райондун гана тарыхы тургай, масштаб андан да кеңири болчудай көрүнүп калды.

Эскерүүнүн ээсине нарктуу-барктуу карылыкты, эскерүүнүн өзүнө ак жолду каалап, китептин редактору

***МАМБЕТЖУНУШОВ Түгөлбай,***
***Кыргыз Республикасынын Жазуучулар жана Журналисттер Союзунун мүчөсү***

## ӨМҮР ЧЫЙЫРЫ ЖАНА КЫЙЫРЫ

Өмүр жолунда кылчайып сереп салып баяндоодо мындай бир мыйзамдуу көрүнүш байкалат. Айрыкча ажайып бир элестерди, өмүрдөгү өткөндөрдү сүрөттөп айтып, жазып бериш үчүн колуңдан келишинче, сен пайдалана турган не бир кооз, өтө маанилүү, эң бийик мазмундуу сөздөрдү же сөз айкаштарын тандоого, алардын жардамы менен көркөмдөөгө далалат кылат экенсиң. Ким эскерүү жазса, менин оюмча, ошондой далалаттан өтө албайт болуу керек.

Албетте, ал кезде биздин жаш кезибиздеги заманда, ар кимибиз каармандыкты, эрдикти көрсөтөбүз деген атайын пландаштырган ой-аракеттер эч кимдин башына келген эместир, бирок колдон келбей турган нерселерди (иштерди) жасоого батынуунун өзү эле укмуш баатырдык болгондой сезилет.

Суткасына бир маал болор-болбос тамак жеп, күнү бою 14–15 саат иштөө (болгондо да эки ай бою!) не деген туруштук! Тимеле өмүр бою ошого көнүп, ошондой тырышып жашап жүргөнсүп сезүү – бу баатырдык эмей эмне? Кыйынчылыкты жеңүү эмей эмне?

Дагы бир жагы ошондой аз өлчөмдөгү тамактануудан, арыктабай бир калыпта болуу – бул да эч бир илимий далилдер менен түшүндүрүүгө мүмкүн эмес, бирок болгон факт экени укмуштуудай сыйкыр көрүнүш да!

Албетте, жалкоолор, тамаксоолор, ашкебилер, тумсактар бардык жерде, бардык мезгилде боло бере турган нерсе окшобойбу. Андайлар көп эле. Бирок андайлардын саны бара-бара кескин азайып, калгандарга кошула башташкан.

Согуш мезгилинде эл өзү эле абийирдүүлүк менен ишти аткарууга умтулушчу. Эмне үчүн чоң кишилер жумушту ушунчалык зор ынтаа менен иштеп жаткандарына таңкала ойлоп калучумун. Анда баары жалаң кол күчү менен аткарылчу. Техника деген караманча жок эле. 30-жылдардын орто ченинде Чет-булак, Карачий, Акчий (Каргалык белинин алдындагы чоң түздүк) чөлкөмдөрүндө жылкы заводу уюшулганда алып келген чөп чабуучу машинанын чоюн дөңгөлөгү менен сыныктары жатаар эле. Кол эмгек менен аткарылган колхоз чарбасынын жумуштарынын оордугун айтпа! Эл баары бир ак ниеттик менен иштешчү. Кийин чоңойгондо ушул көрүнүштүн башка дагы бир жагын – эч кандай акы албастан, бекер иштеп, болгондо да жандилинен (атүгүл жанын үрөп) иштешкени андан бетер таңкалтырчу. А чынында бул не деген руханий жетек болгон күч!

Мындай кубатты карапайым элге ким берди же аны эл кайдан алды? Ушундай суроолор менде көп учурда жоопсуз калчу...

Кийинчерээк, бойтартып чоңойгону жогорудагы ойлордон алыстай албадым. Көп жылдардан кийин гана, политехте окуп жүргөн жылдары орустун улуу жазуучусу Лев Толстойдун мындай бир айтканы менин көптөн берки ой толгоолоруму жооп болду. Мен адегенде которбой эле түпнускасын келтирейин: «Человек обязательно должен уставать физически-неправильных мыслей в голове будет меньше» – «Адам милдеттүү түрдө бүт дени менен чарчоого тийиш – ошондо гана анын башында тескери ойлор аз болот».

Колума калем алардан мурда эскерүү жазууга мен акылуумунбу? деген өзүмдү өзүм чымчылаган суроону коюп алып, ага ынанымдуу, жүйөөлүү жооп издедим. Мындай караганда, анча татаал эместей туюлган бул суроомо жооп табуу алда канча кыйындай сезилди.

Эмне үчүн?

Биринчиден, кимиси болсо да өз өмүрбаянын, башынан өткөндөрүн жаза алат. А бирок кимге? Кандай максат менен? Андай болгондо эл эмне дейт? Деги ал элге керекпи? Эл кандай кабылдайт? Шылдыңга калбаймынбы? Мына сага, канчалаган суроолор жаап кирет!

Экинчиден, чынында эле райондун масштабындагы иш менен, жалпы элди кызыктырууга татыган же элдин (айрыкча тогузторолуктардын) жандүйнөсүнө бирдеме бере турган (жем таштай турган) материалдар барбы? Бирин-эки эпизоддор менен эмнени жазасың? Калганын кайдан аласың? – деген курч суроолор менин эскерүү жазуу же жазбоо жөнүндөгү оюмду оozдуктап, көпкө чейин токтотуп жүрдү.

Кыргызстандын борборунда көп жылдан бери журналисттик кызматтын айдыңында иштеп келаткан, тажрыйбалуу китеп редактору, тогузторолук Тайлак Абдылдабеков мага жолуккан сайын эскерүү жазбайсыңбы, бол киришкин деп ыкылдатып талап кылчу болду. Жогорудагыдай жагдайлардан улам батылдыгым мокоп, тарткынчыктай бердим. Тайлактын убактысынын чектелүүлүгүнө карабастан, акыры экөөбүз атайын убакыт таап, түш жарым сүйлөштүк. Ал болочок китептин болжолдуу долбоорун оозеки сүрөттөп өттү. Мен ынана түштүм. Көрсө, аны жазуу кийинки муундар үчүн, дегеле райондун тарыхы үчүн да керек экен. Ошентип, колума калем алып, эскерүү жазууга кириштим...

Кымбаттуу окурман! Мен эмне үчүн батынып кириштим?

Бул тууралуу кеңири баян этпесем, силерге да анча түшүнүктүү болбой, мага да аны жазуу үчүн эргүү келбей коюшу мүмкүндүр.

Кандай кырдаалдар, кайсы себептер менен өз өмүр жолум жөнүндө окурмандар журтчулугуна айтып берүү зарылдыгы келип чыкты? Жазбай койсом деле мени эли-журтум тааныйт, жакшы билишет. А бирок жазыш керек экен. Эмне үчүн?

Бир аз алыстан баштайын. Азыр эскерүү китеп жазуу адат болуп кетти. Ар ким эле ата-бабасын баатыр, хандар менен табакташ кылып жазуу да салт болуп баратпайбы! Азыркы кезде ар айыл сайын ончактыдан «баатыр» табылып, аларды тарыхка киргизүүгө далбастап жатышкан кездери. Несин айталы, ар кимиси ошентип көрүнгүсү, өзүн өзү ошентип көтөрмөлөгүсү келет тура. Бул антитарых экени менен эч кимисинин иши жок!?

Мен, албетте, мындай жосунсуз иштен алысмын. Бул жолду ыплас иш деп эсептеймин! Менин оюм, максатым таптакыр башка маанайда, башкача айтканда, мени эскерүү жазууга бөлөк жагдайлар түрткү болду. Өз өмүрүмдө мен кимдер менен гана иштешпедим, кимдер менен гана мамилелешпедим... Айрыкча улуу муундардын укмуштуудай керемет өкүлдөрүнүн тикелей таасири, алардын тарбиясы, таалими астында эл инсаны катары ар тараптан калыптандык. Райондун улуу муундарынын басымдуу көпчүлүгү анчалык кандим (профессионал) окумал адистерден болушпаганы менен алар өздөрү эмгектенип жаткан тармактын чыныгы Дүйшөндөрү (Ч.Айтматов «Биринчи мугалим» чыгармасынын башкы каарманы).

Ал муундардын оо дүйнө салганына көп убак өттү. Улам-улам жаңы муундар жашоону улантып, турмушка күрдөөлдүү кирип жатышат. Булар, б.а., кийинки муундар, биз кастарлаган, биз сыймыктанган улуу муундардын асыл сапаттары, адамдык бийик касиеттери тууралуу эч кандай элес албай алардан ат чабым алыстап кеткендерин баамдаганымда үрөйүм учуп кетти. Кантип эле кечээки залкарлар, айлыбыздын аттуу - баштуулары, аксакал-көксакалдар унут болуп кетти? Алардын үлгүлүү жүрүм-турумдары, таасирдүү сөздөрү ажайып акыл-насааттары кантип эстен чыгып кетти? Ушундай да болобу? — деген түпөйүл ой мени түйшөлтө баштады. Алардын шакаба-азилдери эле не деген философия? Мына эми, мен ошол улуу муундардын азил-тамашаларынан бир мисал тартайын. Улуу Ата Мекендик согуштун каардуу каргашасы жамы журтту жапшыра басып, элдин эсин оодарып турган кез. Эл канчалык жапырт жакырланса да, кабагым-кашым дебей, мамлекеттик план-тапшырманы

толук аткаруу үчүн түп көтөрө мээнеттенип турган учуру. Ал кезде чай менен сый тамак катары башкарма-сельсовет төрагаларынан жогору мейманга арак берилчү. Бригадирден ылдый карапайым калк аракты иччү эмес. Ошондогу согуш жылдарынын биринде «Кошдөбөдө» бир аксакал адам каза болуп, Тогузторо жактан колхоз башкармалары, сельсоветтин төрагалары маркумга топурак салганы барышат. Айыл активдери (чоңдору) түнкү конокто арак ичишет. Четбулак колхозунун башкармасы Бакай уулу Орунбай, «Арал» колхозунун башкармасы Түрсү уулу Борончуну шакабалагысы келип, конок алган келининин атырынан Борончунун ичигине аябай куюп таштайт. Бул тамашалашып жаткан активдер 50–55 жаштын тегерегиндегилер. Ал кездин салты боюнча эр ортонунан өткөн адам абышка катары эсептелип, атыр куюнуу чалдарды маскаралоо менен барабар болгон. Борончу кетээр-кеткенче ичигин кийбей кемселчен болуп калат. Ал болсо Орунбайды шакабалап, анын бозо куюлган чынысына спирттен тымызын коштура берет. Аякчы баланы «жалдап» койсо керек. Ошентип, түш ооп сөөктү мүрзөнү көздөй алып чыкканда Орунбай катуу мас болуп, топурак салганга барбай калат. Орунбай үчүн аябагандай уят иш болот. Борончу: «Йе Орунбай, 90 км жол басып келип, топурак салбай калганың кандай? Же маркумдун «кара ашынын» чыгына колуңду салайын деп келдиң беле?» – деп мыскылдайт. Орунбайда үн-сөз жок. Борончунун азилин толук моюнга алат. А бирок Орунбай дароо эле эч кимге билгизбей Аралга киши чаптырат: «Борончунун ич оорусу катуу кармап калыптыр, Четбулакка не жетет, не жетпейт» – деп. Аралдыктар 20дан ашык киши менен сөөктү жүктөй турган кереге, кийиздерине чейин камынып алып Четбулакка келишсе, «өлдү» деген Борончу жыргап арак ичип отурат дейт. Анда Орунбай: «Мен да сендей тамашалап койдум эле. Мени кечиргиле. Атайы чакырып чогулта албас, азиз меймандар келипсиңер, эми жакшылап конок болуп кеткиле. Согумга деп жүргөн ноопазын союп коноктойт. Эртеси, айып менде деп камчысын мойнуна салып, арык да болсо ушуну алып кой Боке, менин сага мингизген атым болсун. Алып кет!» – деп узатат. Борончу бир аттуу болдум деп кудуңдап жүрүп отуруп, Арал кыштагына жакындап калганда, тиги өйүздөгү «Бирдик» колхозунун жылкы фермасы оо айланайындар, үч ай болду эле жоготуп ийгенибизге! Кайдан таптыңар? – деп жетелеп алып кетет. Борончу оозун ачкан бойдон калат да, аябай карсылдап күлүп: «Орунбайдын азилинин же-

тиктигине тан бердим» – деген экен. Бул шакабалашуууда канчалык катуу чымчыламай, канчалык адептүү тапкычтыктар бар!

Биз ушундай улуу муундардан алыстап гана кетпестен, алар жараткан, куруп-түзүп кеткендерин барктап-баалап, элес алууга жарабай калышыбыз, кандай гана кечиримсиз өксүктүк. А түгүл бүгүнкү күндөгү экономикалык артта калуучулукту, азыркы кездеги өзүбүздөгү кемчиликтерди, ошол улуу муундардын сабатсыз жетекчилигинен, алардын алысты ойлоого мажестигинен көрүшүп, ошондон улам аларды (улуу муундарды) тарых жадысынан өчүрүп коюп жатышпайбы!?

Илгертен келаткан өз жерин сүйүү, өсүп чоңойгон чөлкөмү менен сыймыктануу, ата-энелер калтырган эмгек үзүрлөрүн урматтоо менен муундар ортосунда учук-улаштык байланыштар түзүлсө, кийинки муундар үчүн бабалардын бай тажрыйбалары (ушул чөлкөмгө гана ылайыкталып жаралган) кеңири пайдаланылса, жаш муундардын жаңыча жашоодогу күрөшүн алда канчага жеңилдетмегин баса белгилегим келет. Бирок мындай кырдаал түзүлбөй баратканы мени абдан кооптондурууда. Ошондон улам, улуу муундар жараткан не бир сонун турмуш үлгүлөрү жөнүндө эскерип айтып берүү келип чыкты.

«Киши-киши менен киши», – дейт кыргызда. Демек, менин өмүрбаяным кандай болгон күндө да өзүмдүн эл-журтумун өмүрбаянынын ичинде болот, б.а., эл-журт тарыхын айтпай туруп, кантип иштеп, кантип жашаганыңдын сырын ачып бералбайсың да... Кимдер менен иштешкендериңди, кимдер менен жашап, алакалашканыңды баяндабай туруп, кайсыны айтмак элең?

Кыргыздын белгилүү пародисти Самудин Токтосунов жазгандай: «Бирөөлөрдүн айтканына таянбайм, өзүм гана билгендерди баяндайм».

Албетте, тиги улуу муундар өкүлдөрү жөнүндө баяндаганымда, менин жекече өз баамым, өз түшүнүгүм, өз билгендерим боюнча топтолгон ойлорум, пикирлерим гана айтылат. Мен аларга көп жактуу мүнөздөмө берүүдөн алысмын. Бирок «Мен айтпасам, ким айтат?» деген көзкараштан жазууга кириштим. Эгер мен алар жөнүндө өз билгендеримди баяндап жатып, алардын адамгерчилигин, адеп-ыймандык бийик сапаттарынан кабарлап жатып ошол эл азаматтарынын инсандык бийик касиеттерин туура, так сүрөттөп бералсам, анда мен өз миссиямды, алдыма койгон асыл максатымды эл алдында аздыр-көптүр аткардым дээр элем.

Булар: Атай көгүрүмдөн – Маметов Тилекбай, Залимтөрөев, Борончу, Лөлү, Раманкул, Эпей, Досмат ырчы, Насирдин, Са-

тыбалды балбан, Канет, Абдылдаев Аскаралы, Рысалиев Максут, Болотакун;

Четбулактан — Сатыбалды, Буркан, Орунбай, Сейдалы;

Кировдон — Боромбаев Бегалы, Кыдыршаев Абдыманап, Турдумамбетов Черик, Абдылашым, Мейманбек, Жумабек, Калманбетов Асейин, Таштемир;

Дөдөмөлдөн — Койлон, Аккөз балбан, Акбай, Аяз, Иманбердиев Иса, Сыдыков Азирет, Шайнаев Теңирберди, Жунушалиев;

Казармандан — Чодиев, Кожалиев, Акимбаев, Алыбаев Жумакадыр, Мойдунов Тоту, Тезекбай.

Мына ушулардай тогузторолук инсандардын портреттеринин галереясын түзүү менен Тогузторо районунун жалпы картина-сы, жалпы көрсөтмөлүү тарыхы түзүлгөн болор эле. Ушул маанидe алганда, менин өмүр жолум кайсы бир деңгээлде аймагыбыздын тарыхынын бир үзүмү болуп калууга тийиш. Булар сыяктуу аз эмес мааниге ээ факторлор да эскерүү китепти жазууга себепчи болду.

Бул адамдар Тогузторо районундагы Совет бийлигин алгачкы орнотууга, Ата Мекендик согуштун убагында, андан кийинки 1975-жылдарга чейин эмгектенип жүрүп, ардактуу эс алууга чыгышкандан кийин бул жарык дүйнө менен кош айтышты. Райондун экономикалык, социалдык өнүгүшүндө белсемдүү эмгек кылып, бүткүл өмүрүн, күч-кубатын жумшап элибиздин алкоосуна ээ болушкан кадырман инсандар.

Алардын ар кандай мезгилдеги эл үчүн аткарган ар түрдүү тармактагы жооптуу кызматтарда элди жетектеген ишмердиктери эл арасында көп айтылат. Анткени алар биздин эле райондy жетектеп башкарган кызматта болбостон, Жумгал, Атбашы, Кочкор райондорунда райаткомдун төрагасы, партиянын райкомунун катчылары, облустук мекеме, уюмдардын жетекчи кызматтарында иштешкен.

Мен Бектурган, Жылтыр, Турганбай, Иса менен 1967–1975-жылдар аралыгында райондогу жооптуу кызматтарда бирге иштешип, ар кандай коомдук иштерде алардын сүйлөгөн сөздөрүн, айткан ой-пикирлерин көп укчумун. Баштарынан өткөргөн өмүр жолундагы болгон жакшы-жаман окуяларды айтышаар эле. Ар кимисинин кыял-жоругу, ой-дараметинин чабыттуулугу, жөндөмү, адамгерчилиги, ишмердиги, эл үчүн жасаган эмгектери ар кимисиники өз алдынча, өзүнчө эле узун сабак. Узак жолдо жол жүрүп, талаа - түздө чогуу болуп калган учурда алар баштарынан өткөргөн окуялар, райондун тарыхы жана элдин баскан жолу ж.б. жөнүндө эс тутумдагыла-

рында аз-аздан айтып берип, биздин муундарга акыл-насаатын берүшчү. Улам убакыт закымдап өткөн сайын алардын райондун элине жасаган эмгектери легендага айланып, кийинки муундарга өрнөк болуп калышы мүмкүн. Районубуздун Совет доорундагы тарыхын түзгөн, элибиз сыйлап, урматтап айтып жүрүшкөн инсандар жөнүндөгү өз оюмду айтууга туура келди. Кийинки муундар менден алар жөнүндө көп сурап калышат. Ошондон улам калыс, туура, ар бирине жеке оюмду жазууну өзүмдүн парзым катары дагы бир жолу кайталайм.

**ЧОДИЕВ БЕКТУРГАН** — советтик, партиялык кызматкер.

Кыргыз элинде айтылуу Тайлак баатырдын Өмүркан аттуу уулунун тукумунан болот. Бектурган аба бүткүл Нарын аймагындагы Атбашы, Кочкор, Жумгал, Акталаа райондорунун калайык калкына аты-заты, кылган кызматы, даанышман сөзү, жүрүм-туруму менен белгилүү адам болгон.

Анын басып өткөн өмүр жолу өтө татаал да, өтө бай да. Ал 1910-жылы туулган. Алгач кыргыз Кызыл атчандар дивизиясында 1933-жылдан 1938-жылдын ноябрына чейин катардагы жоокердик милдетти аткарып жүрүп, взводдун командирине чейин көтөрүлөт. Андан кийин партиялык, советтик жетекчи кадрларды даярдоо мектебин бүтүрүп келип, Тогузторо райондук аткаруу комитетинин төрагасы, партиянын райкомунун аскер иштери боюнча бөлүмүнүн башчысы, райкомдун кадрлар боюнча катчысы, Жумгал райкомунун катчысы, Атбашы райондук аткаруу комитетинин төрагасы, партиянын Кочкор районунун катчысы (МТСтин саясий бөлүмүнүн башчысы), Тогузторо райондук айыл чарба бөлүмүнүн (Райзо) төрагасы, «Кызыл Жылдыз» колхозунун башкармасы, райондук керек-жарак коомунун төрагасы, райондун даярдоо конторасынын башчысы болуп иштеп, өзүн уюштургуч, жөндөмдүү, жагдайга жараша талапты коё билген ишмер катары жетекчи кызмат өтөгөн инсан. Тогузтородо алгачкы бирден бир билимдүү жана жөндөмдүү жетекчи кадр болгон. Жыйынтыгында, «Эмгек Кызыл Туу» ордени, күжүрмөн медалдар жана Кыргыз ССРинин Ардак грамоталары менен сыйланган.

Кызмат абалында адамдын сырткы көрүнүшүн баамдап сүйлөшө, анын ички дүйнөсүн түшүнө билген сезгич адам эле. Көп сүйлөбөгөн, сүйлөсө орду менен башкалардын сөзүн угуп, бирөөлөрдү күбө тартып айткандарынын чындыгын ырастаган, өзүн адептүү, сыпайы алып жүргөн токтоо адам болучу. Өтө калыс, түз жасаган мамилеси үчүн «кара орус» деп коюшар эле. Ал киши өткөн учурда Акимбаев, Кожалиев, Иманбердиев Иса-

дан улуу болуп, жетекчи кызматтарда алардан мурда иштеп калган. Экинчи жагы билимдүүлүгү, орус тилинде эркин сүйлөп түшүнө билген, райондон сырткары жерде жоопту согуштук тапшырмаларды аткарып келген. Чындыкты бекем туткан адилет, койгон милдетти так, өз убагында аткарууга каныккан тажрыйбага бай кеменгер адам катары булардан айырмаланып туруучу. Турганбай, Жылтыр чогуу боло калган жерде мурда кызмат кылуудагы кээ бир жакшы окуяларды эскерип айтып калганда, алар үн катпай угуп, айткан сөзүнүн ырастыгын тастыктап турушчу. Айрыкча Турганбай аке экөөнүн жаштары боюнча анча айрым болбой удаалаш үзөнгүлөш иштешип, райондун саясий, чарбалык ишинде бирге болуп жүргөндөрү байкала турган. Кээ бир иштердин андай эмес деп кайра айткандарын уккан эмесмин. Турганбай аке менен өзүнчө болуп, өткөн кеткендерден кеп салып сурамжылап калганда, Бектурган жөнүндө түз туура оюн айтып калар эле. Айрыкча ал кишинин калыстыгын, иш билгилигин, ичи тардык кылып бирөөлөрдү жамандабаган мүнөзүн көп айтаар эле. Ушундан улам бул эки инсандын өз ара урматташып жылуу мамиледе сыйлашканын байкачумун.

Турганбай, Жылтыр, Иса Бектурган акени улуу киши, кадырман адам катары атынан айтышпай Беке деп бийик урматташа турган. Жогорудагы адамдардын бири дагы Чодиевдин жамандык кылган учурун кеп кылганын укканым жок. Анын жакын тууганына да, башкаларга да калыс мамиле жасайт деп калышканын укканым бар. Чынында Бектурган аба адамдын кадыр-баркына жетип сыйлай билген нарк-нускалуу инсан болгон. Демек, Бектурган абаны өрөөнүбүздөгү эң жогорку даражадагы адамдардын бири деп атоого татыктуу.

**АКИМБАЕВ ЖЫЛТЫР** — советтик, чарбалык кызматкер.

1915-жылы туулган, уругу өйдөчекти, 1930-жылдары Жалалабаттагы педагогика окуу жайын бүтүп, турмуш жолун Кайыңды 7 жылдык мектебинде мугалим болуп иштөөдөн баштаган. 1938-жылы Эл агартуунун отличниги наамын алып, «Эмгек Кызыл Туу» ордени менен Тогузторо өрөөнүндө биринчи сыйланган. 1946-жылдан 1949-жылга чейин «Жеңиш Туусу» гезитинин редактору, 1949–1960-жылдары Тогузторо райондук аткаруу комитетинин төрагасы болуп иштейт.

1960-жылы Нарын облустук элдик контролдоо комитетинин төрагасынын орунбасары, 1963-жылдан пенсияга чыкканга чейин райондогу эң ири чарба «Кызыл Жылдыз» колхозунун башкармасынын төрагасы болуп иштеген. Анын ишти уюштура билген жөндөмүнөн райондун экономикалык, маданий-социал-

дык тармагында бир топ өнүгүүгө жетишилди. Райаткомдун төрагалык кызматында он бир жыл иштеп, берилген мамлекеттик эл чарба пландарын үзгүлтүксүз аткарууда чарбалык тармактарды түздөн-түз жетектеп турган. Ошол жоопттуу милдетти аткаруудагы аябагандай сиңирген зор эмгеги үчүн Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болуп шайланышы ага далил. Анткени ал учурда көбүнчө партиянын райкомунун биринчи катчысы, Республиканын Жогорку Советине депутат болуп шайланчу. Ал эми райаткомдун төрагасы Ж.Акимбаевдин Жогорку Советке шайланышынын өзү эле ал кишинин иштин көзүн тааныган, уюштургуч жөндөмдүүлүгү жана адамдык жакшы сапаттарынын негизинде жетишкен деп айтуу туура келет.

Жылтыр Акимбаевдин «Кызыл Жылдыз» колхозунун башкармасынын төрагасы болуп иштегенден өмүрүнүн акырына чейин райондогу курулуш жана чарбалык уюштуруу иштери боюнча биргелешип иштегенден, мен ал кишини жакындан билчүмүн. Колхоздун чарбалык иштери боюнча менден аябагандай көп жардамдарды алып турууучу. Жылтыр акенин көп тармактуу чарбалык ишти билгичтик менен уюштургандан ал жетектеген колхоз Республикалык жана облустук Ардак тактадан көп жылдар бою түшкөн жок. Чарбанын ар түрдүү тармактарын түздөн-түз тейлеген адистердин берген кеңештерин кылдат угуп, ал боюнча тыянак чыгарып, иштин талаптагыдай аткарылышына көзөмөл жүргүзүп тураары белгилүү да. Бирөөгө катуу айтып ачуулангандын укканым жок. Иш боюнча өндүрүштө көп эле бирге болгонбуз. Айрым учурда чарбалык иштерде кетирген кемчиликтери үчүн тармак башчыларын: «Эми абийирин кетирип урушат ко», – деп күтүп калчумун. Андай учурда ал киши жөн гана: «Уятың жок, адам эмес турбайсыңбы», – деп басып кеткенин көрүп калчумун. Демек, өндүрүштүк тармакта ар бир адистин, бригадир, ферманын өзүнө берип, талапты коё билүүчү.

Табиятында мүнөзү токтоо, аябагандай сабырдуу киши эле. Көңүлүнө туура келген адам менен сыйлашкысы келсе, улуу - кичүүсүнө карабай анын көңүлүн оорутпай сылык мамиле жасай турган.

Көпчүлүк коомдук жерде болсун, мейманчылыкта болсун өзүн маданияттуу алып жүргөнүн биз үлгү катары эсептейт элек. Айтылган убактан кечикпей учурунда болууну абдан кармоочу. Сөз талашып жөнү жок сүйлөй берген кишилерди жактырбай, үнчүкпай отура бермей адаты адат. Эгерде өткөндөн суроо салып сурап калса ага кыска, так чечмелеп жооп бергени кимге жакпасын.

Кары-картаң, бей-бечараларга колунан келген жакшылыгын аябай каралашкан кайрымдуу адам болгон. Эсимде, 1955-жыл болсо керек. Биздин райондон биринчи болуп Москвадагы Тимирязев атындагы айыл чарба Академиясында окуп жаткан Залимтөрөев Даниярга райондук мекеме, уюмдардан, колхоздордон акчалай жардам көрсөтүүгө уюштуруу ишин колго алган. Райондун элинин көрсөткөн бул жардамын Данияр ыраазы болуу менен айтып калганын көп уктум.

**КОЖАЛИЕВ ТУРГАНБАЙ** – партиялык, советтик жана чарбалык кызматкер.

1914-жылы Тогузторо районунун Казарман айылында туулган. 1931-жылы комсомолдун катарына алынып, 1940-жылдан бери КПССтин мүчөсү. 1933–1947- жылдары Атай айылдык советинин төрагасы, Акталааа райаткомунун жооптуу катчысы, комсомолдун Тогузторо райкомунун катчысы, СССР даярдоо комитетинин райондогу бөлүмүнүн башчысы болуп иштейт.

1947–1949-жылдары Республикалык партиялык мектепти окуп бүтөт. 1949–1954-жылдары Жумгал, Тогузторо райкомунун катчысы болуп партиялык ишти аткарат.

1955–1974-жылдары ичинде Кошдөбө колхозунун башкармасы, райондун мекемелеринде жетекчи кызматтарда үзүрлүү иштеп, чоң салымын кошкон.

Бул кишинин өмүрбаянында Кочкор, Жумгал, Акталаа районундагы аткарган ишинен анын өмүр жолу көп нерсени айтып тургандай, Нарын өрөөнүнүн эли жакшы билет.

Кожалиев Турганбай карыя табиятынан жөндөмдүү уюштургуч, ой-чабыты терең, нарк-нускалуу, бет алган татаал чарбалык жумуштардан кайра тартпаган өжөр, кайраттуу адам болучу. Ал өткөн замандагы элдик мыкты адамдардын таржымалдарын жакшы билип, аты-жөнүн, урук-тукумуна чейин жазбай таамай айткан сөзмөр киши эле. Ал киши бийлик мунарасындагы адамдарга туура иш боюнча келишпес мамиле жасап, жогорку бийликтегилерге жагалданбаган, адилеттикти жактаган, калыстыгынан тайбай, ак эмгеги менен жашаган адамдарды сыйлаганды билген инсандардын катарында жүргөнүн айтышат. Мүлккө көз артпаган, ага ак пейли, адамкерчилиги менен мамиле кылган. Айрыкча ичи тарлыкты жек көргөн адам экенин баамдачумун.

**ИМАНБЕРДИЕВ ИСА** – советтик, чарбалык кызматкер.

1923-жылы Тогузторо районундагы Өрнөк айылында туулган. 1942–1947-жылдары Кызыл армиянын катарында согушка катышкан. 1947–1955-жылдары партиянын Тогузторо район-

дук комитетинин катчысынын жардамчысы, Фрунзе атындагы мектептин директору, райондук маданият бөлүмүнүн башчысы, Тяншань облустук бөлүмүнүн информация башкармасынын начальниги болуп үзүрлүү кызмат өтөгөн.

1955–1979-жылдары Ленин колхозунда, Акталаа районундагы Жданов атындагы колхоздун башкармасы, партиянын Тогузторо райондук комитетинин уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, экинчи жолу Ленин колхозунун башкармасы болуп ак ниет эмгегин элине арнап, мыкты уюштургуч жетекчи катарында өзүн көрсөтө алган.

Бул киши мекен алдындагы үзүрлүү эмгеги үчүн «Ардак белгиси» ордени, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы, «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалын алууга татыктуу болгон.

**ИМАНБЕРДИЕВ ИСА** — Ата Мекендик согуштан кийинки оор жылдарда колхоз курулушун уюштурууда биринчилерден болуп Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин атайын жолдомосу менен партиянын атайын саясатынын негизинде Ленин атындагы, Фрунзе атындагы эки чакан колхозду бириктирип ирилештирилген Ленин колхозуна башкарманын төрагалыгына шайланып, андан бир топ убакыт өткөндөн кийин, экинчи жолу ошол кызматка кайра шайланып, колхоздун экономикасын көтөрүүдө эмгеги зор. Ирилештирүүнүн негизинде колхоздун борбордук элдүү аймагын (Өрнөк, Дөдөмөл кыштагынан) Казарман кыштагына көчүрүлүп келүүдө анын эмгеги өзгөчө мактоого татырлык. Айылдарды көчүрүү себебин өзүнөн сурасаң: «Райондун борборундагы мектеп, тейлөө комбинаты, маданият үйү, телерадиокоммуникация, оорукана, таза суу менен камсыз кылуу ж.б. тейлөөчү мекеме-уюмдардын кызматтарынан биздин колхоздун эли да пайдаланууга ыңгайлуу. Мектептен окуган балдар алган билимдери терең жана сапаттуу, аны бүткөн жаштар жогорку окуу жайлардан окуп, келечекте мыкты адистер даярдалып, түбөлүгү колхоздун жана районубуздун экономикасынын өсүп-өнүгүшүнө өз салымдарын кошушат. Ошол үчүн райондун борборуна кыштакты жамакташ салууга аракет жасап, аны ишке ашырдым», – деп айтып калуучу.

Иса Иманбердиев мыкты уюштургуч жетекчи болгонунан элдин ардактап, кадырлоосуна жана урмат сыйына жетишкен.

Аны биздин Тогузторо эли жакшы билет. Айрыкча жасаган асыл ак эмгегин азыркы Тогузторо айыл өкмөтүнүн жалпы эли эстеринен чыгарышпайт. Анын сиңирген эмгегин жогору баалап, орто мектебине Иманбердиев Исанын ысмы берилип, 2000-жылдан бери мектеп ал кишинин ысмын алып жүрөт. Чынында туура чечилген маселе. Мындайды кубаттоо гана керек.

Жаратылышында ишке абдан дыкан, терең ойчул, ар бир жасап турган ишти кылдат талдап «Жети өлчөп бир кес» дегендей тактамайынча иш кылбаган ишмер болучу. Райондун келечектүү чарбалык, социалдык багыттагы иштерине терең кийлигишип сунуш берип, элибиздин турмушунун жакшырып өсүп-өнүгүшүнө түз таасирин тийгизип келгенин эл-журт жакшы билет.

Районду жетектөөчү партиялык, советтик органдардын жетекчилерине оюн тартынбай айткан кеңешчиси катары өзүн эсептеген, элдик милдетти аткарган кыраакы адам экендигин байкап билүүчүмүн. Тубаса билимдүү эле. Анткени адабиятты, саясий экономика, чарбалык атайын билимин өз алдынча өздөштүрүп, ошону менен катар жаза билген, учурдагы саясатка айкалыштырып иш жүзүндө окуп билгенин колдонгон, ошонун негизинде келечекке умтулуп, алдын ала көрө билген көсөмдүгү да бар болучу.

Эл оозунда айтылган жогорку бийлик органдарындагы таланттуу жетекчилердин жакшы сапаттарына көңүл бөлүп, алардын таалимин алууну билген, башкаларга айтып берип үлгү болгон кыраакынын сапаты бар улуу инсанды кантип унутабыз.

Эгерде өмүрбаянындагы 1950-жылдагы Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин алдындагы партиялык мектепти бүткөндө ал, партиянын облустук деңгээлдеги жетекчи кызматка чейин көтөрүлүп иштей турган жөндөмү да, мүмкүнчүлүгү да бар экенин айтпай коюуга мүмкүн эмес. Бирок айрымдар бут тосуп арыз жазып, кыргызчылыктын кесепетинен окуусун бүтүртпөй партиялык мектептен чыгарууга чейин жеткиришкени өтө өкүнүчтүү.

Жогоруда элибиз кадырлаган, урматтап сыйлаган улуу адамдар жөнүндө өзүм баамдаган ой-пикиримди колумдан келишинче ар бирине таандык сапаттарына жараша бурмалабай калыс көз карашымды айтууга аракет жасадым.

Менин оюмча, бул инсандар жалпы эле өлкөдөгү кыйын оор мезгилдеги өзүлөрүнүн табиятындагы акыл-эсинин мыкты болгонунан, билимдери жетиштүү болбосо да тубаса уюштургуч иш билгичтигинен, эң башкысы кырдаалдагы партиянын саясатына терең түшүнүп, өзүлөрүн ошого жараша татыктуу алып жүргөн жүрүм-турүму жана жөндөмдүүлүгүнөн райондук деңгээлдеги партиянын биринчи катардагы жетекчи кызматтарга чейин көтөрүлүп иштөөгө жетишкенин өзгөчө белгилеп айтууга татыктуу. Ошол учурдагы кыргыз жергесинде райондук, облустук жетекчи кадрлардын арасында алар менен теңтайлашып катарлаш иштеп жүргөндүгү үчүн сыймыктанышыбыз керек.

Жогортон биреөлөр жардам берип, көтөрмөлөп колдогон кишилери болбосо да нака өзүлөрүнүн жөндөмүнүн негизинде жетишкенине ыраазы болосуң.

Эл арасында айрымдарыбыз булар жергиликтүү кадрларды өстүрүп, алардын арасынан райкомдун катчысы же райаткомдун төрагасын чыгарышкан жок деп доомат коюшкандары бар. Мындай кадрды өстүрүп чыгаруу үчүн араларынан бирөө, экөө партиянын обкому, Борбордук Комитеттин же Советтик органдардын биринде жоопту кызматтарда болушу керек эмеспи. Ошондо гана биз күткөн кадрларды өстүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт беле...

Партиянын облустук комитетинин биринчи жетекчиси райондук деңгээлдеги жетекчи кызматкерлерди, ал эми райондуку – колхоздун, колхоздун башкармасы – ферма, бригадир ж.б. кадрларын өстүрүп даярдашат. Ошондуктан жогорку биз таарынчы дооматтарыбыз анчалык адилеттүү эмес го.

Жыйынтыгында, бардыгы тең мактоого татыктуу, өз мезгилинде Тогузторонун элине өмүрүн, эмгегин арнаган, калайык калктын чыныгы кадырлоосуна ээ болушкан улуу инсандар экенин эч ким талаша албайт.

* * *

Атамдын айтуусу боюнча мен боз кыроо болуп, күн салкындап калган күз мезгилинде жарык дүйнөгө келипмин. Айтор октябрь айынын орто чени болсо керек. Ошондуктан мен паспорт алганда 15-октябрь деп жаздырып алгамын. Туулган жылым жөнүндө селолук советтин каттоосунан так маалымат ала алганым жок. Согуш учурунда каттоо китепчесинде 1935-жыл, ал эми согуштан кийинки эл каттоо журналында 1937-жылында туулган деп жазылып жүрөт. Мындай айырмачылыкты тактоо үчүн кыргызча жыл сүрүштүрөт турбайбы деп атаман сурасам: «Чычкан жылында, күзүндө бозкыроодо төрөлгөнсүң» деген. Сүрүштүрсөк, чычкан жылы төрөлгөндөр 1936-жылга туура келет экен.

Ошентип паспортума 15-октябрь 1936-жыл деп жаздырып алгамын.

Атам Кыдырма уулу Орок, уруусу кашка. Санжырачылардын айтуусу боюнча Базыс уруусуна кошуп жүрүшөт. Ал эми атам Кашка Кыпчак уруусуна тиешелүү. «Анын ичинде Торайгыр кыпчак уруусунан болобуз» – деп айтаар эле. Ал киши 1985-жылы 95 жаш курагында каза болду. Мен атамдын 56 жаш курагында жарык дүйнөгө келген жалгыз баласы экен-


33847

мин. Атам улгайган кезде кеч балалуу болушу жөнүндө мындайча кеп кылаар эле.

Биринчи алган аялым Бурмачач деген эле. Ал бир топ жыл бою төрөгөн жок. Андан кийин чоң апам Чүрөк: «Жумгалдагы төркүндөрүнөн колүзбөй, «сөөк жаңыртып», каттамыбыз үзүлбөсүн» деп таяжеси Жөжөгө үйлөнткөн. Ал киши дагы бир топ жыл төрөбөй жүрүп төрөйт. Ошол кеч төрөлгөн бала сенсиң. Сени жалгыз туяк кылбай же карындаш, же инилүү болсо экен деп көптөгөн мазарларга барып сыйынып, молдо-бакшыларга көрүнүп, убаралансак деле сенден башка баланы кудай берген жок.

Кийин, үчүнчү жолу Атантай уруусунан Шонко кызы Гүлпарага үйлөндүм. Гүлпарадан эки жылдан кийин кыз төрөлүп, он бир жашка чыкканда, катуу оорудан каза болду. Кийинки жылдары ара төрөп, ошол бойдон оорулуу болуп төрөбөй калды. Сен менин жалгыз туягым болуп калдың. «Жалгызга кудай жолдош»... Өмүрүңдү тиле! ... Кудайдын сени бергенине шүгүр... Кудайдан тилегеним сен... Сен төрөлгөндө айылыбызда Ногой Молдо деген чоң молдо бар эле, ошол асан чакырып бактылуу болсун деп атыңды Бакмамет койгон. Кийин эркелетип жүрүп Бакы болуп калдың дечү.

1925–1930-жылдары атам Бурмачач, Жөжө, Гүлпары аттуу үч аялы менен чогуу бир үйдө жашайт. Совет доорунда көп аял алууга жол берилген эмес. Андайларды соттоп ийишчү. Ошондуктан биринчи аялы Бурмачачты өз ара ыраазычылыгы менен ажырашып төркүнүнө жеткирип келет. Калган эки аялы менен Жөжө жана Гүлпары апалар менен жашап калат. Алар өмүрүнүн акырына чейин ынтымакта чогуу бир үй-бүлөдө жашап өтүштү. Чоңоюп 11—12 жашка чыкканга чейин мени кайсыл апам төрөгөнүн билчү эмесмин. Улуусун (Жөжөнү) – эне, кичүүсүн (Гүлпарыны) – апа дечүмүн.

Ушул эскерүүнү жазып жатканда басып өткөн жолума көз чаптырып, тоо арасында «Алтын чөйчөк» аталган өрөөндө күч-аракетимди жумшаган жылдарымды эске түшүрүп, ошол ажайып кооз жерде колхозчулар, механизаторлор, айрыкча, куруучулар жана эл башкарган акылкөй аксакалдар менен бирге эмгектенгениме кубана карайм.

Ар кимдин «Киндик каны тамган жери өзүнө мисир» деп айтылат кыргыз элинде. Жогорку окуу жайдан окуу, андан соң тоолордун арасынан кен-байлыктарды табуу үчүн чалгындоо жумуштарында жүрдүм. Бир топ мезгилден кийин туулуп өскөн жериме келип «Алтын чөйчөк» жеримдин коозлугуна суктана берер элем. Ошол кездеги райондун турпатын жаңыртуу үчүн

турак-жай, турмуш-тиричилик, тейлөө, маданият чарбаларында малчыларга тоо арасындагы салынган стандарттуу үйлөр менен ак сарайлар мен жетектеген курулуш уюм тарабынан пайда болгонун эскерип, ошол канчалаган имараттарда менин эмгегимдин кээде инженердик эсептөөлөрдөн, жүзөгө ашыруу жолун издөө д.у.с. уйкусуз өткөргөн түндөрүмдүн олуттуу бөлүгү калганын эстеп кубанам.

* * *

Эскерүүмдү балалык баёо кезимден баштасам. Менин балалык кезим «Кызыл Жылдыз» колхозунун Карачий кыштагында жашап, билим алуунун алгачкы жылы ушул жерден башталган.

Жылдын жай чилдеси. Күндүн аябай ысык аптап болуп турган кези. Июль айы болсо керек. Атам безгек оорусу менен катуу сыркоолоп калды. Мени райондун борбору Казарманга барып, доктурдан дары алып келүүгө жибериштти. Ал кезде Токтаалы деген акебиз армиядан келип, райондогу ДОСААФтын башчысы болуп иштөөчү.

Мен ал акенин үйүнө келип, атамдын ооруп жатканын айтып силерге дарыга жиберди дедим. Токтаалы аке доктурга барып дарыларын, анан резинадан жасалган бир грелкадай идиштеги спирти менен кайра үйгө жөнөттү. Жолдо атамдын тез сакайып кетишин кудайдан тилеп келе жаттым.

Ошол кездеги элдин жашоосу оор, эң кыйын. Колхоздун өндүрүшүндө иштегендер согушка барбай калган оорулуу карыкартаң кишилер, аялдар жана мектептин окуучулары эле. Биринчи класстан үчүнчү класска чейинки окуган балдар эгиндин арасындагы отоо чөптү отоп, эгин талааларындагы майда арыктарды тазалап, чаап, чөп чабуу мезгилинде боо байлап, эгин оруу жыйынында машак терип иштешчү. Ал эми жогорку класстагы балдар чийне менен чөп, эгин тартып, кош айдоо учурунда кошко чегилген унааларды жетелеп беришчү. Эгинди орок менен оруп боолап, кырманда атка чегилген молоташ менен бастырып түшүм жыйнап алышаар эле.

Иштөө убактысы таңзаарынан кечки иңир киргенге чейин болуучу. Талаада жатып үйлөрүнө келбей, эч жашоо шарты жок эле, эски кашек саман чачылган жерде эптеп-септеп чала уйку болуп иштечү. Ал эми колхоздун бригадиринин иштегендерге койгон талабы ушунчалык катуу болуп, анын айткан буйруктарын кыңк этпей аткарышчу. Ага каяша айтып тетирленсең түз эле ур-токмокко алып, сөөктөн өткөн уу сөздөр менен сөгүп-сагып, ызалап ишти сөзсүз аткарууга мажбурлоочу.

Ошол кездеги жашоодогу ушундай кыйынчылыкка мени биротоло салып берүүгө атам чыдабаса керек. Анын үстүнө борбуюм ката элек баламын. Алда кандай болот деп терең түйшөлтүп, тынчын аябай алган болуш керек.

Бир күнү атам экөөбүз тоодогу үйгө жөнөп калдык. Атам атчан, мен өгүз минип. Баягы райондон Токтаалы аке алып берген дарыларды ичип бүтөлек. Оорусунан деле толук сакайып кетелек кези. Жолдо бара жатып мага мындайча сөз салды: «Балам, биздин азыркы кыйын турмушта сага бел болуп, келечекте окутуп жардамдашаар колунан келген чукул тууганың жок. Жалгызсың, жашсың ... мен жакшы болалбай минтип оорунун тузагында турам. Киши боломбу, болбоймбу, аны бир Кудай өзү билет.

Сен энең экөөң Жумгалдын Кайырма (Ленин колхозу) айылындагы менин таякелерим, сенин дагы жакын таякелериң болгон өйдөчекти уруусунан Жумаалы, Бусурман, Жусуп, Бекчорону караан тутуп кетишиңер керек. Алар түпкүлүгү бай, белдүү адамдар, сени кор кылбай чоңойтуп, жардамын берип окута алышат. Ошол жактан окуп жетилип, өзүңдү өзүң билип, өз алдынча жашоого жетилип, чоңоюп киши болгондо кайтып элжериңе келээрсиң. Антпесең бул жерде сенин көргөн күнүң курусун. Бригадирдин ур-токмогунан чыкпай ителеп жумшап жүрүп окуй албай каласың. Турмуштун азабын аябай тартасың, келечегиң болбойт», – деди. Бир топко дейре унчукпай бастырып жүрүп отурдук ... Мен шолоктоп ыйлай баштадым. Башым айланкөчөк. Азыр эле өлүп, эми эле жетим болуп калчудай, ичим ачышып бир нерседен корккондой үрөйүм учуп бара жаттым.

– Ыйлаба, эмнеге ыйлайсың, андан көрө жакшылап менин айткандарымды баамдап угуп алгының. Дагы бир айта турган кебим бар, билесиңби, апаларыңдын кимиси сени төрөгөнүн?

– Сени энең төрөгөн. Апаңды болсо, сен бир жаштан ашкан чагыңда алгамын. Көбүнчө апаңдын колунда чоңойдуң.

Экөө тең бирдей энелик мамиле жасашчу сага. Ушул кезге чейин экөөнүн кимиси сени төрөгөнүн айра албай жүргөнүң ошол...

Менин сага Жумгалдагы таякелерге энең экөөңдү баргыла деп жатканымдын себеби да ошол. Андай болбогондо Жумгалдагы таякелерге баргыла деген кеңешти бербейт элем, – деп айтып сөзүн бүтүрдү.

Атамдын ушул айтканынан кийин мени Жөжө энем төрөгөнүн даана билдим. Бирок апамды деле, энемди деле мурдагыдай жакшы көрүп, энеме караганда апама көбүрөөк тил алып, айтканын аткарып, таарынтып, капалантпоого аракеттенчүмүн.

* * *

1945-жыл. Ата Мекендик согуш жеңиш менен аяктады. Элдин сүйүнүп, кубанганын айтпа. Айрыкча апамдын, Жөржөкан менен Рапиянын үйлөрүнө барып сүйүнчүлөп, эми күйөөлөрүңөр аман-эсен болушса келишет. Алардын эсен-соо кайтышын Кудайдан тилеп аксарбашыл өткөрүп элден бата алгыла деп, атам экөөнүн үйлөрүнө барганын билемин. Апамдын эки бир туугананы улуусу Чоконбай, кичүүсү Аттокур согушка кетишкен. Чоконбайдын аялы Жөржөкан, Аттокурдуку – Рапия эле. Көп жылдар бою аларды күтүштү. Бирок ушул күнгө чейин экөөнүн тең дайыны жок. Райондук аскер комиссариаты аркылуу сураштырганда өлүү же тирүү экендиги, же башка маалымат жок болуп чыкты. Согушка кеткендердин ичинде атама жакын тууганы Курманаалы акебиздин Абаскан, Маасиркан, Маадалкан деген балдары болгон.

Эсимде, болжолу 8–9 жаштагы бала болсом керек. Курманаалы акемдин үйү, биздин үй жайлоого бирге чыгышчу. Ал киши атамдан улуураак болучу. Кемпири Кенже байбиче согушка кеткен балдарынан көп санааркап, убайым жеп, турмуштун кааттылыгын көп тартып эрте картайып кетишти. Көп учурда Курманаалы аке отунга барганда мени кошо ээрчитип алчу. Отун алган жерге барганда арчанын арасына бир аз отуруп, дем алып, койнунан ак чүпөрөккө оролгон койдун аппак чүкөсүн алып чыгып, кайра-кайра өкчөп, балдарынын согуштан аман келерин Кудайдан тилеп, жалынып-жалбарчу. Анан ал бышактап ыйлаганда көз жашы сакалынан ылдый куюлуп турчу. Аны көрүп мен дагы ал киши менен кошо ыйлай берчүмүн. Акем мени: «Ыйлабагын, менин балдарымды сен көрбөй-билбей калдың. Алардын бирөө эле колумда болсо эмине, минтип карыган, алсыз кезимде отунга келбейт элем», – деп мени сооротуп калчу. Отунга баргандагы көргөнүмдү үйдө атама айтып берем. Атам аларга боору ооруп, өзү биздин үйгө жүктөп келген отунунан, үйдө болгон тамак-аштан да Курманаалы акеникине берип, каралашып жүрдү. Акебиздин балдары үчөө тең согушта курман болуп келбей калышты. Аке байбичеси менен балдарынын жакшылыгын көрбөй, артынан тукум калтырбай согуштун жана турмуштун азап-тозогун аябай тартып, кайгы-мунда жүрүп гана кайтыш болушту.

* * *

1946-жылы жайында жакын акебиз Балкыбек согуштан кайтып келди. Ал кишинин атасы Баялы – чоң атам Кыдырма

менен бир тууган. Балкыбек акенин Кошдөбөгө келиптир деген кабарды угуп, атам ошол эле күнү, атчан утурлап барып, эртеси Балкыбек аке болуп кечи менен келишти. Айылдагы тууган-туушкандар, айылдын эли чогулуп, кубанычтары койнуна батпай, согушка кеткен балдарынын, жакындарынын аманчылыгын биринен сала бири кайра-кайра сурашат. Ал кезде бардык эле эл аябай жакырланган. Менчик мал деген бирин-серин болбосо, жокко эсе. Атам эчки союп, кудайы өткөрүп элден бата алды. Үйдө бир топ күн түндүн бир оокумуна дейре Балкыбек аке согуштагы башынан өткөргөн окуялар жөнүндө айтып жүрдү.

«Бир күнү эмне үчүн сенден кийинки эки жыл бою каткабар болбой калды?» – деп, атам сурап калды.

Ал убакта Кызыл армия фашисттик баскынчыларды биздин өлкөнүн аймагынан кууп чыгып, Белоруссияга жакындап калган эле. Ошол мезгилде мен Литва жеринде немистик армиянын колуна туткунга түшүп, бир бай немистин колунда онго жакын киши малай болуп жүрчүбүз. Биздин жашоону ит көрсүн! Жазда кечке жер казып картөшкө, жашылча-бакча эгип, тынбай иштейбиз. Күзүндө анын түшүмүн жыйнайбыз. Жатаканабыз мал сарайдын ичи. Саман төшөлгөн жерде жатабыз, ичкен тамагыбыз эптеп эле өлбөстүн оокаты. Сүйлөгөнүн түшүнбөйбүз, анткени мен орусча караманча билчү эмесмин, мени менен туткунда орус, казактарга аралашып, алардын жаңдап айтканын жасап эптеп жан сактап жүрдүм. Ошондон улам эки жылча дайныбызды билгизе албай калдым – деп түшүндүрүп берди.

Бизге жакын согушка кеткен тууган-туушкан, илик-жааттардан бир гана Балкыбек аке эсен-соо кайтып келди. Калгандары ушул кезге чейин дайынсыз.

## ЭНЕМДИН ПРОМАРТЕЛДЕ ИШТЕШИ

Согуш жылдары коңшу Жумгал, Акталаа райондоруна караганда биздин райондун элинин жашоо-турмушу бир аз жакшыраактай сезилчү. Анткени жерибиз бышыкчылыктуу келип, ал кездеги эл эмнегедир дыйканчылыкты биле жүргүзүшкөнбү, айтор эгинден түшүм жакшы алына турган. Согушка айылчарба продукцияларын арбын бергендиги үчүн СССР Коргоо Комитетинин Кызыл Туусун 1944—1945-жылдары райондун эмгекчилеринин эки жолу жеңип алганы жана ал туунун түбөлүк калтырылганы далил болот.

* * *

Энем экөөбүз согуш жылдары Казарманда, Жумгалдык энемдин сиңдилеринен болгон Нурбүбү таежемдин күйөөсү Атыканов Чылпактын үйүндө жашап жүрдүк. Биз жашаган үйдүн жанында короосу бар катарынан салынган киченекей үч тамды промартел деп коюшчу. Анда согушка керектүү териден колгап, тон ж.б. майда буюмдарды жасашчу. Энем ошол промартелде тигүүчү болуп иштейт эле. Айлык алышчубу, алышпайбы билбеймин. Мага ошол артелде арткан-урткан кездеме өөндөрүнөн кураган шым, кемсел, көйнөк тигип берип жүрдү. Карачийде жашаган апам, атам Казарманга келген сайын таруудан бозо салып чаначка алып келет. Апам салган бозо келгенде биздин үйдө, ал тургай коңшулар прокурор Мамбеталы, тергөөчү Муса, милиционер Эсеналы, жездем Чылпак, таежем Нурбүбү андан ичишип шатыра-шатман, бака-шака майрамга айланчу.

Чылпак жезде ал кезде райондук аткаруу комитетинин жоопту кызматкери. Нурбүбү эже прокурордун жардамчысы болуп иштечү. Экөө тең жооптуу кызматта иштешкениненби, алардыкына кишилер көп келишер эле. Нурбүбү эженин апасы дасторконун жыйбай, такай чайы кайнап келгендерге даам таттырып чай берип жатканын көрчүмүн. Мен да алар менен бирге аралашып, кирип-чыгып байкап турар элем.

## ЖАНЫБЕК КАЗЫ ТУУГАНЫБЫЗ БОЛГОН

Кашка урuусу болжому Өзгөн, Мырзаке, Алай тарапта жердеп жүрүшүп, ошол жактан Тогузторого келишкен окшойт.

1960-жылы мен институтту бүтүп, Казарманга учканы Фрунзедеги аэропортко барганда Жусуп Кадыров деген мурда тааныш жигитке жолугуп калдым. Жусуп да университеттин физматын бүтүрүп, өз айылына учуп кеткени барыптыр. Экөөбүз университеттин даярдоо курсунда чогуу окуп, ал университетке, мен политехке өтүп окуганбыз.

Эми окууну бүтүп үйлөрүбүзгө кайтып жаткан учурда аэропорттон жолугушуп жатпайбызбы. Экөөбүз аэровокзалдагы ресторандан даам татып, чайланып отуруп, бири-бирибизди кайсы уруктан экенибиз жөнүндө сурашып калганбыз. Ал дагы өзүн Кашка уруусунан экенин айтып, Лейлекте дээрлик бир колхоз эл Кашка уруусунан болорун, ошондой эле коңшу Мырзаке, Алайда да Кашкалар тукуму бар экендигин баяндайт. Анын айтуусунда түпкү жети аталарыбызды атасак Кокшейден

Нарбото, Шербото бабалардан тараганыбыз бир болуп чыккандан кийин анын кашка уруусунан экенине ишендим.

«Николай заманында, андан соң Совет бийлигинин орношунун алгачкы жылдарында өзгөндүк (кайсы бир жерин айтып берген, эсимде жок) Мамыш аттуу досум экөөбүз, Жаныбек казынын коштогон колу менен Кытайга Кашкарга чейин барып, Бычан, Арпа, Бүлөлүсуу деген тоо өрөөндөрү аркылуу барып келгенбиз» – деп айтып калчу эле атам.

Жаныбек Кашка уруусунан, бизге 4–5 атадан барып кошулган туугандыгын, ал киши Совет бийлигине каршы күрөшкөн элдик топтун башчысы (ал учурда чекисттер тарабынан басмачылар тобунун башчысы деп аташчу экен) болуп, анын карамагында күчтүү куралданган 200–300гө жакын кол (жигиттерди) кураптыр.

Алайда бир жолку чогулуп Өзгөн, Бычан аркылуу орустарга каршы Нарын–Кытай тарап жакка бара жаткандагы окуясын айтып берген эле, атам.

«Мамыш досум экөөбүз Жаныбек казыны чукул жандап, коштоп жүргөн жигити элек. Мени тууганы катарыбы билбейм, эмнегедир жакшы көрүүчү. Жаныбек жанына чакырып алып чабуулда, тыныгып, өргүп калган учурда, душман менен кокустан кагылышып калган абалда кантип сактануу, ал үчүн эмне кылуу керек деп, мага көптөгөн кеңешин берип мени аяп калуучу.

Жортуулга чыккан учурда Жаныбекти коштогон эки атын, ок-дары, жарак-жабдыктар жүктөлгөн аттарын Мамыш досум экөөбүз ал кишиге чукул коштоп алып жүрөр элек. Биздин чалгындоо жортуулубузда орустардын аскер бөлүктөрү менен бетме-бет жолугушуп кармашкан учурун жолуктурган жокмун. Андан мурда орус аскерлери менен кагылышып, Жаныбектин мыкты таамай аткычтыгын, кылыч менен чабышкандын ыкмаларын мыкты билгенин, ал кишинин жанында бирге жүргөн жигиттеринин айткандарын көп уккамын.

Жаныбек каратору, дене-бою чымыр, ары толугураак келген, узун бойлуу, карамурут, абдан келбеттүү кабагы терең, көп сүйлөбөгөн, ичимен тап болуп, көпчүлүк менен дем алып отурган учурларында дайыма ойлонуп, өзүнчө ойго батып отурганын көрөөр элем» – деп айтчу атам.

Кийин Совет бийлиги орной баштаган мезгилде өзүнүн жигиттеринен кураган аскерин жетектөө менен Алай, Мырзаке, Өзгөн, Каракулжа райондорунун аймагында Кыпчак кыргыздарынын таламын талашып, коммунисттик бийликтин колонизатордук саясатына каршы чыгат. Мындай бийлик менен келишпестиги атамдын баамында төмөндөгүчө болуптур:

– кыргызда өзүнө таандык ынтаалык менен орозо кармап, намаз окуп, зекет берип, ислам динин тутуу эркиндигинде калууга;

– өз ара келин алып, кыз берүү, калың төлөп, той берүү үрп-адаттарын белгилөөгө чек койбоого;

– отурукташып, жай алышкан жерлеринен бөтөн жакка которулуп бириктирүүнү ж.б.у.с. кыргыздардын жашоо-турмушундагы илгертеден келе жаткан үрп-адат, нарк-нускаларына тыюу салбоого милдеттенсе, анда Совет бийлигинин орношуна каршы болгон эмес.

Ошол мезгилде жалпы Түркстан боюнча Совет өкмөтүнүн бийлиги орноп жатканда Фергана өрөөнүндөгү бай-манаптардын тукумдары жаңы коомдун түзүлүшүн кабыл алышпай, өз алдынча калууну каалап, көптөгөн атуулдары басмачылар тобун уюштуруп, Өкмөттүн жер-жерлерде уюшулган бийликтерин кулатууга аракет жасашат. Айыл-кыштактарда, элдүү пункттарда карапайым элди талоонго салып бүлүндүрүп, коомдук жайларды өрттөп, талкалап каршылык көрсөтүшкөн.

Совет бийлигине каршы көтөрүлгөн Фергана өрөөнүндөгү (деги эле Түркстандагы) басмачылар тобун талкалап жок кылуу максатында Совет өкмөтү Кызыл Армиянын жогорку жетекчиси М. В. Фрунзени жиберген. Тарыхта белгилүү болгондой Фергана өрөөнүндөгү, ошондой эле биздин Кыргызстандагы басмачылар тобунун күрөшүн басып, көпчүлүгүн талкалап, Совет бийлигин бекем орнотуп чыңдайт. Мына ушул учурда М. В. Фрунзенин чакыруусу менен Ташкенде Жаныбек казынын жолугушуусу болот.

Жаныбек казы М. В. Фрунзеге Совет бийлигине каршы эместигин айтып, өз аймагындагы кыргыздардын суроо-талаптарын, наразычылыктарынын себептерине түшүндүрмө берет.

«Мени басмачылар, талоончулар ж.б. сыяктуу Совет бийлигине түбүнөн каршы душман катары түшүнбөңүз. Биз бар болгону кыргыздын өзүнө тиешелүү салт-санаасы, үрп-адаттарын, диний ишенимдерин Совет бийлигинин сактап берүүсүн гана суранабыз, башканын бизге кереги жок. Мындан сырткары өз туулган жер-мекенибизден башка жакка которуп жибербөөнү өтүнөбүз. Мамлекеттик бийликтин чыңалып орношун жеке өзүм да кубаттаймын» – дейт.

М.В.Фрунзе Жаныбектин өз оозунан жогорудагыдай ой- пикирин уккандан кийин: «Биз бүгүнкү күнгө чейин бири-бирибизди терең түшүнүшө албаптырбыз. Өрөөндөгү басмачы топторунун көпчүлүгүн талкаладык. Силер менен эми гана түшүнүштүк. Эми силерге менин сунушум – жигиттериңден

түзүлгөн аскериңди тараткын. Ошол тараткан күндөн тартып, биз силерди басмачы, бизге каршы күрөшкөн душман катары эсептебейбиз. Силер биздин армиянын катарына өтүп, биз менен бирге тап душмандар – басмачыларга каршы күрөшүүгө чыккыла. Сага согуштук бийик даражадагы жогорку чин беребиз. Балдарыңарды Россиянын борбордук шаарларындагы каалаган окуу жайлардан билим алып тарбиялоого жардам көрсөтөбүз» – деген ойлорун айтат.

Жаныбек Фрунзенин кабыл алып ой бөлүшүп, сүйлөшүүсүнөн кийин бири-биринин өз ара түшүнүшкөнүнө ыраазы болуп, айткан жакшы кеңешине макул болуп кайтат. Айлына кайтып келип өзүнүн жигиттери жана эли менен жыйын куруп, Фрунзе менен сүйлөшкөн жөн-жайын айтып, менин элдин атынан койгон суроо-талаптарымды ал киши аткарууга макулдук бергенин, ошондой эле өзүнө өзүнчө берген убадаларын да айтып келип жыйынга чогулган элге: «Мени менен бирге жоокерчиликте жүргөн жигиттер мындан ары тарайсыңар. Мурдакыдай жоокерчилик кылбайбыз. Совет бийлигине каршы күрөш жүргүзбөйбүз. Өзүңөрчө отурукташкан жерлериңерде эркин кыргыздын үрп-адат, салттары менен жашайсыңар. Дин тутууга жаңы бийлик каршы чыкпайт. Өзүңөр окуп сабаттуу болгуңар келсе, каалаган жерден окуйсуңар жана балдарыңарды да окутууга убада берди. Совет бийлигинин берген ушундай жакшы саамалыктарын кабыл алып, ага кирүүгө толук эркиңер бар» – деп жарыя салат. Ал жыйындан соң, салтанат өткөрүлүп, көптөгөн мал союлуп, той сыяктуу баталашып тарашат. Андан бир аз убакыт өткөндөн кийин Жаныбек казы жакын туугандарын, жигиттерин, жакшы санаалаш жолдошторун чакырып кеңеш кылат.

«Менин силерге берген кеңешим, тигил Кызыл армия тарап жакка өтүшүмдү, балдарды Совет өкмөтүнүн окуу жайларында окутушумду мен ылайык көрбөй турам. Анткени мени баарыбир басмачы болгон, балдары басмачынын балдары дешет. Уруктукумдарыбыз басмачы – деп аталып калдык.

Бирок биз элди тоноп, талоончулук кылып ж.б. тетири иштерди жасаган эмеспиз. Совет бийлигине каршы ниетибиз жок. Кандай болгон күндө деле баары бир бизди басмачы дешет. Силердин да басмачы атыңар өчпөйт. Басмачы дедирип мындай жаманатты жүрө албайм. Балдарга да келечегинде зыянынан башка, жакшылык жагы болбойт. Ошондуктан мен балдарым менен Ооганстан тарапка кетүүнү чечтим. Силер да ойлонуп балачака, ага-туугандарыңар менен кеңешкиле. Эгерде макул болуп, мени менен кошо кете турганыңар болсо, кабарлашкыла, Ooган-

стан тарапка көчүп кетебиз. Ошол жакта чогулуп оокат кылалы. Бул жерде жашоо жанагы мен айткандай түпкүлүгү жакшы болбойт» – деп, кеңеш салды. Бир топ туугандары, айрым жолдоштору Жаныбектин айткандарына макул болуп, күз айларында Ооганстанга чогуу өтүп кетишкен. Андан кийинкисин ал жакта кандай жашап, эмне болгонун билбейм. Атамдын угуп-билип жүргөндөрүнөн мага саймедиреп айтып бергени ушундай.

Чынында атамдын Жаныбек казы менен тууган экенин, аны менен кошо жүргөнүн айлыбыздагы Кожаалы уулу Турганбай карыя аксакалыбыз да мага бир нече жолу айтып берген. Ал учурда атамдын Жаныбек менен тууганчылыгы, ал кишинин Совет бийлигине айрым пикир келишпестиги жөнүндө билинсе, Коммунисттик партия тарабынан катуу кысымга алынып, келечектеги иштерге абдан терс таасирин тийгизип, куугунтукка алынышы мүмкүн эле. Ушундай коркунучтан улам Жаныбек казы менен тууганчылыгыбызды, жогорку баянды айтып даңазалоодон, кеп кылуудан коркчумун.

Кыргыз эли эгемендүүлүккө жетип, ата-бабалардын өткөн-кеткен мезгилдеги баштарынан өткөргөн жакшылык-жамандыктарын эркиндикке чыккандан кийин гана иликтөө жүргүзүп ачык айта баштадык.

1993-жылы Бишкекте өткөн Бүткүлдүйнөлүк кыргыздардын биринчи курултайына катышып калдым. Ошол учурдан пайдаланып Жаныбек казынын Ооганстанга баргандан аркы таржымалын билүүгө ал тараптан келген кыргыздардын өкүлдөрүнө жолугуш үчүн Бишкектеги «Ысыккөл» мейманканасында жайгашканын билип, Рахманкул хандын баласы менен кечки саат 10–11 чамасында жолугуп, Жаныбек казы жөнүндө суроо салдым.

– Ал киши, – дейт Рахманкулдун баласы (аты эсимден чыгып калды, жашы 50дөн ашып калган сыяктуу көрүндү). – Жаныбек казы Ооганстанга баргандан кийин бир жыл чамасында биз менен аралаш жашап туруп, андан ары Кытайга өтүп, андан кийин Түркия тарапка кетишкенин атасынан уккандыгын айтат. Андан аркысын жакшы билбейт экенмин. Буларды дагы атамдын ж.б. биздеги улуу кишилердин айткандарынан улам укканымды айтып жатам – деди.

– Түркиядан келгендерден сураштыра алдыңарбы дедим. Себеби чет өлкөдө коңшу жашаган кыргыздар бири-бирине кабардар болуш керек го деген ой менен.

– Жаныбек казыны Түркиядан келген кыргыздар деле билишпейт экен деди. Ошентип, Жаныбектин чет элде канча мез-

гил жашап, канча жашка чыгып каза болгону белгисиз. Балким, Ооганстанда Рахманкул хан менен Жаныбек: «Эки кочкордун башы бир казанда кайнабайт», – дегендей өз ара ынтымакка келише албай Түркияга кеткен окшойт.

## АШЫРБАЙДЫН ШАМЕН АТАЛЫШЫ

Согуштун кызуу жүрүп жаткан учурунда атамды, Ашырбай аке экөөнү согушка бир жөнөтүш үчүн чакырат. Атам Ашырбайдан 4 жашка улуу болгон. Райондук аткаруу комитетинде жооптуу кызматта иштеген Чылпак жезденин жардамы менен экөөнү тең бир убакта кетирбей, улуусун кийинкиге калтырып, кичүүсү Ашырбайды рабочий батальонго (көмүр казган шахталарга, сейрек металлдарды өндүргөн кендерге жумушчу кылып иштетүүгө) жиберет.

Анткени согуш жүрүп жаткан мезгилде айрыкча уран, коргошун, алюминий, алтын, сымап ж.б. металлдар менен курал чыгарган заводдорду кечиктирбей өз убагында сырьёлорду камсыз кылуу зарыл болгон. Ошондуктан армияга чакырылгандардын бир бөлүгүн ошол кендерде иштөөгө жиберишкен. Менин оюмча Ашырбай аке согуш жылдарында Фергана өрөөнүндөгү Хайдаркен сымап кени, Сүлүктү, Кызылкыя, Көкжаңгак көмүр казып чыгарган кендердин биринде иштесе керек. Айтор, бир топ убакытка чейин дайынсыз кат-кабар келбеди. Себеби ал киши сабатсыз болгон. Ал эми атамдын улам-улам согушка жөнөтүү мөөнөтүнөн калтырып жатып, безгек оорусуна чалдыкканы ошондон улам окшойт. Жашы аскерге жарактуу милдетинен өтүп кеткендигине байланыштуу армияга барбай калат.

Согуш аяктаарына аз калганда Ашырбай аке иштеген жеринен качып чыгып, Өзгөнгө келип, андагы кайын журттарында бир топ убакытка чейин жашырынып жүрөт. Бычан аркылуу Кошдөбөгө келип, жайлоодогу малчынын үйүнө жолго азыктүлүк алып, тамактаныш үчүн кирип калат. Ал койчу турган жер колхоздун кыштагына жакыныраак экен. Үйгө кирсе, райондон колхоздун чарбалык жумуштарын текшерип жүрүшкөн Чылпак жезде, бир милиционер, колхоздун башкармасы ж.б. бир топ адамдар тамактанып олтурушкан болот. Салам айтып кирип, алар менен даам татышып отуруп калат. Тиги отурган милиционер кайта-кайта божомолдоп-түкшөмөлдөп Ашырбайды карай берет да, сен кайдан бул жерде жүрөсүң. Сен баягы Карачийдеги Оroктун иниси Ашырбай эмессиңби?.. Окшошуп турасың, армиядан качып жүргөн көрүнөсүң? – Эгер Ашырбай

болсоң, сенин аты-жөнүң биздин качкындардын тизмесинде бар деп сураштырып калат.

– Жо-ок... мен Ашырбай эмесмин... башкамын... атым Шамен. Ашырбайга окшоштуруп жатасың деп, сыртынан сыр билгизбей алдастап коркуп калат.

Чылпак тигил экөөнүн сөздөрүнүн чоо-жайын дароо байкап түшүнө калып, мен бул кишини тааныйт экемин, Шамен деген болот. Кызыл Жылдыздагы Ороктун иниси Ашырбайды дагы жакшы билемин, ал эмес деп коёт... Анткени Чылпак жезде биздин үйдө карым-катнаштан улам Ашырбай акени жакшы таанып билүүчү эле.

Тигил милиционер Чылпактын айтканына ишенген өңдүү унчукпай калат. Алар тамактанып бүтүп, өздөрүнүн иши менен аттанышып кыштакка жөнөп кетишет.

Ашырбай ал жерден жолго азык-түлүк алып, түндөп жөө жалаңдап жүрүп отуруп, эртеси кечинде Каргалык жайлоосунда колхоздун коюн багып жаткан атамдыкына келет. Ал жерде биз менен бирге жашаган балдары Бейшен, Дүйшөн менен көрүшүп, бир аз убакытка өргүп тыныгып калат. Ашырбай аке Кошдөбөдөгү окуяны Чылпак жезденин таанымаксан болгонун, бир кудай өзү сактап, милициянын колуна түшүп кайра айдалып кетпей аман калганын айтат. Бул окуя жөнүндө кийинчерээк Чылпак жезденин өзүнүн да айтканы бар. Бул окуяны угушкандан кийин энем да, апам да Ашырбай акени тергешип, өз атынан айтпай Шамен деп аталып калган.

Ашырбай аке 1946-жылы 8-ноябрда майрам күнү Карачийде каза болуп, сөөгү жогорку Желездөбөнүн жанындагы көрүстөнгө коюлган.

## КЫДЫРМА УУЛУ ОРОК ДЫЙКАН

Түпкү атабыз Бакей, Бакейдин улуу байбичесинен Кыдырма, Кыдыраалы, Баялы, Шераалы. Кичүү аялы Корголдон-Султанаалы, Аманкул.

Атам Орок жайдын ысык аптасында орок оруп, эгип жыйнап жаткан учурда төрөлсө керек, атынын Орок коюлушуна караганда. Атасы Кыдырма жоош, көп сүйлөбөгөн чарчы бойлуу малдуу-жандуу, айрыкча жылкысы көп болгон экен. Атамдын апасы чоң энем Чүрөк узун бойлуу, келбеттүү, оокатка тың, кайраттуу, мүнөзү эркектей, бала-чакасын башкарып тескеген аял болгон дешет. Төркүнү Жумгалдагы Өйдөчекти уруусунан Шабыраалы, Шераалы, Өмүраалы, Бусурман аттуу бай

жашаган адамдар болуптур. Азыр алардын бала-чака, неберелери Жумгал районундагы Кайырма деген жерде жашашат.

Атамдын апасы Чүрөк, балдарынын келечегин ойлоп, төркүнүнөн кол үзбөш үчүн эң улуу баласы Орокко жакын тууганы Улак кызы Жөжөнү алып берген. Атамдан кичүү уулу Ашырбайга чоң атам Кыдырманын Өзгөндөгү досу Кулмат дегендин кызы Жийдебүбүгө үйлөнтөт.

Атамдын мүнөзү кайраттуу, эмгекчил, боорукер, бирөөгө колунан келген жакшылыгын аябаган, өз оокатына тың, туугандарынын арасында белдүү адам болгон.

Атамдын айтымында биз тээ Николай заманында эле түштүк тараптан ооп келген экенбиз. Чоң атабыз Кыдырма Каргалыктын оозунда Чыкы тараптагы Караташ деген жерде отурукташып жашап келишкен. Ал жерде азыр деле ошол замандагы тамынын, короо-жайынын орду бар. Анын жанында Совет доорунда салынган «Кызыл Жылдыз» колхозунун кой сарайы, чабандын үйү менен турат. 1992–93-жылдагы коомдук мүлктү менчиктештирген учурда Бейшен экөөбүз менчикке алганбыз. Документ боюнча бизге тиешелүү. Азыр ал сарайды убактылуу Шергазиев Амандын балдары пайдаланып жатышат.

Сарайдын өйдөрөөк жагында чоң көк терек өсүп турат. Ошол теректин жанындагы чоң атамдын тамында мен төрөлүпмүн.

Совет бийлиги тушунда колхоз уюшулуп, адегенде «Жаңы турмуш» аталып, ага 50дөй жылкы, 100дөй кой-эчки ортого бериптир.

Согуш жылдарында колхоздун жылкысынын арасынан тору бээлер меники деп атам мага көрсөтүп калаар эле. Мурунку заманда орточо бай деп аталып, жылкынын саны 50–60ка жеткен, төө 15–20, кой-эчки 100–150дөй болуп жашаганбыз. Карадөбөнүн желкесиндеги талаага таруу, арпа, буудайды буурусун менен айдап, дыйканчылык менен оокат кылып өткөргөн күндөрүн айткандарын укканым бар атамдын.

1930–1935-жылдары райондо колхоздор уюшулуп, мурунку майда чарбалар ирилешкен мезгилде талаачылыкта иштейт.

1936–1940-жылдары кийинки ирилештирилген «Кызыл Жылдыз» колхозунда кой баккан. Ата Мекендик согуштун учурунда алдыңкы чабан катары армияга чакырылбай калганы ошондон улам болсо керек. Ал кезде коомдук малды сырттатоодо ар кайсы жээктердеги үңкүрлөрдө камдалган тоюту жок эле багышчу, андай жумушка армия жашынан өтүп калган эркектер иштешкен. Антпесе, ортолук мал багылбай, бүтүндөй чыгашага учуроо коркунучу болгон. Ал тургай малчыларга брон берип армияга жиберген эмес. Ошондогу атам курдуу Арыкбай,

Назарбай, Чукчумбай, Ыса, Базаркул, Субанкул, Апы, Кабатай ж. б. согушка барбай 1955-жылдарга чейин малчылыкта иштеп жүрүшүп, кийин жаш курагы боюнча ардактуу эс алууга чыгып, каза болушту.

Ата Мекендик согуш учурунда мал чарбасында үзүрлүү иштегендиги үчүн «Эмгектеги каармандыгы үчүн», 1941–1942-жылдардагы Ата Мекендик согуштун катышуучусу» медалын жана көптөгөн материалдык сыйлыктарды алган экен.

1947–1957-жылдары Райживсырьё даярдоо конторасында мергенчилик кызматына колхоз тарабынан жиберилгенин билем. Аң терилери боюнча берилген планды (түлкүнүн, суурдун, карышкырдын жана башка сейрек айбанаттардан илбирс, сүлөөсүн терилеринин) ашыгы менен аткаргандыгы үчүн Бүткүлсоюздук Даярдоо Комитетинин «Эмгектин отличниги» жана Ардак грамотасы менен сыйланган. Тапшырылган терилердин баасы боюнча мамлекет сатып алып (ал учурда алардын баасы да кымбат болуучу дейт) ал акчанын жарымын накталай өзүлөрү алышып, калганы колхоздун эсебине которулуп, эмгек күн катары бааланып ага буудай, арпа ж. б. алып турушкан.

Согуш мезгилинде 30–40 сотык жерге таруу айдап дыйканчылык кылуучу. Эгин айдоочу аянтты чийлүү жерди тандап, атайын чий актай турган аябай курчутулган тешеси (чоттон чоңураак) болоор эле, ошону менен 8–10 күндө өзү жалгыз актап койчу. Биз апам, Чоконбай таяке, Ашырбай акенин балдары аянттагы акталган чийлерди ар кайсы жерге чогултуп сыртка чыгараар элек. Көрсө, чий өскөн жер семиз болуп, ага айдалган эгиндин түшүмү мол болот тура. Ал аянтты 2–3 жыл катары менен айдап, кийинки жылдары дагы ушундай чийлүү жерди тазалап эгин-тарууу айдоочу. Убагында сугарып, тарууу баш алгандан оруп-жыйганга чейин үч үйдүн балдары малдан корук кылчубуз. Ал эми таруунун душманы таранчы чымчык турбайбы. Буга каршы тарууу айдаган жердин төрт тарабына 2–3 бала салмоор таш менен чымчыкты аткылап, кыйкырып ызычуу салып, 15–20 күндөй коруган убакыттын ичинде бышып жетилүүчү. Анан аны кол менен оруп, боолап үйдүн алдындагы кырманга башын жогору каратып тизип, жыйып, тегеректеп, анан өгүздөн темин куруп бастырып, 7–8 күндүн аралыгында сапырып тазалап, күнгө жайып кургатып, түшүмүн жыйноочу. Ошол кырмандан үч ороо казып бирин бизге, экинчисин Ашырбай акеникине, үчүнчүсүн Чоконбайдын балдарына деп ороолорго куюп, үстүн жаап ар кимисине белги жасап бөлүштүрүп коюучу. Кыш башталганда баягы ороолорду ачып ченем менен

берип отуруп, жазгы мал төлдөп, саан учурга жеткирчү. Ал кезде колхоздогу малды кол менен саап мамлекетке сары май төгүшчү. Ар бир короодо 5тен кем эмес саанчылар болоор эле. Биз үч үйдүн балдары ошол саанда апаларыбызга кой саадырып, козуларын кезек менен кайтарып, сүт, айран ичип, эгин бышканга чейин жашаар элек.

Ошентип, атам согуш жылдарында, андан кийин 3–4 жыл акем Ашырбайдын, таякем Чоконбайдын бала-чакаларына чоңоюп кетүүсүнө жакындан жардам берип, атамдын карамагында болушкан. Азыр алардын бала-чакалары чоңоюп, өз алдынча эр-азамат балдардын ата-энеси, небере-чөбөрөлөрдүн чоң атасы, чоң энеси.

Ал жылдары жалпы элдин аң-сезими ушунчалык жогору экендигин айтсак ашыра чапкандык эмес. Ынтымактуу, бирине бири каралашкан, жардамдарын аяшпай, колунда бары оокаттарынан бөлүшүп жашашчу. Айрыкча бозо чыккан үйгө эртең менен эрте чакыртпай эле айылдагы эркек, аял дебей барышып, бозосун түгөтө ичип, тарап кетишчү. Элдин мындай ынтымагы согуштун кыйын кезеңи жана ал кездеги бийликтин катуу тартибинин тийгизген таасиринен экендигин эл дагы түшүнүп, биригишип жакындап калышат окшойт. Ушундай мезгил, заман болгонун азыркы жаштарга айтсаң, эч качан ишенбейт. Аны жомок катары кабыл алышат. Бул болгон чындык, андагы төө көтөргүс оор турмушту өз башыбыздан өткөрдүк. Өмүр жолубузга өчпөс так салган оош-кыйыш замандын өткөөл мезгилиндеги (согуш учуру эл чарбасын калыбына келтирүү жылдардагы) өтө оор кыйынчылыктарына карабай жалгыз баласын канатына калкалап, тарбиялап өстүрүп, окутуп, үйлөнтүп, үй-бүлөлүк даражага чейин жеткирген атамдын аталык камкордугун чоң ыраазычылык менен айтуу менин парзым деп эсептейм.

## ЭЖЕЛЕРИМ ЖӨНҮНДӨ ЭСКЕРЕМ

Атамдын Нурбүбү, Чачыке, Тотуке жана Расия деген төрт карындашы болгон. Булардын ичинен менин баамдашымда атамдын Тотуке, Расия эжелер менен бир туугандык карым-катнашы эмнегедир башкаларына караганда бир кыйла жакындай байкалчу. Бат-бат бири-бирине келип-кетишип, жашоо-турмушунан кабар алып турушту. Согуш учурундагы, андан кийинки жылдардагы кыйынчылыкта эриш-аркак жардамдашып, жакшылык-жамандыкта катышып турушчу.

Ушундан улам Тотуке эженин мага жасаган мамилеси тууралуу өзүнчө белгилеп айткым келет. Дегинкиси адамдын ар биринде эже-карындаштары болот. Алардын бардыгына эле бирдей туугандык мамиле боло бербегени белгилүү эмеспи. Кай бирлери ызаат көрсөтүп, бир-бирине колдорунан келишинче жардамдашып, эриш-аркак жашагандарын көрүп эле жүрбөйбүзбү. Ошол сыңары бир тууган агасынын жалгыз баласы болгондуктанбы, айтор, Тотуке эже мени баласындай мамиле жасап, эркелетип, чоңойгонума көмөктөшүп, апамдын ордунда айрыкча 8-класста Казарман орто мектебинде эжемдин үйүндө жүрүп окуганда билип калдым. Окууга эрте туруп барабыз. Айрыкча кыш мезгилинде түндүн караңгысында туруп кийинип, жуунуп, тамактанып барыш керек. Күн суук, ал учурда электр жок кез. Ушундай кыйынчылыкка карабай дайыма эрте туруп, мени окууга ачкарын жөнөтпөй, жеңил тамактандырып кетирүүчү. Ал эми жаз келип, күн жылыган мезгилде колхоздун ортолук жылкысынан кунан мингизип, Карачийге өзүбүздүн үйгө күнүгө барып-келип окууга шарт түзүп берген. Анткен себеби уулу Бактыгул колхоздо кой ферма, жылкы ферманын башчысы, башкарманын талаачылык боюнча жардамчысы, бригадирлик кызматтарда иштеп жүргөн эле. Кийин жогорку окуу жайда окуп жүргөнүмдө деле эжемдикине каникулга келип-кетип жүрдүм. Анда деле баякы мамилесин өзгөрткөн жок. Окууну бүткөндөн кийин үйлөнүп-жайланып, иштеп калган кезимде мен атама, апама кандай сый-урмат көрсөтсөм, ошондой мамилени эжеме да жасадым. Эжем ыраазы болсо экен деген максат менен колумдан келген аракетимди аябай жасап сыйлап жүрдүм. Тотуке эженин биринчи турмушка чыккан күйөөсү – Шамырза. Ал жезде Кошдөбөдөгү жээренчи уруусунан. Андан Бактыгул аттуу уулдуу болуп, ал 2–3 жаш чамасында Шамырза каза болгондон кийин, Кызылчарбадагы уруусу Көкчөгөз Быржыга турмушка чыгып, 1972-жылы каза болду.

Расияны эң кичи кенже карындашы катары атам жакшы көрөөр эле. Атам кеч балалуу болгондугуна байланыштуу Расия эжени эркек балача кийинтип, ат мингизип ээрчитип алып, аш-тойлорго барып жүрүптүр.

Чоң атам, чоң энем да өтө эрке багышып, анын оюу менен болушчу экен. Элде «Эне-атанын балага өзгөчө жасаган (көзү түшкөн) мамилесинен бала бактысыз болуп калат» деген айтымыш бар го. Расия эже Кошдөбөлүк Эши дегенге турмушка чыгып, көп жылдар бирге жашап, балалуу болушпаптыр. Эши жезде согушка кетип кайтпай калат. Андан кийин турмушка

чыкса да балалуу болбоптур. Бирок кийинки турмушка чыккан күйөөлөрүнүн ага чейинки балдарын өз жанындай көрүп «өгөй» дедирбей багып өстүрүп чоңойткон балдары бар. Ошентип, атам ушул эки карындашы менен жакындан сыйлашып, кадырлашып жүрүп, көздөрү өтүштү. Расия эженин чоңойткон балдарынын бири Шаршенбек Токтобаев азыр бала-чакалуу, Казарманда жашайт.

Нурбүбү эженин биринчи турмушка чыккан күйөөсү Курманкул менен Өзгөн районунда «Көлдүк» деген айылда жашашып, эки уулдуу болушат. Улуусу Өмүралы, кичүүсү Өмүр. Мен 2003-жылы жайында ошол жээндериме Мырзакеге барып таанышып келдим.

Өмүралы көп жылдар бою колхоздун жылкысын ак ниет багып, Өкмөттүк көптөгөн сыйлыктардын ээси, айылдын кадырман адамы. Анын Эмил, Рустам эки уулу жана төрт кызы бар экен.

Өмүр жээним педагогикалык жогорку билимдүү айылдагы орто мектепте узак жылдар директор болуп иштеген кадырбарктуулардын бири. Өмүрдүн жети кызы бар: экөө врач, бирөө инженер, калган төртөө жогорку билимдүү мугалим.

## ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ АЛУУ

Атам колхоздун бир короо коюн багат. Ал кезде сырттагы Каргалык жайлоосунун күнгөй тарабындагы Суулу Үңкүр, Терметаш, Кулчумбай, Кичимоло, Чоңмоло, Кенкырчын, Чоңташ, Дайыр Үңкүр деген жайыттарда колхоздун 15–20 короо кою кыштатылчу. Анткени кышындасы мындагы бөксө тоолордун беттериндеги карды шамал учуруп кетип, мал жайылып оттогонго ыңгайлуу шарт түзүлүп калаар эле. Чабандар койлорун кагындатып жайып, кечиндеси кокту-колоттордогу шамалдан ылымта жарчаларды жээктей же үңкүрлөргө камап, өзүлөрү үңкүрдүн бир жагында жер кепеде жашап, мал багып келишчү. Кыштакка анда-санда азык-түлүк алып кетүү үчүн гана келишчү. Биз энем экөөбүз кыштакта – Карачийде жашоочубуз.

Сентябрь айынын орто чени болсо керек. Энем мага катып жүргөн элечегин бузуп, көйнөк тигип, чүпүрөктүн өөнүнөн курап китеп баштык тигип берген. Ага кагаз-карандаш салып, мени кыштактын ортосундагы 4 жылдык баштооч мектепке ээрчитип барып, биринчи класска киргизгени эсимде. Биринчи окуткан мугалимим Чопиева Уулбүбү, бою пакене, өңү сары

кыз болуучу. Биринчи классты ошол кыздан окудум. Кийинки жылы 3-класстан окуп калдым. Себеби тоодо жүрүп, сентябрь айынын башталышында окуу башталаарын билбей 10 күндөй кечигип келдим. Бейшенди ээрчип мектепке бардым, анын бою узун, менден 8 жаш улуу эле. Мен да аны ээрчип 3-класска отуруп калдым. Сабак берген мугалим мени доскага чыгарып:

– Силер эмне үчүн сабакка кечигип келдиңер? – деп сурады. Мен унчукканым жок.

– Кана, 44 деген санды жазчы, – деп билимимди сынап, мени доскага чыгарды. Мен бор менен доскага 4 деген цифраны жазып, андан аркысын жаза албай койдум.

– Сен 2-классты окуган эмес турбайсыңбы? – мындан ары маңдайдагы класска барып окугун, – деп сыртка чыгара турган болду.

– Баштыгымды партадан алып эшикти көздөй жөнөй бергенимде Бейшен ордунан тура калып: «Эжеке, бул менин бөбөгүм. Өзүм үйдөн окутуп үйрөтүп коёмун, ушул класста эле окуй берсинчи, калтырыңызчы эже», – деп мага келип кучактай калып ыйлай турган болуп кетти.

Мугалим эже бир аз токтой калып: «Мейли Ашырбаев 15 күнгө уруксат, эгерде сабактан жетише албаса, төмөнкү класска барып окуйт», – деп мени кайра отургузуп койду. Көрсө, Бейшен ал класстын абдан жакшы окуганы жана класскому экен. Сабактан тарап үйгө келгенде Бейшен класстагы болгон окуяны энеме айтып берди да:

– Уулуң, сабакты окуй албай кыйналат. Ошондуктан үй жумушка көп жумшабагыла, сабакты окуйлу, – деди. Бейшендин айтканына энем макул болуп, экөөбүздү үй жумушу менен алагды кылбай турган болду. Тамакка тойгузуп сабагыңарды окугула деп, экөөбүздү үйгө калтырып кетип калуучу. Көрсө, энем колхоз жумушунда болуучу экен. Түндөсү сабакка даярданууга шарт жок. Ал кезде керосин куюлган бөтөлкөгө кебез билик өткөрүп дубалга илип коюп, жарык кылчубуз. Андай чырак менен китеп окуп, сабак даярдоого мүмкүн эмес болуучу. Үйдүн ичиндеги адамдар бири-бирин араң таанып, тамак ичүүгө араң жарачу.

Бир айга чукул Бейшен мага мугалим катары үйгө берилген тапшырманы түшүндүрүп, сабакты чогуу даярдап жүрдүк. Ошентип биринчи чейректи мен орто менен аяктадым. Бейшен отличник болуп эң жакшы аяктады. Кыш мезгили келди. Атам тоодо отун-суу толук камдалбай энем экөөлөп биртике даярдаган куурай, тезек бат эле түгөнүп калат.

Кыш айларында жазга чейин отунду токойдон даярдап, көтөрүп келип оокат кылчубуз. Бейшен күнүгө сабактан кел-

генден кийин токойго отунга кетет. Мен өзүмчө сабакка даярданам. Энем менин сабакка даярданып окуп жатканымда жанымдан чыкпай китебинди окугун, Бейшен келгенде сенден сурайт, билбесең токмок жейсиң, – деп коркутаар эле. Экинчи чейректи Бейшен ударник, мен 3–4 сабактан орто болуп, калган сабактардан «жакшы» деген баа менен аяктап, каникулга тарадык. Кийин камчы салдырбай калган чейректерди жакшы окуп, үчүнчү классты ударник менен аяктадым.

Согуштан кийинки жылдары чарбанын өндүрүштүк жумуштары негизинен аялдарга, мектеп окуучуларына жүктөлүп жайкышы менен колхоздун ар кандай жумуштарында иштеше турган эле. «Кызыл Жылдыз» колхозундагы Бейшен баштаган Жумасадыр, Чырбан, Чыныбек, Болот, Калык, Кыдың, Бекбоо, Абдраим сыяктуу бир топ балдар 5–6-класстык билимдери менен колхоздун негизги жумушчу күчү болуп калышты. Алардын көпчүлүгү кийин колхоздун талаачылыгында, мал чарбасында, механизация тармактарында эмгектеништи.

Окуп жүргөндө мектепте өздүк-көркөм кружогуна активдүү катышып, драмаларда роль аткарып, комузда черте койчу элем. Мектептин окуучулар комитетинин төрагасы, класском, ошондой эле комсомолдук уюмдун катчылыгына да шайлашты.

Адам баласы улгая баштагандан тартып, өмүр сапарынын акырына чейин балалык кезинен тартып, кырчын кездериндеги окуяларга тамшана, нары суктана карай берери мыйзамдуу болот тура. Карачийдеги 7 жылдык мектептеги балалык эң тунук жана бой тартып келаткан мезгилдин эсте калаарлык элестерин сагынуу менен көз алдымдан ар дайым өткөрүп келем. Алардын бири Кыргызстандын түзүлгөндүгүнүн 25 жылдык маарекесине карата өткөрүлгөн фестиваль эле. Бул датага бардык жерлерде ар тараптуу даярдыктар көрүлө баштаган. Анда мен 6-класста окуучумун. Биздин мектепте да өздүк-көркөм чыгармачылыгынын жана спорттун бардык түрлөрү боюнча мелдештер, кароосынактар өтүп жатты. Мен мектептеги өздүк-көркөм кружогуна комуз чертип катышам. Ал кезде чоң күүлөрдөн «Насыйкат», «Машботой», «Шыңгыраманы» жеке чертип, ырдагандарды комуз менен коштоочумун. Кружокто мен, Мамбеталиев Рысалы, Чоконбаев Орозмамат, Аскарбекова Жумакан, Каргабаев Кадырбек, Аскарбекова Бермет (Кадырбек, Бермет төмөнкү класста окушкан кичине балдар) жакшы ырдашып, райондук кароодо биздин мектептен барган топ биринчиликти алып, облустук карроого бара турганыбызды, кароонун жыйынтыгына жеткирбей эле комиссия жарыялап койду. Кароо комиссиясынын төрагасы

раматылык Эрмек Сейдалиев болучу. Ал кезде ал комсомолдун райондук комитетининин биринчи катчысы, партиянын райондук комитетинин бюро мүчөсү, бир топ кадыр-барктуу кызмат өтөгөн абройлуу адам эле. «Кызыл Жылдыз» 7 жылдык мектебинин өздүк-көркөм чыгармачыл тобу толугу менен Тяньшань облусунун борбору Нарын шаарына бармай болдук. Бирок үй-бүлөлүк турмуш шартка байланыштуу көпчүлүгү бара алышпады. Тогузторо району боюнча «Кызыл Жылдыздан» мен, Киров мектебинен Ташматова Нурийла, армиядан жаңы келип Дөдөмөл мектебинде иштеп жүргөн Табалдиев Сейитбек жана спорттук мелдештерге катышкандар болуп 20га жакын окуучу балдар облустун борбору Нарын шаарына бардык. Нарындагы облустук кароодон мен «Насыйкатты» аткарып, жол жүрүп бараткында ойноп турган шашке менен сыйландым. Республикалык карооого катышмай болдум. Фрунзеге мен, Ташматова Нурийла жана Табалдиев Сейитбек ырдап, комуз чертип, Казыболот Тезекбаев чуркоо боюнча карооого катышып келдик.

Фрунзеге барганда Тяньшань облусунун карооого катышуучуларын Айыл чарба институтунун жатаканасына жайгаштырды. Күнүгө бизди машина менен алып жүрүп, жатаканадан борбордогу «Алатоо» кинотеатрынын жанындагы Кызыл чайканадан тамактанабыз. Андан алыс эмес эмен сейил багында, опера-балет, орусдрам театрында кароо өтүп жатты. Кароо 3–7 күнгө созулду. Фестивалда биздин райондон баргандар сыйлык алган жокпуз.

Тогузтородон Фрунзедеги окуу жайларынын ичинен бир гана Кыргыз Мамлекеттик Педагогикалык институтунда Абдылдабеков Тайлак чет тилдер факультетинде окуп жаткан экен. Аны менен таанышып алдым. Ал мени Фрунзе шаарынын бардык кооз маданий жайлары жана окуу жайлары менен тааныштырып, келечекте борбордогу чоң окуу жайдан окуу жөнүндөгү келечектүү ойлорун ортого салды. Ошол күндөн ушул күнгө чейин Тайлак экөөбүз тууганчылык да, жолдошчулук да мамилебиз үзүлбөй сыйлашып жүрөбүз.

Тайлак Тогузтородон биринчилерден болуп Кыргыз Мамлекеттик Университетин бүтүргөн. Биздин айылдан биринчи болуп аспирантурада окуп, Кыргыз Мамлекеттик университетинде, Пржевальск педагогикалык жана Кыргыз Айыл чарба институтунда философиядан сабак берип үзүрлүү эмгектенди. Көптөгөн илимий, илимий-популярдык, публицистикалык макалалардын, «Руханий өз ара байышуунун диалектикасы» аттуу илимий-териялык философиялык китептин автору.

СССР журналистер Союзунун мүчөсү, СССР Басма сөзүнүн отличниги, Эмгек ардагери. Республикадагы илимий чөйрөдөгү таанымал кадыр-барктуу инсан.

Ушул фестивалга катышып калганым келечегиме багыт бергендей болду десем жаңылбайм. Фрунзеден кайтып келгенден кийин айылдын эли деле, мектептин окуучулары деле мага таңдана карашып, кызыгуу менен сурап жатышты. Айрыкча энем, апам менин Фрунзеге барып фестивалга катышып келгениме өз терилерине батпай сүйүнүшүп, энем башыма суу айлантып чачып, сагынуу менен алмак-салмак кучактап өпкүлөшкөнү али эсимде. Атам гана: – Жакшы окусаң ушинтип мен көрбөгөн жерди көрөсүң. Эл менен таанышасың, окууңду жакшылап ула, – деп мени өзүнөн оолагыраак кармайт.

1950-жылы «Кызыл Жылдыз» колхозундагы 7 жылдык мектепти мактоо грамотасы менен бүттүм.

Сабактын жүрүшүндө мугалимдерибиз Сабирова Үпөл (директорубуз), Ниязов Жусуп, Бейдуулат Мамытов, Айдаралиев бизге жети жылдык мектепти бүткөндөн кийин кайда барып окуу жөнүндө көп кеңештерин айтышчу. Айрыкча мага бул мектепти бүткөндөн кийин Фрунзе шаарындагы № 5 кыргыз орто мектебине барып окушуң керек, – деп директорубуз айтаар эле. Ал мектепте Кыргызстандын бардык жерлеринен жакшы окуган балдарды 8-класстан баштап окутуп бүткөрөт. Алыстан келип окуган балдар жатакана, тамак-аш жана атайын кийим менен камсыздалат. Шаардан окугандар орус тилин бат үйрөнө турган артыкчылыгы бар. Сабак берген мугалимдери тажрыйбалуу. Ал мектепти жакшы бүткөндөр жогорку окуу жайларына жеңил өтүшүп, көпчүлүгү Москвадагы ж. б. борбордук чоң окуу жайлардан окушат. Сен ошол мектепте окуганың дурус болмок дешип мага кеңеш беришчү. Мен буга абдан дилгирленип, Фрунзеге 5- орто мектепке барып окушум керектигин атама айтсам: «Мейли, барып оку», – деп гана коюучу. Карачийдеги 7-классты биз менен бүткөн балдардан Апиев Айдарбек, Исмаилов Сатыбалды (колхоздун башкармасынын иниси Акталаалык болуучу) Нарын шаарындагы бир жылдык мал доктурдун (веттехник) окуусуна кетишти.

Ошентип, «Кызыл Жылдыз» жети жылдык мектебин бүткөндөн кийин Фрунзеде окууга атам көңүлдөнбөй койгондуктан Казарман орто мектебинде 8-класста окуп калдым. Ал учурда райондун колхоздорундагы балдар кыштактарда 7-класска чейин, 8-класстан райондогу Казарман орто мектебинде окууларын уланта турган.

Казарман орто мектебинде 8-класста биз менен «Кызыл Жылдыздан» Мамбеталиев Рысалы, Чоконбаев Орозмамат, Арстанбеков Эрмек, Эсеналиев Сабыржан окуду. Мен Тотуке эжемдин үйүндө жүрүп окуйм. Биздин айылдан келген балдар интернатта жатып окушат. Биздин класста райондун башка мектептеринен 7-классты бүтүп келгендер: Борбиев Маамыт, Сасиев Акматбек, Байзаков Маме, Султаналиев Какен, Кемелканов Бегат, Дүйшеев Артык, Атыкулов Кары, Чукулдаев Жакаш, Матиев Рашит, Жолдошбаева Шаарбүбү, Орозалиева Баалкан ж. б. окуду.

Окуу башталгандан тартып, күнүгө сабакка үйдөн катуу даярданып, жакшы өздөштүрө баштадым. Класском жана комсомол уюмунун катчысы, пионер уюмунда дружина Советинин төрагасы болуучумун. Пионер вожатыйынан кийинки, мындайча айтканда анын орунбасары катарындагы коомдук иш аткарам. Эки чейректе эки гана сабактан орус тили жана жазуусунан төрт деген баа чыгат. 10-класстан Осмоналиев Турсунбай, мектептин комсомол уюмунун катчысы, Турдуев Советбек – окуучулар комитетинин төрагасы. 9-класста Абдыжапаров Маатмуса, Арзиев Канчоро, Алымкулов Осмон, Субакожоев Канболот, Итигулов Кайбалы, Исмаилов Касым жакшы окушуп, мектептин ар түрдүү коомдук иштерине активдүү катышкан окуучулардан болушкан. Казарман орто мектебинин окуучуларынын күчү менен драмаларды даярдап, концерттик программа менен райондун «Кызыл Жылдыз», Киров, «Четбулак» колхоздорунун элине коюп берип турчубуз. Ушундай жөрөлгөбүздөн Казарман орто мектеби райондо даңазаланып, жогорку партиялык, советтик уюмдарынын чогулуш, жыйындарында макталып туруучу.

## ОСМОНАЛИЕВ ТУРСУНБАЙ, ТУРДУЕВ КЕҢЕШБЕКТИН ОКУУДАН ЧЫГЫШЫ

Декабрь айынын орто чени. Ал кезде кышындасы кардын калыңдыгы бир метрден кем болбой, абдан суук болоор эле. Кечиндеси сууктун катуулугунан эшик ачып киргенде үй ичи туманга толо түшчү. Көчөдө басып бараткан да таман алдыңан кычырап үн чыгып туруучу. Мектепке барганда сыячелекти тонубуздун жең ичинде жылытып, чала тоң сыя менен жазып атканда, дептерге жазган сыя тоңо түшчү. Класстагы мешке от жагылчу эмес. Баш киймибизди албай, жылуу кийимчен отуруп окучубуз.

Кышкы каникулга аз убакыт калган. Бир күнү Турсунбай, Кеңешбек экөө – алар 10-класстын алдыңкы окуучулары, мектептин мыкты активисттери болушчу. Мени чакырып, кечинде биздин үйгө келгин, сүйлөшөбүз деп кетишти. Кечинде Турсунбайдыкына бардым. Кеңешбек, Канболот, Канчоро, Маатмуса, Кайбалы болуп сүйлөшүп отурдук.

Турсунбайдын атасы Осмонаалы ашкананын жетекчиси болсо керек. Жашиктеги тамак-аш, арак-шарап жыйылып турат. Керектегендерге кечиндеси, түнү бою деле сатыла берүүчү окшойт. Чогулгандар кышкы каникулду жакшылап өткөрүүнү акылдашып жаттык.

Бир аздан бозо ичпесек, анда ичкилик ичүү деген биздин оюбузда болгон эмес. Бозону деле анча ичпейбиз. Кечки саат 7–8 чамасында ал үйгө мугалимдер Айманбетов Шаршен, Осмонов Марат, Мааданбеков келип калышат. Биздин үстүбүзгө кирбей оозгу бөлмөдө Турсунбайдын атасы менен сүйлөшүп атышат. Алар карызга ичкилик алганы келишкен окшойт. Атасы бизге кирип:

– Балдар, мугалимдер келиптир. Силерге киришсинби, чогуу олтуруп, конок болушсун, каршы болбойсуңарбы? –деп сурап калды.

– «Жок, болбойт. Мугалимдер менен чогуу отурууга болбойт, уят. Биздин үстүбүзгө киргизбеңиз, бизди көрүшпөсүн, жумушун бүткөрүп узатып коюңуз» – деди Турсунбай атасына. Кыскасы, кышкы каникулда Карачийде биздин үйдө эки күн Казармандагы Канболоттун, Кайбалынын үйлөрүндө үч күн болуп, андан соң Четбулакка Атайга чейин барууну макулдаштык. Айрым айылыбыздан тыңыраак окуган балдардан кошуп алмай болдук. Бардыгыбыз лыжа менен жүрөрүбүздү, барган жерде ордо ойноп, тартип сактап, райондун башка мектептериндеги окуучуларга карата үлгү болгондой лыжачан жүрүш жасап, каникулду көңүлдүү өткөрүүнү кеңешип тарадык.

Кышкы каникулга таралгандан эки күндөн кийин баягы макулдашкан балдар лыжачан Карачийдеги биздин үйгө бардык. Үйдөгүлөр биздин келээрибизди билишчү. Абдан күтүнүп тосуп алышты.

Эртеси кампанын алдына ордо ойноп, кечке жуук Казарманга кайра келдик. Ал жерде Канболот, Кеңешбектикинде болгон соң, узак жолго тамак-аш алып, Четбулакка жөнөдүк. Кыштакка бара турган жол өйдөлүш тартып узак болгондон эрте чыгып, кыйналып күн батаарда бардык. Четбулакта үч күндөн ашык Канчоро менен Маматмусанын үйлөрүндө баягыдай эле ордо ойноп, лыжа тээп жүрүп кайра жол тарттык. Жол Казар-

ман жакка эңкейиш тартып ылдый болгондуктан зуулдаган бойдон Казарманга жетип келдик. Атай айылына өтө алыс. Айылга барбай каникулдун калган күндөрүндө өз үйлөрүбүздө болгудай тарап кеттик.

Каникул бүтүп, январь айынын аяк ченинде окууга келдик. Бир демалыш окугандан кийин мектептеги мугалимдердин арасынан январь айындагы райондук эл агартуу кызматкерлеринин конференциясында «Кызыл Жылдыз» 7 жылдык мектебинин директору, «Казарман» орто мектебинин окуучулары жоро ичип, биздин айылга чейин барды. Барган жеринде ордо ойношуп, мугалимдерди көзгө албай тартип бузуп жүрүшөт» – деп конференцияда сүйлөптүр. Андан кийинки сүйлөгөн «Четбулак» мектебинин директору да анын айткандарын кубаттайт. Мунун айтылыш себеби төмөндөгүдөй болсо керек. Барган жерде ордо ойногондо биз өзүбүзчө эки өнөк болуп ойноочубуз. Жергиликтүү кишилерди катыштырчу эмеспиз. Ошолордун арасында мугалимдер болсо керек, аларды биз билбейбиз, таанубайбыз. 2–3 сааттай ойногондон кийин кетип калчубуз.

Биздин андай ойногонубуз аларга жакпай калган окшойт. Казарман мектебинин күзүндөгү айыл-кыштактарга барып оюн коюп, концерт берип жүргөн жакшы саамалыктарына ич күйдүлүк кылышып, конференцияда «Казарман» орто мектебинин мугалимдер жамаатын катуу сындашыптыр.

Каникулдан кийин «Казарман» мектебинде бул сындан жыйынтык чыгаруу үчүн жорону уюштургандар, анда кимдер болгонун териштирүү башталат. Катышкан окуучуларды катуу тартипке чакыруу керек. Мындай жаман кабарды уккандан кийин мен бир дем алыш бою коркуп окууга келбей Карачийде үйдө жүрүп калам. Канчоро, Маатмуса да угуп алышып, алар да бир жума үйлөрүндө жүрүп алышат.

Мугалимдер биз жүрүп окуган үйлөрдөн күнүгө чакыртып, издетип биз келгенге чейин күтүшөт. Экинчи демалышта өтүп кетти го дегендей кыязда окууга барсам, ошол эле күнү каникулда бирге болгон балдарды дароо чогултуп, кечиндеси мектептин педагогикалык советинде караштыкультпоходду» (жоро деп аташат) уюштурган катары Турсунбайды, Кеңешбекти окуудан чыгарышып, алар үйлөрүндө окубай жүрүп калышты. Калганыбызды комсомолдук уюм аркылуу катуу сөгүш берип калтырышты. Ошентип райондогу биздин биринчи маданий эс алуубуз айрым көралбастыктын кесепетинен коомго терс көрүнүш катары бааланды.

Осмоналиев Т., Турдуев К. арызданып жүрүшүп, Тяньшань облустук эл агартуу бөлүмү тарабынан кылдат текшерилгенден

кийин кайрадан окууларын улантышканы бизге майрам экенин айтпай эле коёюн.

Турсунбай Казарман орто мектебин ийгиликтүү аяктап, Москвадагы Токой техникалык (Лесотехнический) институтун бүтүп келип, Нарын, Кемин токой чарбаларында иштеп жүрдү. Кеңешбек жогорку педагогикалык билимге ээ болуп, Атай мектебинде узак жылдар үзүрлүү иштеп, эл агартуунун отличниги наамын алып, азыр эс алууда.

Базаркоргондон 10-классты бүтүрдүм. Базаркоргондо сот болуп иштеп турган Токтаалы аке Тогузторого эс алууга келип, ала кетип Базаркоргондогу №1-орто мектепке 1953-жылы 9-класстан окумак болсом, Токтаалы акем мектептин директору менен сүйлөшүп 10-класска киргизип койду. Сабактын алгачкы күнү физика-математика мугалими Бейшегүл Алыбаева эже мени доскага чыгарып калды. Ал 9-класстын физикасынын закондорунан сурады. Мен берилген суроолордун бирине да жооп бере албай калдым. 8-класстын материалдарынан сурап көрдү. Мен кыйналбай эле жооп берип, математикадан теңдемелерди чыгардым.

– Сен балам, 8-классты жакшы окуп, бирок 9-класстын эшигин аттабаганың көрүнүп турат. 9-класска барып окугун, – деп мени класстан чыгарып жиберди.

Мен өзүмчө ызаландым. Ошол замат эле үйгө бардым. Токтаалы аке иштен келгенде класстагы болгон окуяны айтып бердим. Эртеси Токтаалы аке мектептин директоруна кайра ээрчитип барып, 10-класста окутуу жөнүндө кайрадан сүйлөштү. Директор окуу бөлүмүнүн башчысын чакырып, 10-класска отургуза бер, калганын көрөбүз, – деп мени ага тапшырды. Кыйналып жүрүп, окуп бүттүм.

## ШЕРГАЗЫ УУЛУ ТОКТААЛЫ АКЕ

Токтаалы аке менен бир уруудан, тууганбыз. Атасы Шергазы Атантай уруусунан Кебектин кызы Салипага кичине кезинде кудалашып коюшат. Кыз чоңоюп бойго жетет. Ал эми Токтаалы акенин бою пас келип, үйлөнүүгө жашы да жетпейт. Эртерээк үйлөнтүш үчүн атасы Токтаалы акенин жашын эки жашка өйдөлөтүп коюшат. Ошентип, Сельсоветтеги жашы чоңойткон боюнча чакырылып, армияга жөнөтүп, Токтаалы аке жаш барып, башынан өткөргөн кыйынчылыктарын айтып кеп кылса, уккан адам заарканат. Андагы көргөндөрү кордук эмей эмне. Марш бросок алыс аралыкка бастырып, чуркатып машыктырып

атып азабын берчү тура. Баса албай калып кыйналганда, тыңыраак солдатка көтөртүп койгон учурларын айтып кеп кылып айтып калаар эле. Андайда ар түрдүү улуттардын ичинен орустардын боорукерлигин, жоокерчилик биримдигин, согуштук тартипти катуу сактаганын көп эскерип айтуучу.

Кыйналып жүрүп полктун командирлерди даярдоочу мектебинде окуп, согуш бүткөндө лейтенант даражасында кайтып келет. Алгач Тогузтородо ДОСААФтын башчылыгында 3–4 жылдай иштеп, кийин Фрунзедеги Юридикалык мектепте окуйт. Аны 1950-жылы бүтүп, 1951 –54-жылдары Жалалабат облусунун Базаркоргон районунда эл соту болуп иштеди.

1955–1960-жылдары Прокуратурада тергөөчү болуп кызмат өтөйт. Кийин Тогузторо районуна келип, турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинатынын директору, коммуналдык чарба мекемесинин башчылыгында иштеп жүрүп пенсияга чыгып, 1984-жылы каза болгон.

Ошентип, атасы кудалаган кызга жашын өйдөлөтүп үйлөнтмөк болсо буйругу жок экен, армияга эрте кетип, согуштун азап-тозогун тартып келгенден кийин Нарын шаарында жашаган Балтабай кызы Зуурага үйлөнөт. Ал жеңенин юридикалык билими болуп, райондо адвокаттык кызматта иштеди. Жеңебиздин юридикалык билими болгонуна байланыштуубу, айтор, Токтаалы аке Фрунзедеги юридикалык мектепте окуп калышынын себеби да ушундан улам болсо керек. Зуура жеңе Токтаалы аке менен бирге жашап, көп балалуу-чакалуу ынтымакта бири-бирине өлөк-жөлөк болуп балдарын окутуп, үйлөнтүп-жайлантып тарбиялап өстүрүштү. Токтаалы аке мени өз баласындай жакшы көрөөр эле.

Менин сабакты жакшы окуганымды жана зиректүүлүгүмдү байкаса керек деп ойлойм. Келечегимден да үмүткөр экенин сезчүмүн. Ошондон улам мени Базаркоргондон окутуп, орусча бир аз үйрөнгөнгө өбөлгө түздү. Ошол учурда мен окуган мектеп Республикада алдыңкы мектептердин бири болуп, директору Алтынбаев Рафеил Иванович Ленин ордени менен сыйланган Республиканын билим берүү тармагындагы белгилүү инсан экен.

* * *

Мен балдардан калбоого тырышып окудум. Математикадан абдан кыйналып жүрдүм. Математиканы окуткан Бейшегүл эже сабактан кийин да кошумча окутуп мен үчүн көпкө убараланды. Тил, адабият, химия, тарых сабактарын жакшы өздөштүрүп кеттим. Орус тил жана орус адабияты сабагынан дагы эле начармын, анткени Казарманда бир жыл гана орус тил сабагын окугам. Ага тийди-качты окугандан улам мындан да кыйналдым.

Болгон окуя эсиме түштү. Орус тил–адабиятынан сабак берген мугалим Анна Платовна Ош techинститутун жаңы бүтүп келген жаш, чырайлуу кыз болуучу. Сабак башталган биринчи күндөрү М. Горькийдин «Песня о буревестнике» деген чыгармасынын бир бөлүгүн жаттап келип айтып берүүгө үйгө тапшырма берди.

Үйдөн ал тапшырманы жаттап, кайра-кайра бышыктап келерки сабакка бардым. Сабакта мени доскага чыгарып, берилген тапшырманы сурап калды.

Мен такалбай эле шырылдатып жатка айтып салдым. Мугалим орусча: «Ну-ка, теперь расскажите мне содержание – понимаешь эту сказку?» – деп сурап калды. Мен дароо: «Понимаешь», – деп жооп бере салдым. Класстагы отурган балдар дуу күлүп ийишти. Мугалим кошо күлдү. Мен аябай ызаланып, кызарып бүткөн боюм ымыр-чымыр боло түштү. Балдардын арасынан бирөө тура калып: «Бул бала быйыл эле биз менен окуп жатат» – деп түшүндүрдү. Ушундан кийин мектептен үйгө баратып, мектепке келе жатып деле, жөн-жай жүрсөм деле өзүмчө кобурап сүйлөгөн болуп, орусча-кыргызча сөздүктөгү сөздөрдү жаттап, кураштырып сүйлөп аракеттене берчүмүн. Ошентип жүрүп бир топ убакыттан кийин мугалимдин айткандарын бир аздап түшүнүп, балдар менен өз ара сүйлөшкөнгө үйрөнө баштадым. Кыйналып жүрүп окуу жылынын аягына чейин анчамынча болсо да орусча сүйлөгөнгө жарап калдым.

Ошондо Тогузторонун борбордон эң алыстыгы, орус тилчи мугалимдердин жетиштүү санда биз тарапка барбагандыгынан окуучулар орус тили сабагын начар окуганынын бир себебин билдим.

Ошентип Базаркоргон орто мектебинен кыргыз, өзбек, орус класстары болуп жүзгө жакын окуучу 10-классты бүтүрдүк. Аттестат бererde бүтүрүүчүлөрдүн кечеси болду. Ага бизден мурунку бүткөндөр, Оштогу, Фрунзедеги ар кандай жогорку окуу жайларда окугандар, эл чарбасынын ар түрдүү тармактарында иштеп эмгектин алдыңкы адамдары келишти. Мугалимдер бизге жакшы каалоо-тилектерин, айрыкча ата-журтубуз үчүн талбай эмгектенүүбүздү, жогорку билимге ээ болушубузду эң башкы милдет катары айтышты. Бизде Тогузтородо мындай жолугушуу деген түшкө кирбеген нерселерден эле.

Аттестат алгандын эртеси эле Тогузторого кетүүгө туура келди. Бир ай мурда мени Тарамбазардан күтүп алуу күнүн белгилеп атама кат жазганмын. Бир күн Жалалабатта болуп, Зооветтехникумунда окуган Четбулактык Нусупов Акматбек экөөбүз жүк ташыган машинага түшүп, Тарамбазарга келдик. Биз

болжогондой атам ал жерге келбептир. Жөө Көгарт тарапты көздөй жөнөдүк. Көтөргөн жүгүбүз бар. Кийим-кечем, комуз, кирүү экзаменге даярдануучу китептерим жүк бир топ оор, тигиники азыраак. Ал менин жүгүмдөн ооштуруп көтөрүшүп алды. Экөөбүз Калдаманын белин көздөй жөө жүрүп отурдук. 10–13 чакырымдай жол басып чарчадык. Көккыяга жакындап суу боюнда тыныгып отурсак эки өгүзгө карагай жүктөп келе жаткан кишилерди учураттык. Алардан биз тарапка келе жаткан атчан киши көрдүңөрбү? – деп сурап калдык.

– Ооба, учурадык, жогорку колоттон өткөндөн кийин сол жактагы колотту өрдөп үч-төрт чакырымдай барсаңар жолугуп таап аласыңар. Ал киши балдарым бүгүн Жалалабаттан Тарамбазарга келишмек. Жолдо учурап калса, Көкжарда Тогузторолук Абакир деген киши бар. Кызылжылдыздык таякелери болот, ошонун үйүндө күтөмүн, – деп суранганын айтышты. Биз муну уккандан кийин аябай сүйүндүк. Мен барайын, ал жерди жакшы билемин, мурда көп каттагам. Сен бул жерде эс алып күтүп тур. Мен барып, атаңа учурап, аттарын алып келейин, – деп Акматбек кетти. Мен ал жерде калдым. Эки саатка жетпей Акматбек бир атка минип, экинчисин коштоп келип калды. Экөөбүз көтөргөн жүгүбүздү атка артып атам токтогон Абакир таякенин үйүнө бардык.

Ал жерде атам менен учурашып, таякенин үйүнө кондук. Өткөн-кеткенди айтып эртеси ал жерден атчан жөнөп, Акматбектин Четбулактагы үйүнө жете келдик. Эртеси атам экөөбүз бөксөлөп Каргалык жайлоосундагы үйгө жөнөдүк.

Энем, апам бизди күтүп отурушкан экен. Кечиндеси улак союп кудайы өткөрүп айылдан бата алышты.

## ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙГА КИРҮҮ – ОКУУ

Бул июль айынын орто чени болучу. Эс алып бир жума өткөндөн кийин окууга барыш үчүн даярдык көрүү керек эле. Ошондуктан атам экөөбүз районго барып, тааныштарынан каражат камдап, тоого кайра чыгып келдик. Тоодо 2–3 күн болгондон кийин атам мени Алабуканын көпүрөсүнө жеткирди. Көп жыл салынган көпүрө мурунку жылы эскилигинен чирип көчүп калыптыр. Көпүрөнүн ордуна суунун үстүнөн эки карагайды улаштырып сундуруп тартып коюптур. Анын үстү менен жөө киши кудайлап жатып араң өтөт экен. Биз ал жерге келип Нарын тараптан келүүчү машинанын жогунан эки күн түнөп калдык. Үчүнчү күнү райондук керек-жарак коомуна азык

жүктөп бир машина келип, көпүрөнүн жанына жүгүн түшүрүп, кайра Нарынга кетмей болду. Ал жерде биздин райондун Райфин бөлүм башчысынын аялы балдары менен 10 күндөн бери машина күтүп жатышкан экен. Мен алар менен кошо Нарынга чейин барып, андан ары ал келиндин Фрунзедеги атасыныкына чогуу бардым. Эртеси үйдүн ээси, мага айыл чарба институтун көрсөтүп койду. Бат эле жатакана алып, кирүү экзамен берүүгө даярданып жашап калдым.

Кирүү экзаменде химиядан 4, физикадан 3, орус тилдин оозеки жазуусунан экөөнөн тең 3 алдым. Конкурс бир орунга 14–16 окуучудан деп жатышты. Чындыгында ал кезде көпчүлүк окуучулар айыл чарба адистигинде окууну каалагандары байкалып эле турчу. Анткени ошол кез ошону талап кылчу. Алган бааларым боюнча конкурстан өтчүдөй эмесмин. Эмне кылаарымды билбей жүрдүм. Бир күнү университетке бардым, андагы балдардын абалын билмекчи болуп. Мектепти бирге бүткөн балдар экзамен берип жатышкан. Ал жерден борбордук жогорку окуу жайларына Фрунзедеги айыл чарба институтунда жана университетте кирүү экзаменин кулабай тапшырган балдардан Ленинграддагы экономикалык институтка окууга жиберет экен деген кабарды уктук. Бир топ балдар Агартуу Министрлигинин жогорку окуу жайлар бөлүмүнө бардык.

Бөлүмдөгү жашы 40 чамасындагы киши Айыл чарба институтуна университетке кирүү экзамендерин кулабай тапшырып, конкурстан өтпөй калган абитуриенттер документтерин алып, бизге тапшырсаңар болот деген жоопту айтты.

Бир сөз менен айтканда, Үсөн (көлдүк бала) экөөбүздү кабыл алып, Ленинграддагы экономикалык институтка жибермей болду. Эки күндөн кийин келгиле, кайсы күнү жөнөрүңөрдү тактап айтабыз деп кулактандырды. Үсөн экөөбүз кубангандан ал күнү киного барып, өзүбүзчө ырахаттанып эс алып уктадык. Эртеси министрликтин жанындагы бактын ичинде аркыберкини сүйлөшүп отурдук. Ленинградда окуп калдык дейли, орус тилди экөөбүз тең начар билет экенбиз, окуй албай калсак, кантип кайра келебиз, – дейт Үсөн. Анын айтканы мени дароо терең ойго салды. Чын эле окуй албай калсак, кайра кантип келебиз. Менин айылым аябай алыс. Ата-энемдин акыбалы деле анча эмес. Ушул дүпөйүл ойдон кийин Ленинграддан окубай эле башка окууга тапшырууну макулдашуу үчүн министрликке бардым. Анын эшигинде кулактандыруу илинип турат. Анда университеттин алдында бир жылдык физика-математикалык жана политехникалык факультетке кирүү үчүн республикада биринчи жолу атайын даярдоо курсу ачылганы, каа-

лагандар кирүү экзаменинен тапшыраары, (математикадан гана) алыскы райондордон келгендерге жатакана, стипендия болоору айтылыптыр. Кыскасы ары кетип, бери кетип жүрүп ошол даярдоо курсунда окуп калдым.

Баягы менин мектепте 9-классты аттап кеткендеги программаларды бүтүндөй кайталап бышыктап окуп чыктык. Кышындасы сыноо катарында экзамен бердик. Андан кийин жазгы кирүү экзаменин ийгиликтүү тапшырып, стипендия, жатакана менен камсыздалып, университеттин политехникалык факультетине өтүп окуп калдым.

Бир жылдан кийин 1955-жылы факультеттин базасында Фрунзе Политехникалык институту ачылып, өз алдынча республикадагы биринчи техникалык жогорку окуу жайы эле. Биринчи окуу корпусу Фрунзе көчөсүндөгү стадиондун жанындагы азыркы Соода техникумунун жана Спорт Комитеттин имараттары болуучу. Университеттин физика-математика факультетинин деканы Сухомлинов Георгий Акимович институттун алгачкы ректору болуп дайындалды.

Пантелеев Евгений Пантелеевич декан, Фриев Хадхимурат Жамбулатович пайдалуу кендердин геологиясы кафедрасынын башчысы. 1960-жылы «Хайдаркен сымап кениндеги участокту терең изилдеп чалгындоо» деген темада дипломдук иш жактап, инженер-геолог адистигин алып институтту бүттүм.

## ТААНЫШУУ – ҮЙЛӨНҮҮ

*"Үй тиричилигинен бакыт таба албаган аял ал бактылуу эмес. Үй тиричилигинен бакыт таба албаса бакытты эч жактан издебесин".*
***Л. Толстой***

Үйлөнүү жөнүндө институтта окуп жүргөн мезгилде ойго келүүчү да эмес. Жайкы каникулга тарап, үйгө келген учурда атам раматылык үйлөнүшүмдү айтар эле. Себеби мектепте окуп жүргөн кезимде сыртымдан эле атам өзү менен карым-катнаш байланышы бар, бири-бирин сыйлашкан жакшы көргөн адамдын кызына сөйкө салып, калың берип турмуш куруубузду өтүнүптүр. Менин тезирээк үйлөнүшүм жөнүндө атамдын айтткан себеби ошондон улам экен. Мен буга таптакыр каршы болуп, окуумду бүтмөйүнчө үйлөнбөймүн деп болбой койдум. Ал учурдагы үй-бүлөдөгү шарттын туура келбегендигин сезчүмүн. Шаарда батирде жашап, окуунун кыйынчылыгын жакшы

түшүнчүмүн. Ошентип атамдын оюу менен көнбөй койдум. Ага атам анчалык деле капа болгон жок. Себеби менин оюмдагыны сезген болсо керек.

1960-жылы февраль айы. Тогузторо районунан Фрунзе шаарында жогорку окуу жайларда окуп жаткан жаштары чогулуп жалпы сүрөткө түштүк. Чогулган жаштардын арасында Кыргыз мамлекеттик медицина институтунда 1-курста окуп жаткан Мойдунова Кайрынсага көзүм түштү. Ал учурда биздин айылдык кыздардан Фрунзедеги кыз-келиндер педагогика институтунда Абдыкеримова Турдубүш, Жолдошбаева Күлсүн, Абдраимова Бешкемпир ж. б. окуп жүрүшчү.

Сүрөткө түшүүгө чогулган жаштардын арасынан Кайрынсанын жүргөн-турганы эмнегедир башка кыздарга караганда мага жагып, көңүлүмө туура келип, келечекте турмуш курганга сезим пайда болуп калат. Бул жерде айта кетчү нерсе, ал биринчи курста окуйт, айылдан жаңы эле келген. Институтта окуунун ыкмаларын, шаарда жашоонун ар түрдүү түйшүктөрүн биле элек жаш кыз. Аны менен ошол замат таанышып, келечек жөнүндө сүйлөшүү ыңгайсыз болду. А мен институттун акыркы курсунда окуган, диплом жактоо күндүн келишин күтүп жүргөн учурум. Мени менен Кайырдын ортосундагы турмуштук көз караште бир топ айырма бар болучу. Ошого карабастан оюмду, сезимимди көпкө узартпай Кайыр менен жолугушуп, тааныштым. Таанышуу мындайча болгон эле.

1960-жыл апрель айынын орто чени. Медициналык институттун Логвиненко көчөсүндөгү студенттердин жатаканасына барып, Кайырды жатаканада бирге жашаган кыздардын бирөөсүнөн киного барабыз деген шылтоо менен чакырттым. Буга чейин бир-эки жолу бирге окуган кыздары менен жердеши, улуу агайы катары киного барган элек. Бул жолкусунда келечек, турмуш куруу жөнүндө сөз кылмакчы ойдо жалгыз өзүн чакырууга туура келди.

Жолугушуп ал-жайды сурашкандан кийин киного кирбей эле коёлу. Сүйлөшөлү, сөздү тээ алыстан баштадым.

Сага бирөөнүн көңүлү түшүп калыптыр, сыртыңан жактырып сүйлөшө албай жүрөт экен. Ал сага турмуш куруу сунушун айтып, менин тынчымды алып жүрөт. Ошон үчүн силерге атайын келдим.

Кыз бир топко чейин сабырдуу ойлонуп, жаңы келип биринчи курста окуп жатканын, турмушка чыгуу жөнүндө ой жок экенин айтты. Ал киши ким, мен таанбасам, билбесем... Менин догдур болсом деген бала кезимден эңсеген ой-тилегим, сиз айтканга макул боло албаймын. Айтканыңар абдан туура, ал

адам силерди окутуп, институтту бүтүрүүгө бардык шартты түзөт. Ал жөнүндө кабатыр болбосун дейт. Кайыр бир топко чейин үн катпай жүрүп отурду. Сөзүмдү улантып, ал киши жакында окуусун бүтүп, шаарда иштей тургандыгын айтты, – деп унчукпай калдым.

– Сиз эмнеге табышмактуу киши жөнүндө айтып жатасыз. Сыртынан тон бычып. Мен ал кишиңизди таанныбасам, билбесем, кайдан экенин, эмне экенин. Эмнеге эле мынчалык ага жан тартып кыйналып атасыз. Деги кандай неме? Айтыңызчы, көп эле талаанын кеби кыла бербей – бир топко жоошугандай боло түшүп, ал адам жөнүндө тереңирээк билгиси келди окшойт.

– Ал кишини билгиңиз келсе деп сүрөттөй баштадым. Бою мендей. Сүйлөгөн, турган турушу, кебетеси мага аябай окшош жана жакын. Мени азыр силер менен кандай көрүп сүйлөшүп жатканымды, сырткы көрүнүшүмдү, ички дүйнөмдү ошол экен дегендей сезип ойлоно бериңиз, – деп сүрөттөп айттым. Менин бул табышмактап айтканыма бир кыйла ойлонуп, унчукпай жанаша басып келатты.

Анан ал кайрадан: «Айтыңызчы, ал ким? Аты-жөнүн, дайынын», – деп көңүлдөнгөндөй суроолуу мени карап токтоп калды. Мен ошол учурда анын жоошуп, кызыгуусу пайда болгонун сезе коюп, тиги турмуш курууга суранып жаткан адамдын ролун аткарып аткан өзүмдү ушул жерден ачыкка чыгарып ал киши өзүм экенин айтып салдым.

Биз жатакананын Москва көчөсү жагындагы чоң бактын түбүндө турган элек. Экөөбүз тең бир аз тунжурап унчукпай калдык да кайра жакын сырдаш, көптөн бери бири-бирин терең билишкен, жакын жүргөндөй кучактап катуу-катуу кысып койдум. Ал дагы мен жакка ыктап унчукпай тура берди. Бир топтон кийин буга чейинки «жуучунун» ролун аткарып жаткан табышмактуу сүйлөшүүлөрдү кайрадан баштап, Кайырды окуусун бүткөрүп, келечектеги кыйынчылыктардан кандайча чыгуу жолдорун сүйлөшүп кеңешкен болдук. Калгандарын кийинки жолугушууларда тактап алабыз. Бүгүнкү биздин түшүнүшүп, келечекке макулдашууга келгенибиз жетишет. Мен мындан ары бат-бат келип, жолугуп турарымды айтып, жатаканасына киргизип коюп кудуңдаган бойдон өз жатаканама кеттим.

Кийинки жолукканда ал биринчи курстун экзамендерин тапшырып бүтөрү менен айыл чарба жумушуна бararын айтты. Мен дипломдук ишимди жактап, диплом аларыбыз менен офицердик стажировкага Түркмөнстандагы Кушка шаарына жакын жердеги аскер бөлүгүндө бир ай болорумду, андан келип

айылга барарымды айттым. Андан соң үйлөнүшүбүздүн убактысын, күнүн талкууладык.

Мен ал жумуштан, стажировкадан июль айынын башында Фрунзеге келгенден кийин жолугушуп, турмуш куруп алып, Казарманга барууну ойлогом. Бирок андай болбой Кайыр айыл чарба жумушунан эртерээк келип, мени бир аз күтүп, айылга менден мурда кетиптир. Мен кечирээк келип, Фрунзеде төрт-беш күн болгондон кийин июль айынын аяк ченинде келдим.

Ошентип, Тогузторо өрөөнүнөн биринчи инженер-геолог адистигин алып келишиме атам, апам аябай кубанышып, мага арнаган малын союп, ага-тууган, кошуна-колоңду чакырып, чай берип бата алышты.

– Балам окууңду бүттүң. Ушуга чейин тилимди албай окуумду бүтмөйүнчө үйлөнбөймүн деп жүрдүң. Эми тезирээк үйлөнүшүң керек. Айылда сага ыйлайыктуу кыздар деле калган жок окшойт. Эми өзүңдүн каалооңо койдум. Көңүлүңө жакканына үйлөнө бер. Менин ылайыктап тапкандарыма окууңа шылтоолоп үйлөнгөн жоксуң. Илгеркиче кудалап, калың төлөп, малымды берип жүрүп, сени көндүрө албадым. Эми өзүңө койдум, үйлөнгүн балам, – деди атам кайталап.

Мен көп өткөзбөй убадалашып, сүйлөшүп жүргөн Мойдундун кызы Кайрынсага 1960-жылы 8-август Карачий кыштагында үйлөндүм. Кайрынса менен ынтымакта бири-бирибизге арка-жөлөк, сыйлашкан үй-бүлөдө жашап эки уул, эки кыздуу болуп, аларды тарбиялап өстүрдүк. Бардыгын жогорку билимге окуттук. Аларды чоңойтуп, үйлөнтүп-жайланттык. Азыр өз алдынча үй-бүлөнүн ата-энелери катары жашап жатышат.

Мойдунова Кайрынса 1942-жылы 13-ноябрда Казарман кыштагында жарык дүйнөгө келген. Казарман орто мектебин бүтүп, 1959-жылы Кыргыз мамлекеттик медициналык институтуна кирип, аны 1966-жылы врач-педиатр адистиги боюнча бүткөрөт. 1966–67-жылдары Фрунзе шаарындагы №3 Бириккен балдар ооруканасында участкалык врач-педиатр болуп иштөөдөн баштайт. 1967-жылы Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин атайын жолдомосу менен Тогузторо райондук ооруканасына педиатр кызматына жиберилет. Ал өзү туулуп-өскөн жеринде өмүрүнүн акыркы саатына чейин эмгектенип, элине билимин, тажрыйбасын, мүмкүнчүлүгүн толук жумшап, ак ниет кызматын өтөдү. Жалпы элибиздин белгилүү, эли ардактап урматтаган врачтык ардактуу кесипти татыктуу алып жүргөн ишмер адам болгонун райондун жалпы эли жакшы билет.

Кайрынса мединституттун педиатрия факультетинде окуп, балдардын доктору кесипти райондо биринчи болуп алган адис.

Фрунзе шаарындагы № 3 балдар ооруканасынын участогу эң начар аталган жеринде иштей баштайт. Поликлиниканын башкы врачы көп жылдык иш тажрыйбасы бар, каныккан, ишти жакшы билип уюштургуч В.Н.Заикина жетектеген. Анын берген кеңеши, көрсөтмөсү менен бир жылдан ашыгыраак убакыт иштейт. Кайры талыкпай, чарчаганды билбей өжөрлөнүп иштегенинен улам жылдын кесиптик майрам күнүндө Фрунзе шаардык саламаттык сактоо бөлүмүнүн грамотасын алат. Балдарды дарылоодо, участкадагы профилактикалык иштерди жүргүзүүдө квалификациясын көтөрүп, практикалык чоң тажрыйба алат.

1967-жылы райондо жогорку билимдүү медициналык адистердин жетишсиздигинен жаңыдан уюшулган Тогузторо районуна жардам берүү Кыргызстан КП БКнын тапшырмасынын негизинде Кыргыз ССР Саламаттык сактоо министрлигинин атайын жолдомосу менен райондук ооруканага райондук педиатр кызматына жиберилет.

Фрунзе шаарында алган иш тажрыйбасын райондогу балдарды участкалык профилактикалык стационардык дарылоо боюнча иштерди жаңыдан баштап, уюштуруу иштерин жүргүзөт. Ал өзүнүн кесиптик ишин абдан сүйгөн, күн-түн дебей балдардын ден соолугу үчүн жүрөгү менен берилип иштеген адам болучу. Анын үстүнө биз келгенде МСОдо да квартира жетишпей убактылуу Кайырдын агасынын үйүндө туруп калган элек. Биздин жашаган үй ооруканадан алыс эмес болучу. Ошондуктан катуу оорулуу балдар ооруканага келсе, күн дебей, түн дебей үйгө келип чакырып кетишер эле. Кыйыктанып же тажагандай мамиле жасабай бара берүүчү. Катуу ооруган балдарга жаңы чыккан күчтүү дарыларды өз колу менен ийне сайып жанында болуп, түнкүсүн үйгө келген учурда да телефон аркылуу оорунун абалын түнкү кезмет айымдан кайра-кайра сурап тынчсызданып, берилген дарынын тийгизген таасиринин натыйжалуу жардамын контролдоп туруучу. Дегинкиси Кайыр кесиптик кызматын аткарууда атайын чыккан педиатрия журналын такай окуп, жаңыдан чыккан дарыларды колдонуп, дилгирлиги, ишин сүйүп, чарчабай, чаалыкпай, ак ниет иштеп, өз кесибин абдан сүйгөн аялзат болучу. Аны менен бирге жашап, күндөлүк ишиндеги мамилесинен улам билчүмүн.

Кыштын кыраан суугунда, ал жылдары кыш узак болуп, температура 30–35 градуска чейин жетип, жашаган үйлөрдүн эшиктери жабылбай, терезенин тоңунан жарык түшпөй, кышындасы жашоо абдан кыйын болчу. Катуу ооруган балдардын ата-энелери кычыраган кыштын катуу суугунда чакырышаар эле. Мен тынчым кетип, кезметтеги врачтарга кайрылышпай-

бы, үйгө эле келе беришет деп нааразы болсом, кыйынчылык болгондо, баласынын катуу оорусунан улам коркуп түндүн кайсы убагына карабай келип жатат. Мен барышым керек, – деп мени тынчытып коюучу. Кайтып келгенде оорусу катуу, көзүн ачпайт, эгерде берген дарыны көтөрүп 5–6 саатка туруштук берсе адам болуп кетээрин айтып калчу. Көпчүлүк учурда айыгып кеткен балдарды айтып, жакшы болду, жаңы чыккан дарынын натыйжасы деп сүйүнүп калганын көп көрдүм.

Жайында малчыларды аралап, жайлоодогу чабандардын үйлөрүндө болуп калсак, Кайры, мына бул бала, же кызын көрсөтүп, бул сенин балаң… Өлүп эле калган, биз түңүлгөнбүз бала болуштан… «Бул сенин балаң… мына минтип азыр ойноп-күлүп, аман-эсен жүрөт» деп калыша турган. Кайры алар менен кошо жадырап, бул менин балам турбайбы, аман-эсен чоңойсун деп маңдайынан сүйүп койчу. Райондо 15 жыл иштеген мезгилде сакайып кеткен балдар көп эле болуш керек. Кайры ал балдардын көпчүлүгүн таанып билүүчү.

Азыр ошол балдар 30–35 жашта. Үйлөнүп, турмушка чыгып бала-бакыралуу азаматтардан болуп калышты.

Кайрынса 1971–1980-жылдар аралыгында Москвадагы Ленин ордендүү врачтардын кесибин өркүндөтүү институтунда 1971-жылы балдардын оорулары боюнча врачтардын квалификациясын жогорулатуучу Ленинград жана Медицина уюмдарынын саламаттык сактоо боюнча Москва циклинде атайын курстарда окуду. Дайыма педиатрия журналына жазылып, үзбөй окуй турган. Ошондуктан күндөлүк илимий көз караштан ишин уюштуруп иштөөчү. Райондун дарыкана башчысы келген тизмедеги айрым дарылар жаңы, тааныш эместигин айтып кайрылганда педиатрия журналынан жана жогорку курстардагы конспектилерине салыштырып, алар менен катуу ооруган балдарды дарылаган соң тез сакайып кеткен учурларын үйдө кеп кылып калчу. Ушундан улам Кайырдын ишин байкап, дайыма кубаттаган болуп койчумун.

Чыгармачыл, иш билги, жемиштүү иштөөнүн натыйжасында райондук педиатр, бөлүмдүн башчысы, райондук борборлоштурулган оорукананын башкы дарыгеринин дарылоо боюнча орун басарына чейин ишеним берип, анда узак мезгил кызмат кылган.

Артыкча касиети бар, тууганыбы, башкабы жакын-алыстыгына карабай жылуу мамиле жасаган, адилет сейрек кездешкен мыкты аялзаты эле.

Каргалык айылдык жана райондук советке депутат ишенимин аткарып жүрдү. 1983-жылы партиянын Нарын облустук

комитетинин конференциясына делегат болуп шайланган. Министрликтен, облустук саламаттык сактоо бөлүмдөрү тарабынан бир нече жолу Мактоо грамотасын алган.

Бул жерде жекече көз карашымды, анын доктурлук ишинен көрүп-билип жүргөндөрүмдү аялым катары эмес, элдин, тууган-туушкандардын арасындагы жылуу мамиледен улам жекече адамдык сапаты менен элге алынып, мактоого татыктуу инсандыгын эскердим.

Мындан сырткары Кайырдын балдарга энелик мээримин, камкордугун белгилей кетүү зарыл. Эне катары башкалардай эле балдардын нормалдуу тамактанышына, кийинишине жана окуп тарбия алуусуна аябай көңүл буруучу. Элдин балдарындай кийинтип, кай бир ата-энелерге окшоп артыкбаш өзгөчөлөнткөндү каалоочу эмес. Балдардын окуусуна дайыма көңүл буруп, мугалимдер менен байланышта, сабактарына катышып турар эле. Апасынын жасаган мамилесиненби балдарыбыз бардыгы өз күчтөрү менен жогорку окуу жайларына өтүп, бири врач, калгандары ар түрдүү кесиптеги инженердик адистик алышты.

Кайрынсанын дагы бир өзгөчөлүгү анын атама, апама жасаган мамилеси. Раматылык атам, апам өзүлөрүнчө жашашчу. Казарман кыштагындагы Кадыркулов көчөсүндө ата-энемден 3 км алысыраак турчубуз. Балдардын чоңураак экөө мектепте окуп, көпчүлүк убактыларында апам менен болушат. Күнүгө бир маал барып, күндөлүк жашоолорунан кабардар элем. Кайры ишине да жетишип, үйдө тамак-ашты аларсыз бизге берчү эмес. Атам-апамды алып келип же тамак-ашыбызды аларга алып барып чогуу тамактанчубуз.

Кайырдын үй чарбачылыгына айрымдар таңкалышы мүмкүн ишенбей. Биз шаардан көчүп келгенде Казарманда жашаган тааныштардын үйлөрүндө гүл өстүргөнүн көрчү эмесмин. Тамаркасында айдалган жер-жемиштер жокко эсе. Бизге кошуна жашаган Абдыкеримов Султан, Идирисов Казыбек, Аттокуров Араздын бакчасы, жер-жемиш, гүл өстүргөнүн көргөнүм бар. Ал эми Кайрынын эккен жашылча-жемиштери иреттүү, айрыкча помидор, сабиз, пияз, бадыраң, гүл өстүрүүнүн ыгын жакшы билип, семирткичти өз учурунда берип баккандан сапаттуу мөмө берүүчү. Үй куштарын да жакшы кармаганына таңкалгандарын көп байкадым. Үй алдындагы аянтчага ар түрдүү чөп өстүрүп, үй ичиндеги, айрыкча веранданын терезе текчеси гүлгө оролуп, көңүлүң сергип өзүңдү гүл бакчада жүргөндөй сезе тургансың.

Жалаң эле дарыгерликтен башка аялзатына таандык иштүүлүк өнөрүн дагы өздөштүрүп алыптыр. Апам экөөлөп

кийиз жасап жүрүп аны да үйрөндү. Кийин шырдак шыруу өнөрүн өздөштүрүүгө да жетишти. Балдарынын ар бирине бир-экиден шырдак арнап кетти. Убакытты пайдаланган ушунчалык жөндөмдүү эмгекчил адам экенин жогору баалайм. Мен деле эл арасында үлгүлүү аялзаттарын угуп, колдорунан чыккан асыл буюмдарын көрүп-билип жүргөндөрүм бар. Аялдарга тиешелүү өнөрдөн куру болбой, ишинде жүрүш-турушу үлгү, мүнөзү токтоо, сабырдуу, учуруна жараша жарашыктуу кийинген, эң бийик адамгерчилиги менен ага-тууган, кайын журтунан, үй-бүлөдө даражасы бийик инсан экендигин дагы бир жолу кайталап айткым келет. Чынында Кайрынса буга татыктуу эле.

Кайры жөнүндө атайын өзүнчө бөлүп жазганым, балдарым, небере, чөбөрөлөрүм, бутактарым апасынын кандай адам экенин, ишмердигин, аялзатына тиешелүү касиеттерин билип алышса дегеним. Колумдан келишинче өз баасында көрсөтөйүн деп аракет кылдым. Кайырдын ким экенин менден артык эч ким билбейт. Мындай адам жөнүндө айтпай-дебей койсом, Кайырдын арбагына адамгерчилик кылбай, аны баалабаган, сыйлабаган катары болмокмун. Демек, мен небактан бери өзүм менен кошо жүргөн ой толгоомду китеп бетине калтырууга карыздармын.

Кайырдын арбагы ыраазы болсун! Балдарым небере-чөбөрөлөрүм узак, бактылуу болууларын алла тааладан тилеймин! (1987-жылы 19-апрель күнү каза болгон).

## БИР ЖЕНДЕН КОЛ ЧЫГАРЫП ИШТЕДИК

Кайрынса Мойдуновна менен мен 1980-жылы Тогузторо районуна башкы дарыгер болуп которулуп келгенден иштеше баштадык. Ал киши өтүп кеткенге чейин бирге иштөөгө туура келди. Келечек орунбасарымды Тогузторо районуна которула электе облустук саламаттыкты сактоо бөлүмүнөн, Тогузторонун элдеринин жакшы пикир айтып жүрүшкөнүн укчумун. Мурун таныш эмес элек. Ал дарыгердин Тогузторо элинде кадыр-барктуу иштеп жүргөнүнүн себеби – менимче өзүнө да, өзгөлөргө да талапты коё билген, ишке тыкан, оорулуу балдарга, алардын ата-энелерине жасаган мамилеси, өзүнүн кесип деңгээлинин бийиктиги менен жетише алган дейт элем. Биринчи күндөн эле бири-бирибизди түшүнүп, тил табышып иштеп кеттик.

Райондо элди медициналык тейлөөнүн сапатын жогорулатууга, саламаттыкты сактоо боюнча көптөгөн программаларды ишке ашырууга Кайрынса Мойдуновнанын кошкон салымы абдан арбын экенин борбордук ооруканада иштеп турган учурунда билдим.

Кайрынса Мойдуновна – кесиби балдар дарыгери болгондонбу балдарды дарылоодо, алардын өсүп-өнүгүшүнө айрыкча көңүл бөлүп караар эле. Ошондон улам жамаатта өзүнүн туруктуулугу, чынчылдыгы, кемчиликтерге жол бербеген принципиалдуу мамилеси менен айырмаланып туруучу. Мындай адамдык, врачтык ишиндеги өзгөчөлүктөрү сейрек учураган мыкты аялзаты.

***ЖАКИШЕВ АМАНКАН –***
***Тогузторо райондук борбордук***
***оорукананын башкы дарыгери***

## ЭЖЕНИН ТАЖРЫЙБАСЫ МАГА ЧОҢ САБАК

1975-жылы окууну бүтүп, Фрунзе шаарында бир жыл иштегенден кийин, 1976-жылы Тогузторо райондук ооруканасына келип иштей баштадым. Мен келгенде эже балдар бөлүмүнүн башчысы экен. Келгенден баштап мен эженин өз ишине тыкан, ı ıке жоопкерчилик менен мамиле жасаган адис катары байкадым. Адеп келгенде менде иш тажрыйба аз эле. Эже менен иштешип көп нерсени үйрөндүм. Эженин бир касиети өз жамаатында тартип маселесин катуу кармай турган. Тартип бар жерде иш бар деген принцип менен иштечү. Райондук оорукананын эски имаратында иштөө өтө оор. Сууну санитаркалар көчөдөн ташып келгенин көргөндө, айрыкча кышкысын аргасыздан аяйсың. Чындыгында ата-энелер балдары ооруп калса, үйүндө кармай берип, жедеп ашынганда келишкенин көп эле көрдүк. Күндүртүндүр ооруган баланын жанынан чыкпай көзөмөлдөгөнүн көрүп таңкаласың. Баланын тамырын таппай кыйналып жатканда эже өзү кан-тамырынан, же колунан, же бутунан таап ийне саяр эле. 1979-жылы эженин демилгеси менен интенсивдүү терапия палатасы ачылды (өтө катуу ооруп келген балдарды дарылоочу палата). Медайымдар оорулуу балага процедураны туура эмес жасап жатканын билип калса, жамаатта талдап-уяткаргандан тартынбай турган. Анткени ал калганыбызга чоң сабак эле да. Такыр кек сактачу эмес. Чогулуп чай ичип калган учурда өтө шайыр олтуруп, баарына бирдей мамиле жасаганын улуулук ка-

сиети деп билчүбүз. 1979-жылы эже башкы дарыгердин орунбасары болуп иштеп калды. Мен башкы педиатр элем. Кандай катуу оору келсе да чогуу көрөөр элек.

Азыр фамилиясы эсимде жок, 1981-жылы күз айы болуш керек. Атай айлынан алты жашар бала бөйрөгү ооруп, кан сийип ооруканага алып келишти. Баланын абалы оор. Эже ошол замат Фрунзеге санавиацияга телефон чалып, тийиштүү адистерден кеңеш сурап, баланы дарылоого алдык. Үч күн дегенде баланын абалы оңоло баштады, бир айча дарыланып бала айыгып кетти. Кийин ошол баланын ата-энеси эжеге көрсөтүп, кеңеш алып, ошол бала да, ата-энеси да ыраазычылыгын билдирип жүрүштү. Бул бир эле мисал. Эсимде, 1980-жылы Фрунзе шаарына педиатрлардын биринчи съездине да бирге барып катышып келдик.

Кайрынса эже, хирург Т. Какеев, СЭСтин башкы врачы И. Боотаев, мен делегат элек. Казармандан Фрунзе шаарына бараткан жолдо абдан шайыр көңүлдүү барганыбызды кантип унутасың. И. Боотаев дагы ак көңүл, кичи пейил киши эле (кийин каза болуп калыптыр). 1982-жылы февраль айынан тартып райондо балдар арасында кызамык оорусу күндөн күнгө күч алып турду. Фрунзе шаарынан адис дарыгерлер жардамга келишти. Ошондо эженин күчү менен микроучасткалар уюштурулду. Чарчап-чаалыктым дебей ооруканадан кетчү эмес. Күнүгө отчет алып, эртеңки ишти пландап койчу. Медициналык кеңеште ар бир адистин алдына маселелерди туура коюп, ошол боюнча ишти талап кылаар эле. Эженин иш тажрыйбасынан чоң сабак алганмын.

***САРЫБАЕВ БЕКЕН***
*врач*

## АСЫЛ ЭЖЕБИЗ

Мен 1969-жылдан бери Тогузторо райондук ооруканада медайым болуп эмгектенип келе жатам. Ошол жылдан бери бир топ жогорку жана орто кызматкерлер менен иште аралашууга туура келди. Атап айтсам балдар врачы Мойдунова Кайрынса эже менен 1972-жылдан 1980-жылга чейин балдар бөлүмүндө иштештим. Эже бөлүм башчы, мен улук медайымдын милдетин аткарчумун. Кайрынса эже жумуш дегенде ичкен ашын жерге коёр эле. Аябай чынчыл, бардык нерсени бетке айтчу. Катуу оорулуу бала келсе, үйүнөн чакырганда, түн ичинде жөө-жалаң келе берет эле. Уколду карап туруп жасатып, дары-дармегин

бердирип анан кетчү үйүнө. Эртеси эрте келип көрүп, баланын абалы жеңилдеп калса сүйүнгөнүн айтпа. Эже тазалыкты ушунчалык талап кылып, гүлдү жакшы көрчү. Бизди күлдүрүп, тамашалай сүйлөп, насаатын айтып берчү. Жаш кезде төрөп алгыла да 40тан кийин төрөгөндү токтотуу керек. Кийин ошол баланын өзүнө да, силерге да жакшы. Аракет кылып окутуп жолго салып койгула деп эне-атанын чоң милдетин эсибизге сала турган. Көрсө, эже келечекти жакшы үмүт менен күткөн акылдуу, билгиликтүү, өз ишин жакшы билген аялзат тура. Ал адамды мен кийин-кийин жашым өйдөлөгөндө түшүнүп олтурам.

Эсимде, санитаркалар Майрамбү, Нуркан керек болуп калып, такыр таппайбыз. Көрсө, алар көмүр алып жүрүптүр. Кудай албагылар коңгуроолуу койдой болгон. Бирден барсаңар эсиңер чыгабы десе баарыбыз аябай күлдүк, койго коңгуроо такчу беле деп. Эже айыктырган балдардын бирлери бүгүн эр азамат. Кай бирлери жооптуу кызматтарда иштешет. Жолукканда өлүмдөн калган бала турбайсыңбы деп өзүмчө ойлоп коём ичимден. Эшигин көрүп түрүнө өт, энесин көрүп кызын алды көп эскерткенин унутуп болбойт.

Балдар чоңоёт, келин алып, кыз бересиңер дейт эле. Төрө десе төрөй берип, оорукчал кылбай таза кийинтип-жуунтуп, тамагын жакшылап берип чоңойтсоңор.

***АБДУМИТАЛИПОВА САУЛЕТ,***
***балдар бөлүмүнүн медайымы***

## КАЙРЫНСА ЭЖЕ АСЫЛ АДАМ ЭЛЕ

Бир топ убакыт чогуу иштеп жүрүп, күтүлбөгөн жерден арабыздан өтүп кеткен кесиптеш эжелеримди, агаларымды эстегенде өзүмчө бир топ бушайманга түшөм, капаланам, кайгырам. Алардын баскан-турганы, айткандары келбет-ажарлары көз алдыма күнү бүгүнкүдөй тартыла түшөт. Чогуу иштеп, насаат-кеңешин угуп, тажрыйбасын үйрөнүп калган Мойдунова Кайрынса эжемдин көзү өткөнүнө он жылдан ашып барат. Эжени эскербей, анын жаркын элесин, адамгерчилик сапатын, ишмердигин, улуулук сапаттарын айтпай коё албаймын. Себеби ал адам менин жүрөгүмө жакын болучу, урматтачумун, сыйлачумун.

Биз жолдошум Жакишев Аманкан кызмат которуштурганына байланыштуу 1980-жылы Жумгал районунан көчүп кел-

генбиз. Мен адегенде инфекционист, кийин педиатр болуп балдар бөлүмүндө иштедим. 1980-жылдан 1992-жылга дейре Кайрынса эженин көзү өткөн күнгө чейин чогуу иштедим. Ал эже мурда райондук педиатр экен, кийин өмүрүнүн акырына чейин башкы врачтын дарылоо боюнча орунбасары болуп иштеди. Ишине так, кесиптештерине талапты коё билген жана көрсөтмөлөрдү бере билген мыкты насаатчы киши эле.

Күндөрдүн биринде мен түнкү кезметте элем. Бир аялдан төрөттөн кийин кан катуу кете баштады. Мен шашылыш түрдө башкы врачты Жакишев (ал хирург), орунбасары Кайрынса эжеге телефон чалдым. Кайрынса эже тез эле келди. Келгенде да тажрыйбалуу акушерка Мамбетова Гулияны үйүнөн ала келиптир. Баарылап шашылыш донор издедик. Оорукананын кароолчусу Володя аялы Галя оорукана клубунун бөлмөсүндө жашашчу. Жакында эле кан бергендерине карабастан, макул болушту. Мындайда иш кыйчалыштап калат эмеспи. Эми донор пунктунун башчысын таппайбыз. Анын үстүнө түн ортосу болуп калды. Айла кеткенде донор пунктунун терезе айнегин чыгарып, мени терезеден киргизишти. Мен андан кандын бузулбашы үчүн кошулуучу дарыны алып чыгып аялга куя баштадык. Таң атканча алектенип, ал аялды аман алып калганбыз.

Дагы бир жолу беш айлык бала грипптен кабылдоого өтүп, нейротоксикоз менен түшүп калды. Мен, Кайрынса эже жана Аниса деген мыкты медайымыбыз бар эле, үчөөлөп баланы нейтротоксикоздон алып чыгуу аракетинде жатсак, эфирден реакция берип, Аниса шокко түшүп калса болобу. Аны шоктон чыгарууга эфирден да, шокко түшкөн өзүбүздүн кызматкерди да аман алып калганыбыз кантип унутулсун.

Кайрынса эже иштеп турганда мурда врачтар колдонбой жүргөн канды түз эле куюу подключечные венесекция дегендерди практикага киргизген. Өтө алсыраган балдарды интоксикациядан алып чыгуу үчүн глюкоза, физраствор жана башка суюк дарыларды венага тамчылатуу жолу менен куюп аны өтө көктүк менен жасай турган. Оорулуу балдар өлүм алдында турса, аман алып калуунун аракетин жасап, эч качан кайдыгерлик кылчу эмес. Жеңилбестин аракетин уланта бермей адаты бар эле.

Чогуу иштеген, өзгөчө кол алдында иштегендерге ар дайым улуулук акыл-насаатын айткандан тажачу эмес. Эгер алардын үй-бүлөсүндө өйдө-ылдый болуп калганын билсе, иште аларды жубатып, керек болсо алардын үй-бүлө, жубайлары менен сүйлөшүп, теске салып коё турган. Эч качан бул менин ишим эмес дегенин укканыбыз жок.

Кайрынса эже ушундай асыл адам эле. Кантели, ушул убакта деле биз менен кошо иштешип турса кана. Айла жок экен.

*АНДАКУЛОВА ЖЕҢИШ –*
*оорукананын балдар бөлүмүнүн башчысы*

## КАЙРЫНСА МЕН ЖАКШЫ КӨРГӨН АДАМ ЭЛЕ

Мен Кайрынсаны мектепте окуп жүргөндөн тартып билүүчүмүн. Бир айылдан эле. Катарлаш көчөдө тушма-туш кошуналардан да болчубуз. Ал Казарман орто мектебинде менден бир класс мурда окучу. Жаңылбасам 6–7-класска чейин орус класстарында окуду окшойт. Ал кезде Казармандагы орто мектепте параллел орус класстары боло турган. Мугалимдердин жетишсиздигинен ал класстар 6–7ге чейин эле жеткирилчү. Андан кийин алар окууну кыргыз класстарда улантышчу. Кайрынса да ошондой окуду. 10-классты менден бир жыл мурун бүтүп, Тогузторолук кыздардан биринчи болуп мединститутка өткөн. Жашыбыздын анча деле айырмасына карабай бир класс мурда окугандан аны Кайрынса эже дечүмүн. Кийин экинчи, үчүнчү курстарда болсо керек, мединститутта параллел факультеттерде, ал педиатриялык факультетте, мен санитардык-гигиеналык факультетте бир курста окуп калдык. Курсташ болгонубуздун себеби мен андан бир жыл кийин мединститутка 1960-жылы киргемин. Ал 1959-жылы кирип, кийин турмушка чыгып, балалуу болгондугуна байланыштуу бир жыл академиялык отпускада болгон. Ошентип курсташ болуп калдык да, факультеттер бөлөк, сабактар бөлөк өткөрүлгөнүнө карабастан, лекциялар чогуу болоор эле. Жердештер катары бат-бат көрүшүп, акыбал сурашып калчубуз.

1966-жылы экөөбүз тең институтту бүтүп, мен туулуп-өскөн айылга Тогузтородогу №1-райондук ооруканага келип врач-терапевт болуп иштеп калдым. Ал Фрунзе шаарындагы бир ооруканада врач-педиатор болуп иштеп калды. Мен келген 1966-жылы Тогузторо Акталаа районунун курамында болуп, борбору Дөрбөлжүн айылы болчу. Райондо эки райондук оорукана бар экен. Эмнегедир Казармандагысы №1 делип, ал эми райондун борборундагы оорукана №2 деп аталчу. Мен ошол Казармандагы №1-синде иштеп жүрдүм. Ошол эле жылы эки ай өтүп-өтпөй Тогузторо Акталаадан бөлүнүп, өзүнчө район болуп калды (октябрь айында уюшулду). Бир жылдан кийин жолдошу

Ороков Баkы Фрунзе шаарынан которулганына байланыштуу Кайрынса биздин ооруканага врач-педиатр болуп келди. Коллега болуп, анын үстүнө бирге иштеп калганыбызга байланыштуу эми мен мурдагыдай эже дебестен, кадыресе кызматчы катары Кайрынса Мойдуновна дегенге өттүм. Ал мени Жээнтай деп эле чакырчу. Ошентип, мен 1968-жылы комсомолдук кызматка которулуп кеткенге чейин бир жылдан ашуун чогуу иштедик. Анда райондук ооруканада (60 орундук) жети-сегиз эле врач иштечүбүз. Мен ошол эле райондо комсомолдук, кийин партиялык аппаратта иштегенден оорукананын иш абалын тақай көзөмөлдөп, бат-бат барып турчумун.

Турмушта далай таңкаларлык, адамдын колунан келбес окуялар болот. Ошол күтүлбөгөн окуялардын бири – бул Кайрынсанын кырк жаштын нары берисинде эле элге кызматы эми күчөп, кайрат күчтүн толук кезинде кыска мөөнөттөгү оорудан кийин күтүлбөгөндөй каза болгону. Бул өлүмгө райондун кары-жашы дебей аябай кайгырып, айла жок, терең урматтоо менен узатышты. Анткени Кайрынса далай балдарды айыктырып, көбүн өлүмдөн көз көрүнөө алып калган. Көптөгөн ата-энелердин алкышын алып, кадырлоосуна ээ болгон ак ниет, эмгекчил көрүнүктүү инсан болуучу. Кайрынсанын эмгегин, өз милдетине, кесибине мамилесин, боорукерлик, адамгерчилик мамилесин көрүнүп турган тамырына ийнесин оозунан түшүрбөй айтып жүрүшөт.

Бир айылда чогуу чоңоюп, институтта бирге окуп, бирге иштеп, даана түшүнгөн адам катары мен аны эскербей коё албайм. Кесиптешим жөнүндөгү пикиримди кагазга түшүрүү милдетим катары эсептейм. Бул боюнча менин жөнүм башка.

Көптөгөн адамдар менен бирдей эле менин да балдарымдын ден соолугун чыңдоодо анын эмгеги биздин үй-бүлө үчүн асыл эмгек. Кошуна турчубуз. Балдар сасыктумоолоп калганда күн болобу, түн болобу ага чуркап барчумун. Өзгөчө биздин үчүнчү перзентибиз кызым Назираны оор абалдан алып чыкканы эстен кеткис. Ал кызым катуу сыркоолоп, ооруканада энеси менен жаткан. Мен партиянын райондук комитетинде иштөөчү элем. Жолдошум Орозбү «тез кел, бала кыйналып атат» дегенинен бара калсам бала көзүн жуумп, эсакылы жок жаткан экен. Кайрынса баш болгон медиктер үйрүлүп жүрүшүптүр. «Эч бир жеринен тамырын табалбай койдук. Кан куюш керек эле деп, кырынан жаткырып алышып чыкыйындагы бир кичине, бирок көгөрүп көрүнүп турган тамырына ийне сойлотуп жатышыптыр. Тамчылатма дары, кан куябыз дейт. Мен врач болуп чыкыйдагы тамырга ийне

сайылганын өмүрүмдө көрбөптүрмүн. Көзүмө мыкаачынын ишиндей көрүнүп кетти.

– Кыйнабагылачы баланы, – деп ийиптирмин.

– Сен, Жээнтай жөн деп тыйды Кайрынса. Сени ким чакырды. Бара бер. Бала жакшынакай эле турат. Бир аз талмоорсуганы болбосо. Бир аздан кийин сергий түшөт.

Эмнеси болсо да көзүм жамандыкты көрбөсүн деп эшикке чыгып кеттим. Мындайда адамдын оюна жакшылык келбей калат эмеспи. Эки сааттан кийин санаам чыдабай кайра келсем тамчылама дарыларын, бир аз кан куюп ороп жаткырып коюшуптур.

– Кандай, – деп энесинен сурасам. – Кудайга шүгүр, көзүн ачып ыйлап, бир аз чай ичип уктап калды. Азыр тынч жатат. «Өх» – деп үшкүрүнүп алдым.

– Жаным кайда калсын.

– Телефон чалып жүрөктү түшүрдүң.

– Анан эмне кылам, эсим чыгып калса.

Ошентип кызым сакайып, аман-эсен айыгып чыкты. Азыр ал кызым өз оокатына тың, аман-эсен. Борбордук мекемелердин биринде иштеп жүрөт.

Кайрынса районго келген көзгө басар педиатр катары борбордон өздөштүрүп келген методиканы практикага киргизгенге аракеттенди да ага жетишти. Ага чейин Аскер деген педиатр иштөөчү эле, фамилиясы эсимде жок. Өз жерине кетип калып педиатр жок, балдарды көрүнгөнүбүз эле дарылап калганбыз. Кийин оорукана кеңейип, врачтар көбөйө баштады. Кайрынса болсо райондук педиатр болуп туруп, кийинчерээк башкы врачтын дарылоо иштери боюнча орунбасарлыгына көтөрүлүп, өмүрүнүн акырына чейин иштеди. Бул өтө жооптуу кызмат эле. Анткени анын мойнуна балдардын гана ден соолугу эмес, бүткүл дарылоо профилактикалык иштер жүктөлгөн. Аны Кайрынса Мойдуновна абийирдүүлүк менен өз деңгээлинде жүргүзүп келди. Кайрынсанын жолдош-жорого мамилеси, балдарын тарбиялоо, үй-бүлөлүк милдетин аткаруудагы сапаттарын да байкачумун. Кошуна эле. Нары-бери өткөндө эшик-эликтеги жумуштарды да жаны тынбай жасап жүргөнүн көрчүмүн. Эми ал арабызда жок. Бирок жаркын элеси биз сыяктуу жакын санаалаштарынын элесинде түбөлүккө сакталып кала берет.

***КЫДЫРОВ ЖЭЭНТАЙ*** **,**

*врач,*

*август 2003-жыл.*

1960–1964-жылдары Кыргыз ССР Геология башкармасынын Түштүк геологиялык, Чүй геологиялык экспедицияларынын партияларында геолог, участканын начальниги, 1964–1967-жылдары Кыргыз ССР Министрлер Советинин Геология башкармасында бөлүмдүн ага инженери болуп иштедим.

1964–жылы КПССтин катарына кабыл алындым. 1966-жылы Акталаадан жаңыдан бөлүнгөн Тогузторо районунун партиянын райкомунун биринчи катчысы Мелис Турдалиев райондо жергиликтүү жогорку билимдүү адистердин жетишсиздигине байланыштуу Кыргызстан КП БКга, Фрунзе шаарындагы министрликтерде, мекеме-уюмдарда, б.а., эл чарбасынын бардык тармактарында иштеп жатышкан Тогузторолук жогорку билимдүү адистерди жаңыдан уюшулган районго жиберүү сунушу менен кайрылган экен.

Мен ал учурда Кыргыз Геология башкармасынын аппаратынан Сарыжаз геологиялык экспедициясындагы чалгындоо партияларынын бирине жетекчи кызматка кеткени жаткан элем.

Геология башкармасынын начальниги Помазков К.Д., анын биринчи орунбасары Игембердиев С. А. мени чакырып, Кыргызстан КП БКнын өнөр-жай бөлүмүндө жаңыдан уюшулган Тогузторо районун кадрлар менен чыңдоо жөнүндө атайын сүйлөшүү болду.

«Сен ошол райондон экенсиң. Борбордук Комитеттин бөлүмүнө баргының да маселени чечкин. Сарыжазга азырынча барбай калдың» – деп мени БКга жиберишти.

Борбордук Комитеттин кадрларды тейлеген инструкторуна кирип: «Менин адистигим геолог, ал жакта – райондун негизги өндүрүш тармагы айыл чарбасы болгондуктан агроном, зоотехник, механик жана ветеринар адистерди жиберсеңиздер дурус го» – деген оюмду айттым. Дагы бир топ күн жүрө бердим.

Партиянын Борбордук Комитетине кайра чакырып: «Сизди курулуш тармагына жиберебиз, райондо курулуш боюнча билимдүү адис дээрлик жок экен. Райондо курулуш тармагы абдан начар абалда. Республиканын колхоздор аралык курулуш уюмунун Нарын зонасындагы курулуш мекемелеринде геологдор иштеп жүрүшөт. Куйбышев шаарындагы инженердик курулуш институтунда айылдык курулуш кадрларын даярдап окуткан атайын курс – факультет бар. Ошого жиберебиз, аны бүткөндөн кийин, курулуш адиси болуп каласыз. Кийинки перспектива өзүңдүн жөндөмдүүлүгүңө, ишмердүүлүгүңө жараша

болот», – деп, Республиканын Кыргызколхозкурулуш бирикмесине жиберишти.

Кыргызколхозкурулуш бирикмесинин жетекчиси Бычек Михаил Никитовичтин кабыл алуусунда болдум. Мен жөнүндө кабардар экендигин Борбордук Комитеттен ага атайын айтылганын сүйлөй отурду. Таанышкандан кийин райондогу иштин оордугун, ал жерде айрыкча мал чарба курулуштарынын курулбай жатканын, ошондой эле социалдык-маданий курулуш да абдан начар абалда экенин айтты. Азырынча МСОго эмгек инженери болуп барып, курулуш иши менен таанышып, иштеп турасың. Андан соң Куйбышевдеги курулуш институтундагы атайын айылдык курулуш адистигин даярдаган курстан окуп келип, мастер, прораб болуп иштейсиң. Андан кийин келечекте жоопту жетекчи кызматтарда иштөөнү жөндөмүмө жараша ойлонуштурарын эскертти.

Ошентип, Тогузторо райондук колхоздор аралык курулуш уюмунда (МСОдо) эмгек боюнча инженерлик кызматка жиберилдим. Жубайым Мойдунова Кайрынса райондук борбордук ооруканага врач-педиатр болуп ишке орношту.

1968-жылы Куйбышевдеги инженердик курулуш институтун айылдык курулуш адистиги боюнча атайын курсун ийгиликтүү бүтүп, МСОдо мастер, прораб болуп иштеп туруп, 1970-жылдан баштап райондогу курулуш уюмун жетектеп, 1983-жылга чейин иштедим.

Ошол мезгилдеги партиянын райондук комитетинин биринчи катчысы К. Байгазиевдин сунушу менен келечекте райондогу бир чоң чарбага жетекчи кызматка жиберебиз. Азырынча ушул кызматка иштейсиз деген максатта 1983–1984-жылдары Каргалык айылдык Советинин төрагасы болуп иштеп калдым. Каргалык айылдык Советте бир аз убакыт иштеген мезгилде ден соолугуна байланыштуу Байгазиев К. башка кызматка которулуп кетип, анын ордуна Калназаров Кайып келип иштеп калат.

* * *

Айылдык Советтин иши абдан начарлап, айрыкча сессия, заседаниелердин токтомдору, протоколдору жазылбай сомоломо түрүндө бир жылдык иш кагаздары аягына чейин бүтпөй калыптыр. Дегеле советтин жалпы ишиндеги кетирилген кемчиликтерди Нарын облустук Советинин жооптуу катчысы Раимбеков Султанбек баштаган топ текшерип катуу сындашты. Каргалык айылдык советинин жооптуу катчысын бошотуп, ишти оңдоо жагын мага көрсөтүп, практикалык жардамдарды берип кетишти. Айылдык советке мурда комсомолдун райкомунда,

партиянын райкомунда жооптуу кызматтарда иштеп жүргөн Орунбаев Камалдинди менин өтүнүчүм боюнча ишти жөнгө салуу үчүн кадр менен чыңдоо максатында айылдык советке жооптуу катчы кызматына жиберишти.

Айылдык Советтин штатындагы тийиштүү сандагы кызматкерлер райондук финансы органы тарабынан толук берилбептир. Каргалык айылдык советине Казарманда жайгашкан райондук мекеме, уюмдар бардыгы толугу менен тутумдук бөлүгү катары учетунда туруучу. Элинин саны боюнча Каргалык Совети кошумча төраганын орунбасары, аскер комиссаратынын иши боюнча бир адам жана бугалтер менен толукталышы керек экен. Айылдык Советтердин ишин жана штаттарын көзөмөлдөп тейлеген Кыргыз ССР Министрлер Советинин Председателинин орунбасары Аташев Курманбек Казиевичке кат менен суранып кайрылган элем. Ал менин өтүнүчүм боюнча кийинки жылы жогорудагы 3 штаттык орунду толуктоого жардам берди. Мындан сырткары УАЗ – 459 маркасындагы жеңил автомашина жана жетиштүү эмерек, инвентар алган болдук. Бул жардам түздөн-түз Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан К. К. Аташевдин кийлигишүүсүнөн улам чечилди. Ал кишиге өз учурунда ыраазычылыгымды билдиргемин.

Ошентип, жогорудай жардам алгандан соң айылдык кеңештин жалпы иши тартипке келип, облустук деңгээлдеги өз ара текшерүүлөрдө ишибиздин жакшы жактары белгилене баштады.

1984-жылы июль айында болсо керек, Кыргыз ССР Министрлер Советинин Советтик иштер боюнча бөлүмүнүн инструктору Черкасов Алексей Васильевич, облустук Аткаруу Комитетинин жооптуу кызматкерлеринен түзүлгөн топ Тогузторо районундагы жалпы советтик иштердин абалы боюнча текшерип, жардам берүү максатында келип калышат. Каргалык айылдык кеңешинин иши тартипке түшүп, райондогу башка селолук советтерге салыштырмалуу бизде бир кыйла жакшы өзгөрүп калган. Жогоруда айтылган топ А.В. Черкасов баш болуп, райондук Советтин жооптуу катчысы Орокбаев Таалай Каргалык селолук советинин жалпы иши менен таанышып, текшерип калышты.

Айрыкча советтин иштери жолго коюлганын, сессия, заседаниялардын өз учурунда өткөрүлгөнүн, иш планындагы маселелердин актуалдуу партиялык директивалуу документтерде көрсөтүлгөндөй ишке ашып жаткандыгын айтышты.

Черкасов А.В. депутаттар менен иш алып барууга байланышкан айрым маселелер боюнча ашыкча сын пикирин айтып

мени кыйнагысы келди окшойт. Эгерде кызматкер кызмат абалын пайдаланып, ашыкча сын коюп, асыла берген учурда көзкаранды болбой чыдамсыздык мамиле кылгандарга учурунда тиешелүү жообун берүүгө даяр турар элем.

Черкасов экөөбүз кайым айтышып калдык. Бир убакта мага сиз бул кызматка алымсынбайсызбы, жогорку партиялык кызматта иштөөчүдөй көрүнүп турасыз. Кайда кандай кызматта иштөөнү каалар элеңиз, – деп мени кекеткендей суроолуу карап, терезеден райкомдун конторасы жакты көрсөтүп койду.

Мен анын бул суроосуна – сиз абдан туура баамдаган экенсиз: «Здесь не мое место, мое место там» – деп жооп кайтарып салдым. Менин мындай кермур айтышып жатканымда райаткомдун жооптуу катчысы Орокбаев Таалай жанымда турган. Ал, сиз аны менен антип катуу айтышып сүйлөшпөөңүз керек эле. Бекер кылдыңыз. Эми сизди бардык жерде жамандайт деп мени аягандай болду. Мындай сүйлөшүүдөн соң алар көпкө кармалбай кетип калышты. Алар түз эле райкомдун биринчи катчысы Калназаровго барып, жолдош Ороков ал кызматта иштөөгө канааттанбай сиздин ордуңузга иштөөнү эңсейт экен. Аны башка кызматка которуу керек, ал жерде иштетүүгө болбойт. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жооптуу кызматкери катары берген кеңешин тез арада аткарууну талап кылаарын айтат. Эртеси Калназаров К. мени чакыртыптыр, барсам райаткомдун төрагасы Өмүралиев Эсенгул отуруптур. Мен киргенден кийин мурунку күнкү Черкасов менен болгон окуяны төкпөй-чачпай айтып бердим. Жолдош Ороков сен ойлогон кызматты берүү менин колумдан келбейт. Өкмөттүн өкүлүнүн айткан сунуш пикиринен кийин райондо бирге иштешибиз кыйын болот окшойт. Азырынча бара бериңиз, жыйынтыкты Өмүралиев айтат деп мени чыгарып ийди. Республикадан, облустан келген текшерүүчү топ кеткендин эртеси Өмүралиев Э. кабинетине чакырып, сиз менен бирге иштешибиз болбой калды. Өз арызыңыз менен бошоп, адистигиңиз боюнча иштөөгө туура келет. Ал үчүн өз каалоом менен деп арыз жазып бошойсуз, болбосо райкомдун бюросунда карап, иштеги кетирген кемчиликтери деген мотив менен бошотууга туура келет. Анын үстүнө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн инструкторунун сунушу да ушундай. Аны аткарууга тийишпиз деп өзүмдүн каалоом боюнча арыз менен бошонууга мажбур кылышты. Ошол замат эмгек өргүүсүнө арыз жазып, андан кийин Каргалык айылдык советинин төрагалык кызматынан бошотуп коюуну суранган арызды райондук советтин төрагасына жазып берип чыгып кеттим.

Кызматтан бошогондон кийин негизги өз адистигим геолог болгондон Макмал чалгындоо партиясына иштөө үчүн, Кыргызгеология бирикмесинин начальниги Игембердиев Самыйбек Абазовичке кайрылдым. Ал кишиге кызматтан кандайча кеткенимди толугу менен айтып бердим. Райондо иштеп жүргөнүмдөн кабардар эле.

Жолдош Ороков, мен сени жакшы билемин. Тогузторого кандайча геологиядан барганыңды да жакшы билебиз. Ал жерде да дурус иштеп жүргөнүңдү Кыргызколхозкурулуш Бирикмесинин жетекчилери аркылуу кабардармын. Биздин системага кайрадан келип иштөө жөнүндөгү маселени оң чечүүгө мен макулмун. Бирок баары бир партиянын райондук комитетинин жетекчилери менен акылдашабыз. Принцибинде ишке алууга макул экенин билдирди.

Ошол учурда Кыргыз Курулуш министрлигинин Чүй өнөржай трести Казарманда алтын комбинатын куруп жаткан башкы подрядчиги эле. Бул тресттин жетекчилери менен иш боюнча өз ара байланышта, бири – бирибизди жакшы билүүчүбүз. Алтын комбинатын куруп жаткан Казармандагы № 264 курулуш ПМКсына ишке орношуу өтүнүчүм менен тресттин ошол кездеги башкаруучусу Н.Т. Рягузовго кайрылып сүйлөштүм. Ал дагы менин өтүнүчүмө бир аз убакыттан кийин жообун бермекке макулдаштык.

* * *

Ошентип, эки жерге кызматка орношуу үчүн алардын жетекчилери менен алдын ала сүйлөшүп макулдашылгандан кийин бир азга тынчып жооп күтүп, эс алып үйдөгү чарбалык жумуш менен алек болуп жүрүп калдым. Бир айга жакын күтүп алардан жооп болбогондон кийин Фрунзеге атайын барып Кыргыз геологиялык бирикмесинин жетекчиси С.А.Игембердиевке жооп алуу үчүн кирдим. Ал киши биз жакында «Чүйөнөржайкурулуш» тресттинин жетекчилери менен чогуу комбинаттын курулушунун жүрүшүн көрүүгө Казарманга барганбыз. Райондун жетекчиси К.Калназаров да биз менен чогуу курулуштун жалпы акыбалы менен таанышып, өз ара пикир алмашып сүйлөшкөндөн кийин сенин кызматың боюнча Калназаровка Макмал геологиялык партиясына кызматка алуу тууралуу сөз кылсам, жок ал сизге жарытып иштеп бербейт. Биз ал киши менен өз ара пикир келишпегенден иштен бошотконбуз.

Анын жетекчи кызматка жиберүүгө каршы болгонун айтып берди. Ал турсун «Чүйөнөржайкурулуш» трестинин башкаруучусу 264-ПМКга алалы десе, ПМКнын начальниги да, тигил киши да каршы болуп кызмат берүү маселеси колдоого алынбай чечилген жок. Мен Калназаровго абдан нааразы болуп, экинчи катчы Б. Исаев менен бир-эки жолу сүйлөштүм. Жыйынтык чыкпады.

Ошол учурда партиянын райондук комитетинин партиялык уюштуруу бөлүмүнүн башчысы Эпеев Молдобек Кыргызгеология менен «Чүйөнөржайкурулуштун» жетекчилеринин менин кызматым боюнча Калназаров менен сүйлөшүүдөгү наразычылыгымды айттым. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетине даттануу оюм боюнча пикир алмашып, Фрунзеге барарымды билдирдим. Молдобек муну туура түшүнүп кубаттады.

Бир жума өтпөй Кыргызстан Компартиясынын Борбордук комитетинде Политехникалык институтта бир курс кийин окуп бүткөн Султанов Абдразакка барып, болгонду толугу менен баяндап бердим. Эми Калназаровдун мага жасаган туура эмес мамилесин, андан башка анын иштеги кетирген кемчилектери боюнча атайын кат менен Борбордук Комитетке кайрылуу жөнүндөгү оюмду айттым.

Султанов А. – комбинаттын курулушунун жүрүшүнө батбат келип жүрүп райондун жетекчилерин, мени да жакшы билүүчү. Жарабайт, Калназаровдун сага жасаган мындай мамилеси туура эмес. Сенин да антип даттанганың болбойт. Уят эмеспи. Экөөңүн бул кылыгыңарды мен толугу менен жактырбайм. Азыр сенин көзүңчө Казарманга телефон чалайын, – деп Калназаровго телефон чалса ал чарбага чыгып кеткен экен, сүйлөшө албай койду.

Болуптур, шаарда эс алып жүрө тур. Мен аны менен сүйлөшөйүн. Анан жообун аласың. Антип чырдашпагыла, аныңар жакшы болбойт. Мен сүйлөшүп эпке келтирейин. Кабатыр болбо деп мени узатып койду.

Эртеси БКда жүрсөм Долгополов Иван Афанасьевич учурап калды. Партиянын Нарын обкомунда 2-катчы болуп иштеп жүрүп, андан 3–4 ай мурда социалдык камсыздоо министринин орунбасарлыгына которулуп иштеп жаткан экен. Ал киши менен райондун курулуш уюмунда иштеп жүргөндө жакын таанышканбыз. Анткени ал обкомдун 2-катчысы катары курулуш ишин тескеп контролго алып туруучу. Айрым учурда обкомдун контролундагы курулуш объектилер боюнча бизден отчет алып, анын өз учурунда бүтүшүнө көмөк көрсөтүп жардам берүүчү. Ошол себептен бири-бирибизди жакындан билишчү элек.

Мен ага эмне иш менен жүргөнүмдү, А.Султановдо болгонума чейин айтып бердим. Калназаровдун Геология Башкармасы менен «Чүйөнөржайкурулуш» трестине каршы чыгып бут тоскондугун айтсам, ал: «Хорошо, сени менен ал бирге иштеше албай бошотту. Башка ылайыктуу кызмат берүүнү ылайык көрбөсө кандайча сенин башка жерде өз кесибиң боюнча иштөөгө бут тосот. Анысы ката. Ал эми сенин даттануун туура», – деди. Эми азыр сенин айтканыңдын тууралыгын билейин деп, С. А. Игембердиевге телефон чалды. Ал Калназаровдун айткандарын ырастады.

Ал ошол замат Калназаровго телефон чалып: Кайып, кандайсың, иштериң жакшыбы. Эмне дароо сүйлөшпөйсүң. Мен обкомдон кеткенде эле сүйлөшкүң келбей калдыбы, – деп тамашага чалды.

Мен Ороков жөнүндө сүйлөшмөкмүн. Кеңешимди айтайын, азыр ал киши жанымда олтурат. Экөөңдүн ортоңордо болгондун баарын уктум. Андай кылбагыла. Эгер сен аны менен иштешкиң келбесе, эмне үчүн анын башка жакта өз адистиги боюнча иштешине каршы чыгып, бут тозосуң. Бул жарабайт. Азыр эле сенин алдыңда Игембердиев менен сүйлөштүм. Ал да сени менен сүйлөшкөнүн айтат. Мунуң болбойт, андан көрө экөөң тил табышып иштешкиле! Менин сага берген кеңешим ушу. – Калназаров: туура айтасыз Иван Афанасьевич мен сиздин кеңешиңизге толугу менен макулмун. Жолдош Ороков эртең биякка келип, мага жолуксун. Биз экөөбүз чечишип алабыз дептир. Иван Афанасьевич мага сен даттанганды койгун. А. Султановго жолугуп коюп, Казарманга бара бериңиз деп узатып жиберди.

Эртеси үйдө олтурсам, райкомдун уюштуруу бөлүмүнүн башчысы Эпеев Молдобектен чакыртып ийиптир.

Бир жума ичинде райатком менен бирдикте сенин кызматыңды чечебиз. Ага чейин үйдө болуп туруңуз. Өзүм чакыртам. Мындан кийин кеңешип иштегендей бололу, – деди Калназаров.

Жолдош Ороков, мындан эки жыл мурда БК менен Кыргыз Өкмөтүнүн Тогузторо районунун экономикалык абалын жакшыртуу боюнча биргелешкен атайын токтому чыккан. Ал токтомдо райондогу мындан бир кыйла жыл мурда курулган социалдык, маданий жана саламаттык сактоо тармагындагы имараттарды оңдоп иретке келтирип туруу иштери жүргүзүлбөй калган. Ал ишти аткара турган Нарын шаарындагы РСУ мекемеси райондун алыстыгынан планга киргизилген оңдоо ишин аткара турган Казарманда курулуш-оңдоо участогунун

өндүрүштүк базасы уюштурулсун деген БКнын токтому чыккан. Ушул токтомдун аткарылышы боюнча өзүңүз республикадагы тиешелүү министрликке барып, ушул мекемени уюштурууга аракет жасаңыз. Ошол орчундуу ишти жетектеп бериңиз. БКнын Кыргыз Өкмөтүнүн биргелешкен токтомун алып таанышыңыз. Командировкага барууга даярданыңыз. Кошумча документтер менен камсыз кылуу жагын Э.Өмүралиев чечип берет, – деди.

Аталган токтомдун негизинде партиянын райондук комитети, аткаруу комитетинин атынан Кыргыз ССР Коммуналдык-турак жай министрлигине Тогузторо районунда РСУ уюштуруу жөнүндө кат даярдап, Фрунзеге бардым. Алгач ошол учурдагы Коммуналдык чарба министри Акматбек Суттубаевич Сүйүнбаевдин кабыл алуусунда болдум. Ал киши райондун жалпы абалын, борбордон алыстыгын, климаттын оор шартын билет. Чынында министрликтин Нарындагы РСУсу жылыга пландаштырылган курулуш-оңдоо объектилерин райондун алыс болгондугуна байланыштуу аткарбай жаткандыгын, азырынча Тогузторо райондук коммуналдык чарбанын алдында курулуш-оңдоо тобун уюштуралы. Иштин көлөмүнө жараша автомашина, курулуш техникаларын ж.б. инвентарлар менен камсыз кылуу боюнча министрликтин буйругун чыгарууну чечти. Ошентип, бир топ убарачылыктан кийин, Коммуналдык-турак жай министрлигинин буйругунун негизинде Тогузторо райондук Коммуналдык чарба мекемесинин курамында курулуш-оңдоо тобу түзүлүп, 2 автомашина, курулушка керектүү механизмдер менен, социалдык объектилердин оңдоо иштерин аткара баштадык.

Бирок жылдын 7 айынын ичинде оңдоо иштеринин жүрүшүндө абдан кыйын жагдайларга дуушар болдук. Биринчиден, курулуучуларга эмгек акы төлөөдө айырмачылык пайда болду. Министрликтин курулуш-оңдоо ишин аткарган башка чарбаларында курулушчуларга тиешелүү 1,35 пайыз райондук коэффициент төлөнүп, ал эми коммуналдык чарба мекемелеринде төлөнбөйт экен. Биздин жумушчуларга бул коэффициент эмгек акысына кошуп төлөнбөй жатканына наразылык чыкты.

Экинчиден, курулуш-оңдоо иштерин финансылоо, учёт жүргүзүүдө коммуналдык чарба менен биргелешип иштөөгө мүмкүн болбой талаш-тартыш көбөйдү.

Өз алдынча курулуш-оңдоо уюмун уюштуруу зарылчылыгы келип чыкты. Менин мындай сунушумду райондун жетекчилери колдошту. Бирок Республикалык деңгээлдеги уюмдарга, керек болсо Кыргыз Өкмөтүнө чейин кайрылуунун жолун таап,

бул маселени өзүмдүн чече турганымды айтышты. Колуңан келип бул мекемени өз алдынча уюштура алсаң өзүң жетекчи болуп иштейсиң. Болбосо биз тараптан башка мүмкүнчүлүк болбойт дегендей мамиле жасашканын түшүндүм. Ошентип колумдан келген бардык мүмкүнчүлүктү жумшоо керек болду.

Ноябрь айынын аяк ченинде Коммуналдык-турак жай чарба министри А.Сүйүмбаевге барып иштин жүрүшүндөгү финансылык техникалык, материалдык жана өзгөчө эмгек акы төлөөдөгү айырмачылык, курулуш-оңдоо иштерин райондогу коммуналдык чарба менен чогуу иш алып баруу мүмкүн эместигин түшүндүрдүм. Өз алдынча РСУ уюштуруу зарыл экендигин, келечекте алдыга койгон көлөмдөгү курулуш-оңдоо ишин аткара ала турганына ынандырдым.

А.Сүйүмбаев менин сунуштарымды колдоду. Мени министрликтин атынан Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы А.Д.Дүйшеевдин атына райондун шарттарына байланышкан кыйынчылыктарды, убактылуу уюштурган топтун келечекте алдыга койгон милдетти аткара тургандыгын көрсөтүп атайын кат даярдоону мага жана курулуш-оңдоо бөлүмүнүн башчысы Д. Биримкуловго тапшырды. Бул каттын долбоорун Биримкулов Д. менен бирдикте даярдап, А. Сүйүмбаевдин кол коюусуна алып бардым.

– Мен бул катты Дүйшеевге өзүм кирип РСУ уюштурууну макулдашып уруксат албасам, биздин бул демилгебиз ишке ашпайт. Себеби административдик башкаруу аппаратына кошумча штат бөлүү өтө кыйын, – деди. Мен ал маселени Финансы министрлигинде небак макулдашып, алардан тийиштүү документ алып койгонумду айтсам, Сүйүнбаев абдан жакшы болгон тура деп мага ыраазы боло түштү. Катты алып калды.

Бир апта бою эки-үч жолу А. Сүйүмбаев Өкмөттүн төрагасына кире албай койдум, – деп келди. Мен күнүгө ал кишиге кирип сурамжылап турчумун. Бир күнү дагы барсам А. Сүйүмбаев Өкмөт тараптан келип, машинесинен чыга калып жолугушуп калдык. Ал мага: «Дүйшеев бүгүн отпускага курортко кетип калыптыр. Биздин бул катыбыздан жыйынтык чыкпай калды», – деп колундагы кат салынган папканы мага карматты.

Мен эртеси кат менен Министрлер Советинин орунбасары К. К. Аташевдин кабыл алуусун күттүм. Ал киши эки күнү катары менен БКдагы кеңешмеде, башка иштер менен жүрүп кабинетине келген жок. Бул учурда жардамчысына РСУну уюштуруу зарылдыгын түшүндүрүп, аны менен жакындан таанынштым. Анын үстүнө ал жардамчысы кызматка чейин Республи-

калык Элдик Контролдоо Комитетинде институтту чогуу бүткөн жакшы курсташым Таиров Марик менен көп жыл бирге иштешкен экен. Михаил Васильевич Сучков кат менен таанышып чыккандан кийин кошумча 5 кишилик административдик башкаруу персоналдарды Минфин менен такташалы. Антпесе өз алдынча уюштурула турган мекемелер Союздун Финансы Министрлиги аркылуу өтө турганын штатты тейлеген Минфиндин орунбасары менен телефондон макулдашып тактап биздин катка алардын каршы эмес визасын салдыртып койду. Андан кийин М. В. Сучков катка «Министру жилищно – коммунального хозяйства Кирг. ССР Суюмбаеву А. С. – разрешить временно в порядке исключение Тогузтороуском районе создать ремонтно строительный участок в пределах численность Министерства 5 единиц административно управленческим персоналом» – деп К. Аташевдин резолюциясынын текстин даярдап койду.

Кечки саат 8 чамасында К. К. Аташев кабинетине кирип келди. Кабыл алуусунда отурган мени көрүп учурашты. Андан мурунку жылы Каргалык айылдык советинде иштеп турган учурда ал кишинин жардамы менен кошумча штаттык персоналдарды, жеңил машина жана эмерек алып тааныш элем. Менин эмнеге келгенимди ал-акыбалды сурашкандан кийин, негизги маселем РСУ уюштуруу боюнча баяндо( чу угуп, жардамчысынан кошумча айрым маселелерди тактап, Министрдин катына жогорудагыдай резолюциясына колун коюп, уруксат берди да, мага жаңы иштеги ийгиликти каалап жылуу узатып койду.

Эртеси Өкмөттүн уруксатын алып А. С. Сүйүмбаевге кирдим. Министр дароо орунбасарын, бөлүм башчыларын чакырып, кат менен аларды тааныштырды. Өкмөттүн уруксаты кандай кыйынчылык менен алынганын аларга түшүндүрө келип, жолдош Ороковдун жасаган эмгегин баалашыбыз керек. Мен А. Дүйшеевди 3 күн кармай албай коюп, биздин өтүнүч катыбызды Ороковко бергемин. Мына Кыргыз Өкмөтүнүн убактылуу өз алдынча оңдоо-курулуш участогун түзүү боюнча уруксаты менин алдымда турат. Ороков менен бирдикте тез арада РСУнун ишмердигине байланышкан техникалык, материалдык жана анын өндүрүштүк базасын кошо куруу документацияларды камтыган Министрликтин буйругун даярдоону тапшырды.

РСУну уюштуруу жөнүндөгү Министрдин буйругунун долбоорун, курулуш-оңдоо бөлүмдүн башчысы Д. Биримкулов менен бирдикте тез даярдап тиешелүү бөлүмдөр менен макулдашып,

Министрдин орунбасарларынын түздөн-түз катышуусу менен даяр болуп буйрук чыкты.

Ошентип 1984–1992-жылдары Түндүк курулуш-оңдоо трестинин Тогузторо районундагы жаңыдан уюшулган курулуш-оңдоо уюмунун начальниги болуп иштедим. Уюмдун биринчи этабындагы өндүрүштүк базасын, жумушчу кызматчыларына жетиштүү турак жай административдик кеңсесин куруу жумуштары бүткөрүлдү. Аткарууга тийиш көлөмдөгү курулуш монтаждоо жана оңдоо жумушуна эсептелген машина, механизм, техника ж. б. материалдарын алуу менен райондогу социалдык-маданий, саламаттык сактоо, турак жай объектилерин, мектептердин имараттарынын оңдоо пландарын үзбөй аткарып турууга жетишилди.

Бул жерде окурманга түшүнүктүү болсун үчүн РСУга барганга чейинки райондун жетекчилеринин мага жасаган терс мамилелеринин, андан кандайча тил табышып кайрадан РСУ уюштуруудагы жеке аракетимди баяндап берүүм керек деп эсептеймин. Анткени айрым жолдоштор кандайча Каргалык айылдык Советтин төрагасынан бошоп, РСУну уюштуруудагы эмгегимди билишпейт. Ошондуктан болгон чындыкты, ушул маселелерге катышкан жооптуу кызматкерлердин аты-жөндөрүн так жазып, ал гана эмес андагы жазылган документтердин түпнускаларын тиркеме катары көрсөтүүнү туура таптым.

## 1967–1983-ЖЫЛДАРЫ КУРУЛУШ УЮМУНУН ИШТЕГИ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИ

Райондун экономикасын көтөрүүдө курулуш уюму негизги ролду ойногон. Региондун климаттык оор шарттары жана республиканын өнөр жай борборунан алыс жайгашкан кыйынчылыктарына карабай МСО (межколхозная строительная организация) берилген план тапшырмаларын дээрлик үзгүлтүксүз аткарып турган. Ошол мезгилде райондун чарбаларына керек 110 миң баш койго ылайык кой сарайлар, чабандын үйлөрү, Дөдөмөл, Киров, Бирдик, Четбулак, Казармандагы мектептер, Сарыбулуң, Тогузторо, Каргалык айылдык советтеринин, «Кызыл Жылдыз», Киров, Ленин колхоздорунун башкармасынын кеңселери салынган. Облуста биринчи болуп Ленин колхозунда электр менен иштеген Вальцовый тегирмен, эки толук механизациялашкан сүт саап май алуучу уй сарай, саанчылардын үйлөрү салынып, Казарман кыштагында 5000 чарчы метр ту-

рак үйлөрдү курдук. Ленин, Бирдик колхоздорунда малга концентраттуу тоют даярдоо цехтери курулду.

Райондун республиканын борборунан алыс жайгашканы, кышы узак, жааган кардын калыңдыгынан жол байланышы начарлап Кыргыз Өкмөтү «Кыргызколхозкурулуш» бирикмесинин жетекчиси М. Н. Бычектин сунушуна ылайык өзгөчө абалды эске алып, атайын токтом менен курулуш материалдардын жарым жылдык запасын мөөнөтүнөн мурда жеткирүү жолу менен Республикалык транспорттук мекеме, уюмдары жылдын сентябрь-октябрь айларында толук жеткирип турду.

1967–1968-жылдары негизинен курулуш материалдардын өз учурунда жетиштүү санда камсыз болбогонунан РСУ араң гана 140–150 миң сомдук иш аткарып турган.

1969–1971-жылдары РСУ курулуш-монтаждоо план-программасын 1 млн 1 жүз миң сомго чейин иш бүткөрүүгө жетишкен. Мындай көлөмдөгү курулуш-монтаждоо планын аткаруу оңойолтоң жумуш эмес эле. Коңшу Акталаа, Тяньшань райондорунун курулуш уюмдары 1,6–1,8 млн. сомдук план аткарышчу. Бизге салыштырганда алардын жол байланыштары жакшы, борборго жакын. Алардын көбүрөөк көлөмдөгү курулуш иштерин бүткөрүү мүмкүнчүлүктөрү бар эле.

Кыргыз ССР Министрлер Советинин Тогузторо району үчүн атайын токтом чыгарып, анын аткарылышы такай көзөмөлгө алынып, бизди жарым жылдык пландагы курулуш материалдары менен камсыздап, планды өз учурунда аткарууга жетишкен ийгиликтерибизге «Кыргызколхозкурулуш» бирикмесинин башчысы Михаил Никитович Бычектин жетекчилиги, ошондой эле бирикменин кызматкерлеринин кошкон салымын өзгөчө белгилеп, аларга ыраазылык айтмакмын. Ал киши шарты татаал алыскы райондордогу курулуш уюмдарына өзгөчө көңүл буруп, иштин жүрүшүн көзөмөлгө үзгүлтүксүз алып турар эле.

## ИНДУСТРИЯЛЫК КУРУЛУШ

1967–1970-жылдары райондо курулуштун 80 пайызы кой чарба курулушу болуп, дээрлик атайын долбоорлоо институттарында даярдалган долбоордун негизинде курулуучу. Курулган кой сарайлардын дубалдары кол менен бутобетондон (цемент, таш, кум) куюлуп тургузулуучу.

Ошол эле учурда республиканын борборунда өнөр жай негизде атайын заводдордон куйматаштан цементтелип жасалган каркастарды курулушка бир гана биз пайдалануучу эмеспиз.

Бизге жанаша жайгашкан Акталаа, Нарын району, алардан да алыс турган Атбашы районундагы курулуш уюмдар кой сарайлардын каркастарын Чүй зонасындагы куйматаш (бетон) чыгарган заводдордон ташып келип курушчу. Бул курулуштар сапаттуу, сметалык баасы арзан болуп, куруу мөөнөтү кыскарып, эрте бүтүүгө көмөкчү түзүлчү. Биз да темир куйматаш каркастарын курулушка пайдалануу керектигине талапты «Кыргызколхозкурулуш» бирикмесинин төрагасынын биринчи орунбасары Федор Павлович Русол менен бир нече жолку сүйлөшүүлөрдө ал Чүйдөн кум, ташты ташып убара болосуңар, алар өзүңөрдө толуп жатпайбы. Андан көрө силерге көбүрөөк күлбото (цемент) жеткирип берип туралы, – деп макул болбой келгени бар. Ал кездеги райондун жетекчилери Турдалиев М., Жыргалбеков К., Суваналиев И. бул туурасында көп эле кеңештик, бирок жыйынтык болгон эмес.

1971-жылы апрель айы болуш керек эле. Партиянын райкомунун биринчи катчысы К. Жыргалбеков экөөбүз райкомдун атынан атайын Кыргызстан КП БКга, Өкмөткө кайрылууну чечтик. Адегенде каттагы темир-куйматаш каркастарды курулушка пайдалануу боюнча коюлуп жаткан маселени түздөн-түз тейлеген «Кыргызколхозкурулуштун» жетекчиси Бычек М. Н. каркастарды чыгарган заводдордун ээси Айылдык курулуш министри Ким Никифор Лукичке алдын ала түшүндүрүп, андан соң партиянын Борбордук Комитетине жана Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө биздин кайрылып жатканыбызды айта турган болуп, кат даярдап алып Фрунзеге кеттим.

Биринчи кезекте М. Н. Бычектин кабыл алуусунда болуп, кат менен тааныштырдым. Райондо курулушка темир-куйматаш каркастарын пайдалануунун зарылдыгын түшүндүрүп бердим. Ал киши койгон маселени чечүү үчүн Өкмөт баары бир бизге жана Айылкурулуш министрлигине жиберет. Андыктан алдын ала макулдашып алышыбыз керек, антпесек жыйынтык болбой турганын айтты.

М. Н. Бычек Айылдык курулуш министри Н. Л. Кимге биздин суроо-талаптарыбызды билдирип, Борбордук Комитет менен Өкмөткө кайрылып жатканыбызды айтты. Ал киши адегенде каршы чыгып, макул болбой, райондун алыстыгын, каркастардын өз объектилерине жетишпей жаткандыгын себеп кылды. Андан көрө ошол жерде силерге кичинекей ЖБИ (темир-куйматаш буюмдарын) чыгара турган чакан цех (полигон) куруп берели, Чүйдөн таш-кум ташыгандан көрө деп тамашалады.

Бычек М. Н. быйылча булардын суроосун канааттандырып райондун төрт чарбасына 4 кой сарайдын каркасын биз тургузуп берели. Сиз 2 уй сарайдын каркасын куруп бериңиз. Эки жылдан бери суранып жүрүшөт. Булар борбордон чыккан куйматаш каркастардан курууну үйрөнүп, чарбаларга көрсөтүшсүн. Келечекте сиз сунуш кылган полигонду да ойлонуштуруп көрөлү. Бирок бир жаман жери ЖБИге заказ ал жерде жетиштүү көлөмдө болбой, өзүн актабайтко деген чочулоо бар деди.

Ошентип, эки жетекчи өз ара макулдугун бергенден кийин, катты Борбордук Комитеттин айыл чарбасын тейлеген катчысы Нуамов Петр Ивановичке кирип, райондо жүрүп жаткан курулуш иштериндеги зарылчылыкты түшүндүрүп, катты тапшырдым. Ал киши мурда биздин райондо актив өткөндө бул маселе көтөрүлгөн эле. Коюлган маселени колдойбуз, жардам беребиз – деп, сунушубузду кубаттаган.

Катта темир-куйматаш каркастардан башка курулушка керектүү машина, механизм, техникалардан кошумча бөлүп берүү жагын сурангaнбыз. Анткени МСОнун келерки жылга түзүлгөн план-программасын кескин көбөйтмөкпүз. Жогорудагы убадалашкан 4 кой сарай, 2 механизациялашылган уй сарай объектилеринин эсебинен курулуш-монтаждоо иштеринин көлөмү кескин көбөймөк.

Ошондуктан Республикалык Госпландын материалдык-техникалык ресустарды бөлүштүрүп берүү жагында анын ролу зор экенин эске алып, Борбордук Комитетке жазылган кат менен Госпландын төрагасы Бегалиев Сопубек Бегалиевичке жолугуу керек болду. П. И. Наумов, Н. Л. Ким, М. Н. Бычекте болгонумду жана алардын бизге койгон маселелерди оң чечүүгө макул, колдой тургандыктарын айтып бердим. А дагы тигил эки министрдин колдоосунан улам каркастан курула турган объектилерге ылайык механизм, машина-техника жана курулуш материалдарын кошумча бөлүп берүү жагын карап бере турганын айтып мени кубантты. Мындай жакшы маанайдагы сүйлөшүүлөрдөн пайдаланып, С. Б. Бегалиевге ыраазычылыгымды билдирдим. Себеби, кошумча сураган материалдык-техникалык фондулардын тизмеси, саны көп жана эң тартыш эле. Ал тизмеге ГАЗ-69 автомашинасы да киргизилген болучу. Муну кийинки жылы чечип берерин айтты.

Жыйынтыктап айтканда, К. Жыргалбеков менен бирдикте жогоруда айтылгандай биз койгон талаптагы курулушту индустриялык жол менен алып барууга жасаган аракет жемиштүү жүрдү. 1971–1975-беш жылдыкта МСОнун аткарган иш программасынын көлөмү бир миллион жүз элүү миң сомго көбөйгөнү

буга далил. Алар толугу менен аткарылып, районубуздун колхоздорунда кой сарайлардын курулушу темир-куйматаш каркастарынан курула баштаган.

«Кызыл Жылдыз», Ленин атындагы колхоздо темир куйматаш каркасынан курулуп, толук механизациялашкан автоматтык механизм менен саап, май алуучу уй сарай, саанчылардын үйлөрү бүткөрүлүп пайдаланууга берилди. Бышкан кыштын ордуна, каркастын ичин толтуруп, дубалын тургузган блок чыгаруучу цехти да куруп алууга мүмкүнчүлүк таап алдык. Чыгарылган мындай блок менен Ленин колхозунун Карачийдеги, «Кызыл Жылдыздын» Тагай участкасындагы уй сарайлар ж. б. объектилердин бүткөрүлгөнүн баса көрсөтпөй коё албайбыз.

Союздук пландоо органдары тарабынан Кыргызстанга болгону экиден гана «Вальцовый» жогорку сапаттагы сорттуу ун чыгаруучу электр тегирмени бөлүнчү экен. Тегирмендин биздин районго бөлүнүшүнө да Бегалиевдин жекече жардамын белгилей кетүү керек. Мунун курулуп бүтүшүнө да бул кишинин түздөн-түз тегирмен чыгарган заводдон инженер чакыртып, жардамдашканын айтпай коюуга болбойт. Казарманда курулган тегирмен бир топ жыл бою элди жогорку сапаттагы ар кандай сорттогу ун менен камсыз кылып турду, азыр да иштеп жатат.

Жогорудагыдай ишкердүү жана жаңыча индустриялык жол менен курулуш ишин жүргүзүүдө жетишкен ийгиликтер туура бааланды деп ойлойм. 1974-жылы Кыргыз ССРи менен Кыргызстан Компартиясынын түзүлгөнүнүн 50 жылдыгынын урматына кабыл алынган Социалисттик милдеттенмелерди аткарудагы жетишкен жогорку көрсөткүчтөр үчүн Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак Грамотасы менен сыйландым.

1994-жылдан бери райондогу совет доорунда иштетилип, узак убакыт бою ташталып калган аш-туз кенин иштетүү боюнча «Тунук» фирмасын уюштурдук. Фирма туз кенин өнөр жайлык негизде иштетүүгө көп аракеттерди жасап, жолду калыбына келтирди. Жогорку чыңалуудагы электр линиясын тартып, жумушчулар үчүн турак жай куруу, шахтада туз алууга керектүү жабдуулар менен камсыздалды. Тузду жөнөкөй ыкма менен өндүрүп, райондогу элдин муктаждыгын жана Макмал алтын комбинатынын керектөөсүн камсыздап келет.

1994–2001-жылдар ичинде фирманын туз өндүрүүдөгү ишинин натыйжасында мамлекеттин казынасына салык түрүндө 234, 9 миң сом акча каражатын төлөп, өлкөбүздүн бюджетин толуктап турууга жетиштик.

Райондун экономикалык абалын жогорулатуу үчүн дагы эле болсо фирманын аракети токтобой, кенди жөнөкөй ыкма менен

иштетип, аны өнөр жай негизинде учурдун талабына жооп берген продукция чыгарууга байланышкан инвесторлорду табуу үчүн бизнес-пландарды түзүү аракеттери үзгүлтүксүз улантылууда.

Ошентип, 1993-жылдан бери жеке өзүмдүн демилгем менен түзүлгөн «Тунук» фирмасын ойдогудай долбоордун негизинде толук кандуу иштете албай жатканыма өзүмө наразы болсом да, дагы эле аракетимди токтотпой инвесторлорду тартуу боюнча тынымсыз иш жүргүзүп жатамын. Бул мага дем берип, күч-аракетти аябай иштөөнү талап кылгандай сездирет.

## ТЕКШЕРҮҮ. ЭЧ КИМ СУРАП АЛБАЙТ

Адатта өнөр жайында жана курулушта мастерлер менен прорабдардын, инженер-техникалык персоналдардын өндүрүшкө болгон мамилесине зор роль таандык. Анткени алардын тескөөсү, көрсөтмөлөрү боюнча аткарылып, анын сапатына, чектелген мөөнөтүнө жараша жумушчулардын иштөө процесси жүргүзүлүп ошого жараша эмгек акы алышат эмеспи. Бирок бардыгы эле ойдогудай сыдыргыга салгандай болбой калышы мүмкүн. Демек иш өйдө-ылдыйы жок түз жүрө бербейт. Кай бирде материал, машина, механизмдердин жетишсиздигинен учурунда камсыз болбой тигил же бул курулуш объектилеринде жумуш токтоп калат. Ошонун себептеринен жумушчулардын эмгек акысы жакшы төлөнбөй наразылык туулган учурлар да болбой койбойт. Ошондо кээ бирлери кандайдыр бир кыянаттык менен бааланып жумушчулардын таламын талашкан болушат. Мекеме, уюмдун жалпы жамаатынын, жетекчисинин аброюн түшүрүү үчүн партиялык, советтик жогорку органдарга даттануу арыздары менен кайрылган фактыларын да турмушта кездештирдик. Мындай даттануулардын кээ бирлеринин практикада объективдүү чындыгы да болот. Кай бирде арыз анчалык деңгээлге жетпей эле жеринде мекеме, уюмдун өзүндө талданып текшерилип, түшүнбөстүктөр изилденип, наразы тараптын суроо талаптары канааттандырылып чечилип калат.

Бир жолу Ленин колхозунун Дөдөмөлдөгү мектептин курулушунда иштеп жаткан курулуш бригадасынын бригадири эмгек акысынын аз төлөнгөнүнө наразы болуп, КПСС БКнын катчысына арызданат. Арыз Кыргызстан КП БКнын катчысы Т. Усубалиевге текшерүүгө жиберилет. Арыз боюнча комиссия түзүлөт.

Курамы Республиканын Элдик Контролдоо комитетинен, Финансы Министрлигинин КРУсунан, «Кыргызколхозкурулуш» Бирикмесинин Нарын облустук курулуш уюмунун адистеринен

турган комиссия МСОнун акыркы үч жылдагы чарбалык-финансылык ишине терең документациялык текшерүү жүргүздү.

1973–1975-жылдардын ичиндеги курулган бардык объектилердин долбоорго жараша чыгымдалган курулуш материалдардын өз ордундагы чыгышын салыштырып текшеришти. Ал эми Казарманда кызматкерлер үчүн салынган үйлөр, колхоздордо ар бир кой сарайдагы чабандын үйү 100гө жакын эле. Үйлөрдүн бирин да калтырбай долбоордогу жыгач материалдын чыгымдалышынын тууралыгын текшерүүдөн өткөрүштү. Райондун борборундагы, кыштактарда жашагандар ЗШ-37 тибиндеги даяр фин үйлөрдү сатып алышып, менчик үй куруп жатышкан. Арызданган орус улутундагы адам эле. Ошол үйлөрдүн бардыгын МСОдон уурдалгандай же мыйзамга ылайыксыз башка жолдор менен салынып жаткан деген оюн арызда көрсөткөн. Комиссиянын мүчөлөрү «Кызыл Жылдыз» колхозундагы, Четбулак участкасындагы курулуп жаткан менчик фин үйлөрдүн ээлеринин документтерин текшеришкенин мен туура көрдүм. МСОнун начальниги силердин айылдык. Бул үйлөрдүн материалы уурдалып алынып салынып жатат деген божомол көрсөтүлгөн. Үй ээлери дүкөндөн сатып алган документтерин көрсөтүшөт. Мындан сырткары өз ара колхоздор менен райондук керек-жарак коому, айылчарбатехникасы ж. б. чарбалык мекемелер ортосундагы материалдык мамилелердин документтерин карашат. МСОго курулуш үчүн келген фондулук материалдарды башка мекеме, уюмдарга сатууга катуу тыюу салынган эле. Курулуш материалдардын башка жакка кетүүсүнө жол бербөө талабынын аткарылышы да өтө кылдат текшерүүдөн өттү. Мында да андай тартип бузууга барбаганыбыз документтер аркылуу далилденди.

Чарбалык иштер дайыма эле ойдогудай болду дегенден алысмын. Финансылык, эсеп жана материалдык байлыктарды чыгымдоодо, сактоодо айрым бир кемчиликтер болбой койгон жок. Мастерлер менен прорабдардын курулуш материалдарынын чыгымдалышы сметалык долбоордогу нормадан чыгып кеткендери аныкталды. Бирок курулушка тиешелүү эрежеге ылайык негизги долбоордук документтерди одоно бузбай иштегенибизди көрсөтө алдык.

Айрыкча белгилеп айта турган эң орчундуу маселе бул башкы адистердин материалдык жоопкерчиликтеги эсеп ишинин тактыгы, өз учурунда талапка ылайыктуу отчет, эсептин жүрүшү өзгөчө мааниге ээ экендигинде. Ошол тармакты эсеп ишинде көп жылдык тажрыйбасы бар, өз ишине өтө жоопкерчилик менен караган, материалга жооптуу кызматкерлер менен мый-

замга ылайык иш алып барган башкы эсепчи Идирисов Казыбек жөнүндө айта кетүүнү туура таптым. Ал бухгалтердик атайын окуу жайын бүткөн. Узак жылдар райондогу эсеп иши татаал, товар жүгүртүүсү чоң керек-жарак коомунда (райподо) башкы эсепчи ишинде каныккан, карамагындагы кызматкерлерге талапты коё билген тыкан, так иштерман адамдын белгилүү өлчөмдө курулуш уюмунун жогорудагыдай терең текшерүүсүнөн уят болбой өтүшү анын аткарган ишиндеги эмгегин жогору баалоого татыктуу.

Чарбалык мекеме-уюмдардагы материалга жооптуу адамдардын ыксыз чыгымдап максатсыз жумшоого, уурдап, жеп-ичүүгө жол бербөөдө эсеп ишинин, так өз учурунда жүргүзүлүшүнө байланыштуу болоору баарыбызга белгилүү. Республикадагы көп колхоз-совхоз, курулуш ж. б. мекемелеринде эсеп ишинин өз деңгээлинде так болбой, анын талапка ылайык жүргүзүлбөгөнүнүн кесепетинен материалга жооптуу кызматкерлердин жоопко тартылып, жетекчилери кызматтарынан алынып, партиянын катарынан чыгарылган фактыларды көрүп-билип жүрдүк. Мындай фактылар биздин райондун колхоздорунда, айрым мекемелеринде да болгонун билебиз.

Ушундан соң районубуздун айрым колхоздорунда башкы эсепчи кызматты өтөгөн, райондук айыл чарба башкармасында башкы эсепчи болуп бардык колхоздордун эсеп иштерин жетектеген, облустук контролдоо-текшерүү (КРУ) башкармасынын райондогу башкы адиси кызматында үзүрлүү эмгектенген бирден бир жогорку дасыккан эсепчи, эсеп чөйрөсүндөгү билимдүү, такшалган райондогу мыкты эсепчи деп Мокеев Мелисти атасак болот. Акыркы жылдары айыл чарба башкармасында эсеп-финансы иштери боюнча башкы бухгалтер болуп иштеди. Республикалык текшерүү органдарынын текшерүүсүндө чарбалык-эсеп, финансы тартибин одоно бузуу фактыларынын болбогону буга далил.

* * *

Текшерүүнүн жүрүшүндө МСОнун жалпы жамаатынын арасында ар кандай оң, тетири ойлор айтылып, ушак-айың жүрүп жатты. Ушак-айыңды угушкан атам, биздин үй-бүлөдө чочулоо абалы турду.

Атам ушундай кырдаалдан улам Кайрынса экөөбүздүн алган айлыгыбызды сураштырып, силердин тапкан айлык акчаңар жетишет. Оокат өтө берет. Жулунуп-жулкунуп бирөөнүн акысын жебеш керек. Көпчүлүк элдин каргышына кабылбай, калыс бол, колуңдан келген жардамыңды аяба. Адам турмушуна муктаж бол-

гондо гана кайрылат. Ошол учурда колуңдан келгенди аябай жүргүн. «Кокустан мен айткандай болбой элдин коомдук менчигине кол салып, кириптер болуп калсаң... ким сенин артыңдан издеп сурап алат? Сен жалгызсың, артыңда ким бар? Алды-артыңды байкагын. Сага күйгөн бир тууганың жок. Кимге ишенесиң. Менин колумдан эмне келет, балам» – деп айтаар эле.

Чынында жолдошум Кайрынса экөөбүз атамдын бул айткандарын оюбузга терең тутуп, алган айлыктарыбызды дыкан жумшап, ай сайын сактык кассага салып жүрүүнү адатка айланттык.

Атамдын айткан кеңешинин дагы бир белгилей кете турган себеби, ошол жылдары Бирдик, Ленин колхоздорунда коомдук мүлктүн уурдалып, жеп-ичүүгө жол берилген фактылар үчүн колхоздун бир топ тармак башчылары, эсепчилери жоопко тартылышкан. Ошондон улам тынчы кетип жатканы туура да. Коомдун мүлкү элдин байлыгы, эч качан аны жеп-ичүүгө жол бербегин, антпесең жооп берип каласың деп көп жолу эскертип кайталап айтканы эсимден кетчү эмес.

Текшерүүдө айрым кемчиликтер аныкталды. Туурасын туура деген калыстык болоор. Булар боюнча өз убагында тиешелүү чаралар көрүлүп, тиешелүү жыйынтык чыгарылды.


Чынында менин практикалык иш тажрыйбамда жетекчинин коомдук мүлккө өзүнүн менчигиндей мамиле жасап, аны сатып, максатсыз сарптабай, жеп-ичүүгө жол бербей мамлекеттик өндүрүштүк тартипти сактап, өзүн таза алып жүрүп иштөөгө аракет кылганды жана ошондой иштөөгө кийинки муундагы жаштарга чакырык катары кеңешимди бермекмин.

Советтик доордо партиянын катарына кыйын сыноо менен өтчүбүз. Социалисттик коомдогу эл чарбасындагы курулуш, өнөр жай ж. б. тармактагы иштер Коммунисттик партиянын жер-жерлердеги органдарынын түздөн-түз көзөмөлүндө болуп, тартип бузууга жол берилчү эмес. Эгерде тартип бузууга жол берилсе, партиянын катарынан чыгарылып, ишиндеги кемчилиги үчүн жоопко тартылуучу.

Өзүм коммунисттик партиянын катарындагы 32 жылдык жооптуу кызмат абалымда бир дагы партиялык жаза алган жокмун. Бул деген партиянын ишеним көрсөтүп тапшырган жооптуу жетекчилик кызматында ак ниет иштегенимдин натыйжасы деп эсептеймин.

Ошентип, Тогузторо районунда 1967–1993-жылдардагы райондун жалпы экономикалык өнүгүшүнө мал чарба курулуштары болуп, саламаттык сактоо, агартуу, турак жай, элди тур-

Кыдырма
уулу
Орок.





*Солдон оңго карай*: отургандар – энем Жөжө, Чылпаков Турсунбек, Бобекова Канигүл (Нурбүбү эженин апасы), Атыканов Чылпак жезде. *Туруп тургандар*: солдон оңго – Карабекова Тотугуш, Жамакеева Аныйса, Качканакова Нурбүбү эже.



Казарман, 1969-жыл. *Отургандар солдон оңго*: Бейшен Ашырбаев, уулум Азизбек, атам Орок, апам Гүлпара, кызым Чолпон, мен. *Тургандар*: кайним Байдылда, кызым Гүлнара, жубайым Кайрынса.



Бакы, Кайрынса. 1971-жыл, Фрунзе.



Күйөө балам Эсенбек Жумакадыров, колуктусу
Гүлнара, кыздары – Элмира, Назгүл,
уулдары –Шабдан, Искендер.



Эс алуу паркы. Казарман, 9-май, 2001-жыл.
Баян, апасы Бүкөн, неберем Султан.



Уулум Азизбек,
студент.
1981-жыл.




«Манас» эпосунун
1000 жылдыгы.
Мен, жубайым
Бүкөн, жердешим
Тайлак. Манас ордо.
1993-жыл.



Кызым Чолпон, жубайым Бүкөн.
Бишкек, 1989-жыл,
октябрь.



Гагра курортунда. 1987-жыл.



Мергенчиликте, Чаувай геологиялык партиясы, 1961-жыл.



Бакы уулу Азиз, колуктусу Чолпон, кызы Асел менен.




Мен,
уулдарым
Азиз,
Алмаз,
кыздарым
Гүлнар,
Чолпон,
неберем
Алымбек
менен.
Бишкек.
1995-жыл.



Бүткүл дүйнөлүк Кыргыздардын Экинчи курултайы, Жалалабат облусунун делегаттары. Август, 2003-жыл. Алатоо аянты.



Казарман, 1970-жыл. *солдон оңго*: Атам неберелери – Чолпон, Азиз, кайним Байдылда, жубайым Кайрынса жана иним Кайыпбек *(турган)*.



Бакы уулу Азизбек
1965-жыл,
жаңы жылдык
балаты.



* * *

Мойдунова
Кайрынса.
1977-жыл.

* * *



* * *

Мойдунова
Кайрынса.
Москва,
Кремль.
1971-жыл.

* * *



*Солдон оңго*: Күкүн Акимбаева баласы менен, Кайрынса, Чолпон, Барий, Гүлнур, Бакы, Азизбек.



Москва,
Кремль.
Кызыл аянт.
Ноябрь, 1971-жыл.




Москва, ЦИУ — Центральный институт усовершенствование врачей. 1971-жыл.
*Солдон экинчи катардагы алтынчы* Кайрынса Мойдунова.



60 жылдык тойдо Асан куданын куттуктоо окуп жаткан учуру.




60 жылдык маарекедеги салтанатта
уулум Азиздин ат мингизген учуру.

муш-тиричилик жактан тейлөө имараттары жетиштүү курулду. Республикада биринчи алтын өнөр жайы «Макмалалтын» комбинатынын курулушуна байланыштуу өрөөндө типтүү оорукана, орто мектеп, телеком-байланыш түйүнү, стандарттуу көп кабаттуу турак үйлөрү бар чакан району жана долбоорго ылайык типтүү аэропорттун жана башка элге керектүү маданий курулуштар бүткөрүлдү. Казарман Кыргызстанда маданий борбору бар өнөр жайлуу шаарча болуп калды. Райондун экономикалык өсүп-өнүгүшүндө менин да кошкон салымым көзгө көрүнөрлүк го деп ойлоймун. Окурман мактангандык деп ойлобой райондук деңгээлде узак убакыт үзүрлүү иштеп, экономикалык өнүгүүгө кошкон салымы бар экен деп түшүнүшү керек. Бул жылдары биз менен катар райондун биринчи жетекчилери Турдалиев Мелис, Жыргалбеков Карабай, Суваналиев Исак, Калназаров Кайыпты, колхоздорду башкарып түздөн-түз өз салымдарын кошкон жетекчилер Акимбаев Жылтыр, Иманбердиев Иса, Абдылдаев Аскаралы, Мойдунов Тоту, Кожалиев Жакаш, Тыйтаев Кутуш, Молдокеримов Каттообек, Жунушалиев Мергенбайды атап айткым келет.

Ошол учурда бүткөрүлгөн мал чарба ж. б. объектилерди электрлештирүү менен төмөнкү чыңалуудагы линияларды тартып жеткирүүнү бүткөргөн абдан керектүү тармакты узак жылдар жетектеген райондогу электр тармактар ишканасынын башчысы Мамбетжанов Дүйшөбайдын жасаган эмгегин өзгөчө белгилөөгө арзыйт. Бул жерде окурманга дагы бир айта кете турганым жогоруда аталгандан дурус иштеп, элдин көңүлүндөгү инсандар деле болгон. Алар көз жаздымда калгандай ой туулушу мүмкүн. Райондун өндүрүш тармактарында жетекчи кызматта бир-эки жылдан иштеп, башка кызматка которулуп кеткендерди атоонун зарылчылыгы жок өңдөнөт. Анткени кыска убакыттын ичинде көзгө көрүнөрлүк иш аткарууга үлгүрбөдү деп билиш керек. Ошондон улам мага капа болбогондору дурус.

## ТОГУЗТОРО ӨРӨӨНҮНДӨГҮ КЕН БАЙЛЫКТАР ЖАНА ӨНӨР ЖАЙДЫН ӨНҮГҮШҮ

Тогузторо – туш-тарабы мелжиген бийик тоолор менен курчалып, Кыргыз Алатоосунун туура борборунан орун алган өрөөн. Республиканын жалпы мейкиндигинин картасына көз чаптырсаң түндүк-түштүк, чыгыш-батышынын чок ортосу.

Тарыхый уламышта илгери бул өрөөндү Санчы сынчы «Алтынчөйчөк» деп атаган экен.

Тогузторо аймагы ички Тяньшандын батышынан орун алып түндүгүнөн Молдотоо, Кабак, Көгирим, батышынан Фергана, түндүк чыгышынан Акшыйрак кырка тоолору менен курчалып чектелет.

Пайдалуу кендери: **Макмал волластонит кени** деңиз деңгээлинен 2500–2700 м бийиктикте болуп, Казармандын 45 км түштүк чыгышынан орун алган. Волластониттин концентратын керамика өнөр жайында пайдаланууга болот.

**Макмал гранит кени** – деңиз деңгээлинен 2500 м болуп, Казармандан 45 км түштүк тарабында жайгашкан. Бул гранит, гранит порфир сыяктуу декорациялык кооз таш. Майда блоктору курулушта кеңири пайдаланылат.

**Макмал чопо кени** – райондун Көгарт, Алабуга сууларынын суу бөлүгүндөгү аралчаларында жайгашып, чопо катмарынын калыңдыгы 3,5–12,4 м чейин жетет. Өңү боз, көгүш боз, кызгылт. Нык, өтө ийкемдүү болгондон чопо «100» маркасына татыктуу кыш, керамикалык таштарды жасоого болот.

**Макмал акиташ кени** – Казармандан 4,5 км түштүк тараптан орун алган. Акиташтын теги катуу, шагылы «1200» маркадагы куйматаш жасоого болот. Запасы мол.

**Макмал алтын кени** – 1966–1968-жылдары Чааргаш чалгындоо партиясы тарабынан изилденип, 1975-жылы кендеги алтындын запасы С1– категориясы боюнча 18551 кг, орточо өлчөмү 7,25г/тн, С2– категориясы боюнча – 4218 кг, орточо өлчөмү 5,46г/тн болуп эсептелип аныкталган. Ал бекитилип 1986-жылы республикада биринчи алтын өндүрүүчү Макмалалтын комбинаты иштей баштаган. Комбинатта иштегендердин саны 4,5 миң кишиге чейин жеткен.

**«Тунуктуз» туз кени** – Казармандан 25 км күн чыгыш тарабында Нарын дарыясынын сол жээгинен орун алган. Туздун жайгашкан тегиздиги 7 катмардан турат. Составдык сапаты боюнча (NACE) 91—97 пайызды түзүп Кыргызстандагы туз кендеринин эң тазасы. Чалгындалып эсептелген геологиялык запасы 1,2 млн тонна.

**Миңтеке көмүр кени** – Казармандан 50 км түштүк-батыш тарабында жайгашкан. Көмүрдүн күлү аз болуп, жогору калориялык жылуулуктагы сапатта болуу менен жер кыртышынын үстүңкү катмарында жайгашкан. Райондун отунга болгон керектөөсүн толук чечүүгө мүмкүнчүлүгү бар.

* * *

Кыргызстандын алтын өнөр жайы геологдордун жигердүү иштеген эмгектеринин натыйжасында өсүп өнүктү.

Кумтөр, Жерүй, Макмал, Чаткал ж. б. алтын кендерин изилдеп ачып, кыска мөөнөттүн ичинде сапаттуу так запастарын эсептеп чыккандан кийин республика Борбордук Азияда алтын арбын өндүрүүчү өлкөлөрдүн бири болуп калды.

Негизги адистигим инженер-геолог болгондуктан, кыргыз геологиялык системасында Тогузторого курулуш ишине барганга чейин Республиканын түштүк-түндүк геологиялык партияларында эмгектендим. Курулушта иштеп жүрсөм да геологдор Н. Сүйүнбаев, Б. Чодобаев, К. Осмонбетов, О. Токтоназаров, Б. Молдокасымов менен байланышта элем. Алардан дайыма кен байлыктардын ачылышы, изилденип ар түрдүү өнөр жай тармагы өнүгүп жатканы боюнча толук кабардар болуп жүрдүм.

Менин жекече баамымда республикада 1963–1986-жылдары геологиялык изилдөө чалгындоо жумушу кеңири кулач жайылган. Ошол жылдары Үчкошкон, Сарыжаздагы калай, Хайдаркандагы сымап, Макмал, Жерүй, Кумтөр, Тереккан алтын кендеринен алынуучу металлдардын өз учурунда ылдам темпте чалгындоо иштери жүргүзүлүп, запастары так жогорку сапатта аныкталып, СССРдин Мамлекеттик кендин запастарын бекитүүчү (ГКЗ – Государственный Комитет по запасам) комиссияда бекитүүгө жетишилген. Бул ийгиликтери үчүн көп геологдор Союздун, Республиканын орден-медалдарын алып, мамлекеттик сыйлыктардын лауреаттыгына да ээ болушту.

Жогорудагы жетишилген ийгиликтердин башында баш аягы 40 жылга жакын Кыргызстандын геология тармагын башкарган Самыйбек Абазович Игембердиевди бардык тарабы төп келген жөндөмдүү уюштуруучу, кадрга кылдат мамиле жасаган, ишке так, жүрүм-туруму башкаларга үлгү, кай бирөөлөрдөй бой көтөрбөй, таза өз эмгеги менен жашаган, бийик адамдык сапатын өзгөчө белгилеп айтпай кетүүгө болбойт. Анткени мен С. А. Игембердиев менен геология башкармалыгынын аппаратында бир топ жыл бирге иштешип билип калгамын. Тогузтородо «Макмалалтын» комбинатын ишке киргизүүдө, такай анын курулушунун жүрүшүнө көз салып бат-бат келип жүргөнүнөн да өтө жакын билип калдым.

Эсимде, комбинаттын алтын өндүрүп ылгоочу фабрикасынын, турак жай посёлогунун салына турган жерин аныктоодо Союздун долбоорлоо институттарынан келген адистер райондук, облустук, партиялык, советтик уюмдардын жетекчилери катышкан чоң жыйында СССРдин түстүү металлургия Министрлигинин өкүлү келечек комбинаттын өндүрүштүк, турак жай базасын кен чыккан жерде – Макмалда курууну сунуштап, ан-

дан алыс курууга болбойт деп жатып алышкан. Себеби руданы алыстан ташып иштетүү өндүргөн металлдын баасын кымбаттатат, биздин практикада дегеле андай болгон эмес дешет. Бул Кеңешмеге Кыргызстан КП БКнын өнөр жай боюнча катчысы А. Жумагулов активдүү катышты.

А. Жумагулов райондун жетекчилери комбинаттын өндүрүштүк базасы — фабриканы Казармандан 5 км аралыктагы түздүктө, ал эми жумушчу-кызматчыларга турак жай, маданий курулуштарды райондун борбору Казарманда курууну сунуштайт.

Себеби райондун борборундагы эл курула турган социалдык-маданий объектилер мончо, оорукана, мектеп, байланыш түйүнү, таза суу менен камсыз болушу ж. б. объектилер курулуп калса райондун жалпы элинин социалдык-маданий деңгээлине шарт түзмөк. Ушундай катуу талаш-тартышта «Союзалтын» бирикмесинин началниги В. В. Рудаков: «Республиканын геология башкармасынын жетекчиси айтсын. Айлана-тегеректе алтын кени барбы? Келечекте жетиштүү өлчөмдө кошумча алтын бере турган мүмкүнчүлүгү болсо, биз силер сунуш кылып жаткан вариантка макул болобуз», – деди.

Игембердиев С. А. ордунан тура калып: «Ушул тапта биздин партиялар тарабынан региондун түндүк чыгышындагы «кен» деген аянтты, Бешкол, Чаарташ, Ача аянттарын изилдеп, чалгындоо иштерин жүргүзүү улантылууда. Анализдер оң жыйынтык берип жатат. Келечекте комбинатты ушул кендер аркылуу үзгүлтүксүз руда менен камсыз кылууга толук шарт бар» – деп, ал киши ишенимдүү айтып койду.

С. А. Игембердиев далилдүү кошумча камсыз кылуучу алтын продукциясын бере турган жообун айтканда Москвадан келген долбоорлоо институттун, «Союзалтын» бирикмесинин жетекчилери макул болушуп Казармандагы турак жай комплекси жана алтын ылгап алуучу фабрика курулган.

Комбинат ишке киргизилгенден кийин Нарын облусундагы эң алдыңкы өнөр жайы бар учурдун талабына ылайык социалдык-маданий жагынан жакшырган борбору бар район болуп калды. Ошентип, С. А. Игембердиевдин келечектеги райондун элине жогоруда айтылган өз убагында кошкон салымын эл арасында өзгөчө белгилеп айтып жүрөмүн.

Мен Самыйбек Абазович, кыргыз элинин белгилүү инсанынын бири катары биз курлуу чогуу иштешкен улуу-кичүүлөргө өрнөк болуп карыялык ызат-сый көрүп жүрсөңүз демекмин.

## Т. УСУБАЛИЕВДИН КОМБИНАТКА КЕЛИШИ – УЗАТУУ

1993-жылы апрель айында мен жетектеген фирманын иши менен Бишкекке иш сапарына барып, Кыргыз геология бирикмесиндеги экспедициянын начальниги Кубат Осмонбетовго кирсем ал телефондо Турдакун Усубалиев менен сүйлөшүп атыптыр. Т. Усубалиев Тогузтородогу алтын комбинаттын иш абалын сураштырган кыязда көрүнөт.

Кубат кирип келаткан мени көрө коюп, Турдакун Усубалиевич, мына Тогузтородон сиз сурап жаткан комбинаттын ишинин бүгүнкү абалын толук айтып бере турган киши келди. Бул киши ошол жакта иштейт, ал да геолог деп, телефондун трубкасын мага бере салды.

Мен Турдакун Усубалиевичтин ден соолугун сурап, өзүмдү тааныштырдым. Комбинаттын учурдагы акыбалы абдан оор. Иш жүрбөй калды. Эптеп кыймылдап жатат. Айрыкча өндүрүшкө керек ГСМ менен толук камсыз болбой ар кайдан таап келген күйүүчү май комбинатты толук кубатта иштете албай, үзгүлтүккө учурап, ошондон улам токтоп калууда. Толугураак маалымат берүү үчүн мени кабыл алуусун өтүнүп сурандым.

Республиканын пайдалуу кендери боюнча геологиялык материалдар менен Кубат бүгүн түштөн кийин мага келмек. Экөөң чогуу келгиле. Ошондо калганын айтып берерсиң, – деди.

Чакырган убактысында Кубат экөөбүз Т. Усубалиевдин үйүнө бардык. Мен райондун жалпы абалын, комбинаттын учурдагы оор абалын билишимче түшүндүрүп бердим.

Т. У. Усубалиев комбинаттын абалын билген соң, мен жөн эле бара бербеймин. Менин атыма райондун депутаттарынын жана жетекчилеринин атынан кат менен кайрылгыла. Республиканын Жогорку Кеңешине билдирип коюп, анан барамын. Себеби палатадагы түзүлгөн алтын комиссиясынын төрагасымын. Колдон келген жардамын аябай турганын айтып, бизди узатып жиберди.

Казарманга кайтып келгенден кийин комбинаттагы оор абалды кабарлап Т. Усубалиевде болгонумду, анын келип жардам берүүсүн сураганымды райондун ошол кездеги акими К. С. Бакиевге билдирип, ал кишини чакыруу үчүн райондун жетекчилеринин жана депутаттарынын атынан кат менен кайрылуу жиберүү керектигин айттым. Аким макул болуп, кайрылуу катты ылдам даярдап, тез арада жеткирүүнү мага тапшырды.

Ошол жылы Кыргыздардын Бүткүлдүйнөлүк биринчи курултайы болмок. Август айынын орто чени эле, мен дагы ал ку-

рултайга катышмакмын. Даярдалган кайрылуу катты ала барып Т. Усубалиевге тапшыруу үчүн Кубат экөөбүз үйүнө телефон чалдык.

Август айынын аягында Т. У. Усубалиев комбинаттын ошол учурдагы абалы менен таанышып, жардам берүү максатында Казарманга келди. Комбинатта болгон эки күнү анын цехтериндеги ишти көргөндөн кийин күйүүчү май менен камсыз кылуу маселесин тезинен чечип жардамдашууга убада берди. Ал күндөрү – Т. У. Усубалиев, комбинаттын ошол учурдагы директору А. Үмөталиев, Жогорку Советтин депутаты А. Мойдунов, райондук акимдин орунбасары С. Көчөрбаев, мен чогуу жүрдүк.

Т.У.Усубалиев эртеси алтындуу текти казган карьердин иши менен таанышканы барды. Ал жерден карьердин начальниги Ороков Азизбек тосуп алып, кенди иштетүүнүн технологиясын айтып түшүндүрдү.

Карьерден жөнөгөндөн кийин Т. У. Усубалиевди Акталаа районунун Ленин, 1-Май колхоздорунун башкармалары Жыргалбеков Карабай баш болуп эки райондун чегарасындагы Акмойнок белинде тосуп алышты. Т. У. Усубалиев Жыргалбековго кайрылып:

– Карабай, Тогузтородо иштеп кеттиң эле, районду кайрадан Нарынга кошуу жөнүндөгү маселени көтөрбөйсүңөрбү? – деп калды.

Түз жооп айта албай мукактанып калды К. Жыргалбеков:

– Турдакун Усубалиевич, 1-Май колхозу илгертен биздин райондун курамында болуп келген. Карабай башкарган Ленин колхозу биздин район менен жанаша, комбинаттын жардамын бирдей эле көрүп жатышат. Эки колхозду биздин районго кошуу маселесин чечүү зарыл. Андан кийин райондун кайда кошулушу жөнүндөгү сиз айтып жаткан маселени биз козгошубуз керек, – деп айтып салдым.

Т.Усубалиев андай болсо өзүңөр ойлонгула. Мен өзүмдүн гана оюмду айттым, а силер ойлонгула.

Бул жолугушуудагы сүйлөшүүлөрдү чогуу жүргөн айрым аттуу-баштуу жолдоштордун кийин башкача ача айткандарын уктум. Чынында ушундай болгонун Кожалиев Турганбай аке дүйнөдөн кайтканда келгенинде Жыргалбеков Карабай да ырастады.

Комбинатта Т. У. Усубалиев болуп кеткенден бир аз убакыт өткөндөн кийин комбинаттын автомашиналары Жалалабат тарабындагы Сарыкыр ашуусу аркылуу дабан жабылганга чейин күйүүчү майды Түркмөнстандан ташып, өндүрүштөгү

түзүлгөн оор абалдан чыгып кетишине депутаттык жардамы тийди.

Мында республикабыздагы саясий жана мамлекеттик ишмер инсандын абдан оор мезгилдеги тийгизген чоң жардамын эскерип айтпай кетүүгө болбойт. Анткени ал кишинин республикадагы алтын өнөр жайын өнүктүрүүдө болуп көрбөгөндөй зор эмгек жасаганын көз жаздымында калтырууга эч мүмкүн эмес. «Макмалалтын» комбинатынын туруктуу иштешине келип-кетип тийгизген камкордугу үчүн чоң ыраазычылыгыбызды билдирип эскерип айтып жүрөбүз.

## МЕН АЛТЫМЫШКА КЕЛГЕНДЕ

Жогорку билим алып, 36 жыл кызмат өтөгөн эмгек жолумдан соң 1996-жылы пенсияга чыгып эс алуу керек эле. 1993-жылы түзүлгөн жеке «Тунук» фирмасына байланыштуу иштөөнү улантып келем.

1996-жылы 18-октябрда 60 жашка чыккан маараке той өткөрүлдү. Бул ишчарага райондогу коомчулук менен бирге райондун мамлекеттик администрациясы жана райондук кеңештин жетекчилери катышкан Казармандагы маданий борбэрдо юбилейлик жыйын болду. Маараке жыйынга республикада мурда кийин бирге жетекчи кызматтарда иштеген инсандар да чакырылган. Ошону менен катар ага-туугандар, куда-сөөктөр, мекеме-уюмдарда чогуу иштешкен кызматчылар, жакшы санаалашайылдаш улуу-кичүүлөр, айыл аксакалдары, райондогу мекеме-ишканалардын башчылары катышып, жыйында менин 60 жылдык өмүр жолумда элге кылган ак эмгегимди баалашты. Мага каалаган ак тилектерин айтышып, арнаган белектерин тапшырып, куттук кат, ырларын окуп беришти. Менин дарегиме республикадагы курулуш тармагында мурда бирге иштеген жооптуу кызматкерлерден келген телеграммалар окулду. Кыргызтелерадио компаниясынан атайын өкүлдөр катышып, теле-тасмага тартышты. Мааракенин өтүшүнүн башынан аягына чейин толук тартылган тасма (кассета) азыр да сакталып турат. Атайын улуу күнгө арналып даярдалган дасторкондон даам татышып, чай ичүү аземине жогорудагы чакырылган жолдоштордун бардыгы катышты. Адаттагыдай мага, үй-бүлөмө каалоо тилектерин айтышты.

Эртеси кыргыз элиндеги байыртан келе жаткан салт боюнча эңиш, күрөш, жорго салдырмай, ат-тай күлүктөрүн чабуу, улак тартыш оюн-тамашалар өткөрүлдү.

Юбилейлик салтанатты өткөрүүгө уулдарым, кыздарым түздөн-түз катышып, анын чыгымдарын моюндарына алышкандары үчүн чоң ыраазычылыгымды билдиремин. Айрыкча уулум Азизбектин өзгөчө камкордук жасап, тойдун оор түйшүк жүгүн мойнуна алып, өзү башында турду. Тойду жогорку деңгээлде уюштуруп өткөргөндүгүн баса көрсөтүп дагы бир жолу ыраазычылыгымды өзгөчө билгизбесем калыстык болбой калат.

**60 жылдык тойго келген куттуктоо телеграммалар жана салтанатта окулган куттуктоолор:**

– Зарипов Аскарбек – Кыргыз Республикасынын Турак жай Коммуналдык Союзунун төрагасы;

– Сарыгулов Дастан Исламович – «Кыргызалтын» мамлекеттик концерининин президенти;

– Кошалиев Кадыр – Кыргызтелерадио компаниясынын «Замана» студиясынын редактору;

– Абдрахманов Султан – Кыргызтелерадио компаниясынын журналист-оператору;

– Чекиров Кубат – «Кутбилим» гезитинин редактору;

– Ибраимов Асан – куда, келиним Чолпондун атасы, Кочкордон;

– Иманбердиева Шарапат – кудагый, кызым Гүлнаранын кайненеси, Бишкектен;

– Кыдыров Жээнтай – куда, партиялык кызматкер, Казармандан;

– Сабыралиев Стамалы – Жалалабат облустук кеңештин бөлүм башчысы;

– Кожалиев Жакшылык – агроном, пенсионер, Казармандан;

– Жумабаев Дервиш – врач, пенсионер, Казармандан;

– Мамбеталиев Рысалы – мугалим, пенсионер, классташым, Казармандан;

– Карабагышов Мөкүш – пенсионер, Киров – Карасуудан;

– Касымбеков Суранчы – пенсионер, Четбулактан;

– Мойдунов Абибилла – инженер-механик, Казармандан;

– Абдылдабеков Тайлак – философ, журналист, Бишкектен;

– Шакиралиев Жеңишбек – инженер-курулушчу, Бишкектен.

Жогоруда аталгандарга жыйында сүйлөп, каалоо-тилектерин айткандар абаырайына байланыштуу убагында келип катыша албаса да кийин куттуктоо жибергендер тизмеге киргизилди. Бул жолдошторго дагы бир жолу ыраазы болуп, аларга чың ден соолук, үй-бүлөсүндө жакшылык, бактылуу узак жашоолорун каалап кетмекчимин.

## 60 ЖЫЛДЫК ТОЙДО АСАН ИБРАИМОВ КУДАНЫН КУТТУКТООСУ

Найза өңөрүп өткөн экен Тайлактай эри,
Тарыхка бай Тогузторонун жери.
Араб өлчүнүн, Калдаманын бели...
Куйса толбогон, сузса түгөнбөгөн,
Тунуктуз, Макмалдын кени.
Ат арытып Кочкордон келтирген,
Кудай кошкон кудамдын деми.

Балдардын маңдайы жазылып сүйүнүп,
Бакы кудам пайгамбар жашта,
Тайторудай түйүлүп.
Ак эмгегиң алкыштан билинип,
Ардак Грамотаң бир сандыкка үйүлүп,
Ардак Тактадан түшпөй сүрөтүң илинип,
Айылга жорго, алыска «Волгаң» минилип.
Ак өргөөң үстүнө тигилип.
Учуң узарып, Чолпонуң жүгүнүп,
Азиз, Алмаз атакелеп ийилип,
Каргалыктын карышкыр ичиги,
Каначуунун суусар тебетейи кийилип,
Бактың маңдайыңа чийилип...
Кайырса кудагыйдын арбагы колдоп,
Балдарың эмгекчил жолунду жолдоп.
Атыңды уккандар көрсөк деп жардашып,
Асел, Айсулуу, Алымбек жакаңа жармашып
Чоң атам ичсин, – деп  чоң аяк жармасын арнашып,
Бакы, Бүкөн аман болгула,
Кылым карытып, колду кыса кармашып.
Балдарга, эл-журтуңа өрнөк,
Байсалдуу эмгек баскан жолуң,
Айга жетсин сермеген колуң.
Ар дайым аткарылсын оюң,
Бакы куда кут болсун тоюң!
Сак-саламат болсун сакадай боюң,
Балдардын бактысы үчүн, ушунча элдин батасы тийип,
Алтын чөйчөктү аппак алып коюң!

*Кудаң АСАН,*
*Кудагыйың ЖЕМИШ*
*Кочкор айылы, 1996-жыл, октябрь*

## УЮШТУРГУЧ ЖЕТЕКЧИ, ИШ БИЛГИ ИНСАН

Ардагер Бакыга каалоом узак өмүр сүрүп, үй-бүлөсү менен бактылуу болушуна тилек билдирип, төмөнкү ыр саптарымды арнаймын.

Ардагер Бакы болгондо,
Алтымыш жашка толгондо
Бир шилтем сап тамаша,
Жазбасам болбос тоюнда.
Чымчылап жазган азилге
Капа болбос дилинде
Кир жака көйнөк кийбеген,
Үтүктөп үч маал каранып,
Галстугун түздөгөн.
Колуна алса комузду,
Залкар күүнү сүйлөткөн.
Майда-барат иштерге,
Аралашып кирбеген.
Баскан-турган жүрүмү,
Министрдей көрүнгөн.
Волганы минип чалкалап,
Орду менен сүйлөгөн.
Окууну бүтүп Бишкектен,
Орустар менен бир жүргөн.
Түндүктүн ызгаар суугунда.
Геолог да болуп иштеген.
Элине келип акыры,
МСОнун  ишин башкарган.
Гараж, кампа, сарайды.
Клуб, мектеп, бакчаны,
Чарбаларга курдуруп,
Белсемдүү жумуш бүткөргөн.
Эмгегиңди эл баалап,
Кадыр-баркка жеткирген.
Азыр да жатып албастан,
«Тунуктуз» аттуу фирманы,
Башкарып тескеп атасың.
Беш көлдүн тузун каздырып,
Мөл тузун сата баштадың.
Юбилейлик тоюңда,
Ийгилик сага каалларым.

Сын-сыпатың бузулбай,
Бөкчөйүп таяк кармабай,
Комуздун чертип капкагын,
Сезимин козгоп чалдардын.
Эрмек болуп жүрө бер,
Калкымдан чыккан шумкарсың.

*Замандаш иниң КОЖАЛИЕВ ЖАКШЫЛЫК,*
*октябрь, 1996-жыл.*

## БАКЫНЫН БАЙСАЛДУУ ЖОЛУ БААЛАНДЫ

### Куттуктоо

Урматтуу Баки Орокович!

Сизди 60 жаш кутман курагыңыз менен кызуу куттуктайбыз. Сиз райондогу курулуш ишин алгачкыдан болуп он беш жылга жакын жетектеп келгенсиз. Ошол сиз жетектеген жылдары райондо курулуш иштеринин кулачы кеңири жайылтылган. Өрөөндүн алыскы жана ички кыштоолоруна райондун экономикасын көтөргөн мал чарбасы үчүн, аны багып өстүрүшкөн малчылар үчүн жылуу короо-сарай, турак үйлөрдүн, талаа стандардын, мектептердин, административдик мекемелердин имараттарын курууга жетекчилик кылгансыз.

Курулуштагы иш билги, уюштургуч жөндөмдүү жетекчилик жасаганыңыз үчүн Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак Грамотасына татыктуу болгонсуз. Бирге иштешкен мезгилдерде биз сизден таалим-тарбия алдык, айрым кадрларды тарбиялап өстүрдүңүз.

Сиздин 60ка чыккан күнүңүздү кызуу куттуктап, мындан ары да узак өмүр жашап, ден соолугуңуз чың болуп, үй-бүлөңүзгө бакыт-таалай каалайбыз.

*1967–1983-жылдарда курулуш уюмунда*
*бирге иштешкен кесиптештериңиз.*

## ДАГЫ ДАЛАЙ АШУУЛАРДЫ АШЫҢЫЗ

Сый-урмат билгизген чакыруу кагаздагы «Алтымыш ашуу» деген сөз мени терең ойго салды. Чынында эле адамдын жашоосундагы ар бир өткөн жыл ашуу сыяктуу сезилет. Ымыркай

жана балалык кездеги өткөн өмүр белес-белес болуп, ырахат менен бейкапар гана жорголотуп өткөн өңдүү болсо, эр жеткен курактан баштап алдыда улам бийиктеген, чытырман токойлуу, тайгак жолдуу, ой-чуңкуру улам көбөйгөн ашуулар кездешет. Бакы аке аска-зоолуу, ак-мөңгүлүү далай ашууларды ашып, азыр анын эң залкары алтымышынчысын ашамын деп турат.

Эмне дейли. Мындай татаал жолдорду эптеп өтүп койбостон, эли жери үчүн кажыбай эмгектенип, ар бир өткөн белестерге из калтырып, өмүрүн бекер өткөрүп жүрбөгөн адамды билген бизге ушул эң кубанычтуу күндө өз пикирибизди айтып коюу парз эмеспи.

Мен Бакы Ороковичти он эки жыл ичиндеги ишибиздин чырмалышкан мезгилинде, кызматкер катары да, адам катары да даана тааный алгамын десем жаңылышпаймын. Он эки жыл дегеним мен партиялык аппаратта иштеп жүргөн мезгилимде, ал киши колхоздор аралык курулуш уюмун жетектеп, кызматташ болуп калганбыз. Бакы аке колхоз аралык курулуш уюмун аябай эле начарлап калганда кабыл алып, аны узак жылдар бою күрдөөлдүү башкарды. Ошол жылдары ар жылдын 1-январына карата райондун 125 миң кой-эчкиси болуп төлү менен жайында 165 миңге жетээр эле. Бодо мал менен жылкы ар бири 4 миңге чукулдап барган. Райондун элинин ушул негизги байлыгын сакташ үчүн канчалаган гана жылуу короо-сарайлар керек болду. Ошол муктаждыктар МСОнун күчү менен чукул жылдардын ичинде чечилип чарбалардын экономикалык өсүшүнө көзгө көрүнбөгөн, бирок абдан олуттуу салымдар кошулган. Мен ондогон сарайларды, кашарларды айтпай эле коёюн, кийинки жылдардагы чабандарга бардык шарты бар, кала берсе мончосу менен, бышырылган кыштан кашарлардын салына баштагандыгы эле иштин олуттуу жакшырганынын далили боло алат. Ал эми механизациялашылган уй сарайлар менен абдан кубаттуу эки тоют цехинин салынганы оңой-олтоң иш эмес.

Бакы Орокович жетектеген колхоздор аралык курулуш уюму жеке эле чарбалардын кызыкчылыгы үчүн иштебестен, кулачын кенен жайып, райондун социалдык-маданий өнүгүшүнө ири салымдарды кошууга карата багыт алган. Бул адам иштеген мезгил ичинде райондо бир нече мектептердин, бала бакчалардын имараттары, турак жай, мекемелердин административдик имараттары курулган. Булардын көпчүлүгү колхоздор аралык курулуш уюмуна тиешелүү милдеттер эмес болуучу. Ал саясий жетик, акылы тунук, ишкер адамдын гана колунан келмек. Себеби Бакы аке өз планына тиешеси жок объектилерди эл үчүн куруп

берүүгө багыттаган. Мен медик катары дагы бир белгилей кетерим райондун эли көптөгөн жылдар бою медициналык диагностикалык айрым изилдөөлөрдөн өксү болуп келген. Райондук ооруканада рентген кабинет жок болуп, бул албетте оорулууну текшерүүдө врачтарга чоң кедерги эле. Айрым органдардын жана коомчулуктун суроо-талабына бет маңдай туруп, Бакы Орокович эки жылдын ичинде талапка ылайыктуу, сапаттуу дубалдары бариттелген чоң рентген кабинет курду. Бул элдин саламаттыгын сактоо ишине көмөк көрсөтүү эмей эмне.

Ушундай олуттуу милдеттерин аткаруу учурундагы аска-зоолуу ашуулар да өкмөттүк сыйлыктарга, көпчүлүк алкоо, мактоолорго (мисалы, райондук Ардак тактадан МСО узак жылдар бою түшкөн жок) гана татыктуу болбостон, кээде тескерисинче, обу жок жемелөөлөргө, айрым карөзгөй партиялык жетекчи кызматкерлердин атайлап «кыңкы» издеп артынан сая түшкөн, аты мүдүрүлүп кете жаздаган учурларына да күбөмүн. Бирок мен ошол өткөн жылдардагы партиялык аппаратта иштеген кээ бир убактарда Бакы акени адилеттүүлүк менен, калыстык менен коргоого алган учурларым үчүн сыймыктанамын. Анткени район үчүн, эл үчүн бул адамдай кадрлар керек. Эгерде бул жалган деп, мунун баары курулай жараматтануу деп түшүнгөндөр болсо, ачыгын айтышсын.

Азыр кээде экөөбүз бирге жол тартып баратып, талкаланган кашарларды, түбүнө чейин омурулган сарайларды жана бузулган башка объектилерди көргөнүбүздө бул кишинин көзүнөн жаш кылгырса менин каңырыгым түтөйт. Адамдын жөндөмдүүлүгү татаал милдеттер жүктөлгөн мезгилде билинет экен. Бакы аке Каргалык селолук советинин төрагалыгын тапшыргандан кийин райондогу аты-заты жок оңдоо-курулуш башкармасы деген немени колуна алды. Же бир кетмен, чоту болсочу. Мына ушул мезгилдеги ал кишинин ишкердигин өзгөчө баалагым келет. Баамдасам, орусча айтканда нөлдөн баштады. Ага эч ким, эч бир уюм же орган жардам берген жок. Баягы райисполком, райком жардам берип кийлигишип, курулуш материалдарын, техникаларды, эмерек-чемеректерди түрткү болуп бөлдүрүп жана тарттырып келүү жокко эсе болуп калган. Мезгил талкалануу убагына жеткирип келаткан. Бирок ошол катаал мезгилде ар кандай жолду таап, тааныштары болобу, досторy болобу иши кылып РСУнун базасын өз алдынча аракеттенип, өжөрлүк менен түзгөнүнө таңым бар.

Анын сиңирген эмгектеринен дагы бир өзгөчө белгилей кете турганыбыз ал коомдук иштерге да активдүү катышуучу. Такай

райкомдун мүчөсү, райсоветтин депутаты, райондук жана облустук партиялык конференцияларга делегат болуп шайланып жүрдү. Адамдын саясий такшалуусунун кереги тийбей койбойт экен. Бул өзгөчө Тогузторону өз алдынча район катары сактап калуу боюнча кыймылдын демилгечиси болуп, анын башында турганда көрүндү. Эл арасында алигүнчө бүдөмүк түшүнүктөр бар. Топтоп адамдардын арасында эле Ошко бекер эле кошулуппуз. Нарында эле болсок болмок экен деген пикирлерди айткандар арбын. Бул маселени чечүүдө мен да активдүү катышкамын десем мактангандык эместир. Ошондуктан айтыш керек. Кеп Нарын облусун, тууган-туушкандарды, досторду чанып кетүүдө эмес, кеп районду эптеп сактап калуу жөнүндө болуп жатты. Себеби ошол кезде облустар, райондор ирилештириле баштады. Нарын облусун Ысыккөл облусуна, Тогузторону Акталаа районуна кошуп, борборлору облустуку Пржевальск шаары, райондуку Баетов кыштагы болсун деген долбоор – доклад Кыргыз ССР Министрлер Советинин председатали А. Жумагулов тарабынан Жогорку Советтин сессиясына киргизилген. Дагы кошулуппу? Эми справка, пенсия алуу үчүн да Акталаага самсыйбызбы? – деп эл ичи дүрбөлөң түштү. Ошондо буга кийлигишүүгө туура келди. Сүйлөшүлүп, Бакы Орокович башында турган демилгелүү топ уюшулду. РСУнун конторасын штаб кылып алдык. Топ кеңейе берди. Ошо кездеги мекеме башчыларынын, активдердин эсинде бардыр бул. Биз Бакы аке экөөбүз ошол кездеги Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин биринчи секретары А. Масалиевге кат даярдап, топко сунуш эттик. Борборго делегация жиберүүгө туура келди. Бул маселе боюнча курамында карыялар советинин төрагасы маркум Сатыбалдиев Таштемир, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими маркум Н. Е. Золотухина, Социалисттик Эмгектин Баатыры Бурулбүбү Турдубаева жана УОСтун алдыңкы булдозеристи Тилешов Автандилден турган делегация жиберилип, алар Масалиевге жолугушкан. Районду сактап калуу үчүн Ошко кошулуу идеясы чыккан, анткени кичинекей районду Сузакка кошууга мүмкүн эмес болуучу. Эгер район өз алдынча калса, ошондо деле, ойлоп көргүлөчү 700 километр Пржевальскиге барыш керекпи же 200 километр жакындыкта турган Ош шаарына барыш керекпи. Рыбачье шаары Ысыккөл облусунун кийинчереек борбору болбодубу. Анын үстүнө Ош облусу чоң, кудуреттүү болгондон районго таасирин тийгизмек жана тийгизе баштаган. Жол да бүткөрүлүп калбады беле. Тилекке каршы, Союз ыдырап кетпедиби. Ушул аргументтерди биз эле эмес, райондун мурдакы жетекчилери Корчубек Акназаров жана Карабай Жыргал-

беков да колдоп чыгышкан. Ошол кездеги партиянын райондук комитети да демилгелүү топко үндөш болуп, тикеден-тике турду. Андан соң Жогорку Советтин Председатели Т. Акматов келип жыйын өткөзүп, колго салды эле, маселе чечилди да калды. Туура, Ошко кошулганда өзгөчө кышкысын абдан эле, чоң кыйынчылыктар болду, ал кыйынчылыктар азыр деле бар. Талаш-тартыштар күчөп, референдум өткөргөнгө чейин бардык эле маселе ордунда калды.

Эми жыйынтыктай келгенде бул маселе эмне себептен экендигин алымдын жетишинче түшүндүрүүгө аракеттендим. Негизги максатым бул иштеги юбиляр Б. Ороковдун ролун белгилегим келген. Юбилярга узун өмүр, бала-чакасына, тууган-туушкандарына, эли-журтуна бакты-таалай каалар элем.

Чынында эл-жерибиз үчүн эмгек өтөгөн Ороков Бакы акеме окшогон ар бир инсанга өз баасын берүү биздин адамдык парызыбыз.

***КЫДЫРОВ ЖЭЭНТАЙ,***
***врач, партиялык кызматкер***

## БАЛДАРЫМ МЕНИН БАКЫТЫМ

Окурмандарга уулдарымдын, кыздарымдын, неберелеримдин аты-жөнүн жана алардын тек жайлары, алган билимдери жөнүндө маалымат бергим келет.

Балдарымдын эң улуусу Орокова Гүлнара Бакыевна – Куйбышевдеги – азыркы Самара шаарындагы В. И. Ленин атындагы медициналык институтту бүткөн. Учурда Бишкек шаарындагы ооруканада врач, өз кесибинде иштеп жүрөт. Күйөөсү Жумакадыров Эсенбек аскер кызматында, Кавказдагы Грозный шаарындагы жогорку аскердик окуу жайын бүткөн. Аскердик даражасы полковник, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин ички аскер бөлүгүндө кызмат өтөөдө.

Балдары: Элмира – орто мектепти алтын медаль менен бүтүп, Кыргыз-Россия славян университетинин эларалык байланыштар экономикасы адистигинде мыкты окуп жатат. Калган Шабдан, Назгүл, Искендер мектеп окуучулары.

Уулум Ороков Азизбек Бакыевич – 1963-жылы 10-апрелде Фрунзеде, азыркы Бишкек шаарында төрөлгөн. Тогузтородо орто мектепти бүтүп, 1985-жылы Фрунзе шаарындагы политехникалык институтун бүтүп тоо-инженер адистигин алган.

1996-жылы Москвадагы Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн алдындагы Эл чарба академиясын артыкчылык диплому менен

бүтүп ошол эле жылы диссертациясын ийгиликтүү жактап, экономика илимдеринин кандидаты.

Тогузтородо комсомолдун райондук комитетинин биринчи катчысы, «Макмалалтын» комбинатынын участканын, карьердин начальниги, 1993–1995-жылдары «Макмалалтын» комбинатынын башкы инженери, кийин Кыргызалтын мамлекеттик концернинин башкы адиси, 2001–2002-жылдары Кыргызнефтегаз акционердик коомунун вице-президенти, 2003-жылдан бери Кыргызнефтегаздын президенти болуп иштеп жатат. Өмүрлүк жолдошу Ибраимова Чолпон Асановна – Фрунзе политехникалык институтун бүтүргөн. Адистиги инженер-технолог. Балдары Асел – орто мектепти ийгиликтүү бүтүп, Кыргыз-Россия славян университетинде окуп жүрүп, азыр Лондондо Оксфорд университетинде билим алууда. Кызы Айсулуу, уулу Алымбек мектепте окушат. Эң кичүү кызы Алия үйдө апасынын тарбиясында чоңоюп жатат.

* * *

Орокова Чолпон Бакыевна – 26-май, 1968-жылы Фрунзе шаарында төрөлгөн. 1987-жылы Фрунзе политехникалык институтун бүтүп, эт-сүт өнөр жайынын инженер-технолог адистигин алган. Өмүрлүк жолдошу Орунбеков Бакыт – Москвадагы Ломоносов атындагы университеттин журналистика факультетин бүтүп, республикадагы «Асаба» гезитинин жооптуу катчысы, Жалалабаттагы «Акыйкат» жана «Фергана» гезитинин башкы редактору болуп иштеди. Азыр «Кыргыз туусу» гезитинин башкы редактору. Уулу Нурсултан, кызы Бегимай мектепте окушат.

* * *

Ороков Алмазбек Бакыевич – 20-июнь, 1973-жылы Казарманда төрөлгөн. Фрунзе политехникалык институтун бүтүп, инженер-механик адистигин алган. Өмүрлүк жолдошу Чидерова Алмаш – Фрунзедеги финансы академиясын бүтүрүп, экономист-финансист адистигин алган. Балдары Султан, Эмир мектепте.

* * *

Бакы кызы Баян (Орокова Баян Бакыевна) 2-июнь, 1991-жылы Казарманда төрөлгөн. Макмал орто мектебинде 6-класста окуйт, комуз чертүүнү үйрөнүп, Казарман музыкалык мектепте окуп, комуз чертип жүрөт.

Жубайым Мойдунова Кайрынса каза болгондон бир топ убакыт өткөндөн кийин Кайырдын бөлөсү Кыдыргычева Бүбүжамалга үйлөндүм. Андан бир кыздуу болуп, ал кызым Баян мектепте окуп жүрөт.

Бүбүжамал балдарыма апа катары баш-көз болуп, алар менен ынтымакта жашап жатат.

## ЭМГЕК ҮЗҮРҮ

*«Жашоонун маңызы-бул өзүн-өзү көрсөтүп, өзүнүн эмнеге жөндөмдүүлүгүн адамдарга таанытуу. Биз ушул үчүн жашайбыз».*

***Оскар Вайл***



Бакы аганын өмүр таржымалына сарэсеп салсак эң эле жөнөкөй. Эл катары орто мектепти аяктаган боз улан борбордо жогорку окуу жайларын эңсеп, ак эткенден так этип жүрүп, Бишкекке кете берет. Ал политехникалык институттун тоо инженери факультетинде айылдан баргандыктан орус тилинен кыйналып жүрүп окуду. Студенттик мезгил кандай өткөнүн билбей аракет кылсаң берекет дегендей жогорку билимге ээ болду. Алгач геология башкармалыгынын чалгындоо партияларында, анын аппаратында көп жылдар эмгектенип, Сарыжаз, Жерүй, Чаткал кен байлыктарын изилдөөгө активдүү катышкан.

1970-жылдары өзүнүн туулуп өскөн районуна келип, колхоздор аралык курулуш уюмунун төрагасы болуп иштеп калды. Ал жылдары район Акталаадан жаңы бөлүнүп, курулуш күчөп тургандан Бакы Орокович тыным албай эмгектенди. Мезгилдин талабына жооп берген, малды ордунда багып семиртүүчү жана сүт саап алуучу комплекстерди, Сарыбулуң, Көкжар, Колбоор, Долоно, Ийрисуу кыштоолорундагы кой-товар фермалары үчүн комплекстер, адистер үчүн үйлөр курулган. План-тапшырмаларды аткаргандыгы үчүн райондук Ардак тактада курулуш мекемесинин турушу, өтмө Кызыл тууларды канча жолу алышканын санап болбойт.

Бакы аганын райондун курулушуна кошкон зор салымы талыкпаган, кужурмөн эмгеги кеч болсо да бааланып, Кыргыз Республикасына «Эмгек сиңирген куруучу» наамына татыктуу болгондугу буга айкын далил эмеспи.

Мен Бакы ага менен райондун чарбаларында курулуш иштери күчөп жаткан учурда жакындан таанышып, экөөбүз

үзгүлтүксүз байланышып калдык. Анда мен партиянын райондук комитетинде уюштуруу бөлүмүнүн башчысы болуп иштөөчүмүн. 1980-жылдар болсо керек. Киров атындагы колхоздун Сарыбулуң кыштоосуна кой чарбасы үчүн чоң комплекс, тоют майдалоочу цех курулуп калды. Партиянын райкомунун биринчи катчысы Курманбек Абдразаков, колхоздун башкармасынын төрагасы Кутулдубек Тыйтаев аталган курулуштун ишин көрүп чыгышат. Андан кийин кеңсеге келген биринчи катчы мени орусча-кыргызча сөгүп, тилдеп кирсе болобу. Планировка жок, фундаменттин сапаты начар, устун, тирөөчтөрдүн байланышы начар, – деп эле уруша баштады. Эң алгач түшүнүңүз, андан кийин курулуш боюнча адистен сураңыз, билбей туруп эле уруша бересизби? – десем унчукпай калды. Бакы акеден кыйкым табалбай, аны кызматынан четтетүү ниетин көздөп жүргөнүн сезип калдым. Бирок бул жөнүндө Бакы агайга айтканым жок .

Кийин «Кызыл Жылдыз» колхозунун Айрыташ участкасына кой кыркуу пунктун куруу башталды. Анда биринчи катчы курулушту 1-июнга чейин бүткөрүүнү талап кылды. Ороковду чакыртып мен электр линиясын жеткиремин, сен пунктту куруп бүтөсүң деди. Эгер кыркуу пунктунун курулушу бүтпөсө маселе бюродо каралмак. Бирок бул «мелдеште» Бакы ага утуп 1-июнга чейин курулушту бүткөрдү. Электр линиясы 10–15 күнгө кеч бүткөндөн Абдразаков «жеңилип калды». Ал өзү да Бакы агага ыраазы болуп, ушундан баштап экөө жакшы мамиледе жүрдү. Айрым учурда жогорку бийликтегилерден аны «коргоп» да жүрдү. Мен бул боюнча бир эпизодду айта кетейин. Ленин атындагы колхоздун Карачий участогуна райондо эң чоң кубаттуулуктагы тоют цехи курула баштаган.

Аны обкомдун экинчи катчысы Долгополов Иван Афанасьевич, облустук курулуш башкармасынын жетекчиси Мамбеталиев, облисполкомдун курулуш боюнча орунбасары Шаршеке Элчибаев келип көрүп калышты. Иш эмне токтоп турат деп сураса, обкомдун экинчи катчысына, облустук МСОнун төрагасы Мамбеталиев: «Ороковдун күнөөсү, айтсаң сөз укпайт, кызмат абалын кароо керек», – деп жамандайт. Анда эртең райкомдун бюросуна маселени киргизгиле, жооп берсин, – дейт Долгополов. Бюродо облустук жетекчилик Ороковду бошотууну сунуштайт. Бирок облисполкомдун орунбасары Элчибаев курулуштун кечеңдешине көп жооптуу кызматкерлер, анын ичинде облкурулуш уюмунун жетекчиси Мамбеталиевдин да чоң күнөөсү бар экендигин далилдеп сүйлөдү. Ороковду кызматтан алуу эрте, бул маселени талкуу менен чектелсек жетиштүү деген сунушун киргизди. Ал эми райком-

дун катчысы К. Абдразаков бизге кадр керек. Мен иштешем, айтылган тапшырмалар, пландаштырылган курулуштар өз убагында бүтүп жатат», –деп кесе айтты. Чынында К. Абдразаков ишти туура баалаган, мыкты жетекчи эле.

Бакы ага 50 жылдан ашык жетекчилик кызматта иштеп келсе да орчундуу кемчиликтерди кетирген жок. Айталы МСО – бул чоң курулуш уюмунда жетпей калуу, ашык эсептөө, жеп-ичүү фактыларына жол бербегенин 40 жылдан ашык партиялык жана советтик кызматтарда иштеп жүрүп угалбадым. Демек, бул кишинин өз ишине кайдыгер карабастыгын далилдейт.

Каргалык айылдык Советинде төрага болуп иштеп калат. Өмүр бою чарбалык жетекчи кызматтарда жүрүп, советтик кызматка көналбай бир жылга чукул иштеп калган мезгил. Министрлер Советинин аппаратынан Черкасов Анатолий Васильевич деген жигит Каргалык айылдык советинде болуп, кагаз ишиндеги кемчиликтеринен кыйкым таап, райкомдун биринчи катчысы Кайып Калназаровго жамандайт. Араң турган К. Калназаров кызматтан бошотуп коёт. Ушундан кийин мен Бакы аганын алдына максатты туура коё билген, аны ишке ашыруу үчүн өжөрлүк менен аракеттенген, кандай гана даражадагы адам болсун анын көңүлүн таап, кызмат бербей койгондон кийин өз аракети менен Борбордук Комитеттин, Министрлер Советинин ж. б. тийиштүү министрликтердин эшигинен кетпей жүрүп, районго РСУ уюштуруп келгенине баа берем. Жок нерседен бар кылгандай эле болду десем жаңылышпайм.

1986-жылдан баштап, 1993-жылга чейин райондогу оңдоо-курулуш участогун уюштурду. Элди иш менен камсыз кылып, жылына мектептердин, мектепке чейинки жана маданият, саламаттыкты сактоо мекемелерин оңдоого 1,5 миллион сомго чейин жумуштарды бүткөрүп турган. Бир жыл ичинде эле РСУнун базасын түзүп, чоң кубаттуулуктагы тактай тилүүчү агрегаттарды иштетип, андан каалга, терезе ж.б. эл керектөөчү товарларды чыгаруучу цех уюштуруп, анын иш ыргагын үзгүлтүккө учуратпай иштетип турууга жетишкен.

Бакы аганын замандын өзгөргөнүнө байланыштуу турмуштун агымына карай кадам таштаган, базар экономикасынын мыйзамын түшүнө билген адам катары билсе болот. Өкмөт тарабынан бир нече миллион кредит алып, ага техника шаймандарын сатып келип, Кыргызстандагы эң бай «Бешкөл» туз кенин иштеткенге киришип, «Тунук» фирмасын түзүп, аны жетектеп келе жатат. Акталаа, Сузак райондорун жана айлыбыздын фермерлерин, жеке менчик ээлерин, айрыкча «Макмалал-

тын» комбинатын туз менен камсыз кылууда. Максаты келечекте тузду өнөр жайлык негизде кайра иштете турган чакан ишкана куруп, керек болсо чет өлкөлөргө чейин кадам таштоонун үстүндө эмгектенип келүүдө.

Бакы ага райондо чыгармачыл жаштардын башын бириктирди. Анын бирден бир уюштуруучусу болуп, ар тараптуу багыттагы чыгармачыл топтордун фондусу түзүлүп, анын төрагасынын орунбасары ишин алып барат. 2001-жылы Тогузторо районунун 65 жылдыгына арналган чыгармачыл инсандардын жыйнагы чыгарылганы далилдүү мисал. Бул чыгармачыл ишти уюштурууга залкарлардын ырларын аткарып, күүлөрүн чертип жүргөнү түрткү болду го деп ойлоймун.

Бакы ага геолог катары жаратылыш маселесине да терең карап, аны коргоого жана сакталышына өтө маани берет. Ал кезде райкомдун өкүлү деп колхоз-совхоздордун айыл чарба жумуштары кызуу жүрүп турган мезгилде жумалап, айлап жөнөтө берүүчү. Экөөбүздү Атай аарычылык совхозунун Көкдөбө жайлоосуна жөнөтүштү. Жайлоого бара жаткан жолдо ар бир ташка мүнөздөмө берип, анын аталышы, жаралышы, түсү ж.б. толуп жаткан маалыматтарды божурап, булак суулары жөнүндө, гүл жайнаган чөптөрдүн дарылык керемети жана анын пайдасы, аларды сактоо, коргоо керектигин саймедиреп айтып барганы эсимде. Сөз соңунда бар бол, Бакы аке! Эмгек үзүрүн көрө бер! – демекпиз.

***МОЛДОБЕК ЭПЕЕВ,***
***Кыргыз Республикасынын билим берүү отличниги***

## МЕН СЫЙЛАГАН АДАМ



Мен Бакы Сроковичти 1972-жылы мугалим болуп иштей баштагандан жыл сайын мугалимдердин август конференциясында көрүп жүрдүм.

1975-жылы Казармандагы Ленин атындагы орто мектепке окуу бөлүмүнүн башчысы болуп которулуп келгенде, кийин райондук элге билим берүү бөлүмүндө инспектор жана партиянын Тогузторо райкомунда иштеп жүргөндө мурункудан жакшы биле баштадым.

Бакы Орокович жөнүндө элден ар кандай пикирлерди угуп жүрдүм. Биреөлөр таза, тырышчаак дешсе, экинчилери эч нерсени жактырбаган, башкаларды теңсинбеген, кырс адам деп айтышчу.

Көрсө, кырс эмес, ишке так, шашылбаган, маселени үстүртөн чечкенди жактырбаган, ар бир ишти талдап, кынтыксыз чечкен адаты бар сөзүнө бек турган, бир сырдуу, принципиалдуу, талапты өзүнө да, башкаларга да объективдүү туура, катуу койгон адам экен.

Ошону менен бирге өзүнө жүктөлгөн чарбалык, мамлекеттик кызмат тапшырмаларды адал аткарган, мен муну жасадым, мен аткардым деп көтөрө чаппай райондун экономикалык, социалдык, маданий өнүгүшүнө өз салымын кошкон инсан.

Райондогу бардык курулуш объектилеринин ишине катышты. Тоолуу районубузга курулуш тармагын өнүктүрүүгө өз салымын арбын кошконун айтпай коё албайбыз.

Өзү жетектеген МСОнун күчү менен 125 миңден ашык койго типтүү короо-сарайларды бардык шарты менен курса, бодо малга механизациялашкан уй сарайларды, 5 мектепти, бала бакчаларды, тегирмен, 5 миң чарчы метр турак жай, турмуш тиричилик жактан тейлөө үйлөрүн, айылдык кеңештердин, колхоздордун административдик имараттарын куруп бүткөрдү.

Ал жетектеген курулуш уюм райондук Ардак тактада узак жылдар бою турганы ийгиликтүү иштин натыйжасы.

1974-жылы Ороков Бакы аке Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин Ардак Грамотасы менен сыйланган.

Кийин райондо оңдоо-курулуш уюмун (РСУ) түзүп социалдык объектилерди оңдоону өз колуна алып, аны бир топ жыл жетектеп келди.

Кызматын өз кызыкчылыгына пайдаланбай, өзүн таза алып жүргөнү мага жакчу. Айрым көп жыл иштеген жетекчилер ичип-жеп, партиядан чыгып, кызматтарынан бошогондорун далай эле көрдүм.

Курулуш ишиндеги айрым кемчиликтер боюнча арыз түшүп текшерилип, райкомдун бюросунда каралып жүрдү. Арызда көрсөтүлгөн бир да факты далилденген жок.

Жогорку кызматчыларга жагынуу менен мамиле жасаганын көрбөдүм. Азыр ойлосом жагынбай чындыкты айткандан, жетекчилерге жакпай кичине эле кемчилик боло калса же арыз түшсө бюрого алып келип карай берүшчү экен. Калп айтканды, ыпластыкты, туруксуздукту, кошоматчылыкты жек көргөн адам.

Бакы Орокович өзгөчө райондун келечегине кам көрүп, тажрыйбасын, мүмкүнчүлүгүн жумшап келген, дагы эле жумшай

берерине көзүм жетет. Тогузторону өз алдынча район кылып калууга салымын кошуп, биринчи демилгечи экени менин эсимде жакшы сакталып калды.

1987-жылы облустарды, райондорду ирилештирүү башталды. Түзүлгөн планда Нарын облусун, Ысыккөл облусуна, Тогузторо районун Акталаа районуна кошуу каралган. Бул жерде Тогузторонун райондук статусун сактап калуу негизги маселе катары коюлду.

Бирок чындыкты айтуу керек, райондук интеллигенция кадрларды кызматка жайгаштыруу боюнча Нарын облустук бийлигине нараазылыгы өтө көп болучу. Партиянын райондук комитетинде иштеген катчылардын үчөө тең, эки бөлүм башчысы, жооптуу кызматкерлери, аткаруу комитетинин төрагасы, орунбасары, бөлүм башчылары, райондо 5 чарба болсо, 4нүн төрагасы, мекеме ишканалардын жетекчилеринин 70 пайызы башка аймактан келгендер эле.

Мындан сырткары эт планын толтурууга жыл сайын жеке адамдардын малын келишим менен ала берүү да элдин нааразылыгын пайда кылып, Нарын облусуна терс мамиле түзүлүп калган.

Ушундай кырдаалда Бакы Ороковичтин райондун статусун сактап калуу, Ысыккөлгө караганда, Ошко кошулуу жагы ыңгайлуу экендиги жөнүндөгү демилгеси элдин колдоосуна ээ болду.

Кыргыз Республикасынын жетекчилерине маселе коюуну, эгерде оң чечилбесе КПСС БКга жана СССР Министрлер Советине чейин делегация менен барууну сунуштаганда райондун активи колдоп кетти.

Бул маселе боюнча курамында Социалисттик Эмгектин Баатыры Бурулбү Турдубаева, карыя Таштемир Сатыбалдиев, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими Н. Е. Золотухина курамында турган делегация Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин биринчи катчысы А. Масалиев ж. б. жетекчилерге жолугуп келишкен. Бул миссия районду сактап калып, Ош облусуна кошулууда чоң рол ойноду.

Бакы аке түзүлгөн кырдаалды убагында сезип, элди артынан ээрчите алды. Мындай абалга баа берүү ар кимдин эле колунан келе бербейт. Ал түгүл райондук жетекчилердин да мүмкүнчүлүктөрү жетпей калган учурлар жок эмес.

Районго Жогорку Советтин төрагасы Т. Акматов келип, райондун эли менен жолугушту, ушундан кийин маселе оң чечилди да калды. Андан соң Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы А. Масалиев, Ош обкомунун биринчи катчысы Р. С. Кульматов келип жолугушууларды өткөрүштү. Менин эсимде калганы рай-

ондун эт планын толтуруу үчүн элдин менчик малын алуудагы наарazылыгын билдиргенде Р. Кульматов райондун эт планы Ош облусунун бир колхозунун планына барабар экен, облус райондон эт албай койсо деле болот дегени эсимде. Чындыгын айтканда союз жоюлганга чейин элдин малы алынган жок.

Тогузторо районунун Ош, Нарын, Жалалабат облустарына кошулушу жөнүндөгү маселе 1988-жылдын октябрынан ушул күнгө чейин козголуп келе жатат. Мен, райкеңештин төрагасы болуп иштеген мезгилде Нарындык туугандар көп аракеттерди жасап келишти. Жогорку бийликтерге райондун тургундары да кайрылуу жазып жооп беришти. Бул жерде илгертен бирге келген Нарындык туугандарды чануу эмес, кеп районду сактап калуу эле. Акыры 1991-жылдын 17-мартында райондо референдум өткөрүлүп Жалалабат облусуна кошулууну элдин 75,7 пайызы, Нарын облусуна кошулууну 22 пайызы жактап чыгышты.

Бакы Орокович турмуштук тажрыйбасын, билимин өз районунун эли үчүн жумшаган адал кызматын, элдин-жердин тагдырына күйгөн киши катары жогорудагы иштеринин негизинде баса белгилегим келет.

Кээ бир адамдар сыяктуу баррикаданын ары жагына же бери жагына өтө качкан жок. Бирде Жалалабат, бирде Нарын деп эки сөздүү болбой, өз пикири, өз багыты бар эрктүү инсан экендигин көрсөттү. Мен билгенден Бакы аке байлыкка, бийликке манчыркабайт. Чындыкты бетке айтат. Ушул күнгө чейин Президентке, Жогорку Кеңешке, жергиликтүү кеңештерге шайлоо болгондо республикадан, облустан кызмат адамдары, тааныштары, достору же туугандары муну, тигини колдоп, элди үндөп бер деген өтүнүчтөрүнө, ар бир талапкердин жөндөмдүүлүгүнө жараша пикирин ачык айтат.

Өзү талапкер болуп калса, эл аралап колдоп коюуну сурабайт. Досторунан, туугандарынан жана башкалардан колдоону өтүнбөйт. Мени ишим боюнча билгендер, баалагандар өз иши дегенин угуп жүрөм. Мени эл сыйлайт, колумдан келет деп башкаларга окшоп чуркаганын көргөн жокмун.

Тааныштарын, досторун, туугандарын, куда-сөөктөрүн кызмат маселесине аралаштырбай мамиле түзө билгендиги мага жагат.

Бул кишинин принципиалдуулугу, билимдүүлүгү, көз карашына бекем турганы, ар кимдин сөзүнө кирип ээрчип кетпегендиги боюнча райондун интеллигенттеринен айырмаланып турат десем жаңылышпайм.

Бакы Орокович райондун бардык тармактарына көңүл бурган, көңүлүнөн чыгарбаган адам. Мен 1997-жылы Кыргыз Рес-

публикасынын Өкмөтүнө чейин барып, кабыл алууда болгондон кийин бул оюмдун туура экендигине толук ишендим.

1996–1997-жылдары райондугу жана «Макмалалтын» комбинатында түзүлгөн абал жөнүндө Райондук кеңештин депутаттары сессиянын атынан Президентке, Өкмөткө, Жогорку Кеңешке үч жолу кайрылуу жиберишкен. Бирок «Кыргызалтын» концернине аткаруу үчүн жиберилди деген гана жооптор алынды.

1997-жылы 9-августа райондо элдик жыйын өткөрүлүп, жыйындын атынан Жогорку бийлик органдарына кайрадан кайрылуу жиберилген.

Кайрылууда райондун алыстыгы, климат шарты оор райондордун катарына кошуп эмгек акыга 1,45 райондук коэффициент кошумча төлөөнү киргизүүнү, «Макмалалтын» комбинатына келечекте көңүл бурууну, каражаттын жетишсиздигинен жумушсуздардын саны арбып, жумушчулар жашаган «Нуржайык» шаарчасындагы жылуулуктун жоктугу, зыяндуу калдыктардын бөлүнүшүнөн элдин ден соолугуна терс таасирин тийгизип жаткандыгы, райондогу банктагы эсеп счетторун жаап Бишкекке алып кеткендиги, алтындын аффинаждалышы, таза суунун жетишсиздиги, жолдордун, аба каттамдарынын абалы айтылып, булардын чукул арада туура чечилиши суралган. Ошондой эле негизги маселелердин бири «Макмалалтын» комбинатынын каражат жок деген шылтоо менен районго жардам берүүгө көңүл бөлбөй жаткандыгы көрсөтүлгөн. Ушул кайрылуудан кийин көп өтпөй Өкмөткө чакырылып калдык.

Элдин атынан райкеңештин төрагасы, мени, карыялардын атынан Бакы Орокович, райгезиттин редактору С.Көчөрбаев, салык инспекциясынын башчысы Жусубакун уулу Аруун болуп барууну макулдаштык. Булар район жөнүндө маалыматтарды жакшы билген, мурун партиялык, советтик, чарбалык иштерде иштеп абройлуу кызматкерлер эле.

Биз Өкмөттө социалдык маселелер боюнча бөлүмүндө болдук. Эртеси Вице-премьер министр М. К. Жангарачеванын кабыл алуусунда боло тургандыгыбыз эскертилди.

Кабыл алууга биздин райондун эли койгон маселелер боюнча тийиштүү министрликтердин жетекчилери жана «Кыргызалтын» концернинин президентинин орунбасары Алмаз Жакыпов катышты.

М. К. Жангарачева сүйлөшүүгө келген Министрликтин өкүлдөрүнө ыраазылыгын билдерген соң бири-бириңерди жамандап, урушат го деп ойлогом, андай эмес экен. Чырылдашпай эле көп маселенин чечилгенин айтып, тийиштүү министрликтерге көрсөтмө берди.

Калган маселелер Премьер-министрде чечилет. Сиздерди А. Жумагуловго киргизип, элдин калган суроо, талаптарын биротоло чечүүгө аракеттенерине убада берип таратты.

Премьер-министрдин кабыл алуусунда министрлер Н. Касиев, Ж. Сатыбалдиев, Абдурехменова, Т. Муратов ж. б. болушту.

А. Жумагулов аба каттам, суу түтүкчөлөр, бюджет, районго комплекстүү медициналык комиссия жиберүү боюнча маселелерди чечип берди. Катышкан министрлер бир оездон Тогузторого берилип жаткан жардамдар, мындан ары кандай жардам боло турганын айтып чыгышты. Айлык, пенсия, жөлөкпул маселелери чечилген жок. Коэффициентти чечүү жагын карооѓо макулдаштык. Бул маселелер боюнча Өкмөттүн токтому кабыл алынып, кийин алар толугу менен аткарылды. «Кыргызалтын» мамлекеттик концерни боюнча пикир келишпестиктерди айтпай коюуга болбойт.

Бакы Орокович премьерге кайрылып, коюлган маселелердин чечилгенине ыраазычылык билгизди.

Премьер-министр министрлерге көрсөтүлгөндөрдү аткарууну тапшырды. Бизге ийгилик каалап, кош айтыштык.

Биз өкмөт үйүнөн көнүлдүү чыктык. Күн кыска, кеч кирип калыптыр. «Алатоо» аянтындабыз.

Негизги маселе коэффицент боюнча бюджетте тургандар, пенсия, жөлөкпул алгандардын жалпы санын, 1,45 коэффициентти кошкондо канча каражат болорунан так маалымат албаганыма наarазы болуп келатам. А. Жакыпов Бакы аке айткан кеңешти эске албай, биз менен доолашып Премьерден тил укканын ойлоп, Бакы Ороковичтин кыраакылыгына, тапкычтыгына баардык тармактарга көзү жеткендигине өз ичимден ыраазылык баа берип келе жатып тигилерден узап кетиптирмин.

Ушундан кийин экөөбүздүн ортобузда жаш боюнча көп айырмага карабай туура түшүнүшүү пайда болду. Көз караштар көп маселелер боюнча бирдей чыгышы да бизди жакындаштырды. Ал кишинин көп маселелер боюнча мурда айткандары, кийин турмушта туура келгендиги мени таң калтырат.

Дагы бир артыкчылыгы, бирөөдөн сөз угуп, билимдүү адам же саясатчы катары өздөрүн көрсөткөндөрдү жактырбай, өз алдынча ой жүгүртүп, жеке өзүнүн көз каранды эмес пикири бар адамдар менен маектешкенди жактыра турганы.

Эске тутуму эң күчтүү. Бала кезинде бирге окугандардын, окуткан мугалимдердин аттарын, кайсыл жерде кимдер менен жолукkандарын, сүйлөшкөндөрүн толук эстеп, иштеген мезгилиндеги курулуш ишиндеги план-тапшырмаларын, цифрала-

рын, маалыматтарды арадан көп жылдар өтсө да окуялуу сүрөттөп айтып бергени өзгөчө касиет.

Райондо мурда иштеген улуу муундагы адамдар жөнүндө көп билет. Унутпагыла балдар деп, алардын эмгектерин, иштерин жакшы жактарын аш-тойлордо эл чогулган жерлерде айтып жүрөт. Карыялык калыс айткандары ушул жашка жетип, жаштарга насаат, акыл айткан карыяны ойлонуп кетем.

Үй-бүлөсүндө камкор ата, уул-кыздарын бүт окутуп, билим алуусуна шарт түзүп, иштетип, турмуштан жолдорун таап берип койгон. Азыр да аларга оорчулук келтирбестен, аларга кам көрүп турат. Аларга тарбиялап чоңойттум, эми мени баккыла деп милдет кылбайт. Бакы Ороковичтин райондун элине кадыр-баркы сиңген инсан экендиги 60 жашка чыккандагы тоюнда дагы бир ирээт күбө болдук. Бардык айылдардан өкүлдөр келип куттукташты.

Тойду мен ачып бердим. Райакимдин биринчи орунбасары Чекиев Тынчтыкбек башкарды. Биз макулдашкандай той уюшкандыкта жакшы өттү.

Ар бир адам баласы элге эмгек сиңирип, из калтырууну ойлойт. Бул багытта Бакы Ороковичтин районго жасаган эмгеги зор. Анын жетекчилигинде райондо көп курулуштар бүткөрүлдү. Өмүрүн, тагдырына жараша, талыкпаган эмгегин, кажыбас кайратын райондо курулуш тармагын өнүктүрүүгө жумшады.

Басып өткөн жолуңуз кийинки муундарга, адистерге, жетекчилерге өрнөк, үлгү болуп кала берсин.

Бар болуңуз, Бакы аке.

***МАСИРОВ ШАКИРЕТ,***
***Тогузторо райондук кеңешинин мурдагы төрагасы,***
***Жалалабат облкеңештин депутаты.***

## УРМАТТУУ БАКЫ ОРОКОВИЧ!

Сизди ардагерлердин катарына кошулган кутман курак жашыңыз менен куттуктаймын. Уул-кыздын урматын көрүп, үйбүлөңүз менен бактылуу жашап, узак өмүр сүрүүңүзгө тилектештигимди билдирип, төмөндөгү ыр саптарымды өзүңүзгө арнаймын.

Президенттин жарлыгы менен макталып,
Эмгек сиңирген куруучуну алдыңыз.
Артыңызга чоң иш калтырып, даңкталып,
Бакы куда энциклопедияга жазылдыңыз.

Чагылгандай чартылдайсыз от болуп,
Элиң үчүн кээде жалын, кээде күйүп чок болуп.
Тирүүлүктө баскан жолуңуз жаркырап,
Элиңизге Бакай ата, Манас болуп.

Отко күйбөй, суугa салса чөкпөстөн,
Чыдадыңыз суук көздөн сак болуп.
Адамдыктын асыл сапатын көрсөтүп,
Тайманбастан аны айтып аалам болуп.

Райондун кээде жүзү болуп көрүнүп,
Элиңизге жаркыраган шоола болуп төгүлүп.
Тагдыр өзү таразалайт тура адамга,
Мына минтип ак эмгек ишиңизден көрүнүп.

Көп жүрөм жакшылыкта сиз менен,
Чынында сын айталбайм сөз менен.
Адамдык касиетиңиз бир башка,

«Ороков» деп жаралгансың теңирден.
Сиздей адам элибизде көп болуп,
Турмушунда ак эмгектен көрүнүп.
Адамдардан жаңылгандар көп болот,
Түз жүрөм деп даңгыр жолдон адашып.

Бакы куда! Баары сиздин колуңда,
Каалаганыңыз күтүп турат жолуңда.
Азиз, Алмаз балдарың турганда шаңданып,
Жүрө бер куда, тууган, достун башында.

Мартабаңыз алыс кетсин кулачтап,
Адамдыктын асыл салтын улантып.
Акыл менен насаат айтып элиңе,
Жүрүңүз атажуртту, тууган элди кубантып.

*Кудаңыз ОРОКБАЕВ ТААЛАЙ ,*
*Казарман айылы*

## АК ЭМГЕКТИН БААЛАНЫШЫ

Курулуш ишинде баш-аягы 30 жылдай эмгектендим. Кандай иштеп, эмнелерди бүткөргөнүм тууралуу жогоруда баяндап бердим. Жетишкен ийгиликтерим үчүн 1974-жылы Кыргыз ССР

Жогорку Советинин Ардак Грамотасы, 1988-жылы Эмгек ардагери медалы менен сыйландым.

Узак жылдар бою райондун экономикасын көтөрүүдө курулуш ишиндеги кошкон салымымды баалап, республиканын курулушчуларынын кесиптик майрам күнүнө Кыргыз Республикасынын Президентинин 2003-жылдын 4-августунда «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген курулучусу» деген ардактуу наам берилди мага.

Сыйлыктар филармониянын залында Кыргыз Республикасынын курулушчулар күнүнө арналган салтанаттуу жыйында Кыргыз Республикасынын Премьер-министри Н. Т. Танаев тапшырды. Сыйлык алгандардын дээрлик көпчүлүгү жаштар экен. Алардын арасында улгайган, 60тан ашкан эң улуусу мен экенимди байкадым.

Салтанаттуу жыйындан соң филармониянын башка залында Өкмөттүк атайын кабыл алуу аземи болду. Ага ошол күнү сыйлык алган жолдоштор, Кыргыз Өкмөтүнүн мүчөлөрү, республиканын курулуш тармагынын мурдагы министрлери, жетекчилери, жогорку мамлекеттик сыйлыктары бар курулушчулар жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары катышты.

Жогорку Кеңештин депутаты Ишенбай Кадырбеков ордунан туруп келип: «Мен сизди таанып турам». 1984-жылы Казармандын Генпланын кайрадан иштеп чыккан долбоорду талкуулаганда сиз менен таанышканда райондун курулуш тармагында сиңирген эмгегиңизден кабардар элем. Сиз ошондо эле ушул наамды ала турган болчусуз. Бүгүн жаштардын арасында алып атканыңыз кеч болсо дагы жакшы. Сыйлыгыңыз кут болсун. Бул ардактуу наам издеп жүрүп татыктуу ээсин тапты», – деп тост көтөрүп куттуктаса, Фукалов айтат: «Бакы Орокович, сиз бул наамды илгери 1970–1980-жылдардагы МСОдо иштеген эмгегиңиздин жыйынтыгы менен берилиш керек эле. Лучше поздно чем никогда» – деп кошумчалады. Турак жай, коммуналдык чарбанын мурунку министри Н. Н. Васильченко, Госпландын курулуш боюнча жооптуу кызматкери, мурунку Кыргызколхозкурулуш бирикмесинин бөлүм башчысы Фукалов Алексей Иванович, республиканын курулуш уюмдарында жана Госпландын жооптуу кызматкери Шакиралиев Жеңишбек каалоотилектерин айтышты, эмгегимди объективдүү баалашып айткандары үчүн бул жолдошторго чоң ыраазычылык.

Тогузтородо райондук аткаруу комитетинин бир топ жылдар бою жемиштүү жетектеп, курулушта биргелешип иштеген Төлөбек Өмүралиевдин мени ардактуу наам менен кучактап, ак

дилинен куттуктаганына айрыкча кубанганымды белгилеп кетким келет.

## СЫЙЛЫКТЫ КУТТУКТООЛОР

Районубуздагы белгилүү аттулдардын бири Бакы Ороковду өлкөбүздүн аймагындагы таанып билгендер, жакшы санаалаш курбалдары, куда-сөөктөрү аны «Эмгек сиңирген куруучу» деген ардактуу наамы менен бирге Жалалабат облусунун жаңы чыккан энциклопедиясына жазылганын куттуктап жатышат. Алардын айрымдарынан газетабыздан орун беребиз.

**Урматтуу Бакы!**

Айтылуу «Алтын чөйчөк» жергесинде туулуп-өсүп, мезгил багытына кадам таштап, эл-жериң үчүн талыкпай кызмат өтөп жүрүп, акыры «Эмгек сиңирген куруучу» деген наам алып, облустук энциклопедияга жазылуу менен тарых барагына кирип калганыңызды чын дилимден куттуктайм.

Мен сага ден соолугуңдун чың болушу менен бирге балдарыңдын урмат-сыйын көрүп, бакыбат жашооңдун улана беришин каалайм!

***Т. АБДЫЛДАБЕКОВ,***
***Кыргыз Республикасынын***
***Журналисттер кошунунун мүчөсү***

## СЫЙЛЫГЫНА СЫЙМЫКТАНАМ

Адам баласы жаралгандан бери эмгектенип келет. Анын биринчи максат милдети тиричиликти камсыз кылуу үчүн эмгектенүү. «Эмгек адамды жаратканз» деген Ф. Энгельстин олуя сөзү бар эмеспи. Жакшынын шарапаты, дегендей чыныгы ак эмгек адамдын өзүнө гана эмес, жалпы элге бүтүндөй коомчулукка пайдалуу. Өз жанын багалбай жүргөндөр деле бар эмеспи.

Жакында жердешибиз Бакы Ороковдун элге кылган көп жылдык эмгеги адилеттүүлүк менен бааланып, «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген куруучусу» наамын алды. Президенттин указы менен чыгып, колу коюлган бул наамдын күбөлүгүн Бишкектеги салтанаттуу чогулушта Премьер-министр Н. Танаев өз колу менен тапшырыптыр. Б. Ороковдун бул наамы райондогу ар бир ак-ниет адамды сыймыктандырбай койбойт.

Мен аны менен көп жыл бирге иштедим десем жаңылбаймын. Себеби ал колхоз аралык курулуш уюмунун төрагасы болуп иштеген жылдары мен партиянын райондук комитетинде 12 жыл жетекчи орундарында иштөөчүмүн. Демек, бардык чарба мекемелер менен бирге МСОнун да бүтүндөй иши райондук жетекчи органдардын көз алдында турганы кимге болсо да түшүнүктүү. Бул наамга кандай эмгеги үчүн жеткендиги айрым адамдарга, өзгөчө жаштарга анчейин түшүнүксүз, бүдөмүк чыгаар.

Кийинки муун чынында улуу муундун жасаган эмгегине күбөдөр эмес да.

Ошондуктан Бакы Ороковичтин бул наамын кызуу куттуктап, аны жакшы билген, бирге иштеген замандашы катары анын эмгеги жөнүндө учкай айта кетүүнү эп көрдүм. Унчукпай калууга акым жоктой сезип турам.

1970-жылга чейин МСОнун иши начарлагандан начарлап кеткен эле. Пленумдарда, бюролордо анын жетекчилиги катуу сынга алынып жүрүп, 1970-жылы март айында кызмат орду Б. Ороков менен алмаштырылган. Кыска мөөнөттүн ичинде МСОнун иши жакшыра баштады. Бүтүндөй 10 жыл ичинде анын жетекчилиги менен МСО кандай деңгээлдеги ишти аткарганын төмөндөгү маалыматтар менен далилдей алам.

Бул жылдары МСО мал чарбачылыгын өнүктүрүүгө аябаган чоң салым кошкон. Же ар бири 600 баштык кой сарайларынан 192 сарай чабан үйлөрү менен кошо курулуп, 3 жерге ири комплекстер түшкөн. Ал комплекстер Киров атындагы колхоздун Сарыбулуң участкасында, Атай совхозунун Көкжар жана Ленин атындагы колхоздун Карачий, Жайылма участкаларында жайгашкан. Ар бири 200 баш уйга эсептелген эки сүт өндүрүүчү уй сарайлары толук механизацияланып бүткөрүлгөн. Нарын облусу боюнча биринчи болуп Ленин атындагы колхоздун аймагына кубаттуу-вальцовой тегирмен курулган. Ленин жана Атай чарбаларына бирден тоют цех, бардык 4 чарбага бирден талаа стандары курулган.

Бул сарайларда миңдеген кой-эчкилер, уйлар багылып, төлдөтүлүп, тоют цехтерден сапаттуу тоют өндүрүлүп, талаа стандарында дыйкандар эс алып, тамактанышып, жайгашып дегендей шарттар түзүлгөндүктөн райондун экономикасын өстүрүүгө аябаган чоң көмөк болгон. Бул албетте чоң эмгек, чоң салым. Жогорудагы айтылгандар айыл чарбасын өнүктүрүүгө багытталды дейли.

Эми мындан сырткары көптөгөн социалдык-маданий объектилеринин курулганын айтпай кетүүгө болбойт.

Райондо ар бири 504 орундуу (жалпы 2520) 6 мектеп салынган. Алардын ичинде биздин Четбулак, Дөдөмөл, Ленин, Кошбулак мектептериндеги жаңы корпустар, Казарман орто мектебинин эки корпусу, Киров, Атай, Ленин колхоздорунда балдар бакчалары, Атай менен Дөдөмөл кыштактарына 2 мончо бар. Райондук оорукананын эски ордундагы рентген кабинети, администрация үчүн бөлмөсү менен бирге бүткөрүлгөн. Мынча объектилердин курулушу, албетте, мекеменин өзүнүн базасын чыңдамайын бүткөрүлбөйт болуучу. МСОнун базасы кеңейгенден кеңейип отуруп, анын жылдык көлөмү 1967-жылдагы 40 миң сомдон 1978-жылга карата 1 млн 80 миң сомдук жумуш өлчөмүнө жеткен.

Үзүрлүү эмгеги үчүн Б. Ороков 1974-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак Грамотасы менен сыйланды. МСО мекемеси болсо райондук Ардак тактадан далай жолу орун алган.

Жигердүү, активдүү жетекчи катары ал такай райкомдун мүчөлүгүнө, райсоветтин депутаттыгына шайланып, облустук партконференцияларга эки жолу делегат болгон.

Кийин ал МСОдогу кызматынан кеткенден кийин РСУ (курулуш-ондоо башкармасы) мекемесин уюштуруп, базасын чыңдаган. Жумушчулар үчүн ондогон турак үйлөрдү курдурган. РСУ көптөгөн социалдык объектилерди, коммуналдык үйлөрдү ремонттон өткөрүп турду.

Бакы Ороковичтин жасаган иштери ушундай. Азыр болсо ал объектилердин көпчүлүгү, өзгөчө короо-сарайлар таланып-тонолуп жок болду. Ушинтип жаштар мурдагы муундардын эмгектерин билбей калышты.

Дагы бир айтаарым, куттуктоолор менен бирге кээ бирөөлөр бул наам кандайдыр бир аракеттер менен гана алынып калгандай каңшаар сөздөрүн да угуп жүрөм. Андай эмес. Бул наамга ал нечен ирет көрсөтүлүп, бирок айрым субъективдүү тоскоолдуктарга дуушар болгон. Төрт жылдан кийин гана наам өзү издеп жүрүп ак эмгектин ээсин тапты. Ошондуктан кай бир түшүнбөгөн тескери пикирлерге мен чыдай албадым, чындыкты ушул газета аркылуу айткым келди. Бул менин Б. Ороковго карата жасаган «эмгегим» эмес, бул менин атуулдук милдетим. Райондо азыр төрт ардактуу наамдын ээлери жашап жатышат. Алар У. Бозалаева – республикага эмгек сиңирген мугалим, Мойдунов А. – эмгек сиңирген транспортчу, Сейдалиев Б. – эмгек сиңирген токой кызматкери, эмгек сиңирген мугалимдер А. Абдраимов, Н. Золотухина. Мындай наамга татыктуулар

элибизде дагы көп. Адилеттүүлүк болуп алар да наам алышып, районубуз даңктанып турса экен деген ниеттемин.

Бакы Ороковичтин бул наамы кут болсун, сыйлыгына сыймыктанам. Эли-журту, бала-чакасы менен бактылуу жашасын демекчимин.

***КЫДЫРОВ ЖЭЭНТАЙ ,***
***мурдагы партиялык кызматкер, пенсионер***

## ТАРЫХ БАРАГЫНДАГЫ ИНСАН

Ар бир айылда көргөндүн көңүлүн бурган бутак шактары дүпүйүп калың саябалуу байтүп дарак сымал ата башы, бардык иштти кылдат билген, нускалуу жүрүш-турушу менен элге үлгү көрсөткөн, мээрман, акылман адамдар болот. Мына ушундай адамдардын бири айылдын салабаттуу карыясы, республикабыздын эмгек сиңирген куруучусу, очор-бачарлуу үйдүн кутман ээси, балдарынын, неберелеринин акылман атасы Ороков Бакы аке. Ал киши жөнүндө өрөөнүбүздө кимдер билбеген, сымбаттуу келбетин кимдер көрбөгөн. Ал киши менен кимдер баарлашпаган, кимдер кеп-кеңеш сурабаган...

...Мен аны өспүрүм кезимден жакшы тааныйм. Алгач мен ал кишини кызыл жагоочон (пионер) кезимде Казарман орто мектебинде окуучулар менен студенттердин жолугушуу кечесинде таанытам. Ал кезде жогорку окуу жайында окуган студенттер айлыбызда бирин-эки гана болгондуктан аларга кызыгуу менен таңдана карачубуз. Келишимдүү, боюн түз алып жүргөн, кийген кийимине чаң жугузбаган, баскан-турганы тың Бакы аке кол ойното комуз черткени менен да таң калтырганы эсимде. Кыял чабытындагы жаш кезим ошол жигиттей таза, дыкан жүрүүгө ар дайым шыктандыруучу.

...Андан кийинки мезгил зымырыгында Бакы акенин өндүрүштөгү, айрыкча, райондун курулуш ишин көп жыл башкарып жүргөнүн, айылдагы советтик-чарбалык иштерди жетектегенин ж. б. көп кырдуу ишмердиги жөнүндө маалымат каражаттарына учурунда толук чагылдыра албай келгениме өкүнөм. Ооба, Бакы аке оомал-төкмөл турмуштун ачуу-таттуусун татыды. Анын турмуш жолу жөнүндө кеңири баяндалган очерк же, даректүү чыгарма жазса болоор эле. Анткени анын чиеленген өмүр жолу, турмуштук бай тажрыйбасы ошондой чыгармага татыктуу. Ошентсе да ал киши менен ата-баладай, ага-инидей дегендей ыймандай сырларыбызды бири-бирибизден жашырбай,

алдыдагы иштерибиз жөнүндө кеп-кеңеш куруп, дегеле анын ага катары айткан акылман ой-пикирин өзүмдүк турмушум менен ала жүрүп келем. Чынында Бакы аке сүйлөп жатканда ар кандай афоризмдерди колдонуп, угуучуну өзүнө тарта билген адам өмүр жолундагы оош-кыйыш учурунда ага моюн сунбастан «жоктон барды» жасай билип, турмушун андан ары улап кеткен инсандардын катарына кирген. Буга мен «райкомдун кыйкымчыл катчысынын тизмесине кирип болоор-болбос себептер менен кызматтан четтетип койгондон райондо орду-түбү жок курулуш бөлүмүн ачууга кудурет чамасы жеткен, жогорку бийликтегилер менен тил табыша сүйлөшө билген, иш билгичтиги менен айырмаланган эле» дейт элем. Ал эми кийинки 10 жылдан бери райондо «Тунук» туз фирмасын жетектеп келет.

Деги Бакы акенин өмүр жолунан көп нерсени үйрөнсө болот. Анын өз үй-бүлөсүндөгү орду кайталангыс тарбиячы, бактылуу ата. Анын камкордугуна бөлөнгөн уул-кыздарынын баары жогорку билим алышып, учурда эл чарбасынын ар кандай тармактарында үзүрлүү эмгектенишүүдө. Улуу уулу Азизбек экономика илиминин кандидаты. «Кыргыз мунайгаздын» президенти, кичүү уулу Алмазбек «Макмалалтын» кен комбинатынын бардык автоунаасын жетектейт. Алар менен учкаяк кадрга чукак келген райондун эли сыймыктана алышат.

Ошентип, Бакы аке өмүрдүн 70 ашуусун ашып баратып өткөн турмуш жолуна кылчая карап, андагы байсалдуу баскан изине нары кубанып, нары маашырланып бир чети өзүнө, өзүнүн очор-бачарлуу үй-бүлөсүнө бактылуу ата экенине сыймыктанат. Ооба, Бакы аке тарых барагына – Жалалабат облустук энциклопедиясына жазылган инсан. Мына ошол ой-чабыты кенен, өз турмуш жолуна из калтырган, тарых барагындагы инсан менен кеп-кеңеш дүкөнүн куруп, жакындан ымалаланышып жүргөнүмө кубанам.

***Р. БОБУКЕЕВ***
***Кыргыз Республикасынын***
***Журналисттер коомунун мүчөсү***

## БАКТЫЛУУ ЭКЕН, БАКЫ АКЕ

Бакы аке, бактың бар экен,
Бактылуу адам зор экен.
Серептеп көрсөм айлымда,
Сизге тең инсан жок экен.

Баратсаң дагы картайып,
Басканың түптүз кайкайып.
Боюна өңү жарашкан,
Бой жеткен кыздай маңкайып.
Теминип эмгек өтөгөн,
Эл жүгүн төөчө көтөргөн.
Көз жоосун алып заңкайып,
Имарат курдуң көптөгөн.
Келбей ойго кайдагы
Кыштоодо сарай жайнады.
Маалында куруп жылуу жай,
Малчынын болдуң ардагы.
Булактай тунук көңүлдү,
Байсалдуу жолдо өмүрү.
Сиңирип эмгек элине,
Сыйланып келдиң өгүнү.
Жакында жакшы кеп уктум,
Тарыхына дубандын
Жазылыптыр деп уктум.
Азиз, Алмаз сизге окшоп
Алкышын алсын эл-журттун.

***Р. БОБУКЕЕВ,***
*журналист, Казарман*

*Менин 60 жылдык маарекемде куттук айтып сүйлөгөндөрдүн сөздөрүн китепке бералбай калганым үчүн кечирим сурап, аты-жөнүн атап коюуга туура келди, алар:*

*Молдалиев Жаныбек – жыгач уста;*

*Садыров С. – райондун башкы архитектору;*

*Арстанбеков Кубанычбек – инженер-куруучу;*

*Ак дилден ыраазычылык билдирип, сиздерге да чың денсоолук, ыймандуу карылык, бакыбат жашоо тилеп, сиздер айткан каалоо-тилектер мени аябай толкундатты.*

## ЭСТЕН КЕТКИС ДОСТОР

Адам жашоосунда кичине кезинен бирге ойноп чоңоюп, окуп билим алып эрезеге жеткенден кийинки мезгилде да бири-бирин

кадырлашып, сыйлашкан жолдоштору болот эмеспи. Жакын көргөн жолдошун көпчүлүгүбүз дос деп да атай беребиз. Турмушта андай боло бербейт. Дос кудаанын аты деп карылар айтып коюшат. Илгери өткөн заманда ата-бабаларыбыз мал союп Кудайы өткөрүп, жакын санаган адамдарынын катышуусунда ант беришип достошчу экен. Кийин ал достук мамилелери тереңдеп улана берип улгайып бара жатканда, достук байланыштарын улантуу максатында кудалыкка өтүп, балдарын үйлөнтүшүп баякыдан бетер жуурулушуп кетишкендерин көп эле көрдүк. Биздин куракташтар, атамдын жакшы досу болгон экен, антташып достошуптур. Ушул убакка чейин келип-кетишип каттоосун үзбөй сыйлашып жүрүшкөнүн айткандарын укчумун. Азыр жөн гана бири-бирибиздин кыял-жоругубузду жакшы түшүнүп, сыйлашкан жолдошторубузду дос катары эсептейбиз.

Иштеген кызмат боюнча ар түрдүү командировкаларда, саякаттаган жол жүрүүлөрдө, эс алууга байланышкан ар кандай жерлерде, шаарда, чет өлкөлөрдө болгон учурларда көптөгөн адамдар менен таанышуу, кыска убакытта деле чогуу жүрүп дегендей достошуп калуучубуз. Айрымдары менен бир топ убакыт байланышты үзбөй, жакшы мамиледе болуп каласың. Поездде, самолетто таанышып каласың. Коммунисттик партиянын ар кыл жыйындарында (конференция, съезд, пленум, сессия) жакшы адамдар менен таанышып, мамиле түзүүлөр көп эле болду. Анын баары эле дос эмес, жакшы тааныш, сыйлашкандар болуп кала берет.

Өмүрүнүн акырына чейин чыныгы дос катарында сыйлашып, кол үзүшпөй жүрүшкөн адамдарды айтат. Мен ошол асыл адамдар жөнүндө алардын ысымдарын атап эскере кетүү туура болчудай.

Институтта бирге окуп, чогуу жашап, иш боюнча да бир топ жыл Кыргыз геология системасында аралаш иштеген, бир жагы теңтуш, бир жагы сыйлашкан адамым бул – **ТОКТОНАЗАРОВ ОРУЗБАЙ.** Орузбайдын аялы Тайгулова Сагира менен менин жубайым Мойдунова Кайрынса мединститутту бүтүрүп, курдаш, үй-бүлө менен сыйлашкан адамдарбыз.

Орузбай институтту бүткөндөн кийин эмгек жолун геологиялык партияларда иштеп, андан соң профсоюз жамаатындагы жумушка өтүп, Кыргызстан профсоюздар уюмунун төрагасынын орунбасарлык кызматына чейин көтөрүлүп, узак убакыт бою үзүрлүү иштеди. Москвадагы Жогорку партиялык мектепти окуп бүткөн, геология-минералогия илиминин кандидаты. Өмүрлүк жары Сагира экөө уул-кыздары Саринжи, Уулжан,

Айгүл, Назыкенди тарбиялашты. Баары жогорку билимдүү адистиктери бар кызматчылар катары эмгектенип жүрүшөт.

Кыргызстандын геология тармагында үзүрлүү эмгектенишкен Асаналиев Үсөнгазы, Осмонбетов Кубат, Распопов Борис Павлович, Багдецский Валентин, Турдукеев Искендер менен курулуш багытында иштесем да жакшы жолдоштук мамиледе кол үзүшпөй кабардар болуп жүрдүк.

Курулуш боюнча адистик алып, Тогузторого келгенден тартып бир боор райондун экономикасын, жердештеримдин жашоо шартын жакшыртууга колкабыш кылып, азыркы мезгилге чейин райондун ар кандай тармагында жетекчи кызматтарда бирге иштеп, элдин кадырлап барктоосуна татыган дос-жолдошторум:

**АРСТАНБЕКОВ ЭРМЕК** – Москвадагы Жогорку партиялык мектепти сырттан окуп бүтүп, партиянын Тогузторо райкомунда сектор башчы, колхоздо партиялык комитеттин катчысы, райондогу кинофикация мекемесинин жетекчиси болуп иштеген.

**РЫСАЛИЕВ МАКСҮТ** – жогорку билимдүү педагог, райондо орто мектептин директору, колхоздо партиялык комитеттин катчысы, узак жылдар бою райондун билим берүү бөлүмүнүн башчысы кызматтарында иштеп жүрдү.

**АТТОКУРОВ АРАЗ** – Ташкент шаарындагы Жогорку партиялык мектепти бүткөн, партиянын райондук комитетинде инструктор, «Жеңиш Туусу» гезитинин редактору, партиянын райондук комитетинин бюро мүчөсү, колхоздо парткомдун катчысы, айылдык кеңештин төрагасы болуп иштеген.

**ИЛЬЯСОВ АШЫМ** – Фрунзедеги Автомобиль-жол техникумун бүткөн. Балыкчыда «Автовнештранс» авточарбасында мастер, Тогузторо районундагы айыл чарба башкармасында технадзор, райондогу РДСУ мекемесинин пенсияга чыккан мезгилге чейин узак жылдар бою жетекчилигинде үзүрлүү эмгектенди.

Ушул жолдоштор – достор менен райондо бирге иштеп, элибиздин жашоо-турмушундагы жакшылык-жамандыгына аралаша бирге жашадык.

Баш жагында кандай адамдарды дос деп атоо жөнүндөгү өз оюмду айткан элем. Ошол дос деп атоого татыктуулар ушулар. Бул адамдардын ар биринин өз-өзүнчө, ар кимисинин адамдык бийик сапаттары бар эң мыкты инсандар катары баалаймын. Алар өзүлөрүнүн адамга жасаган акыл-эстүү мамилеси, жүрүм-турумдары нарк-нускалуу сапаттары менен эл арасында айыр-

маланып туруучу. Адамгерчилиги бийик абройлору аркылуу иштеген мекеме-уюмдарында кадыр-баркка ээ, районубуздун жалпы элинин кадырлап, сыйлоосуна татыгандар.

Азыр бул достордун бала-чакалары чоңоюп, эр жетип, жогорку билимдүү, тарбиялуу кызматкерлер. Алар менен ата-энелеринин досу, жакшы жолдоштору катары сыйлашып жүрөбүз.

Айылдагы дагы бир мен сыйлаган инсанды эскербей коё албайм. Ал:

**КЫДЫРОВ ЖЭЭНТАЙ** – Кыргыз медициналык институтун бүтүп, врачтык кесиби боюнча бир топ жыл иштеген. Комсомолдун райондук комитетинин биринчи катчысы, партиянын райондук комитетинин уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, узак жылдар бою экинчи катчылык кызматында райондун социалдык-экономикалык абалын жакшыртууга олуттуу салымын кошкон.

Иштеген мезгилинде Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак Грамотасы, Грамотасы, В.И.Лениндин 100 жылдыгына карата Эмгектеги каармандыгы юбилейлик медалы менен сыйланган.

Кыдыров Жээнтай өз кесибинен сырткары чыгармачылык менен алектенип, «Кыргызстан маданияты», «Жеңиш Туусу» гезиттеринде чыгармалары жарыяланып турду. Кийин китепче да чыгарды. Өмүрүнүн акыркы жылдары көптөгөн элге, жерге арналган ырларын жазып калтырды. Прозалык жаңы жыйнагы жарык көрүп элге тартууланды.

**БОБУКЕЕВ РЫСКУЛБЕК** – бул да менин дагы бир жакшы көрүп сыйлаган адамым. Райондогу чыгармачыл топтордун уюмун жетектеген, басма сөз тармагында талыбай эмгектенген, анын калеминен жаралган аңгеме, очерк, ар кыл маалымат кабарлары Тогузторо аймагынын тарыхын, жетишкен ийгиликтерин коомчулукка жеткирип турууда аябагандай көп эмгек сиңирди. Айрыкча анын «Сүтак» повести жеке эле райондун окурманы эмес Республикабыздын элинин калың катмарына чейин белгилүү. Окурмандардын купулуна толуп, алардын алкоосуна татыганын айтып жүрөбүз.

Бобукеев Рыскулбек – журналист, 1940-жылы туулган. Тогузторо, Кетментөбө, Жумгал, Акталаа өрөөндөрүндө белгилүү манап Бобукенин 60тан өткөндө көргөн көкүрөк күчүгү.

Кыргыз Мамлекеттик университетин бүткөн. «Советтик Кыргызстан», «Кыргыз Туусу», «Тянь-Шань правдасы» гезиттеринин Акталаа, Тогузторо райондору боюнча өз кабарчысы, андан кийин Тогузторо райондук «Жеңиш Туусу» гезитинин ре-

дактору болуп эмгектенди. Азыр ушул гезиттин жооптуу катчысы кызматында калктын ындынын өчүрбөй рухий кайрат берип, жигердүү иш алып барууда.

## *КИТЕПТИН АВТОРУ ЖАЗГАН ЖАНА АЛ ЖӨНҮНДӨ ЖАЗЫЛГАН МАКАЛАЛАР*

### ОБКОМ СЫДЫКОВ

***Заман өзгөрдү. Эл өзгөрдү. Турмушта көп нерселер кескин жаңылануу алкагына кирди. Ошондон улам көптөгөн салттуу, нарктуу нерселер мезгилге жараша кайрадан бааланып чыгууда. Буга мисал, биздин жакынкы өткөн тарыхыбызга карата мамилебизди айтсак болот. Ошонун ичинде улуу муундарга карата, тагыраак айтканда, советтик доордо күн-түн тынбай жанын үрөп иштеп өткөн аталар, агалар жөнүндө көп учурда адилетсиз баа берүү кийинки кездерде катардагы көнүмүшкө айланып баратат. Бул, албетте, тынчсыздандырат жана кооптондурат. Анткени муундар ортосундагы тарыхый утурлаштык (преемственность) үзүлүп калуу коркунучу турат. Бул макалада ушул тарбиялык-таалим мааниси өтө актуалдуу маселеге коомчулуктун көңүлүн бургум келет.***

Сөз кыргыздын кыйырына белгилүү инсан Матен Сыдыков жөнүндө болмокчу. Бул кишинин тегерегинде жалаң терс образдар басма сөз беттеринде улам көп айтылып, ал тургай калың эл арасында ар кандай анекдоттук шакаба темасына айланып жүрөт. Албетте кемчиликсиз, кынтыксыз кудай гана болбосо Мухамбет пайгамбардан баштап, ар бир пендеде өйдө-ылдыйлар боло берген. А бирок элине, мекенине астейдил эмгек кылган (ийгиликтери менен көптөгөн ката кетирип, тескери иштерге жол берген) аттуу-баштуу инсандарды дайыма кемчиликтерин жаза берсек адепсиздик да, адилетсиздик да болор эле.

«Коммунисттик доордун атка минерлеринин» иш көрсөткүчү катары кылып алган чечүүчү критерийи – ийгиликтер тизмеси эсептеле турган. Тизме көп, арбып турса анын советтик коомдогу кадыр-баркы да ошончолук баалуу, даражасы көтөрүлчү. Ошол себептүү иш башчыларынан, мекеме жетекчилеринен элди мобилизациялап кандай болбосун ийгиликтерди жаратууга да-

лалаттандырган. Бул туурасында укмуштуудай адаттан тыш фактыларды келтирсек болот. Айталык жалаң гана Н.С.Хрущевдун алдында кыйын катчы экенин көрсөтүш үчүн М. Исаев беш жылдык планды үч жылда аткарабыз деп бүтүндөй Союзга чуу салып, Тяньшань облусу боюнча бодо малды бүтүндөй этке төктүрүп жиберген. Облус кулун-тай, торпок-тана менен гана калып андан аркы жылдардагы эт планы такыр аткарылбай калганын билебиз. Мындай фактылар миңдеп саналган. Советтик жогортон директива берүү системасы ушуга алып келген. Мындай Борбордон тапшырма берүү системасы СССР кулаганга чейин толук күчүндө турду.

* * *

Матен Сыдыков ушундай оор жана татаал кырдаалдарда иштеген, өзүнүн жөндөмү менен көптөгөн ийгиликтерди жараткандардын бири. Ал жетишкендиктердин артында анын ушундай тапкычтыгы, уюштургучтугу, ошону менен бирге максатка жетүү үчүн баарына барса болот деген принциптеги кызматкер эле. Бул кишинин эл менен иштөө ыкмаларынын айрым эпизоддорун келтирейин.

Кыргыз Республикасы Союзда уяң жүндүү кой чарбасы боюнча адистешип калган. Ал эми Нарын облусу кой чарба өндүрүшүнүн флагманы болучу. Бирок эмнегедир Матен Сыдыков обкомдун биринчи катчысы болуп турган чакта Атбашы районунун көрсөткүчтөрү абдан төмөндөп кеткен. Матен бүт Атбашылыктарды чогултуп: Биз бала кезде, 1936–1938-жылдары Атбашынын «Акжар» колхозу Союз боюнча рекорд коюп көпкө чейин биринчиликти бербей келгенин аңыз кеп кылышаар эле. Анда Кыргызстандын түштүгү жаңыдан пахтачылыкка өтүп, мал чарбасы жокко эсе. Атбашылыктарды койду мыкты өстүргөн кыргыздар, түштүктүктөрдү малбакканды билбеген «сарттар» деп коёр эле. Эми ошолор республикада төл боюнча алдыңкы орунга чыгышты. Атбашылыктар эң артта калды. Түштүктөгүлөр нак кыргыз болушту, Атбашылыктар төл алганды билбей сарт болуп калышты – деп, калың элдин намысына тийип сүйлөгөндө, эл тике туруп планды ашырабыз деп убада беришип, аны аткарышты. Мына жетекчинин сөзүнүн күчү, кудурети. Эл ушу күнгө чейин муну айтып келишүүдө.

Жетекчинин, айрыкча облустук башкы жетекчинин бирден бир татымдуу алымдуу касиети – карамагындагы адамдарды мыкты билүү, алардын күчтүү жана чабал жактарын аныктап алуу болуп саналат. Матен Сыдыковдо да ушул касиет мага өзгөчө күчтүүдөй сезилген.

Бир курдай 1976-жылдын май айы болсо керек эле, Тогузторо районуна Нарын облаткомунун төрагасы Матен Сыдыков келип калды. Адаттагыдай төрага райондун чарбасын жеринде көрүп, соңунда райондук клубда мекеме жетекчилери менен жыйын өткөрүп калды. Беш-алты мекеме башчысы өз иштери боюнча баяндама берип, кезек раймилициянын начальнигине келгенде ал масканага түшкөндөрдүн аты жөнүн санап калбаспы. Зал дымып калды...

– Начальник тизмени улантып окуп жатат. Бир маалда Сыдыков тизмеде аталган почтонун бухгалтерин тургузду. Ал туруп, мен кээде эле ичем, кокустук, аксакал... –деп мыңкылдады.

– Начальниги кана, – деди Сыдыков.

– Анда-мында ичкени ырасны? – деди.

– Ал билбейм деп балт эттирип алса болобу.

Ошондо Сыдыков сурдана түшүп: Экөөң тең шумпай калпычы экенсиңер. Начальниксиз бухгалтер тамчы да ууртабайт. Демек, экөөң тең кошоктошуп жүрүп ичет экенсиңер. Зал дуу күлдү. Анткени Матен көрүп тургандай айткан болучу. Ошол эле жыйында Сарыбулуң сельсоветинин төрагасы Сатыбалдиев Таштемир (бейиши болгур, өтө кооздоп чечен сүйлөгөн адам эле) айылдык Советтеги ар кандай тартип бузуулар менен күрөшүү жөнүндө куюлуштуруп, бир нечелеген фактыларды такалбай келтиргенде: Оо, жолдош төрага Сиз, менин байкашымча, калпты-чынды чабыштырып, бороондотуп сүйлөгөнгө устат окшойсуз. Деги чыны канча дегенде залда олтургандар дуу күлүшүп, буга бирөөлөр сүрөттөп айтып койгондой таңкалышканына күбө болгомун. Ошол чогулуштан кийин көпкө чейин ал кишини адамды бир көргөндө эле ички дүйнөсү кебете-кешпиринен бери баамдап, ошол замат таамай сүрөттөп, элестүү баа бергенине эл арасында көпкө дейре кеп болуп жүрдү.

Матен Сыдыков да чоң, масштабдуу жетекчилерге тийиштүү сейрек касиетке ээ болуучу. Ал киши кайдан кандай фактыны көрбөсүн ага чоң саясий маани берип, керек болсо облустун салабаттуу жыйындарында талкуунга алуучу, б. а., ошол факты боюнча облуста иштин начар экендигин баамдаса керек. Мисалы, мен ошондой бир фактынын күбөсү болгонум бар.

Бир жолу райондук мекеме жетекчилеринин облус боюнча кеңешмеси өткөрүлүп (мен анда райондогу курулуш уюмдун башчысы элем), анда көптөгөн олуттуу маселелер талкууланды. Бир кезде М. Сыдыков саламаттыкты сактоо кызматкерлерин орундарынан тургузду. Канчадан балаңар бар деп сурап кирди. Жооптордун көпчүлүгү бир, эки, чанда гана үч бала

деген жооп угулуп жатты. Алар отургандан кийин укмуштуудай фактылар менен цифраларды келтирип баарыбызды жер тиктетип койду.

Анын сөзүнүн мааниси мындайча эле. Бир курдай аскер бөлүктөрүндө болуп, анда кызмат өтөп жүргөн кыргыз балдардан кызыгып сурайт. Кайсы гана бөлүктөргө барбасын бардык жерде командирлер бир оОздон кыргыз балдарынын ден соолук жагынан алда канча чабалдыгын, билим жагынан (айрыкча орус тили, адабияты) бир топ өксүп тарбияланганын белгилешет. Келип ошол фактыны облустук масштабда талдап көргөндө бул боюнча дээрлик иш жүргүзүлбөй жаткандыгын көрөт. Ошондуктан бул багытта облустун саламаттыкты сактоо кызматкерлерине көп күнөө коюп келип, адатынча: «Биз тоолук кыргыздар көп балалуу болгонду табиятыбызда жакшы көрөбүз. Бул жакшы сапат. Бул эң жакшы! А бирок балдарды азыркы учурдагы талапка ылайык тамактандырып, ден соолугунун нормалдуу өсүшүнө эч кам көрбөй келебиз. Мына биздин балдардын чабал өсүп жаткан себеби. Карагылачы, мында отурган врачтардын бирден-экиден эле баласы бар экен. Батыштагы өнүккөн өлкөлөрдө да абал врачтардыкындай. Ал эми биздин калк арасында медициналык ынандыруу-түшүндүрүү иштерин жүргүзбөгөндүктөн, биз көп балалуу болобуз, суурдун балдарындай эртең менен ийинден чыгарып жайып жиберип, кечинде түгөлдөп киргизип камап коюп, багып тарбиялап өстүргөнүбүз жарабайт», – дегени кимге жакпайт.

Калп айткан менен болобу, менин баамымда ошондон кийин Нарын аймагында көптөгөн профилактикалык иштер жүргүзүлгөн. Балдар врачтарынын сапаттык курамы өскөн. Балдардын ар кандай социалдык турмушка байланышкан оорулары кескин кыскарганын врачтар көп айтышчу.

Матен Сыдыковду терс мааниде мүнөздөгөндөр, аны каардуу, ырайымсыз, адамды адам дебеген, анын укугун тебелеген катары көрсөтүшөт. Мен булар менен макул эмесмин. Анткени ишин аткарбаган жетекчини, өндүрүш башчысын эч ким маңдайынан сылаган эмес. Ал эми Нарындын шартында чарбаларды толук рентабелдүү алып баруу өтө кыйындыкка турган. Ошон үчүн бардык жетекчилер Обкомдун биринчи катчысынын каарына кабылбай койгон эмес. Мындан Матенди ашкере каарлуу деп жыйынтыктоого болбойт.

Тогузтородо өндүрүштүк бир жыйында колхоз башкармасынан өндүрүлүүчү продукциялардын рентабелдүүлүгүн сурап калды. Башкарма үчүн бул күтүүсүз эле. Парторгу дагы даяр эмес экен, алар абдан уялды. Ортозаар көрсөткүчү бар башкармадан

сураса, жыйынтыгын айтып, тармак башчылары жооп берсин дегендей кылды. Иманбердиев Иса байке гана бардыгын жиликтеп айтып берди. Матен Сыдыкович Исанын үлгүсүндө баарын уяткарды да мен кайра келип ар кимиңден жекече сураймын деп жөнөп кетти. Андан кийин баары талдап турушчу болду. Ал киши келген жок, бирок иш жолго коюлуп калды. Мына анын каарынын адилеттүүлүгү. Ушундай ыкманы облустун көп жерлеринде колдонду, келип текшерип калбасын деген күтүүлөрдөн улам иштер көзөмөлдөп жаткандай ургалдуу жүрүп туруучу. Бул өтө натыйжалуу ыкма эле.

Коммунисттик системада иштеген жетекчилердин жакшы делген бир сапаты – бул талап коюучулук жөндөмдүүлүгү. Ким талапты коё билсе, аны артынан түшүп аткарта билсе андай жетекчилер өтө жогору бааланган. М. Сыдыковдун талап коюучулук жөндөмдүүлүгү Нарын облусун башкарып турганда даана көрүндү жана таанылды. Муну Сыдыковдун достору да, кастары дагы моюндашат. Менимче, эл ичинде (ар кайсы облуста) «М. Сыдыковдун курулушу» деген легенда аталуулар жок. Ошондон улам бул кишинин облуска сиңирген ак эмгегин баалап Нарын шаарындагы мектепке Матен Сыдыковдун ысмынын берилишин абдан адилет чечим деп кароо керек.

Кезегинде (совет доорунда) Кыргызстан СССРдеги алдыңкы өнүккөн беш республиканын бири болуу деңгээлине жеткен эле. Ошондой ийгилик кыргыздын не бир таланттуу кеменгер жетекчилеринин абдан уюштуруучулук иштеринин натыйжасы экенин эстен чыгарууга болбойт. Республиканын түштүк бөлүгүндө пахтадан, тамекиден, Чүй тарабыңда кант кызылчасынан болуп көрбөгөндөй түшүм алууга жетишилди. Нарын, Ысыккөл, Талас облустары төл алууда Союзда алдыңкы орунда турду. Мына ушулар Кыргызстандын экономикалык өнүгүүсүнүн негизин түзүшкөн. Мындай ийгиликтерди жаратууда түштүктөн – К. Султанов, Чүйдөн – К. Иманов, Борбордук Тяньшандан – К. Акназаров сыяктуу райондун биринчи жетекчилери Социалисттик Эмгектин Баатыры ардактуу наамына татышты. Ошол мезгилде облустарды узак жылдар бою башкарган Акматбек Сүйүмбаевдин, Султан Ибраимовдун, Матен Сыдыковдун кошкон зор салымдары да даңазалоого татыктуу. Бул биздин атуулдук парзыбыз.

Мен ал кишинин ишмердүүлүгүн, чабыты зор, ири жетекчилигин өзү менен чукул иштебесем да облустун, райондун пленум, сессия, бюро жана башка чарба жыйынына катышканда жекече баамдаган оюмду андан бери кыйла убакыт өтсө да калайыкка билдиргим келди. Нарындыктарда, тогузторолуктар-

да: «Иштесе Матендей иштеш керек, иштебесе, элди кыйнабай кете бериш керек!» – деп айтылып жүрөт. Бул элдик бааны айрым кошоматчылардын чыгара койгон жасакерлиги катары кароого эч мүмкүн эмес. Мунун өзү калайык калктын калың катмарынан чыккан сүйкүмдүү ыраазылык сезим.

Аты легендага айланган Матен Сыдыков кыргыздын улуу, асыл адамдарынын бири деп айтаар элем! Бар болуңуз, Матен Сыдыкович! Кыргыз асманында сиздей чыгаан инсандар көп болсо экен...

*БАКЫ ОРОКОВ*
*Тогузторо районy*
*«Фергана» гезити, 2001-ж.*

## «ЖОЛ – ТУРМУШ АРТЕРИЯСЫ ЖӨНҮНДӨ КӨП АЙТЧУ»...

Тогузторо өрөөнү Кыргыз Республикасындагы борбордон эң алыскы, жолу абдан татаал, туш тарабынан бийик тоолор менен курчалган, климаттык шарты да катаал келген аймак.

Албетте, алыскы тоолуу жерде жашаган эл менен климаттык шарты ыңгайлуу ойдуңда жашагандардын жашоо тиричилигинде көп айырмачылыктар болоору талашсыз. Ал эми райондун эли жаратылыштын далай жолку оор кырсыктарын башынан өткөргөн. Кышы узакка созулуп, кардын калың түшкөнүнөн улам колдогу бирин-экин малынан кол жууп, жакырланган учурлары көп эле болгонун карыяларыбыз эскеришет.

Өрөөндүн элинин дээрлик көпчүлүгүнүн жакырчылыкта жашашынын дагы бир жагы өрөөндөн сыртка чыгуучу жол байланышынын татаалдыгы, алыстыгы менен да түшүндүрүлгөн. Бул олуттуу маселе боюнча кезегинде Кыргыз Өкмөтүндөгү, облусту башкарган айрым белгилүү инсандар өздөрүнүн баалуу сунуштарын киргизүү менен практикалык чоң жардамдарын беришкен. Ошолордун ичинен С. Ибраимовдун биздин райондун элжери үчүн жасаган эмгегин айткым келет.

Султан Ибраимов республиканын түштүк регионун жетектеген кезде жана Кыргыз Өкмөтүнүн башында турганда бир нече жолу Тогузторого келип, элдин жашоо-турмуш шарттарын билип, учурдагы кыйынчылыктарды түшүнүү менен бул элдин социалдык абалын келечекте кандайча жакшыртуу жөнүндөгү ой-толгоолорун дайыма эл менен жолукканда айткандары эсимде. Ал туруктуу жол байланышы болмоюнча райондун элинин тур-

муш-тиричилигинин жакшырбашын, дегеле жол-турмуш артериясы экенин көп айтчу. Чынында төрт тарабынан жол байланышы болгондо, райондун экономикалык, социалдык абалы мындан алда канча жакшырмак.

Ыраматылык Ибраимов бүгүнкүгө чейин жашап, Кыргыз өлкөсүн башкарганда өрөөнүбүздөгү элдин жашоосуна керектүү жол байланыш маселеси небак толук чечилмек. Рыноктук жашоодогу турмуш-тиричилик кыйынчылыктары азыркыдай оор акыбалга жетмек эмес. Жылдын төрт мезгилинде тең жолдо жүрүүнүн кыйынчылыгын баштан кечирген, кыргыз элине кызмат кылып, калк үчүн кам көргөн тарыхый инсандардын ичинен Султан Ибраимовдун Тогузторо элине өзгөчө көңүл бөлүп жүргөнүн дайыма эстейбиз.

Анын жаркын элеси көз алдыма тартыла калып, өмүр сапарымдагы ал киши менен жолугушкан учурлар эске түшөт.

* * *

...1974-жылдын толукшуган жай айларынын орто чени болучу. Биздин райондо эл арасында Сузак районунун жолчулары Сарыкыр ашуусу аркылуу түндүк менен түштүк региондорун бириктирүүчү жол салышып, ал жакында бүткөнү калыптыр деген сөздөр айтылып жүргөн. Бул жолдун кандайча салынып жатканын өз көзүм менен көрүп билүүгө абдан ынтызар элем. Ал кезде Тогузторо району Нарын облусуна карачу. Бирок мурда Жалалабат – Казарман, Жалалабат – Казарман – Нарын маршруттары менен АН-2 самолету күн сайын каттачу. Райондун эли түштүктүн эли менен соода-сатык, турмуш-тиричилик катнаштары үзгүлтүксүз байланышта болуп келишкен. Укканым бар, мурунку «Бирдик» колхозунан бирөө эртең менен Казарман аэропортуна келип, Головановдун (ал киши аэропортто күзөтчү эле) үйүнө минип келген өгүзүн байлап коюп, самолет менен Жалалабатка учуп барып базарлап, кайра түштөн кийин учкан самолет менен Казарманга келип, кечке жуук өгүзүн минип үйүнө келсе үйүндөгүлөрү ишенишпейт. Алып келген буюмдарын көрүп, жер-жемишинен жегенден кийин гана ишениптир. Бул апырткандык эмес, болгон окуя.

Ал жылдары аба жолу менен да атчан, жөө-жалаңдап ашуу ашып үзгүлтүксүз катнаш болуп турган.

Ал эми түндүк-түштүктү байланыштырган жол артериясын куруу Нарын облусунун, райондун жетекчилеринин оюнда да жок эле. Бул ой-максатты ишке ашырууда Сузактык тууган-дардын, Султан Ибраимовдун жетекчилиги менен республиканын түндүк-түштүк аймактарын байланыштыруучу район ара-

лык жолду салып жатышканын келечектеги эң орчундуу иш катары сезчүмүн.

Июль айынын акыркы жумалыгында ал кездеги райкомдун биринчи катчысы Суваналиевге кайрылып, жолду көрүп, мүмкүн болсо Жалалабатка чейин барып келүүгө уруксат сурадым. Ал: «Мейлиң барсаң барып кел, жол катнашыбыз ойдогудай жакшы болуп калса, ал жактан да курулуш материалдарын алсак болот. Анткени Рыбачьеге караганда бул жак бизге алда канча жакын да», – деди.

Мен ал учурда райондогу курулуш уюмду жетектеп, курулуш материалдарды 400 чакырым алыста турган Рыбачьеден ташып чынында эле кыйналчубуз. Эртең мененки саат 6 чамада УАЗ-469 автомобили менен 4 киши жолго чыктык. Биз саат 10 чамада барганда биздин райондун жолчулары дабандын берки бетиндеги, азыркы Атай айыл өкмөтүнүн малчылары конуп-жайлаган конушка чейин жолду сүзүптүр. Ал эми Сузактык жолчулар дабандан небак ашып, биздин жолчуларга жетип эки жолду бириктирип кошкону жатышыптыр.

Ал жерде үч-төрт ДТ – «Казакстан» бульдозеру иштеп жаткан экен. Райондун партиялык комитетинин экинчи катчысы ДЭУ, РДЭСунун жетекчилери, мастерлер ж. б. өтө көп. Райондун экинчи катчысы 2–3 саат убакыттын аралыгында эки жол бири-бирине кошуларын айтты. Мен ал кишини тамашалап, илгеркилер мындай чоң иш бүткөндө бир жанды курмандыкка чалуучу экен. Сиз да тетиги турган тракторлордун бирин кулатып ийбейсизби деп койдум. Ал менин сөзүмө чын бүттү окшойт. Ээй баланча! – деп жол мастерин чакырды (атын эстей албай койдум) – тетиги көк «Казакстан» тракторуңду итерип, алды жакка кулатып ийгин, эгерде ушул жол кырсыксыз ак жол болуп элге кызмат кылсын десең, – деп кыйкырып калды. Бул тамаша катары айтылган эле.

Райкомдун бул катчысы ушул жолдун салынышына Ош обкомунун биринчи катчысы Султан Ибраимов түздөн-түз контролго алып жатканын курулуш бүткөнгө чейин жоопкерчиликти, анын өзүнөн сурарын, жол бүткөндө эки облустун ортосундагы (Нарын, Ош облусунун) түндүк-түштүктүн жол байланышынын башталышы катарында расмий ачылышын өткөрүү керектигин атайын сөз кылып берди.

Ошентип, бир топко азилдешкен соң жолдун кошула турган жери бүтүп, бизди Жалалабат тарапка өткөрүп ийишти. Кечки саат 7 чамаларда Жалалабаттын борборундагы мейманканага токтодук. Машинанын спидометрин карасак, Казармандан (МСОнун

кеңсесинен) мейманканага чейинки аралык туптуура 160 км аралыкты көрсөттү. Эртеси базарлап, жер-жемиш алып кайра келдик. Ашуунун берки биз жак бетиндеги оюрмалардын абдан коркунучтуу чукул бурулуштары, тике жерлери көп, ведущий машиналардан башка машиналарга жүрүүгө абдан коркунучтуу экендигин райондун жетекчилерине чогулушта айтып бердим. Ал чогулушта Ленин атындагы колхоздун башкармасы Иманбердиев Иса келечекте бул жолду мамлекеттик жолго айландыруу маселесин Республиканын жетекчилерине коюу сунушун айтты. Бул сунушту чогулушка катышкан бардык жетекчилер колдошту.

Август айынын орто ченинде райаткомдун төрагасы Какематов Зайдик курулуш материалдарынын жетишсиздигин кандай чечүү керектигин айтып олтуруп, ушул жумада Сузак менен биздин райондун малчыларын тейлөөнү жакшыртуу үчүн салынган жолдун бүткөрүлгөнүнө байланыштуу анын ачылыш аземи болорун, ага биздин райондун Сузактын жетекчилери, Ош обкомунун биринчи катчысы С. Ибраимов катышарын да айтты. Эки күндөн кийин, ишемби күнү эртең менен Сарыкыр ашуусунун белине үй-бүлөм менен ал кездеги райондук оорукананын башкы врачы Абаданова Күкүн болуп бардык. Белдеги кичирээк тегиз аянтчага 4 боз үй тигилиптир. Сузак району ал жерге жер-жемиштерин жайнатып, дүкөндөрдү, көчмө дүкөндөрдү тизип, соода иштерин уюштуруп коюшуптур. Өзүнчө эле чакан базарды элестетет. Райондон бул салтанатка катышууга жол куруучулар, тейлөөчүлөр, малчылар, ошондой эле райондук жетекчи кызматкерлердин көпчүлүгү келгендей сыяктанат. Ал эми биздин райондон ошол жердеги «Бирдик» колхозунун гана малчыларынан башка кишилерди сейрек учураттым. Менден башка райондун бир дагы мекеме башчыларын жолуктурган жокмун. Барган жерден райисполкомдун төрагасы Какематовго, партиянын райкомунун уюштуруу бөлүмүнүн башчысы Кыдыровго жолуктум. Райкомдун биринчи катчысы И. Суваналиев азыр бул жерге Ош обкомунун биринчи катчысы келээрин айтып басып кетти. Бир аз убакыт өтпөй эле жеңил машиналардын коштоосунда С. Ибраимов аны менен кошо облустун көп жетекчилери, республиканын телерадиосунан кабарчылар келип калды. Эми Тогузторо району менен Сузак районун бириктирген жолдун убактылуу ачылышын элдердин достугун бириктирген символ катары расмий тасма кыркып, буга биздин райондон көп элдин катышуусу керек болуп жатканы айтылып калды. Бирок И. Суваналиев, Ж. Кыдыров, З. Какематов, мен жана «Бирдик» колхозунун ошол тараптагы бирин-серин малчыларын чогултуп, ачуу аземи-

не катыштык. Тасманы Ош обкомунун биринчи катчысы Султан Ибраимов өзү кести. Эки райондун элине каалоо-тилектерин айтып келип, мындан кийин бул жол малчылардын бардык суроо-талаптарын чечүүнү бир кыйла жеңилдетээрин, келечекте бул жолду дагы кеңейтип жакшыртуу менен республиканын түндүгү менен түштүгүн бириктирген жол болорун айтты. Ачылыштан кийин Сузактык өнөрпоздор концерт беришти. Биздин райондун арбир чарбасына коон, дарбыз, жер-жемиш жүктөлгөн машиналар жөнөтүлдү.

Тогузторо районунан барган райкомдун биринчи катчысы И. Суваналиев, райаткомдун төрагасы З. Какематов, райкомдун экинчи катчысы М. Мамытова, райкомдун уюштуруу бөлүмүнүн башчысы Ж. Кыдыров, пенсионер аксакалыбыз Т. Кожалиев жана мен, Ош обкомунун биринчи катчысы С. Ибраимов, обкомдун катчысы Б. Рыспаев, Сузак райкомунун биринчи катчысы Кондратенко, комсомолдун облустук комитетинин катчысы Н. Исанов боз үйдө тамак ичип сүйлөшүп олтурдук. Турганбай аксакал райондун жол байланышынын эң начардыгы, өзү иштеген мезгилдеги башынан өткөргөн кыйынчылыктарды айтып кеп салды.

Султан Ибраимов Республиканын партиялык уюмунун катчысы жана суу чарба министрлигин жетектеп турган мезгилде Тогузторого келип кеткенин мындайча эскерди. — Биринчи жолу райондогу суу чарба курулуштары менен таанышуу иретинде келген элем. Ал кезде Доржу каналынын курулушу узак жылдар бою бүтпөй курулуш иши жүрүп жаткан. Экинчи жолу Борбордук Комитеттин катчысы болуп иштеп турганда атайын райондун жалпы социалдык-экономикалык абалын жакшыртуу максатында Республиканын жол жана автомобиль министри К. Көлбаев, байланыш министри Торопкин, айыл чарба жана суу чарба министрликтеринин жетекчилери районго келип, райондун чарбалык иштери менен таанышкандан кийин К. Көлбаев экөө атчан Киров колхозунун Чаткарагай ашуусу аркылуу Жумгал районуна баргандарын, келечекте ушул тарапка да жол салуу пикирин айткандыгын, дегеле райондун Нарын, Жумгал, Жалалабат тараптары боюнча жол байланыштарын курууну пландаштырууну К. Көлбаевге табыштаганын сүйлөп отурду. Азыркы курулган жол техникалык жактан талапка жооп бербесе да, түштүк жакка машина менен каттап, чарбалык иштерде курулуш материалдарын, айыл чарбасына керектүү техникаларга запастык бөлүктөрүн издеп таап камсыз кылууда бир топ жеңилдиктер болорун белгиледи.

С. Ибраимов ошондогу аңгемелешүүдө Кыргызстанда климаттык-географиялык оор шарттагы 4–5 райондон, айрыкча Тогузторо районунун социалдык жактан төйлөнүшү республиканын жетекчилеринин дайыма көңүлүнүн борборунда турбаса, анда жашаган эл оор кыйынчылыкка дуушар болуп калаарын айтты.

– Ошондуктан, – дейт ал, жылдын кыш мезгилине жеткирбей элдин санына жараша тамак-аш, курулуш, өнөр жай, ж.б. керектүү товарлар менен жарым жылдык өлчөмдө камсыздалып туруусун Өкмөт контролго алуусу керек. Эгерде мындай чаралар көрүлбөй, кышында кар оор жаап, аба ырайы татаалдап байланыш токтоп калса, элге кыйын болоору шексиз. Султан Ибраимовдун мындай корутундусунан райондордун климаттык жактан жайгашуудагы ар кандай кыйынчылыктарга дуушар болорун билип, ага алдын ала иштиктүү чара көрүүнүн камын ойлогон, өлкөнү жетектөөгө мүмкүнчүлүгү бар экенин сезген элем. Чынында эле ал Кыргыз Республикасынын Өкмөтүн башкарбадыбы.

Ал киши Тогузтородо 1969–70-жылдардагы жуттагы катаалчылыкты да эске салды. Кар абдан калың түшүп жут каптады. Бул оор кырсыктан райондун мал чарбасы айрыкча кой 60 пайызга өлүмгө учурады. Бул райондун жалпы экономикасын бир кыйла төмөндөтүп койду.

Эсимде бар, ошол жылдын март айында жергиликтүү Советке шайлоо биздин райондо кийинки мөөнөткө которулган. Кармантүз, Жоонтерек, Орказган, Кабак шайлоо участкаларына бекитилген 4 вертолет бир ай бою аба ырайы бузулуп, күнүгө тынбай жааган кардын кесепетинен учууга мүмкүн болбой калган. Ал эми Орказган өрөөнүндөгү жааган кар зым карагайдын ак чынысына чейин болгонун көргөнбүз. Тактап айтканда, кардын калыңдыгы 4–5 метрге чейин жеткен. Буга райондун акыбалын көргөнү келип эки жума эч жакка учалбай кармалып калган ошол кездеги Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин катчысы Арстанбек Дүйшеев да күбө болду.

Ушундай оор абалга байланыштуу Кыргыз Өкмөтүнүн биринчи орунбасары И. К. Капустяндын жетекчилигинде атайын өкмөттүк комиссия түзүлөт. Республикадан келишкен бул комиссия Союздун – Москвадан келген өкүлдүн катышуусу менен оор кырдаалды көрүшүп, кар алдында калган мал чарба объектилерин сүрөткө тартып, ал материал «Огонек» журналына чыккан. Ошондон кийин Союздун эмгек акы Министрлиги райондун климаттык оор шартын, бийик тоолуу жаратылышын, эгин

айдоочу сугат аянтынын аздыгын, райондун борбору деңиз деңгээлинен 2000 метр төмөн турса да мал чарбасында негизги иштегендер жыл бою алыскы жайыттарда, кыштоолордо болушарын, Республиканын борборунан алыс турганын эске алып, райондун аймагында иштеген бардык жумушчу-кызматчылардын эмгек акысына 35 процент кошумча төлөөнү киргизген. Бул үчүн Кыргыз Өкмөтүнүн атайын токтому чыгарылган.

Жолдун ачылышын уккан Т. Усубалиев кубанып, кийинчерээк Ошко, андан Казарманга келип жолду көрөөрүн айтыптыр. Бир айдан кийин сентябрь айынын аяк ченинде Т. Усубалиев Тогузторого Сарыкыр бели аркылуу келип жолду көрүп кеткен. Биздин райондун жетекчилери ашуунун этегиндеги жайлоодо келген меймандарды бозүйлөрдө даам таттырып кайра узатып коюшту.

1983-жылы Султан Ибраимов Кыргыз Өкмөтүн жетектеп турганда Нарын облусунун чарбаларын кыдырып таанышып жүрүп, биздин районго май айынын орто ченинде республиканын министрликтеринин бир топ жетекчилери менен келишти. Райондун чарбалык иштери менен кеңири таанышкандан кийин райондун активинин чоң жыйынын өткөрдү. Жыйында Султан Ибраимович райондун келечектеги өнүгүп-өсүшүндөгү чарбалык түйүндүү маселелердин чечиле тургандыгын айткан.

Карагөө жолу аркылуу биринчи жолу келишим,– дейт Ибраимов,– жол бир кыйла татаал. Бүгүнкү күндүн талабына жооп бербегени көрүнүп турат. Кыштын катаал учурунда жолду үзгүлтүксүз, иштетүүгө көп кыйынчылыктар болчудай. Ошондуктан мурдакы варианттагы Казарман-Үгүт долбоору боюнча (Нарын суусун бойлой) жол салуу туура деп ойлойм. Мындан башка Казарман–Чаткарагай–Чаек жолун, Казарман–Жалалабат, Казарман–Баетов жолдорун жакшылап куруп, жайы – кышы үзгүлтүксүз каттай тургандай кылып салуу керек. Буларды турмушка ашыруу үчүн тийиштүү министрликтерге, долбоорлоочу институттарга даярдык көрүүгө тапшырма берилет. Убагы келгенде жогоруда айтылган план иш жүзүнө ашканда райондун социалдык-экономикалык деңгээли бир кыйла жогорулап, элдин жашоо-турмушу жакшырат. Аманчылык болсо бүгүнкү айтылгандарды ишке ашырууга жалпы аракет кылалы, – деди. Ошондо Алтынчөйчөк өрөөнүбүзгө өзгөчө көңүл буруп жаткан кишиге районубуздун эли чын дилибизден ыраазычылык билдиргенбиз.

Султан Ибраимов Фрунзеге барганда жогоруда аталган жол курулуштары боюнча тиешелүү республикалык уюмдарга тап-

шырма бергенин партиянын райкому аркылуу укканбыз. Бирок арадан үч ай өтпөй 1983-жылы күзүндө күтүлбөгөн жерден бир көркоонун колунан шейит кеткенине аябай кайгырдык. Айла жок, Султан Ибраимовичтин бир гана Тогузторонун элине эмес, жалпы кыргыз журтуна жасай турган зор стратегиялык пландарынын токтоп калганына азыр да аябай өкүнөбүз. Мен да коомдук жана мамлекеттик ишмер, бийик максатта эл үчүн кызмат өтөгөн кайран асыл адам Ибраимовдун сөз менен бере алгыс жакшы сапаттарын акылдын жетишинче, жүрөгүмдөгү эң жогорку сезим менен дайыма эскерип келем.

Ал түштүк регионун башкарып жүргөн мезгилде райондордун, мекеме-уюмдарынын жетекчилерине, жалпы элге жөнөкөй мамилесин, карапайым мүнөзүн, боорукерлигин, масштабдуулугун, кыраакылыгы, көрөгөчтүгү менен чече билгендигин, кадрларга камкордугун түштүк туугандар жалпыга маалымат каражаттары аркылуу чоң сөз кылып жүрүшөт.

Мен да бул асыл адамдын өрөөнүбүздүн элине жасаган жана алардын кылымдардан бери көксөгөнү, жол-турмуш артериясы жөнүндөгү тилегин ишке ашырууга бардык аракетин жумшаганын окурмандарга жеткирүүнү өз парзым деп эсептедим! Мамлекеттик жана коомдук ишмер Султан Ибраимов кайратман элим деп, улуу максат, бийик тилек менен шымаланып иштеп жүрүп өтүп кетти. Кайран асыл адам!...

***БАКЫ ОРОКОВ,***
***Райондогу ар тараптуу чыгармачыл топтор фондусунун төрагасынын орунбасары***
*«Жеңиш Туусу», 1999-жыл, 6-октябрь*

**Кыргыз Республикасынын Президенти**
**АКАЕВ АСКАР АКАЕВИЧКЕ**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин**
**Мыйзам чыгаруу жыйынынын төрагасы**
**МУКАМБАЕВ УСУП МУКАМБАЕВИЧКЕ**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин**
**Эл өкүлдөр жыйынынын төрагасы**
**ЭРКЕБАЕВ АБДЫГАНЫ ЭРКЕБАЕВИЧКЕ**

**Урматтуу АСКАР АКАЕВИЧ!**
**УСУП МУКАМБАЕВИЧ!**
АБДЫГАНЫ ЭРКЕБАЕВИЧ!

1998-жылдын декабрь айынын башында Кыргыз радиосунун уктуруусунда Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаттары Кадырбеков И., Текебаев Ө. жана башкалар Кыргыз Республикасынын административдик-территориялык түзүлүштөрү жөнүндөгү эки варианттагы сунуштардын долбоорун даярдап жаткандыгы айтылганын укканым бар. Ошондон кийин менде Кыргыз Республикасынын атуулу катары өз элинин бейгам турмушун көздөгөн ар бир эле тургуну катары өз пикиримди ортого салууга белсенип отурамын. Бул сунуштарды биринчисинде Жалалабат, Ош облустары бир облуска, Ысыккөл, Нарын облустары бир облуска, ал эми калган Талас, Чүй облустары жана райондору түз Республикалык баш ийүүдөгү структуралык жайгашууга, ал эми экинчисинде облустардын жер шартына, коңшулаштыгына байланыштуу бириктирүү сунушу айтылган.

Республиканы узак убакыт жетектеп келген Усубалиев Т. Жогорку Кеңештин 1997-жылдагы бир сессиясында облустарды кыскартып-жоюу маселеси көтөрүлгөндө төмөндөгүдөй түшүндүрмө бергендиги эсимде. 1970-жылга чейин републикада бир гана Ош облусу болуп, калган райондор республикалык баш ийүүдөгү административдик бөлүнүү менен иш жүргүзүп келген. Ошол мезгилдеги облустун борбору аталган шаарларда социалдык, маданий жана коммуналдык жактан тейлөө аябай начарлаганын жашыра албайбыз. Республикада жетекчи кадрларды даярдоодо да облустук түзүмдөрдүн жоктугунан бул орчундуу маселени өз деңгээлине жеткирүүгө толук мүмкүнчүлүктөр болбой калганы аябай өкүнүчтүү.

Союздук бюджеттен облустук административдик толук штаттуу бөлүмдөрүн кармоого, шаарлардын келечектүү социалдык-маданий, экономикалык өнүгүшүнө байланышкан акча каражаттарын чечүү керек болгон. Жогорудагыдай кырдаалдын негизинде 6 облустук территориялык бөлүнүштөгү Кыргыз Республикасын түзүү максатка ылайыктуу болуп уюшулган.

Андан бери 20 жылдан ашык убакыт өттү. Түзүлгөн облустар бардык социалдык тармактар боюнча өсүп-өнүгүп жакшырды. Жетекчи кызматтарда иштей турган, экономикалык рынокко багыт алган кадрлар өсүп жетилди. Ошондуктан азыр республиканы менин оюмча 6 облустук административдик түзүмгө бөлүүнүн зарылчылыгы жок. Андан көрө облустук башкарууга кеткен каражатты башка максаттарга пайдалануу керектиги бышып жетилди, – деп айтканы бар эле.

Жалпыга маалымат каражаттары билдиргендей кийинки 2–3 жыл ичинде Жогорку Кеңештин палаталарынын жыйынында республиканын бюджетин түзүүдө жана анын аткарылышын талкуулаганда депутаттар тарабынан жогорудагы көтөрүлгөн маселе бир нече жолу козголду. Кыргызстандын айрым атуулдарынын басма сөз беттеринде эл чарбасын өнүктүрүүдө бюджеттин тартыштыгынан чыгуунун бирден бир чарасы – бул облустарды жоюп, райондорду ирилештирүү. Аларга кеткен бюджеттик чыгымдардын эсебинен түшкөн каражаттарды өндүрүштүк жана социалдык багыттарга жумшоо тууралуу ой-пикирлерин, сунуштарын билдирип жатышкандары баарыбызга белгилүү.

Республиканын ошол кездеги жетекчиси Турдакун Усубалиевич учурда бир гана Ош облусу калганын да айткан. Ош ал мезгилде Кыргыз ССРинин зоболосун көтөргөн облус болуп келгендиги талашсыз. Аймактын түрлүү тармактуу эл чарбасы өсүп-өнүгүп, социалдык-маданий деңгээли жогорулап, кала берсе облустагы айрым демилгелүү башталыштар калган аймактардын эли тарабынан ар тараптан колдоого алынып, жайылтылып келгенине да күбөбүз. Облустун жаштары илим-билимге тез арада ээ болуп, алардан белдүү кадрлар өсүп чыккан.

Республиканын негизги материалдык байлыктарынын бирин түзгөн пахтачылык боюнча жана дегеле бардык жетишкен ийгиликтери, көрсөткүчтөрү үчүн облус Союздун жогорку даражадагы ордендерин жана өтмө, эстелик Кызыл Тууларын үзбөй алып, Республикалык Ардак тактадан түшпөй келгенине кайсы гана кыргыз атуулу сыймыктана албайт. Пахтачылыкты жана мал чарбачылыгын, дыйканчылыкты айтпаганда да облустун аймагында ГЭСтерди куруу жүрүп, Кадамжайдагы, Майлы-

суудагы, Кызылкыя, Ташкөмүрдөгү, Жалалабаттагы, Ош шаарындагы ири өнөр жай ишканалары республикага кандай гана өлчөмдөгү киреше берип турганын кантип тана аласың.

Депутаттар И. Кадырбеков, Ө. Текебаевдин сунуштарында айтылгандай облустарды азыр деле ирилештирсе болот. Бирок менин жекече пикирим, мени ойлондурган бир гана нерсе – облустук түзүмдөрдү жоюп, мен «көлдүкмүн», мен «оштукмун», мен «чүйлүкмүн» дебей, мен «Кыргызстандыкмын», мен Чаткал же Тогузторо, Ноокат районунанмын же Нарын, Кызылкыя шаарынан боломун, – деп жүргөнүбүз туура болот го. Антпесек айрым белгилүү эле интеллигенттерибиз аймактарды өзгөчөлөтүп, жетишкендиктерин же кемчиликтерин бөлүп айтышат. Айрым одоно сунуштарын да угуп жүрөбүз. Ошондой шартта кадрларды жайгаштыруу, депутаттыкка көрсөтүү, кадр даярдоо, кызматка сунуш кылуу сыяктуу жана башка демилгелерде аймак маселеси орчундуу роль ойнобой калат беле деген ойдомун.

Экономикалык жагдайды алсак, кыргыз эли эгемендүү өз алдынча мамлекет болуп жашагандан бери жүргүзүлүп жаткан экономикалык, социалдык-маданий реформалардын жүрүшүндө ар кандай финансылык кыйынчылыктарга учурады. Жер титирөө, жер көчкү, кыян-суулар каптаган табияттын кырсыктары экономикалык чоң зыянга учуратып, айыл чарбасы, ири өнөр жай жана чакан ишканалар жогорудагыдай кырсыктардын тийгизген таасиринен жакшы өнүгө албай мамлекеттин бюджеттик казынасына тийиштүү өлчөмдө салым кошууга мүмкүнчүлүктөрү болбой атат. Өнөр жайы бутуна туралбай, бүгүнкү күндө ал жалпы салыктын 10%ын гана берет. Демек, иштеген ишканалар аз, көпчүлүгү иштебей токтоп турат, ал эми иштегендери жалаң чыгашанын үстүндө.

Мына ушундай финансылык кыйынчылык оор абалдан чыгуунун жолдорунун бири катары республиканын административдик -аймактык болуп башкаруу түзүмүн кайрадан карап, облустарды жоюп, коңшулаш окшош чарба жүргүзүүчү райондорду бириктирип, жаңыча азыр жүрүп жаткан рыноктук мамилеге жараша мамлекеттик башкаруу структурасын түзүү зарыл.

Россия Федерациясынын сексенинчи жылдардагы административдик-аймактык бөлүнүшүн алып көрөлү. Мисалы, Свердлов облусунун аянты 194,8 миң чарчы километр, калкынын саны 4 миллиондон ашык адам, тутумунда 30 айылдык, 12 шаардык районго бөлүнгөн. Андан сырткары 30 шаары бар. Бул облустун Кыргызстандай эле аянты жана эли бар. Башка Волгоград, Новосибирск, Горький, Ростов облустары жана Краснодар, Красноярск крайлары деле ошондой.

Бул жерде Кыргызстан өз алдынча эгемендүү мамлекет болуп турса, Россия Федерациясынын облустарына эмнеге салыштырабыз деген суроо болушу мүмкүн. Россиянын тутумунда Татарстан, Башкортстан сыяктуу республикалар Федерациянын ичинде туруп, облустук бөлүнүштөрүсүз эле райондук түзүмдөр аркылуу башкарылып атпайбы.

Ушуларды эске алып мен жогорудагы оюмду билдирип жатамын. Аталган депутаттардын райондорду ирилештирүү боюнча койгон маселеси экономикалык-финансылык жагдайларды жөнгө салууда орчундуу мааниге ээ болот жана туура коюлууда. Бир гана айта кетээрим мурда аймактык жайгашуусу боюнча бириктирүүгө мүмкүн болбосо да кошуп жиберген, бул каталыктарды турмуш өзү көрсөтүп, кийин калыбына келтирилген учурлар көп эле болгон. Чаткал, Тогузторо райондору коңшу райондорго бир нече жолу кошулуп, кайрадан бөлүнгөн. Бул маселени чечүүдө аталган региондордун элинин аз экендигин гана эске алып, ал эми географиялык жайгашуусуна, табигый- жаратылыш катаал шартына караманча көңүл бөлүнбөй келген. Район болбосо да Суусамыр, Сарыкамыш айылын жердегендерди да бирде бул жакка, бирде тигил жакка кошуп кайра бөлүп жүрүшөт. Убарасы канча. Республиканын административдик-аймактык бөлүнүшүндө ушул жагдайлар эске алынса.

Жыйынтыктап айтканда, мамлекетибиздин административдик-аймактык түзүлүшүн кайра карап чыгуу зарыл учурда Өкмөттүк Комиссия жогорудагы жагдайларды жана дагы көптөгөн пикирлерди эске алып, таразалап абдан кылдат мамиле жасоо өтүнүчүн билдирээр элем.

***БАКЫ ОРОКОВ***
***эмгек ардагери,***
***Тогузторо району, 1996-жыл, 10-февраль***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИ ЖОЛДОШ АКАЕВ АСКАРГА ЖАНА ТОГУЗТОРО РАЙОНУНУН ЭЛИНЕ!

Нарын облусун калыбына келтирүү жөнүндөгү Кыргыз республикасынын Президентинин Указын облустун аймагында жашаган бүткүл эмгекчилер, жашы-карысы дебей өтө кубанычтуулук менен тосуп алдык.

Облусту калыбына келтирүү анын аймагында жайгашкан колхоз-совхоздордун, мекеме-ишканалардын экономикасын көтөрүү жана чыңдоо, ошондой эле анда жашаган калкты турмуш-ти-

ричилик жактан тейлөөнү жакшыртуу боюнча республиканын, өзгөчө Президент А. Акаевдин жана Жогорку Советтин көргөн камкордугу катары сезебиз жана ыраазылыгыбызды билдиребиз.

Ошону менен бирге мурунку облус калыбына келтирилсин деп кабыл алынган Указга карабастан, эзелтеден башкача айтканда, нечен кылымдардан бери бир атанын балдарындай чогуу жашаган, куда-сөөк, таяке-жээн болуп жуурулушуп калган Тогузторо районунун эмгекчилерин, баштан жаакты айыргандай кылып, эл менен кеңешпей, райондун айрым жетекчилеринин түрткүсү боюнча мурун Ош, кийин Жалалабат облусуна кошуп жибергендигине ичибиз ачышып, боорлош тууганыбыз башка жакка кетип, бир капталыбыз бөксөргөндөй болуп калганбыз. Чындыгын айтсак, Тогузторо районунда жашаган элдин жашоо- турмушун, райондун экономикасын оңдоо, көтөрүү боюнча мурунку партиянын Нарын облустук комитети менен облаткому, айрыкча Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети, Өкмөтү көп иш жасаганы баарыбызга белгилүү.

Алсак миллиондогон акча каражаттарын сарптоо менен Катаал Карагөө тоосу аркылуу Нарын – Казарман, Баетов – Казарман жолдору, райондун аймагында Нарын дарыясына эки көпүрө курулду. Булардын демилгелери аркылуу КПССтин XXIV съездинин программасына киргизилип, Макмал алтын-кен комбинаты курулуп бүтүп, пайдаланууга берилди. Бул кенди курууда Нарын облусунун көптөгөн жаштары иштеди жана азыр да иштеп жатышат. Мындан тышкары 1982-жыл 18-мартта Кыргызстан КП БКнын, Республиканын Министрлер Советинин «Тогузторо районунун экономикасын жана маданиятын көтөрүү жөнүндө» атайын токтому кабыл алынып, анда 10 миллиондон ашык акча каражаты каралып, көптөгөн каналдар, 2 кабаттуу орто мектептин имаратын, турак жай, ашкана ж. б. курулуп пайдаланууга берилген. Көчөлөрү асфальтталды жана Казарман – Нарын – Фрунзе маршруту боюнча автобус, самолет жүрө баштаган. Ошондой эле, азык-түлүктү, өнөр жай товарларды, отун, ташкөмүрдү жылыга 1-ноябрга чейин райондун калкы үчүн Казарманга толук жеткирилип коюлчу. Нарын менен Казармандын ортосу анча деле алыс эмес. Жүргүнчүлөр Казармандан Нарын шаарына чейин автобус менен 3–4 саатта, самолет менен 30–35 минутта келишет. Жолду тазалап, оңдоп куруучу атайын ДЭУ иштейт.

Мурунку облаткомдун комиссиясы түзүлүп, Казарман – Каракече, аралыгы 60 км келген жерди изилдешип ага жол курулуп, ташкөмүрдү түз эле жеткирүү жагы белгиленгендигин билебиз. Нарында жашаган жана эмгектенген жүздөгөн жумуш-

ричилик жактан тейлөөнү жакшыртуу боюнча республиканын, өзгөчө Президент А. Акаевдин жана Жогорку Советтин көргөн камкордугу катары сезебиз жана ыраазылыгыбызды билдиребиз.

Ошону менен бирге мурунку облус калыбына келтирилсин деп кабыл алынган Указга карабастан, эзелтеден башкача айтканда, нечен кылымдардан бери бир атанын балдарындай чогуу жашаган, куда-сөөк, таяке-жээн болуп жуурулушуп калган Тогузторо районунун эмгекчилерин, баштан жаакты айыргандай кылып, эл менен кеңешпей, райондун айрым жетекчилеринин түрткүсү боюнча мурун Ош, кийин Жалалабат облусуна кошуп жибергендигине ичибиз ачышып, боорлош тууганыбыз башка жакка кетип, бир капталыбыз бөксөргөндөй болуп калганбыз. Чындыгын айтсак, Тогузторо районунда жашаган элдин жашоо- турмушун, райондун экономикасын оңдоо, көтөрүү боюнча мурунку партиянын Нарын облустук комитети менен облаткому, айрыкча Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети, Өкмөтү көп иш жасаганы баарыбызга белгилүү.

Алсак миллиондогон акча каражаттарын сарптоо менен татаал Карагөө тоосу аркылуу Нарын – Казарман, Баетов – Казарман жолдору, райондун аймагында Нарын дарыясына эки көпүрө курулду. Булардын демилгелери аркылуу КПССтин XXIV съездинин программасына киргизилип, Макмал алтын-кен комбинаты курулуп бүтүп, пайдаланууга берилди. Бул кенди курууда Нарын облусунун көптөгөн жаштары иштеди жана азыр да иштеп жатышат. Мындан тышкары 1982-жыл 18-мартта Кыргызстан КП БКнын, Республиканын Министрлер Советинин «Тогузторо районунун экономикасын жана маданиятын көтөрүү жөнүндө» атайын токтому кабыл алынып, анда 10 миллиондон ашык акча каражаты каралып, көптөгөн каналдар, 2 кабаттуу орто мектептин имаратын, турак жай, ашкана ж. б. курулуп пайдаланууга берилген. Көчөлөрү асфальтталды жана Казарман – Нарын – Фрунзе маршруту боюнча автобус, самолет жүрө баштаган. Ошондой эле, азык-түлүктү, өнөр жай товарларды, отун, ташкөмүрдү жылыга 1-ноябрга чейин райондун калкы үчүн Казарманга толук жеткирилип коюлчу. Нарын менен Казармандын ортосу анча деле алыс эмес. Жүргүнчүлөр Казармандан Нарын шаарына чейин автобус менен 3–4 саатта, самолет менен 30–35 минутта келишет. Жолду тазалап, оңдоп куруучу атайын ДЭУ иштейт.

Мурунку облаткомдун комиссиясы түзүлүп, Казарман – Каракече, аралыгы 60 км келген жерди изилдешип ага жол курулуп, ташкөмүрдү түз эле жеткирүү жагы белгиленгендигин билебиз. Нарында жашаган жана эмгектенген жүздөгөн жумуш-

чулар менен кызматчылар жылыга «Бытбылдык» жайытына барып, миңдеген тонна чөп даярдап беришчү. Климаты ыңгайлуу болгондугуна байланыштуу райондун чарбаларында буудайдын уругун жана тамеки айдап өстүрүү пландаштырылмак. Бул болсо колхоз-совхоздордун экономикасын, калктын жашоо деңгээлин көтөрүүгө көмөкчү болмокчу.

Ал эми Казарман – Жалалабат жолу менен кыш-жаз мезгилинде катташуу өтө татаал. Анткени октябрь айынан баштап ал жолго 1–1,5 метр кар жаап, катуу шамал, бороон болот, жолдон көчкү түшөт да чукул бурулуштарынан машинанын жүрүшү өтө коркунучтуу. Жол азабы, көр азабы дегендей давандан атчан адам учуп зыян тартканды Тогузторолук туугандар жакшы билишет. Жакында Нарын облусунун райондорунун жана шаардын 250дөн ашык өкүлдөрү менен Кыргыз Республикасынын Президенттик Кеңешинин мүчөсү Ж. Сааданбеков жыйын өткөргөндө, чыгып сүйлөгөндөр жана анын катышуучулары Тогузторо районунун Жалалабат облусуна эл менен кеңешпей туура эмес берилгени белгиленип, аны кайра Нарын облусуна кошуу жагын Жогорку Советке жана Президентке айта баруусун Ж. Сааданбековдон аябай сураныштты.

Тогузторо районунун эли менен куда-сөөк, таяке-жээн болгондуктан алар менен дайыма катташып, кабарлашып турабыз. Райондун элинин көпчүлүгү, азыр да кайра эле Нарын облусуна кошулуусун каалайт. Жогорку Советтин сессиясында бул маселе боюнча сүйлөгөн депутат Ч. Байгазаковдун сөзүн толук кубаттайбыз. Ошондуктан бул маселе боюнча атайын комиссия түзүп, райондун, элдин калың катмарынын пикирин угуп, Тогузторону биздин облуска кайра кайтарып берүүңүздү сурайбыз. Ал эми Тогузторолук туугандар бизди колдошот деп ишенебиз. Бул катты кыскартпай толук гезитке басууну өтүнөбүз.

Согуштун, эмгектин, партиянын ардагерлери, союздук республикалык маанидеги персоналдык пенсионерлер:

*Ажиев А., Сыдыков М., Байгазиев К., Жакыпов С., Абдразаков У., Төрөбаев И. – Нарын шаары;*

*Найманбаев М., Суранова К., Бекжанов Б., Абдрахманов Ж. – Тяншан району;*

*Абдиев Р., Айдаралиев И., Сыдыгалиев Б. – Жумгал району.*

*Бейшеев А., Дапиев О., Байдөөлөтов Т. – Кочкор району.*

*Аманбаев А., Абдылдаев А., Абыкеев С., Исакунов М., Карыбеков А. – Атбашы району;*

*Акунов К., Алашов К., Дегенбаев Д. – Акталаа району.*

***«Советтик Кыргызстан», 9-февраль, 1991-жыл***

Тогузторо районунун жалпы эли Нарын облусунун калыбына келтирилиши жөнүндөгү Республиканын Президентинин Жарлыгы менен облустун аймагындагы жалпы эл-журтун кызуу куттукташат. Мындан ары облустун келечекте саясий, экономикалык, социалдык-маданий, турмуш-тиричилик жактан ар тараптан өнүгүшүн каалайт.

Район Нарын облусунун бардык калайык-калкы менен аймакташ жашап, бирге өсүп-өнүгүп, кыйынчылыкты тең бөлүшүп жашап келгендигин танышпайт. Бирок «Кыргыз Республикасынын Президенти Акаев Аскарга жана Тогузторо районунун элине кайрылуусу» менен Нарын облусунун райондорунан согуштун, эмгектин, партиянын ардагерлеринин бир топ өкүлдөрүнүн кайрылуусуна байланыштуу жооп иретинде ой-пикирибизди билдирүүнү туура таптык.

Нарын облусунун, кайрадан түзүлгөн 1971–1988-жылдары ичинде Тогузторонун жалпы эли кандай кыйынчылыктарды өткөргөнүн элестетип талдап көрөлүчү.

Карагөө – Казарман – Баетов жолдору, Атбашы ГЭСинен Казарманга чейин тартылган жогорку чыңалуудагы электр танабы жана Нарын дарыясындагы биринчи көпүрө 1965–1970- жылдардагы беш жылдык планга киргизилип, 1970-жылы пайдаланууга берилген. Бул объекттердин курулуштарын планга киргизип ишке ашырууда республиканын партиялык, советтик органдары Тогузторо районунун 1966-жылы кайрадан уюшулган партиянын райондук комитетинин жүргүзгөн иштеринин жыйынтыгы болучу. Бул аралыкта Нарын облус болуп түзүлө элек эле.

Кыргыз алтын-кен комбинатынын курулушу республиканын комсомол уюмунун демилгеси боюнча Бүткүлсоюздук жаштардын эпкиндүү курулуш объектиси болуп жарыяланып, мында Союздун бардык булуң бурчунан жаштар келип иштеди. Башкача айтканда, 62 союздук өнөр жай ишканалары комбинаттын курулушуна катышып, бүткөрүүгө көмөктөштү. Бул жалпы Союздук элдик иште Нарын облусунун жаштары да активдүү катышканын танбайбыз. Комбинат партиянын кезектеги съездинин урматына убагында пайдаланууга берилген.

Кайрылууда көрсөтүлгөн 1982-жылдагы Кыргызстан КП БК менен Кыргыз ССР Министрлер Советинин «Тогузторо районунун экономикасын жана маданиятын көтөрүү жөнүндө» атайын токтому кабыл алынып, анда каралган суу чарба куру-

луштарынын, элге билим берүү тармагындагы, райондун чарбаларындагы элди суу менен камсыз кылуучу суу түтүкчөлөрү ж. б. маданий объектилеринин курулуштары башталып, аягына чейин бүтпөй кала берген. Бул токтомдун мурдагы Нарын облустук партиялык, советтик, чарбалык уюмдардын жетишээрлик деңгээлде кийлигишип, аларды аткаруу боюнча учурунда чара көрбөгөндөн (токтомдо көрсөтүлгөн, алсак, Доржу, Жырма, Кайыңды каналдары ж. б.) айрым курулуш объектилери аягына чыкпай кала бергени жашыруун эмес.

Казармандагы аэропорттун, үч кабат орто мектептин, турмуш-тиричилик комбинатынын, райондук оорукананын имараты Кыргыз алтын-кен комбинатынын курулуш комплексинин эсебинен курулган. Буларды Нарын облусунун акча каражаты же болбосо башка пландаштырылган булактар аркылуу курулду деп атоого болбойт. Бул курулуштар СССР Түстүү металлургия министрлиги тарабынан бүткөрүлгөн.

Жогоруда жүргүзүлгөн социалдык, маданий иштерде Нарын облусунун жетекчилеринин автору катары бааланышы бизге уятыраак сезилет. Тескерисинче, 1979-жылы Кыргыз Өкмөтүн жетектеген Султан Ибраимовдун Тогузторого июль айында келип, райондун жалпы акыбалы менен таанышып, Карагөө аркылуу келген жол байланышынын кыйынчылыгын көрүп, райондун чарбаларынын өнүгүшүнүн татаал шартта экенин түшүнүп, жалпы элдин жыйын-чогулушунда көп иш чараларды республиканын өкмөтү чукул арада чечээрин айткан эле. Алсак, Казармандагы Чаткарагай аркылуу Жумгал–Кабагына жол салууну, Нарын дарыясынын жээги менен Үгүт – Казарман жолунун курулушун, ал эми Казарман – Жалалабат жолунун жаңы долбоору, ошондой эле айылдарга суу түтүктөрү, маданий, социалдык курулуштар белгиленип, республиканын тиешелүү долбоорлоо институттарына тапшырмалар берилип, пландаштырылган иштер башталган. Бирок бул пландар облустун ошол учурдагы жетекчилеринин бизге түшүнүксүз тескери пикирлери боюнча ишке ашырылбай калган.

Нарын облусунун 1971–1988-жылдары аралыгында райондо бир да типтүү балдар бакчасы, оорукана ж. б. коомдук-маданий очоктор дээрлик курулган эмес. Ардагерлер кайрылууда эки кабаттуу мектептин курулушу бүткөрүлгөнүн жазышкан. Бул жылдары райондук колхоздор аралык курулуш уюму аркылуу жыгачтан убактылуу мектеп имараты курулган. Бул күндө калк жашаган үйлөрдүн кебетелери кетип, урап калуу абалында турат.

Эл арасында түшүнгөн, туйган адамдар бар экен. Кыргыз Өкмөтүнө, Жогорку бийлик органдарына арыз-муңун түшүндүрүп, район өз алдынча бойдон, келечегин ойлоп Ош облусуна кошулууну эл Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун мурдагы Председатели Т. Акматов катышкан райондун жалпы элдик чогулушунда, андан кийин Ош облусуна кошулуу боюнча комиссияны жетектеп келген Т. Акматов катышкан экинчи жолку чогулушта, үчүнчү жолу 1990-жыл август айында Кыргызстан КП БКнын 1-катчысы А. Масалиев катышкан чогулушта, өткөн жылдын сентябрь айында М. Шеримкулов катышкан райондун жалпы чогулушунда эмгекчилер Ош облусунун курамына кошулууну бир оодон билдиришкен. Азыр жалпы эл Жалалабат облусунун курамында болууну каалайт жана Республиканын Президентинин Указын колдойт.

Биз Жогорку Советтин сессиясында сүйлөгөн депутаттар Байзаков, Акималиав, Карабаев, Казыбаев, Алышукуровдун сунуштарына жана пикирлерине кошулбайбыз. Эмне үчүн бул жолдоштор жана кайрылуунун авторлору Жогорку Советтин сессиясында жаңы Закон, жаңыча салыктар боюнча түшө турган каражаттар каралып, алтын комбинатынын жергиликтүү бюджетке 78 миллион сом каражат бөлүнөөрү дайын боло баштаганда эле Тогузторо районун Нарын облусуна кайрадан кошуу сунуштарын жанталашып айтып чыга калышат.

Жалалабат облусундагы өнөр жай мекемелери, ар түрдүү багыттагы курулуш уюмдары бир кыйла деңгээлде өнүккөн. Өндүрүштүк базалары чыңдалган, кубаттуулугу жетишкен ири ишканалардан болуп эсептелет. Ушунун негизинде биз, келечекте райондун экономикалык өнүгүшүндөгү турмуштук эң орчундуу маселелерин чечип, тиешелүү өлчөмдөгү эл чарба курулуштарды курууга чоң жардамдарды алабыз.

1991-жылы райондо 300 миң сомдук балдар бакчасы, 1 млн 810 миң сомдук Казарман орто мектеби, №45- айылдык-кесипчилик окуу жайынын имараты, Дөдөмөл, Кошбулак кыштактарында суу түтүкчөлөрүнүн курулуш иштери бүткөрүлүп пайдаланууга берилмекчи. Жырма каналынын курулушу улантылат, Караталаа каналынын 2-кезектеги курулушу башталат. Көгарт көпүрөсү бүткөрүлөт, 800 түйүндүү АТС, 2 миң түйүндүү АТСке айландырылып, толугу менен ишке киргизилет, кубаттуулугу 4,5 тонна нан заводу бүткөрүлүп пайдаланууга берилет. Казармандагы суу түтүкчөлөрү кайра конструкцияланып, ишке киргизилет.

СССР энергетика министрлиги тарабынан Камбарата – 2, Карабулуң, Алабука ГЭСтеринин курулушун баштоо үчүн Сарыкырда, Казарман жолун курууну баштайт, ал үчүн 47 млн сом акча каралууда.

Казарман – Жалалабат жолу менен жайы-кышы үзгүлтүксүз катышууну камсыз кылуу максатында өткөн 1990-жыл 100 миң сомдук изилдөө-байкоо жумуштары жүргүзүлгөн жана ушундай эле көлөмдөгү жумуштар быйыл да жүргүзүлмөкчү. Новосибирскилик окумуштуулардын жетекчилиги астында «Кыргызжолкурулуш» долбоорлоо институту долбоорлук-сметалык документтерди даярдап, курулуш иштери 1992-жылы башталмакчы. Министрлер Кабинетинин кеңешчиси А. А. Иордан менен макулдашып, аларды турмушка ашыруу максатында дабандын өзүндө ушуга байланышкан райондун мекеме-уюмдарынын, республиканын, облустун жетекчилери катышкан атайын жыйын-кеңешме өткөрүлө тургандыгы белгиленүүдө.

Тогузторонун жалпы эли келечектеги ой-максаттарын терең ойлонуп, кийинки муундардан тил укпай, наараазы болбогондой аксакалдары, партиянын, эмгектин ардагерлери жана ар кыл муундагы жаштары өз ара бир нече жолу кеңешип, акылдашып, советтик, партиялык, чарбалык чогулуштарда пикир алмашып, районубузду Жалалабат облусунун курамында болуусун кайра артка чегинбегендей биротоло чечкенбиз.

Районго келе турган республиканын парламенти түзгөн комиссиясына да жогоркудай чечимибизди билдирмекчибиз. Тогузторо районунун элине кайрылган Нарын облусунун согуштун, эмгектин ардагерлерине, Союздук, республикалык маанидеги пенсионерлерге ушул биздин жообубузду толук жарыялап коюуну редакциядан өтүнөбүз.

Партиянын, эмгектин ардагерлери, пенсионерлери, эмгек жамааттарынын жана чарбалык уюмдарынын өкүлдөрү: Ороков Б., Кожалиев Т., Бердалиев Я., Кыдыргычов А., Шайнаев Т., Кыдыров Ж., Касымбеков С., Мокеев М., Осмонов К., Мамбетжанов Д., Жакишов А., Ниязалиев А., Жусубакунов К., Масиров Ш., Турдумамытов Т., Сатыбалдиев Т., Сабыралиев Д., Жусупов Д., Токтогулов Т., Илебаев А., Рысалиев М., Мойдунов М., Камчыбеков А. ж. б.

***«Кыргыз туусу», 13. 03. 1991-жыл.***

## «АЛТЫН ЧӨЙЧӨКТҮН» АЙМАГЫНДАГЫ АШКА ЖАРАМДУУ ТУЗ ЖЕ РЕСПУБЛИКАБЫЗДЫН ЖАЛПЫ ТУЗ КЕНДЕРИНИН КЕЛЕЧЕГИ БАРБЫ?

***Тогузторо районундагы «Тунуктуз» кенин өздөштүрүү максатында уюштурулган «Тунук» фирмасынын директири Бакы Ороков республикабыздын аймагындагы жер байлыктарынын бири – жаратылыш туз кендери болоругу, бул тармакты өндүрүштүк негизде өркүндөтүү өтө пайдалуу, кирешенин кенчи экендигин жетекчи жана геолог-адис катары өз баамы, иш тажрыйбасы жаатында чоң маселе козгоп, орчундуу проблемалар боюнча омоктуу ойлорун ортого салат.***

«Айлана-тегереги Тогуз тоо кыркалары менен торолгон ушул чөйчөктөй аймак, жашаган элинин насибине жаралган, байлыгы бөксөрбөгөн «Алтын чөйчөк» турбайбы деп айткан экен Санчы сынчы. Ошондон улам Тогузторо (тогуз тоо менен торолгон) аталып калыптыр. «Алтын чөйчөк» аймагы ар кандай таржымалданат. Жер кыртышында бугуп жаткан алтынды ошол сынчы баамдаганын ким билсин, бирок тээ бийик тоолордон көз чаптырганда өрөөн алакандагы алтындай жаркырап көз уялтчу дешет. Балким, ал жер кыртышынын сыртында жаткан тектерге аралашкан алтындын касиетидир. Балким, ушул биз өздөштүрүп жаткан туздун кыртыштын үстүңкү катмарына калкып чыгып, күнгө чагылышкан кубулушудур. Ал болбосо тороп турган тоо кыркаларынын чокусундагы түбөлүк уюп жаткан ак мөңгүлөргө карабай жай чилдеси ойдуңундагыдай ысып дарбыз-коон бышып, эгини жетилип ороо толо түшүм берген берекесинен улам сынчынын сынына толгондур. Негизи ушул чөйчөктөй чуңкурдун байлыгы азыр ушул тапта да жеке райондун айылдарынын гана эмес бүтүндөй кыргыз элинин керегине жарап жатканы талашсыз чындык. Мен ошол байлыктардын бири жөнүндө гана кеп кылмакмын.

* * *

СССРдин тушунда Кыргыз Республикасынын жылдык керектөөсүнө 40 миң тонна тамак-аш, 60 миң тонна техникалык, 80 миң тонна айыл чарбасы тармагынын зарылчылыгына талап кылынуучу туз сарпталуучу. Түркмөнстандын «Куули-соль», Украинанын «Артель-соль», Казакстандын «Арал-соль» бирикмелеринин өндүрүшүнөн чыгарылган туз ташылып келинүүчү.

Союз таркап, жоюлушу менен бул байланыштар үзүлдү. Ошол 1993-жылы «Тунуктуз» кенин менчиктештирип, «Тунук» фирмасын уюштурган мезгилде 1 кг аш тузунун баасы улуттук валютабыз менен 65 тыйын, орус акчасы менен 30 рубль эле. Андан берки эки жылдын аралыгында 1,5-2 сомго же 300–400 рублга кымбаттады. Союз убагында кило туз 8 тыйын эмес беле. Ушундай кыйын кезеңде калктын, өнөр жайынын, айыл чарбасынын керектөөсүн канааттандыруу үчүн жогорудагыдай көлөмдөгү тузду сатып алып, ташып келүүгө канча жүздөгөн миллион сом чыгымдала тургандыгын эсептеп көрүү анчалык кыйын эмес. Ушундай катаал жагдайдан чыгуу үчүн өз жергебиздеги туз кендерин ачып, негизги өндүрүш тармактарына айлантууга болот, болмок тургай аны өндүрүштүк кирешелүү тармакка айлантууга толук мүмкүнчүлүк бар.

* * *

Кыргызстандын аймагында кыркка жакын туз кендери бар. Азырынча алардын геологиялык жактан толук изилденгендери – Тогузтородогу «Тунуктуз», Кочкордогу «Чоңтуз», Кетментөбөдөгү «Шамшыкал», Чүй өрөөнүндөгү «Желдисуу» кендери. Туздун алына турган жалпы көлөмүнүн запасы, кандай максатта пайдаланса боло тургандыгы жөнүндө илимий сунуштар берилген. Кыргызстандарттын жана Мампландын 1991-жылдын февраль айындагы атайын чечимдерине «Тунуктуз», «Желдисуу» кендериндеги туздун тамак-ашка колдонуу жарамдуулугу жогору экендиги белгиленген. Мындай туздун курамында натрий-хлордун проценти канчалык көп болсо, ал ошончолук дурус болот. Тогузтородогу туздун курамында 97,08, «Желдисууда» 82,97 пайыз бул элементтер бар. Алынган бул туздун курамында адамдын ден соолугуна зыяндуу мышьяк, сурьма, висмут сыяктуу уу элементтер жокко эсе. Демек, буларды аш тузуна кайра иштетүү өтө жеңил, технологиялык кошумча чыгым аз сарпталат.

Тогузторо раймамадминистрациясынын, республиканын Мамлекеттик Геология комитетинин, экономика жана финансы, соода жана материалдык ресурстар министрликтеринин колдоосу менен өкмөт 1992-жылы «Тунуктуз» кенин «Тунук» фирмасына өткөрүп берүү жөнүндө чечим кылган. Кенди өнөр жайлык негизде өнүктүрүү, туздун эл чарбасына керектөө муктаждыгын канааттандыруу үчүн бир кыйла иштерди баштап койдук. Өндүрүштүк базабызды өркүндөтүү максатында 3 чакырым аралыкка жогорку чыңалуудагы электр линиясын жеткирдик. Транспорт, технологиялык жабдуулар сатылып алынып орно-

тулду, иштегендерди турак жай менен камсыз кылдык. Биринчи этабында жылына 10 миң тонна аш тузун өндүрүү жаатындагы чыккан долбоор ишке ашырылып жатат. Мындан 20 жыл мурда геологиялык изилдөө максатында ишке киргизилген шахтанын штольныйы ошол боюнча унутулуп, таланып-талкаланып, булгүнгө учураган. Аны кайрадан калыбына келтирдик. Эми алдыдагы келечектүү иштерди турмушка ашыруу үстүндө аракеттенип жатабыз. Орусиянын, Украинанын туз өндүрүүчү көп заводдору менен байланыш түзүп, тажрыйбасын үйрөнүп көрдүк. Өзгөчө Украинадагыдай тузду кайра иштетүүчү жабдууларды жаңыдан жасатып, токтоп калган кант кызылчасын кайра иштетүүчү заводдордун жабдууларына бир аз өзгөртүү кийирип, туз өндүрүүгө пайдалануу максатка ылайыктуу. Бизде канчалаган кант заводдору токтоп, жабдуулары дат басып турат. Ушул маселелер Өкмөттүк деңгээлде чечилсе республикабызда туз өндүрүү өнөр жайлык негизге которулуп, өзүбүздүн керектөөбүзгө гана эмес, чет жакка экспортко чыгарууга толук мүмкүнчүлүк бар. Бул ойду кендердеги туздун запасы аябай көп экендигинен улам айтып отурам.

«Тунуктуз» кенинин запасы бир миллион 119 миң тонна. Биринчи кезекте 10 миң тонна туз өндүрсөк өкмөттүн казынасына жылына үч миллион сом салык төлөйт экенбиз. Келечекте 30 миң тоннага жеткирсек салыктын суммасы он миллион сомго чейин жетээри анык. Бул сумма бүтүндөй райондун калкынын социалдык-экономикалык муктаждыгын канааттандырат. Экономикалык жакырлык кендирибизди кесип турганда өндүрүштү өздөштүрүүгө каражат бөлүү канчалык кыйын экендигин түшүнөмүн. Бирок биз иштеп чыккан бизнес планда «Тунуктуздун» өндүрүштүк, социалдык маселелери комплекстүү камтылган. Буга кошумча райондун табигый шартына ылайык эл аралык туризмди, өндүрүштүк башка кошумча тармактарды уюштурууга болот. Комплекстүү ушул бардык иш чараларга 1,4 млн. АКШ доллары чыгымдалат. Бул сумма бир райондун калкынын тагдыры үчүн анчалык чоң сумма эмес. Республикабыздын Маминвесткому биздин чет элдик бир эле инвестор менен мамиле түзүүбүзгө жардам берсе анда ушул ой-максаттарыбыздын бардыгы ишке ашаарына ишенимим чоң.

***Урматтуу Аскар Акаевич!***

«Кыргыз Туусу» гезитине кайрылып, көйгөйлүү маселелер жаатындагы ой-пикиримди журтчулуктун назарына салып коюуну туура таптым. Өкмөттүк гезит аркылуу жарыя кылган сунуштарым Сиздин көзүңүзгө чалдыгып калса экен деп тилеймин. Президентибизди экинчи мөөнөткө шайлоо алдында рай-

онубуздун калкы менен жолугушканда минтип айтканыңыз эсимде: «Тогузторо районунун тогуз проблемасы бар экенин билгемин. Кудай буюрса булар чечилет». Мына ошол Сиз айткан тогуз проблеманын бири – «Тунуктуз» кенин өздөштүрүү болуп саналат. Мен кийинки үч жылдан бери туз өндүрүшү менен алпурушуп жүрүп буга көзүм жетти. Республикабызда туз өндүрүүнү өнөр жайынын бир тармагына айландыруу керек. Анын себеби мында:


1. Туз техникалык максатта пайдаланылат: жылуулук электр станцияларында, буу казанын пайдаланган айнек заводдорунда, терини кайра иштетүүчү жана жеңил өнөр жайынын башка тармактарында сууну химиялык зыяндуу аралашмалардан тазалоо үчүн. Мына ушул максатта 60 миң тоннадан ашык туз чет жактардан сатылып алынат. Кыргыз Энергохолдинг компаниясы ушул максатта коңшу республикалардан сатылып алынган туздун акысын алардын бизден алган электр кубатына төлөнгөн карызы менен жабат. Ушу өзүбүздүн тузду пайдалансак, электр кубатына төлөнгөн чоң суммага башка зарыл продукцияларды сатып алсак болбойбу?

* * *

Аскар Акаевич, Сиздин жеке демилгеңиз менен республикабыздын өнүгүп бараткан алтын өнөр жайынын келечеги да аябай кеңири. Алтынды бөлүп алууда эң маанилүү компоненттердин бири болуп хлор эсептелет. Хлор туздун негизги химиялык элементинин бири. Мындан да көп утуш алабыз, анткени таза алтынды бөлүп алууда хлор эң керектүү реагент болот. Келечекте алтын өндүрүү өнөр жайында Павлодардан, ошондой эле Ереванда алынып келүүчү сырьелор өзүбүздүн республикадан камсыз болот.

2. Тамак-аш тузу: бул адамдын күндөлүк муктаждыгына күн, аба, суудай эле зарыл. Ал эми кондитердик, нан бышыруучу, эт-сүт, консервалоо өнөр жайларынын чыгымын айтпай коё албайм. «Тунуктуз», «Желдисуу» кендерин толук кубаттуулукка иштетсек, аталган муктаждыктар ашыгы менен канааттандырылып, 40 пайызын экспортко чыгарсак болот.

3. Тоют азыгы (кормовой) тузу: мал чарбасындагы ролун айтпай коюуга мүмкүн эмес. Мал чарбалуу регион болгондон кийин өзүбүздүн ресурсубузду пайдалана албай, четтен ташып келгенибиз туура болбосо керек. «Чоңтуз», «Шамшыкал» кендеринин запасы техникалык, тоют туздарына болгон керектөөлөрүбүздү 2–3 эсе ашык жабат. Ал эми республикабыздагы 30дан ашык туз кендери маалым экендигин айтсак, урматтуу Аскар Акаевич, туз өндүрүшүн өнөр жайыбыздын маа-



Неберелерим Асел, Алия, Айсулуу. 2004-жыл.



Прага (Чехословакия) Кыргызстандын туристтери (ортодо мен жана Кайрынса) декабрь, 1977-жыл.

Алмазбек апасы
Кайыр.






Азиз.
Май,
1965-жыл,
Фрунзе.



Ысыккөлдө эс алуу.
Август,
1999-жыл.



Күйөө балам
Жумакадыров
Эсенбек, КР
Ички аскеринин
полковниги.




«Кыргыз деңизи» санаториясы. Май, 2004-жыл.



Биздин курстун балдары жана окутуучулары кафедранын Геология музейинде. *Оңдон солго*: Мен, Исабеков М., кафедра башчысы Фриев Х., окутуучу Плышевский, декан Голубков А., студент Забиров А., КР ИА академиги, профессор Попов В. М., доцент Бочкарев И. И. калгандары студенттер. Акыркысы Ормушев Ж., О. Токтоназаров, ж. б.




Бешкүнгөй капчыгайында. 2000-жыл, 5-июль.



МСОдогу Жаңы жыл тосуу. *Солдон оңго*: кудагыйым Шарапат, Кайрынса, мен, кошуна Ажар.




Политехникалык институттун геологиялык факультетин бүткөндөрдүн 40 жылдык юбилейиндеги жолугушуу.
*Солдон оңго карай*: Фриев Э. Х., Токтоназаров О., Распопов Б., Багдецский В., Тольский В., Доотаев Э., Ороков Б., Турдукеев И.



Курулушчулардын кесиптик майрамы. Филармония. Кыргыз Республикасынын Премьер-Министри Н.Т.Танаев «Эмгек сиңирген куруучу» сыйлыгын тапшырууда. Август, 2003-жыл.




«КР эмгек сиңирген куруучу» наамын алгандан кийин. *Солдон оңго*: Шакиралиев Жеңишбек, неберем Элмира, кызым Гүлнара, уулум Алмазбек. Август, 2003-жыл.




Жубайым Кайрынса жана мен. Ленинград. Декабрь, 1977-жыл.



Уулум Азизбек Бириккен Араб Эмиратынын (ОАЭ) Президентинин уулу Доктор Шейх Султан Бин Халиф Бин Заед Аль Нахайяна менен. Февраль, 2005-жыл.



Уулум Азиз
үй-бүлөсү
менен.



Уулум Азиз
үй-бүлөсү
менен.



Сыйлашкан курсташ жолдошум Орузбай Токтоназаров. Февраль, 2005-жыл.



*Солдон оңго*: күйөө балам  Бакыт Орунбеков, кызы Бегимай, уулу Нурсултан, кызым Чолпон.




*Оңдон солго:* уулум Алмазбек, кызым Баян, жубайым Бүкөн, келиним Алмаш, неберелерим Эмир, Султан.

нлүү бир тармагына айландырууга эмнеге болбосун? Мени түйшөлткөн, ойлонткон проблемалар мына ушулар.

*БАКЫ ОРОКОВ, геолог,*
*Тогузторо райондук жергиликтүү бийликтин депутаты, «Тунуктуз» туз өндүрүүчү фирмасынын деректири.*
*Казарман айылы.*
*«Кыргыз туусу», 17.02.96-ж.*

## ЭМГЕГИН ЭЛ БААЛАГАН

Ар бир райондун, айылдын сыймыктанар адамдары болот экен. Биздин райондо да ак ниет эмгеги, жаратылыш берген уюштуруучулук, жетекчилик жөндөмү, адамгерчилик сапаты менен эл оозуна алынып калган адамдар аз эмес. Ошолордун бири районубуздан чыккан биринчи инженер-геолог, куруучу – Ороков Бакы жөнүндө айылдаштарынын атынан азыноолак кеп козгоп коюуну туура көрүп отурам.

Ороков Бакы 1936-жылы Тогузторо районундагы «Кызыл Жылдыз» колхозунда туулган. Орто мектепти бүткөндөн кийин 1955-жылы Фрунзе политехникалык институтуна кирип, аны 1960-жылы тоо-инженер геолог адистиги боюнча ийгиликтүү аяктаган.

1960–1967-жылдары Түштүк жана Түндүк геологиялык экспедицияларында геолог жана участканын начальниги, Кыргыз ССРинин геология башкармасында бөлүмдүн ага инженери болуп иштеген.

1967—1993-жылдары Тогузторо районунда курулуш мекемелеринде жетекчилик кызматтарда эмгектенген. Ал эми 1993-жылдан бери райондогу «Тунук» фирмасынын директору болуп иштеп жатат. Ороков Бакынын райондун экономикасын өнүктүрүүдө, тактап айтканда, өнөр жай борборлорунан алыс жайгашкан тоолуу райондун курулуш тармагын көтөрүүдөгү эмгеги чоң. Ушул мезгил ичинде райондо ар бири 504 орундуу 5 мектеп, 400 баш уйга эсептелген толук механизациялашкан сүт өндүрүүчү 2 уй сарай, 2400 баштан кем эмес кой сыя турган типтүү ондогон короо-сарайлар, жогорку сапаттагы ун чыгаруучу тегирмен, жалпы алганда 5 миң чарчы метр турак жай, элдүү пункттарда бала бакчалар, айылдык кеңештердин, колхоздордун административдик имараттары, турмуш тиричилик жактан тейлөө үйлөрү Ороков Бакынын демилгеси, жетекчилиги менен бүткөрүлгөн. Ал жетекчилик кылган курулуш уюму жогорку

көрсөткүчтөрү үчүн республикалык курулуш министрлигинин бир нече сыйлыктарын алган. Өзү болсо 1974-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак Грамотасы менен сыйланат.

1967–1985-жылдары райондук Советтин бир нече жолку чакырылышынын депутаты, партиянын райондук комитетинин мүчөсү жана райондук, облустук партконференцияларга делегат болуп көрсөтүлгөн. Учурда да Ороков Бакы жергиликтүү кеңешке депутат.

Азыркы мезгилде Ороков Бакы республикада жүрүп жаткан реформаларды толук колдоого алып, анын демилгеси менен райондогу «Тунуктуз» кенин өнөр жайлык негизде иштетүүгө аракеттер жасалууда. Республиканын тузга муктаждыгын камсыз кылуу максатында геологиялык чалгындоо иштери жүргүзүлүп, эски шахта калыбына келтирилди. Жогорку чыңалуудагы электр линиясы тартылып, жумушчу-кызматчылар үчүн үйлөр курулду. Натыйжада райондун жана коңшу райондун мал чарбасы туз менен камсыз болууда. Келечекте «Тунуктуз» кенин республикадагы туз өндүрүүчү ири өнөр жай ишканасына айлантуу боюнча кеңири программа иштелүүдө.

Ороков Бакынын беш баласы, он небереси бар. Балдарынын бардыгы жогорку билимдүү, ар кандай кесиптин ээлери, үйлүү жайлуу.

Аягында 60 ашууну багынтып, эл-журтунун сыймыгы болуп келаткан инсанга чың ден соолук, узун өмүр, бакыбат турмуш каалайбыз.

***ОРУНБЕК КАРМЫШОВ,***
*Тогузторо району,*

*«Эркинтоо», 16–22-декабрь, 1996-ж.*

## ЖАБЫЛА КӨТӨРГӨН ЖҮК ЖЕҢИЛ

Президентибиз Кыргызстандын бүткүл журтуна кайрылуусунда: «Парламент – саясий оюндар менен алек болуп, өздөрүнө жогорулатылган айлык белгилөөнүн, кенен, жарык жана жылуу батирге кирүүнүн, жаңы машинелерде зуулдап жүрүүнүн, кабинеттеринде жомоктогудай дасторкон жайылып туруунун үстүндө баш катыргандан башкага жарабай жатышат» – деп ачык даана айтты. Буга алардын айлык маянасы 2402 сом, ар биринде жаңыдан алынган ГАЗ-31 маркасындагы Волга машинасы, 3–4 бөлмөлүү үй далил.

Ал эми алардын жасаган иштерин Өзбекстан, Казакстан, Белорус, Украина жана Орусиянын парламенттери кабыл алган закондордун сандарын салыштырып көрсөк жарытымсыз.

Президенттик шайлоо алдында Аскар Акаев эң алгач Тогузторо районунун калкы менен жолугушуп, шайлоочулардын берген ар түрдүү суроо-талаптарын кунт коюп укту. Аларды «Тогузторонун тогуз маселеси» деп атап, келечекте райондун экономикалык өнүгүшүнө бир катар чечкиндүү иш чаралар көрүлө тургандыгын баса белгиледи.

Кийинки учурда биздин райондо эл арасында коомдук тартип бузуучулар көбөйүп, жашаган үйлөрүндөгү буюмдарын жана короо-сарайдагы малдарын уурдап, ал аз келгенсип бири-биринин өмүрүнө кол салып, адам өлтүрүүгө чейин барып жатышат. Ичкиликке берилип үй-бүлөлөрдө чыр-чатактар көбөйүп жаткандыгын көрүп жатабыз. Айыл-кыштактарда жашаган аксакалдар, карыялар, эстүү-баштуу адамдар жолугушуп сүйлөшүп, мындай жат көрүнүштөрдү тез арада жоюу максатында кечиктирилгис мамлекеттик чаралар зарыл экендиги жөнүндөгү оюбузду дагы билдиргенбиз.

Президенттик шайлоо алдындагы шайлоочулар менен жолугушууларда жер-жерлерде кабыл алынган Указдардын толук аткарылбай, экономикалык реформалар жакшы жылбай, мамлекеттик тартип бузууларга жол берилүүдө. Ошондон улам республикабыздын карапайым эли чукул арада мамлекеттик катуу тартипти киргизүү багытында А. Акаевге талап коюшканын күнүңкү берилип жаткан телекөрсөтүүдөн көрүп, угуп жаттык. Ушул жолугушууларда элдин калың катмарынын оймүдөөсүн, кыйынчылыктарын, оң-терс пикирлерин, мамлекетибиздин ички иштерин майда-чүйдөсүнө чейин угуп да, көрүп да, аны жакшыртуу үчүн эмне кылуу керек экендигине Президентибиздин көзү жетти деген ойдобуз.

Республикабыздын өнөр жайында быйыл өткөн жылга салыштырганда мурда токтоп калган ири ишканалар, заводдор, фабрикалар кыймылга келгенин уктук. Келерки жылдан 2000-жылга чейин кубаттуулугун көбөйтүп, эл чарбасына жогорку сапаттагы, жетиштүү сандагы продукция бере баштай турганын Өкмөттүн жылдын жыйынтыгын караган кеңешинде А. Жумагуловдун жасаган баяндамасынан телевизор аркылуу билдик.

Айыл чарба тармагындагы реформаларды толук иш жүзүнө ашырууга Президентибизге көмөктөшүп бардыгыбыз аны колдоого алсак жарашканы турат. Ар кандай курулай сөздөр менен алектене бергенден натыйжа чыкпасын түшүнгөндөй эле болдук.

Президент – бир киши! А. Акаевди шайлап алгандан кийин бардыгыбыз бир кишидей анын ички-тышкы саясатын толук колдошубуз керек. Андыктан Конституцияга Президент сунуш

кылган өзгөртүүлөр жана толуктоолорду талаш-тартыш кылбай, ар кандай оюндарга айлантпай референдумду жакшылап өткөрүп алышыбыз зарыл. Жети өлчөп, бир кесип Президенттин жоопкерчилигине шайкеш келген ыйгарым укуктарын бекитип бергенибиз туура. Ошондо баштаган реформаларын буйдалбай шыдыр жүргүзүүгө А. Акаевге мүмкүнчүлүк чоңоёт, натыйжа да көбөйөт. Муну тоо койнундагы тогузторолуктар туура кабыл алат деген ишенимдемин.

Ошондуктан Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү референдумга коюлган маселени Тогузторолуктар толугу менен колдошооруна Президент кам санабаса болот.

***ОРОКОВ БАКЫ,***
***эмгек ардагери, Казарман кыштагы,***
***«Кыргыз туусу» 8-апрель, 1996-жыл.***

## ТОГУЗТОРОЛУК ТУҢГУЧ ИНЖЕНЕР

Адамзат баласы жарык дүйнөгө келгенден кийин эң оболу төрт парзды – үйлөнүп, балалуу болгонду, там салганды, бак отургузганды аткарыш абзел эмеспи. Ал эми өзүнүн эле үй-бүлөсүнүн камын көрбөй, бир район элдин кызматына жараган пайдалуу объектилерди куруп, куруучулук керемет кесипти аркалагандар тирүүчүлүктүн парзынан алда канча ыйык адамдык касиетке ээ болот турбайбы. Эл арасында эч качан урагыс сыймыкка арзыйт экен. Турмуштун бул чындыгын Тогузтородогу «Тунук» фирмасынын директору Бакы Ороковго байланыштырып айта кетүүнүн бүгүн айрыкча жүйөөсү бар. Анткени аталган аймакка өзгөчө кызмат өтөгөн туңгуч инженер өмүрүнүн көбүн курулуш тармагына арнап, кесибинин аркасы менен агарып-көгөрүп, бүгүн минтип 60 жылдык торколуу тоюн өткөзүп жатат.

Бири-бирин ансыз деле алыстан жазбай тааныган Тогузторолуктар Б. Ороковду райондук курулуш тармагынын аттын кашкасындай таанымал, көрүнүктүү өкүлү жана коомчулуктун ишенген, сыйлаган абройлуу активиси катары, ошондой эле адамгерчилик касиети күчтүү, калыс, карапайым адам катары жакшы билишет.

Ороков Бакы 1967-жылдан бери райондун экономикасын өнүктүрүүдө, тактап айтканда, өнөр жай борборлорунан алыс жайгашкан тоолуу райондун курулуш тармагын көтөрүүдө

үзүрлүү эмгектенди. Ушул мезгилдин ичинде райондо ар бири 504 орундуу 5 мектеп, колхоздордун мал чарбасына 400 баш уйга эсептелген толук механизациялашкан сүт өндүрүүчү 2 уй сарай, 2400 баштан кем эмес кой сыя турган типтүү короо-сарайлар, Нарын облусу боюнча жогорку сапаттагы ун чыгаруучу биринчи тегирмен, жалпы алганда 5000 чарчы метр турак-жай курулушу Ороков Бакынын демилгеси, жетекчилиги менен бүткөрүлгөн. Райондогу элдүү пункттардагы балабакчалар, айылдык кеңештердин, колхоздордун административдик имараттары, турмуш-тиричилик жактан тейлөө үйлөрү курулган. Райондук курулуш уюму беш жылдык пландарды аткаруудагы жогорку көрсөткүчтөрү үчүн республикалык курулуш министрлигинин бир нече сыйлыктарына татыктуу болгон. 1974-жылы Ороков Бакы курулуш тармагындагы эң мыкты жетишкендиктери жана уюштуруучулук өзгөчө иши үчүн Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак Грамотасы менен сыйланган.

1967–1985-жылдары райондук Советтин бир нече жолку чакырылышынын депутаты, партиянын райондук комитетинин мүчөсү жана райондук, облустук партконференцияларга делегат болуп көрсөтүлгөн. Учурда Ороков Бакы жергиликтүү өзүн өзү башкаруу кеңешине депутат.

Азыркы мезгилде Ороков Бакы республиканын өнөр жайында жүрүп жаткан реформаларды толук колдоого алып, жеке өзүнүн демилгеси менен райондогу «Тунуктуз» кенин өнөр жайлык негизде иштетүүгө зор аракеттер жасады. Республиканын тузга муктаждыгын канааттандыруу максатында геологиялык чалгындоо иштери жүргүзүлүп, эски шахта кайрадан калыбына келтирилгени мактоого арзыйт. Жогорку чыңалуудагы электр танабы жеткирилди. Жумушчу-кызматчыларга үй салып беришти. Натыйжада райондун жана коңшу райондун мал чарбалары туз менен камсыз болууда. Келечекте «Тунуктуз» кенин республикадагы туз өндүрүүчү ири өнөр жай ишканасына айлантуу боюнча кеңири программа иштелүүдө.

Жогоруда айтылгандарды пайгамбар жашы – 60 жашка келген Ороков Бакынын узак жылдар бою районубуздун экономикалык абалын көтөрүүгө кошкон талыбас эмгеги, жетекчилик, уюштуруучулук жөндөмүнөн жаралган катары баалоого болот.

Ороков Бакынын беш баласы, он небереси бар. Балдарынын бардыгы жогорку билимдүү ар кайсы кесиптин ээлери, үйлүү-жайлуу болушту.

***К.АСАНГАЗЫ,***
***Бишкек шаары***
***«Кыргыз туусу», 12-ноябрь, 1996-жыл.***

Биздин район табигый шарты мал чарба азык-түлүктөрүн өндүрүүгө өтө ыңгайлашкан райондордун бири экени талашсыз. Район согуштун оор жылдарында мамлекетке азык-түлүк берүүдөгү зор эмгеги үчүн СССР Коргоо Комитетинин Кызыл Туусун алган. 1970–1985-жылдары коомдук малдын башын өстүрүү, алардан алынган төл, эт, жүн ж. б. продукцияларды өндүрүп мамлекетке сатууда да республикадагы алдыңкы райондордун катарында келе жатат. Ар жүз тубар койдон 168ден козу алган деңгээлге чейин жеткен Жунушалиев Сатыбалды, Нураков Исак, Маруса Жаңыбаева, Бурулбү Турдубаева, Атыканов Жолдошбек Социалисттик Эмгектин Баатырлары, СССР Жогорку Советинин депутаты болушкан...

Бирок кийинки он жылдын ичинде районубуздун экономикалык жалпы абалы төмөндөгөндөн төмөндөп бара жатат. Чарбалардын узак жана кыска мөөнөттөгү мамлекетке карыздары көбөйүүдө. Райондо кой чарбасы басымдуу орун ээлейт. Эң жогорку көрсөткүч 1970–80-жылдары кой 127 миң башка, ар жүз тубар койго эсептегенде район боюнча 104төн козу алган деңгээлге чейин жеткен.

Бардык турмуштук маселелер демократиялык жол менен чечилиш керек деген багыттагы иштер жүргүзүлүп, республиканын көп райондорунда жетекчилер, эл депутаттары жердештиктин, тууган-уруктун кызмат абалдары боюнча артыкчылыктарын пайдаланышып шайланып алышты. Бирок көпчүлүк айрым жерлерде учурдун талабына ылайык келбеген адамдардын шайланып калгандыгын, алардын ишинде алга жылыш болбой, кайрадан төмөндөп бара жатканын гезиттерден окуп жатабыз.

Тогузторо районунда 1989-жылга 101 миң баш кой болсо, ушул жылдан тартып малдын башы азайып 71791 баш кой калган. Мындан сырткары дыйкан чарбасында 11100 кой бар. Ошентип, акыркы үч жылдын ичинде иш оңолуп, экономикалык абал жакшырат деп үмүттөнгөн ишмерлерибиздин жүргүзгөн ишинин жыйынтыгы менен койдун саны кескин түрдө 32 миң башка төмөндөгөн. Бул жылдары райондо климаттык шарттар деле мал кыштатуу, тоют даярдоо, талаачылыктан алынуучу түшүмгө ылайыктуу жакшы шарттар болуп жатса да малдын чыгашасы абдан көп. 1990–1991-жылдардын аралыгында койдон 46685 баш, жылкы 476 баш, уй 546 баш өлүмгө жана аргасыз чыгымга учураган же болбосо койдун 46 проценти, жылкынын 15 проценти, уйдун 20 процентке жакыны чыгашага учураган.

Мындан сырткары мал союучу пунктка – аргасыз союуга тапшырылган малдын саны эсепке алынган жок. Эгерде буларды кошкондо чыгашага учураган малдын проценти дагы жогоруламак.

Райондогу 90-жылдагы койдун жалпы өлүмү 22453 башты түзүп, анын ичинен Ленин атындагы колхоздон 5579 баш кой, же колхоздун коюнун 20,1 процентин түзгөн. Жыл ичиндеги төл да, өлүм да эсепке алынбай калган. Эгерде 1991-жылдагы көрсөткүчтөгү малды эсепке алганда жалпы райондогу койдун өлүмү 6 миңге жакыны Ленин колхозунун эсебинен көбөймөк. Демек, 1990-жылга салыштырганда койдун жалпы башынын чыгашасы дагы жогоруламак.

Коомдук малдан төл алуу да өз жайында эмес. Жүз баш тубар койдон 84 козу, 73 кулун, 78 музоо алынып, өткөн жылдардагы деңгээлден бир кыйла төмөндөп кеткен. Талаачылыктагы көрсөткүчтөр да канааттандырарлык болбой жатат. 1990–1991-жылдагы алынган түшүм дээрлик азайып 3906 тоннаны түзүп, ар гектарга орточо түшүм 9,8 центнерге чейин төмөндөгөн. Ал эми сугат жерден алынган түшүм ар бир гектар аянтка араң 10–12 центнердин айланасында.

Тоют даярдоо иши да райондун чарбаларында өз деңгээлинде жүргүзүлбөгөнү кейиштүү. 1970–1975-жылдары район кесек тоютту 18000 тонна даярдаган эле. Тилекке каршы, айрыкча азыркы мезгилде Атай совхозу менен «Кызыл Жылдыз» колхозунда февраль айында эле мал тоют менен камсыз болбой малды дыйкан чарбасына өткөрөбүз деген шылтоо менен элге таратып жатат. Бул жогорудагы колхоз-совхоздордун элдери тоют менен жетиштүү камсыз болбой калган себебинен дыйкан чарбасына өтүүдөн баш тартышкан. Азыркы учурда тубар койлордон төл алуу ж. б. малдан продукция алуу абдан коркунучтуу абалда турат. Атай совхозунда тоюттун жетишсиздигинен эки короо ирикти январь айында эле этке тапшырууга аргасыз болушту. Мындан келтирилген зыян кимдин эсебинен калыбына келтирилет?

Райондогу чарбалык иштен башка дагы маданий, социалдык тармактардагы жалпы абал начарлап баратат. Алсак, райондогу Казарман селосундагы суу түтүкчөлөрүнүн 92 чоргоосу иштеп турса, бүгүн эптеп-септеп 20сы гана иштейт. Элди тейлеген эки мончо да иштебей калды. Ал эми кыштактардагы мончолордун иштеши дээрлик акыркы жылдары токтоп, каросуз калган. Быйылкы кышта райондук оорукана, мектептерде жылуулук берилбегендиктен январь-февраль айларында окуу токтотулган. Азыр райондук ооруканада аябай муздак, оорулуулар үйлөрүндө дарылануууга аргасыз абалда жеткирилди.

Казарман селосундагы жалгыз илгери эл өз колу менен кыш куюп, ашар ыкмасы менен курулган клуб 1991-жылдын февраль айында өрттөнүп кетип, азыр элдин маданий эс алуучу жайы жок калды. Элге кино көрсөтүү клубдун жоктугунан токтоп турат.

Районубузда пландаштырылып, курула баштаган көп маданий-социалдык объектилери: мектеп, клуб, сауна, суу чарба курулуштары белгисиз себептер менен кыймылга келе элек. Жогорудагы көрсөтүлгөндөй райондун жалпы акыбалы бардык тармактары боюнча начарлап, экономикалык социалдык жактан төмөндөп баратат. Мындай абалдын себептерин эмне менен түшүндүрүү керек.

Бул көп жагынан райондун башкаруу органын жетектегендерге байланыштуу болот. 1990-жылы райондук кеңештин төрагалыгына көпчүлүк депутаттардын колдоосу астында С. Көчөрбаев шайланган. Ушул убакыттын ичинде жогорудагыдай деңгээлде ылдыйлап кетип бара жатабыз. Мүмкүн райкеңештин башкаруу аппаратына тиешелүү деңгээлдеги компетенттүү адистер тартылбаганданбы? Анткени башкаруу аппаратында дээрлик 90 процентти мугалимдик адистиктеги адамдар түзөт. Мындай көп тармактуу райондук масштабдагы ишти алып барууда жетектөөчү адамдын жекече чарбалык иш-тажрыйбасы, адистиги, саясий-экономикалык деңгээли ж. б. компетенттүүлүгү негизги ролду ойнойт. Ушул орчундуу сапаттар жетишсиз болуп жаткандай сезилет. Дагы бир орчундуу фактор райондогу адис кадрларды туура жайгаштыруу, алар менен иш алып баруу, берилген тапшырмалардын өз учурунда аткарылышын талап кылуу өз деңгээлинде жүргүзүлбөйт. Райондогу айылдык Советтердин төрагалары бүт мугалимдик адистегилер, кино тармагын агроном башкарат, дыйкандар союзун мугалим жетектейт ж. б.

Мына ушундай жагдайлардан кийин Тогузторо району келечекте азыркы жүрүп жаткан экономикалык реформаларды өз баштарынан кандай шартта өткөрүп, жашоо-турмушубуздун деңгээли жогорулап, келечекте эмнеге жетээри белгисиз. Анткени кийинки жылдардагы чарбалык, экономикалык, маданий-социалдык абалдын начарлашы бизди катуу тынчсыздандырат. Тогузторо району кайда баратат. Мындан кандайча жыйынтыкты ким чыгарат?..

***Б. ОРОКОВ***
***эмгек ардагери***
***Тогузторо району.***
***«Советтик Кыргызстан», 7-март, 1992-жыл.***

Азыркы өткөөл мезгилде туздун баасы өтө кымбаттап кетти. Анткени туз биздин Кыргызстанда өндүрүлбөйт. Казакстандан, Түркмөнстандан, Украинадан ташылып келинет.

Республикабыздын аймагында 40ка жакын туз кендери бар. Аларга Токтогулдагы «Шамшыкал», Кочкордогу «Чоңтуз», Чүйдөгү Серафимовка, Тогузтородогу «Тунуктуз» кендери кирет. «Тунук» туз фирмасынын директору Бакы Ороков аш тузду өзүбүздө өндүрүүнүн абалы жөнүндө кабарчыбыз менен маек курган.

*– Тунук туз кени мурда эле ачылган тура. Ушул кезге дейре неге иштетилип туз алынбай келген?*

– Туз кенинин ачылганына кыйла эле мезгил өттү. Согушка чейин эле Фергана, Ош өрөөнүнүн калкы ат, эшек, өгүз менен келишип, туз жүктөп кетишчү.

Кийинчерээк союздук республикалар – Украинадан, Түркмөнстандан, Казакстандан ташыла баштаган. Ал эми союз таркап кеткенден кийин алардан ташылып келбей калды. Ошондуктан республикабыздын өзүнүн туз кендерин иштетүү зарылдыгы келип чыкты. Туздун курамында натрий, хлор болсо тамак-ашка жарамдуу деп эсептелинет. Биздин кенден чыккан тузда тамак-ашка жарамдуу бардык касиеттер бар. Тагыраак айтканда, Кочкор туз менен Токтогулдун Шамшыкалындагы кенден алынуучу туздан артыкчылык кылат. Стандарттык пробасы – 99,99 менен белгиленип, эң жогору бааланат. Окумуштуулардын божомолдоосуна караганда туздун запасы 1 млн. 196 миң тоннадан ашат.

Иштетилип элге тартууланбай жатканынын себеби транспорт маселеси. Бул маселе чечилсе туз кенине чакан завод ачып, тузду иштетип, бир килдик кагаз баштыкчаларга салуу менен сатууга чыгарууну болжолдоштуруп жатабыз.

1991-жылы ошол туз кен чыккан жер менчиктештирилди. Жалалабат өрөөнүндө, жалпы эле республикабызда мындай туз чыккан кен алгачкы ирээт менчиктештирилип олтурат. Фирманын атын «Тунуктуз» деп атадык. 40 миң сомго бааланды.

*– Кыргызстандын калкынын керектөөсү үчүн жылына тамак-ашка керектелүүчү 50 миң тонна туз талап кылынат экен. «Тунуктуз» кенинен жылына канча туз өндүрүүгө болот?*

– 1993–94-жылдардан баштап тузду өндүрүштүк негизде өндүрүү колго алынды. Жылуулук меши даярдалды. Азырынча аш тузун калк талабын канааттандырып, көп өндүрө элекпиз. Бирок туз кени толук өлчөмдө иштей баштаса жылына 10 миң тонна аш тузун өндүрүүгө болот.

Тузду өндүрүштүк негизде иштетип алуу үчүн атайын технологиялык жабдуулар керек. Украинанын Донецк шаарынан кант заводу үчүн чыгарылган технологиялык жабдуулардан тузду алууга да ылайыкташтырса болот. Биз ошол жабдууларды алып келдик. Буюрса жакында монтаждап орнотобуз.

Аш тузун иштетүү боюнча атайын бизнес-пландын долбоорун даярдап, аныбыз тиешелүү жерлерден өткөн. Ал долбоор боюнча наркы 5 млн. сомго бааланган. Бул бизнес-планды ишке ашыруу жалгыз биздин колдон келбейт. Ошондуктан Германиянын бизнесмендери менен өнөктөшүп жатабыз. Биздин чакан завод суткасына 30 тонна туз иштеп чыгаралат. Бул ишибиз өркүндөп кетсе республиканын калкынын аш тузга керектөөсүн 30 процентке камсыз кылат. Иш токтобой жүрсө көп кишилер жумуш менен камсыздалып, бюджетке арбын киреше түшөөрү шексиз.

– *Кен чыккан жерге мындан бөлөк дагы эмнелерди курсак дейсиздер?*

– Көкүрөк ооруга чалдыккандарды сакайтуу үчүн чакан эмкана ачсакпы деген оюбуз бар. Айтылуу Саймалууташ жаныбызда. Ага баруу үчүн туристтерге ыңгайлуу шарт түзүп, жакшы мейманкана салынмакчы. Өз күчүбүз менен тегирмен курабыз.

Өздүк көмөкчү чарбабызда мал багып, эгин эге турган кишилер болот. Алар үчүн үй салабыз. Албетте, булар азырынча оюбузда гана. Буюрса ишке ашырууга мүмкүнчүлүгүбүз бар.

– *Маегиңизге ырахмат. Ылайым Сиз айткандай өзүбүздө чыккан аш-тузун дүкөн текчелеринен көрүп, тиричиликке колдонуп калчу күн алыс эместир.*

***Бермет ТҮМӨНБАЕВА***
***«Республика» гезити 18-23-февраль, 1998-жыл.***

## КҮКҮКТҮН ТИЛИ КАТКАНЫН КҮТӨБҮЗБҮ...

Окурман! Искусстводогу эстрадалык топтордун, ар кандай жанрдагы айтылган дастан, ырдап-бийлеп ырахаттанып аткарып жаткан ырчыларыбыздын көпчүлүгү жумалык программадагы телекөрсөтүүсү жана радио аркылуу үзгүлтүксүз берилип жаткандыгы баарыбызга белгилүү. Ушулардын арасында мактоого татыктуулары деле бар, ошондой эле начарлары деле угуучулардын кыжырын келтирип, тажаткандары да бар. Айрыкча музыканын коштоосу менен бийлемиш болуп сөзүнүн

дагы мааниси тайкы, обону дагы начар жөн эле сүйлөп кобурап үн чыгарышкан супсак ырларды угуп жүрөбүз.

Ушуга байланыштуу искусство чеберлеринин, аткаруучуларды, чыгармачыл топторду сынчы катарында сындагым келбейт, мен жөнөкөй угуучу катарында айрым узак убакыттан бери Кыргыз эстрада чөйрөсүндө үзүрлүү эмгектенип бир калыпта өнөр- кесиптерин калыптандырып, аткаруучулук чеберчиликтерин улантышып, элибиздин алкышын алышып, мактоого татыктуу болуп келе жаткан композитор-ырчы, аткаруучулар жөнүндө ой-пикиримди силер менен бөлүшүп, алардын эл үчүн жасаган түйшүктүү эмгектери учурунда туура бааланып, мындан ары дагы чыгармачылык иштеринде дем кошулуп өркүндөй беришин каалагандыгымды билдиргим келет.

Байкасаң, кийинки учурда бардыгы эле Кыргыздын нукура маданиятын көтөрүп, элге өз колдорунан келген, талантка байланышкан өнөрлөрүн көрсөтүп жалпы журтчулукка кызмат өтөсөк деп аракеттенген маданият чеберлери көбөйүп бара жатат.

Өткөн доордо социалисттик мезгилдин учурунда маданиятыбыздын ар кандай тармагындагы ышкыбоз таланттуу өз деңгээлиндеги билими бар чыгармачылык өнөрпоздорду чыгарган чыгармачылык эмгектерин коомдук көркөм кеңештердин алдында алдын-ала өз ара кеңири терең талкуудан өткөрүшүп, андан кийин ал чыгармага баа берилип, сынактан өтүп элдин кароосунда аткарууга берилип туруучу эле. Мындай чыгармалардын тескектелип турушу аткаруучунун, автордун ар кандай даражада жоопкерчилигин бийик деңгээлге көтөрүүгө өбөлгө түзчү. Кийинки учурда телерадиодон берилип туруучу арноо-концерти, жөнөкөй концерттик программаларда ар кандай наамдагы искусство чеберлерин ошондой эле жаңыдан чыгып келе жаткан жаш-ырчы таланттардын аткаруусундагы ар түрдүү жанрдагы ырларды угуп жүрөбүз.

Кийинки 5–10 жылдагы жалпы элибизге эмгеги сиңип белгилүү болушкан нукура таланттуу ырчыларыбыз Керим Турапов, Саламат Садыкова, Эсен Нурманбетовалардын аткаруучулук профессионал чеберчиликтерин, жаратkan берген үндөрдүн көркөм коозлугун жана мукамдуулугун эч ким талаша албайт.

1960–80-жылдары кыргыз элинин даңкын даңазалап, дүйнөгө атагынын чыгарышкан искусство чеберлеребиз Болот Миңжылкыев, Кайыргүл Сартбаева, Самара Токтакунова, Айсулуу Токомбаеванын ысымдарын атап өтө бийик деңгээлде мактоого татырлык экенин айтпай кетүүгө болбойт. Буларга жаратылыштын берген улуу касиеттүү талантына жөнөкөй

элибиз тарабынан дагы дайыма жогору бааланып турганы өз ара үйдөгү отурушта, жолдо жүргөн жүрүштө ж. б. көпчүлүк жайларда сөз болуп бааланып туруучу.

Ошол үчүн аларга мамлектибиздин Эл артисти, учурдагы СССРдин Эл артисти деген эң жогорку даражадагы наамдардын жана мамлекеттик сыйлыктардын берилгендигин биз туура деп баамдачыбыз жана анын учурунда туура баалагандыгын толугу менен кубаттап ага ыраазы экендигибиз бизге дагы маалим эле. Менин айтайын дегеним эл ичинде айрым таланттуу деген даражага татыктуу жогорудагы айтылган искусство чеберлерине барабар болуучу Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти Каныкей Эралиева жөнүндө сөз кылмакчымын.

Каныкейдин таланты 1970-жылдан тартып, Кыргыз радиотелевидениесинин берүүсүнөн тааныла баштаганын барыбыз билебиз. Ошондой эле бул кызыбыздын ырчылардын ичинен жекече өзүнө тиешелүү өзгөчөлөнгөн керемет үнүн башкаларга окшобогон чоң талант бар экендиги көпчүлүккө сезиле баштаган. Мисалга алсак, мурунку Союздагы дүйнөлүк эстрадагы белгилүү жылдыздар А. Пугачева, С. Ротару, В. Толкунова, Р. Рымбаева – бул ырчылардын өзгөчө үндөрүндөгү артисттик чеберчиликтеринин бири-бирине окшобогон мүнөздөрү, музыкалык мазмуундары менен айырмаланган. Ушулар сыяктуу Республикадагы ырчы өнөрпоздорубуздун ичинен айрыкча Каныкей Эралиеванын нукура айырмаланган, башкаларга окшобогон үнүнүн – добушунун коздугу, тиги же бул ырды аткарып жаткандагы артисттик чеберчилиги, өзүнүн сахнада алып жүргөн жүрүм-туруму дегеле башкаларга окшобогон кайталангыс кооздукту берип аткарылып, ырдын мазмунуна жараша угуучуларды таң калтырган жагымдуу сезимдерге магдыратып аргасыздан ырдын терең маңызына ойго батып угуп, жан эргитип ырахаттанасың.

Айрыкча «Балама», «Бар болгула», «Классташтарга» ж. б. жекече өзүнө таандык төп келишкен ыкмадагы музыкалык аспаптардын коштоосунда ырларды аткарып жаткан сахнада же жаратылыштын кооз ажайып жерлериндеги өзүн алып турган учурдагы кыймыл аракети, баскан турганы, кийингени улуттук же башка формадагы жарашыктуу тигилген кийимдери өзгөчө бир ырдын ар бир кайрыктарын сыйкырдуу мукам үн менен аткарылышына кимдер гана суктанып угуп таңданбаган.

Биз угуучулар Республикабыздын кийинки мезгилде көптөгөн таланттуу өнөрпоздорубуздун көпчүлүгүн ар кандай конкурстардан, фестивал ж. б. искусстволук жыйындарда ырчыларыбыздын аткаруучулук талантгарына күбө болуп

жүрөбүз. Ушунда деле Каныкейдин жогорку профессионал аткаруучулук чеберчиликти көрсөткөн таланттардын арасында өтө сейрек экендиги көрүнүп турат.

Каныкей Эралиеванын дагы бир өзгөчө айырмаланган аткаруучулук жаратылыш берген талантынан башка дагы анын композитордук чыгармачылык өнөрү бар. Эч качан башка бирөөлөрдүн ырларын, чыгармаларын аткарбайт, жубайы А. Бөдөшов менен бирдикте өзүнүн чыгармаларын гана аткарып жана өркүндөтүп келе жатат. Булардын уккулуктуу, адамдын жан-дүйнөсүнө таасир берип музыкалык төп келишкен чыгармаларды жаратууга такай эмгектенишип, элдин кадырлоосуна ээ болгон көптөгөн ырлардын авторлору экендиги дагы белгилүү. Азыр дагы чыгармачылык иштерин үзүрлүү улантышып эмгектенишип жатышат. Мындай айкалышкан кош таланттар эл арасында сейрек кездешет.

Каныкей Республиканын Ленин комсомолунун да лауреаты болгон, андан көп убакыт өтпөй эмгек сиңирген артист деген наам учурунда туура бааланып берилгендигин ошол кездеги мамлекеттик уюмдардын жетекчилеринин сезген жакшы жагын көрсөтпөй көмүскөдө калтырууга болбойт.

Кыргыз эли суверендүү өз алдынча мамлекет болуп жашагандан бери, өз мезгилинде айрым эл үчүн кылган, эмгектери бааланбай калган ишмерлердин кийинки учурда алардын жасаган иштери эске алынып, сый-урмат көрсөтүлүп наамдар берилип жаткандыгын биз басма сөз беттеринен окуп-билип күбө болуп жүрөбүз.

Ар бир улутта сейрек жаратылыш берген таланты бар адамдарга өз учурунда кечиктирилбей баа берилип, мамлекеттик даражада сый-урмат көрсөтүлүп турбаса ал адамдын чыгармачылык таланты өркүндөбөй чүнчүй берүүсү абзел. Талантты кудай тааланын жардамы менен жаратылыштын берген жышааны деп түшүнүү керек. Муну кол менен жасап алуучу буюм катары эсептөөгө болбойт. Андыктан берилүүчү наамды, сыйлыкты создуктурбай баланча жылдык деген маарекелерди күтпөй, белгилүү мамлекеттик даталарга чейин арналбай, кечиктирилип кармалбай өз учурунда чыгармачылык иштери боюнча бааланып, таланттуу инсандарга анын жашына ж. б. жактарына карабастан көпчүлүк учурда анын юбилейлик жылдыгына карата деп, же болбосо азырынча жаш деп ж. б. шылтоолор менен кармалып турушу мүмкүн эмес. Бул чоң кечиримсиз каталык.

Каныкейдин салыштырмалуу Турапов, Садыкова, Нурманбетова ж. б. ушуларга окшогон искусство чеберлеринен ырчы-

лык, аткаруучулук таланты алардан кандайча төмөн болууга тийиш, тескерисинче, ушулардын катарында болууга толук укугу бар. Телеэкранда же болбосо жана башка бир концерттик сахнада ырдап турганда эмнегедир бул кызыбыздын «Эл артисти» боло электиги бизди бушайман ойго калтырат.

Маданият, искусство тармагын тейлеген чыгармачыл, композитор, аткаруучулук адамдардын эмгектерин баалап, билипсезип жогорку мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндөгү компотенттүү жетекчилер эмне үчүн бул жогорку наам – «Эл артисти» деген наамды берүү жөнүндөгү маселени сунуштабайт. Бул сунушту кыргыз элинин көптөгөн угуучулары деле колдошот деген ойдомун.

Ушул жазылган ой-толгоолордон кийин Республикабыздын билим берүү, илим жана маданият министрлигиндеги жетекчилер биздин ушул пикирлерибизге кошулат жана чукул арада кечиктирилбестен жогорку мамлекеттик уюмдарга «Эл артисти» деген наамды эл сыйлаган кызыбыз Каныкей Эралиевага берүү жөнүндөгү сунуш менен кайрылат го деген ойдобуз...

*Бакы ОРОКОВ,*
*инженер-геолог, Тогузторо району.*
*«Эркинтоо» 1998-жыл, 24-апрель*

## «ТУНУКТУЗ» ФИРМАСЫНЫН КЕЛЕЧЕГИ АЛДЫДА

«Алтынчөйчөк» өрөөнүбүздүн алтын байлыгы ушул кыйын кезең учурунда бүтүндөй кыргыз журтчулугунун керегине жарап, казынабыздын капшытына бараандуу үлүш кошуп жатканына кубанбай койбойсуң. Өрөөнүбүздө алтындан башка да кен байлыктар арбын экени белгилүү. Ошол байлыгыбыздын бири – туз кени.

Алтыныбыз жер кыртышында бугуп жатканда эле, илгертен бери Тогузторонун тунук мөл тузун түндүк-туштүктүн тургундары унаа менен кире тарттырып турушканын биздин ата-бабаларыбыз саймедиреп айтып калышчу. Мына ушул алтындан кийинки байлыгыбыз туз кенинин таржымалынан «Тунук» фирмасынын директору БАКЫ ОРОКОВ гезит окурмандарына азыноолак сөз кылып бермекчи.

* * *

СССРдин тушунда Кыргыз Республикасынын жылдык керектөөсүнө 40 миң тонна тамак-аш, 60 миң тонна техникалык,

80 миң тоннага жакын айыл чарба тармагына талап кылынуучу туз продукциясы сарпталуучу. Бул Түркмөнстандын «Куулисоль», Украинанын «Артемсоль», Казакстандын «Аралсоль» бирикмелеринин өндүрүшүнөн чыгарылган туз ташылып келинүүчү. Союз таркап жоюлушу менен бул байланыштар үзүлдү.

1993-жылы райондо туз өндүрүү максатында «Тунук» фирмасы уюштурулуп жаткан мезгилде, 1 кг аш туздун баасы улуттук валюта менен 65 тыйын эле. Андан берки убакыттын ичиндеги инфляциялык өсүштөн базарда 1 кг туздун баасы 3–8 сомго чейин жетти.

Ушундай катаал жагдайдан чыгуу үчүн өз жергебиздеги туз кенин негизги өндүрүш тармагына айлантууга толук мүмкүнчүлүктөр бар экендигин аныктаган техника-экономикалык эсептөөлөр көрсөттү.

Тогузторо райондук мамлекеттик администрациясынын жардамы, Республиканын Мамлекеттик Геология комитетинин колдоосу менен «Тунук» фирмасы туз кенин өнөр жай негизинде өздөштүрүү боюнча бир катар аракеттерди жасады. 3 км аралыктагы жогорку чыңалуудагы электр танабы тартылды. Жол курулушу бүткөрүлүп, биринчи этаптагы жылына 10 миң тонна туз өндүрүү үчүн сметалык долбоор даярдалып иштетилди. Мындан 20 жыл мурда, геологиялык чалгындоо максатында ишке киргизилген шахт-штольный узак убакыт бою иштебей калгандан талкаланып, бүлүнгөн. Ошону кайрадан калыбына келтирип, Орусиянын, Украинанын туз өндүрүүчү өнөр жай ишканалары менен биргелешкен ишканаларды түзүп, тузду иштетүүгө байланышкан бир топ аракеттер жасалса да алар тарабынан иштиктүү жооп алалбай койдук.

Биз учурда өндүрүп жаткан туз продукциясы азыраак санда гана региондук керектөөгө мал чарбасына, техникалык буу казандарга пайдаланууга болот. Ал эми азык-түлүккө керектүү (пищевой) – йоддолгон түрдө тузду алуу үчүн өзүнчө технологиялык жабдуулар аркылуу гана өндүрүүгө болот.

Республикада өнөр жай негизинде туз өндүрүүгө байланышкан технологиялык багыттагы иштер жүргүзүлгөн эмес. Анткени туз союздун пландаштыруусу менен башка жактан алып келинип, камсыз болуп туруучу.

Украинадагы Донецк облусундагы «Артемсоль» бирикмесинин ишканаларынын туз өндүрүүчү технологиясы, биздин шартка ылайыктуу. Ошондуктан алар менен биз биргелешип иш жүргүзүү максатка ылайыктуу. Өткөн 1998-жылдын жайында Кыргыз Өкмөтүнүн жетекчиси К.М.Жумалиев баш бол-

гон Республиканын өнөр жайын тейлеген жетекчилери райондогу өндүрүштүн бардык тармактарын карап көрүштү. Экономикалык абалды жакшыртууга практикалык жардам берүү менен катар келечекте «Тунуктуз» кенин өнөр жайлык негизде иштетүүгө айрыкча көңүл буруу керек экендигин белгиледи. Анда өткөн мезгилдерде Украина Кыргыз Республикасына өз ара экономикалык байланыштардан улам карыздар каражаттын эсебинен алар менен биргелешкен ишканаларды түзүү үчүн техника-экономикалык эсептөө, технологиялык жабдуулар менен жабдылышы, өндүрүүнүн долбоорлорун түзүү жана башка даярдоо иштери көрсөтүлгөн болучу. Ушул жылдын башында «Тунук» фирмасы Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин КМШ боюнча департаменти аркылуу Украинанын Донецк облусундагы туз кендерин иштетүү долбоорлоо илим-изилдөө институтуна биргелешип иштөө боюнча туздун запасы, анын сапаттык курамы жөнүндөгү изилденген сертификат жана башка тийиштүү документтер жиберилген. Ал эми Донецкидеги илим-изилдөө институту бул маалымат материалдын негизинде долбоорлоого алууга макулдук бергени жөнүндө Тышкы иштер министрликтин департаменти кат алган.

Фирма 1994–1995-жылдары чет элдик инвестиция алууга Германиялык кредиттик бизнес долбоор түзүп, ал Кыргызинвесткомдун эксперттик тобунун текшерүүсүнөн такталып, Германиянын биздин өлкөдөгү өкүлчүлүгүндө корголуп 5,5 млн. сом суммадагы келишимге кол коюп каражат алууга мүмкүнчүлүк берген. Бирок биздин долбоордун технологиясы Новотроицкидеги кант заводунун технологиясы боюнча түзүлгөн. Анткени адистердин берген кеңештери боюнча кант кызылчасын кайра иштетип, тазалап кумшекер чыгаруучу туз таштын (породасын) майдалап, кайра таза йоддолгон туз алуу технологиясына абдан окшош экендиги долбоорду түзүүгө себеп болгон. Бирок мындай кант алуучу технология менен туз өндүрүүчү ишкананы уюштуруу максатка ылайык келбей калды. Ушунун натыйжасында Германиялык узак мөөнөттөгү кредитти (5,5 млн. сомдук келишимди) кол коюп алуудан баш тарттык.

Эгерде биз Украиналык биргелешкен ишканалар аркылуу түзгөн долбоор өз максатына жеткенде, кайрадан Германиялык кредиттик инвестицияны алууга фирманын толук мүмкүнчүлүгү болмок. Анткени мурунку даяр долбоордогу жабдуулардын, механизмдердин бааларын жана башка экономикалык эсептөөлөрдү бүгүнкү инфляциялык өсүштү эске алуу менен эсептеп чыгып, жаңыртып коюу көп убакытты талап кылбайт эле. Анын үстүнө долбоор жакшы сапатта түзүлүп

эксперттик текшерүүдөн өткөрүлгөн. Жогорудагы кредиттик инвестициялык долбоор менен катар «Өнөктүктү – издейм» («ищем — партнерства») деген бизнес долбоорун түзүп, чет өлкөлүк жана Кыргызстандагы ишкерлерге жарыя салынган, б. а., тендерге берилген. Айрым Индия, Түркия, Өзбекстан сыяктуу мамлекеттерден кызыкдар ишкерлер кендин борбордон алыстыгынан, жер алдында иштетүүдөн алынган продукциянын өзүнө турган баасынан, транспорттук чыгымдарынан, ошондой эле темир жол байланышынын алыстыгынан чочулашып, биз менен кызматташ болууга кызыкпай коюшту.

Азыркы учурда райакимчиликтин өндүрүштү жакшыртууда чет элдик инвестициялык программаларды иштеп чыгуу боюнча башкы адиси А. Абдымамбетов тарабынан Жалалабат облустук мамлекеттик администрациясы менен бирдикте жогоруда аталган Германиялык кредиттин долбоор келишими такталып, айрым маселелерине толуктоо киргизүү каралууда.

Райондук мамлекеттик администрациясы тузду өнөр жайлык негизинде иштетүүгө кыйла көңүл бөлүп, Республиканын Өкмөтүнө, облустун жетекчилерине бир нече жолу кат жөнөтүп, чет элдик инвестициялык кредит алууга керек болуучу техника-экономикалык жана технологиялык жабдууларды алууга документацияларды даярдоого катыша турган акча каражатын берип жатат.

Жакынкы мезгилде райондо тузду кайрадан иштетип, аш тузду алуучу долбоорду түзүүчү жогорку квалификациядагы адис жана Донецкидеги илим-изилдөө институту менен биргелешип иштей турган ишканаларга келишим түзүүгө барышыбыз керек. Ал жерден долбоордун материалдарын толуктап жана макулдашылган келишимдер түзүлгөндөн кийин жогоруда аталган иштердин жыйынтыктары оңунан чыгат деген ойдобуз.

Жыйынтыктап айтканда, райондогу туз кенин өнөр жай негизде иштетүү сарпталган акча каражатын чукул арада кайра кайтарып берүүсү анык. Муну биздин республикалык адистер менен бир нече жолку жүргүзгөн техника-экономикалык эсептөөлөр тактады. Түзүлгөн долбоорго ылайык туз кени өз кубатында иштеп калса 100–150гө чейин жумушчу орунун камсыз кыла алат. Ал эми жергиликтүү бюджеттин казынасына болжол менен 4–6 миллион сомдук киреше каражатын берип турууга толук мүмкүнчүлүгү болору шексиз.

*Б. ОРОКОВ,*

*«Тунук» фирмасынын директору*

*«Жеңиш туусу» 18-апрель, 1999-жыл.*

## ЭМНЕ ҮЧҮН ОШКО КОШУЛДУК?

1987-жылдын февраль айынын аяк чени эле. Союз боюнча райондорду, облустарды ирилештирүү, социалдык-экономикалык иштерде кайра куруу, жаңылануу, чукул бурулуш деген саясат жүрүп жаткан. Бул мезгилде Кыргыз өкмөтү менен партиянын Борбордук Комитетинин биргелешкен атайын комиссиясы түзүлүп, анда Нарын облусу менен Ысыккөл облусун бириктирүү, ал эми биздин районду Акталаага кайра кошуу жөнүндө долбоор иштелип жаткандыгы расмий айтыла баштады. Бирок мурда Акталаага кайра кошулуп, кыйынчылыктарды башынан кечирген эл бул чечимге наараазы болушту. Партиянын райондук комитетинин алдына партиянын ардагерлери, партиялык, чарбалык актив чогулушту.

Бул маселе боюнча партиянын райондук комитетинин биринчи катчысы К. Курманалиев өзү да кабарсыз экенин жашырган жок. Ал кийинки бир чогулушта гана: «Тогузторо району жоюлуп, Акталаа районуна кошулаарын, бул боюнча райондун жетекчилеринин пикири угулбагандыгына наараазы экендигин билдирди. Ал чогулушта катышкан чарбалардын, мекеме-уюмдардын көпчүлүк жетекчилери райондун жалпы элинин макулдугусуз, алардын ой-пикирин укпай туруп районду Акталаага кошуу маселелесинин чечилишине абдан наараазы болушту. Биз ошол чогулушта бул маселени райондун эли менен өз ара талкуулап, пикирлерин угуп, атайын кат менен Кыргызстан Борбордук Комитетине элдин атынан кайрылуу жиберүүнү туура таптык. Партиялык ишти да жана райондун жалпы абалын жакшы билген Кыдыров Жээнтай экөөбүз Борбордук Комитеттин биринчи катчысы А. Масалиевге кат даярдадык.

Катта райондун 1963–66-жылдары Акталаага кошулган мезгилдеги райондун элинин башынан өткөргөн кыйынчылыктары, маданий-социалдык жактан абдан төмөндөп кеткени, көпчүлүк элдин республиканын жогорку органдарына жазган арыз-даттануусунан улам 1966-жылы Тогузторо району кайрадан уюшулгандыгы, ошондон кийин гана райондун элинин турмуш-шарты жакшыра баштаганын, республикада биринчилерден болуп «Макмалалтын» комбинатынын ишке киргизилиши, жол байланыштарынын жакшыра башташы Казарман – Фрунзе, Казарман – Жалалабат – Ош, Казарман–Нарын маршруттары боюнча такай каттай турган учурдун талабына ылайыктуу Казарман аэропортунун курулганы, типтүү долбоор менен орто

мектеп, борборлоштурулган оорукана, турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинаты, байланыш түйүнү, маданий борбору ж. б. элге керектүү чарбалык маданий курулуштар бүткөрүлгөнү, айрыкча жумушчу-кызматчылар үчүн Казарманда бардык шарты менен ылайыкталган «Нур жайык» кичи шаарчасы курулганы айтылган. Ушундай жакшынакай экономикалык, маданий, социалдык жактан тейленген районду жоюп, башка районго кошууга эч кандай негиз жок экендигин көрсөттүк.

Ошону менен бирге биз төмөндөгү сунуштарды киргиздик:

Биринчиден, биздин районго коңшулаш Акталаа районунун айрым чарбаларын кошуп берүү, же болбосо эки районду бириктирип Казарманды борбор кылуу;

Экинчиден, ошол мезгилде Жалалабатта «Макмалалтын» комбинатынын базасынын курулушуна байланыштуу Казарман–Жалалабат автомобил жолунун курулушу кызуу жүрүп жаткан. Казарманга «Багыш» темир жол станциясы 130 км аралыкта болуп, районго берилүүчү эл чарба жүктөрүн ташып келүү Рыбачье шааарына караганда үч эсе жакын болучу. Жол курулуштары бүткөндөн кийин Кыргызстандын түштүк регионунан жумушчу күчтөрүнүн биз жакка көп келээрин, ошондой эле түштүктө өнөр жайынын жакшы өнүккөнүнөн келечекте өсүп өнүгүүгө оң таасири тиерин эске алып биздин районду Ош облусунун курамына киргизүүнү сунуш кылдык. Мындай сунуштун төмөндөгүдөй себептери бар эле. Нарын облусунун жетекчилери тарабынан кийинки жылдары райондун социалдык-экономикалык өсүшүнө салкын көз сала баштаган, жергиликтүү кадрларды даярдоодо, өстүрүүдө көңүл бөлүнбөй, тескерисинче, бизге облустун башка райондорунан жетекчи кызматтарга жибериле баштаган. Партиянын райондук комитетинин биринчи, экинчи, үчүнчү катчысы, бөлүм башчылары, райондук аткаруу комтетинин орунбасарлары, бөлүмдүн жетекчилери башка райондордон жиберилип турган. Ал эми райондогу чарбалардын көпчүлүгүнүн жетекчилери сырттан келгендер. Ошентип, бул жазылган катка Т. Кожалиев, Ж. Кыдыров, А. Кыдыргычов, А. Түмөнбаев, А. Мойдунов, Т. Сатыбалдиев ж. б. кол коюп, 1988-жылдын январь айынын орто ченинде самолёт менен жөнөттүк. Бир аз убакыт өткөндөн кийин партиянын Борбордук Комитетинин каттар бөлүмүнөн телефон чалып биз жиберген кат – А. Масалиевге берилгендиги жөнүндөгү маалыматты алдым. Каттын жообун бир айдан ашык күттүк. Кайрадан Борбордук Комитеттин биринчи катчысынын жардамчысы Абдыкеримов Акмат менен (ал жакын таанышым эле) байланышсам биздин катты республикадагы ад-

министративдик структураны, кайра карап түзүү комиссиясында каралып, изилденип жаткандыгын айтты. Бирок каттын жообу дагы эле үч жумага жакын кечикти. Биз каттын жообунун кечиктирилип, кармалып жатканынан улам жооп алалбай турганга коопсуздандык. Андыктан чукул арада иштиктүү чара көрүүнүн зарылчылыгы келип чыкты. Райондогу жетекчи кызматкерлер чогулуп, биринчи иретте Борбордук Комитетке өндүрүштүн алдыңкыларынан, партиянын, эмгектин ардагерлеринен, депутаттарынан комиссия түзүп, андан борборго бара турган комиссиянын курамын аныктадык. Райондун чарбаларынын, мекеме-уюмдардын жетекчилеринин өз чөнтөктөрүнөн каражат топтоп бердик. Алар:

– Сатыбалдиев Таштемир – пенсионер, райондук карыялар кеңешинин төрагасы;

– Турдубаева Бурулбү – Социалисттик Эмгектин Баатыры, СССР Жогорку Советинин депутаты, чабан;

– Золотухина Нина Емельяновна – Кыргыз ССРине эмгек сиңирген мугалим;

– Тилешов Автандил – райондук УОСтун алдыңкы механизатору.

Комиссияны барары менен Кыргыз ССР мамлекеттик пландоо комитетинин төрагасы С. Бегалиев кабыл алып, биздин койгон дооматтарга макул болуп, эгерде республикалык комиссия госпландын макулдугун сурап калса биздин сунушту колдой тургандыгын айтыптыр. Ал биздин делегацияга Борбордук Комитеттин биринчи катчысы Масалиевге сөзсүз жолугуп, катты өз колуңар менен ага тапшыруу жөнүндө кеңешин берет. Үч күндөн кийин биздин кишилерди Масалиев кабыл алат. Ал райондун учурдагы жалпы акыбалын сурамжылап билип, жазылган арыздын мазмуну боюнча кеңири маалымат алып, мурдакы райондун жоюлушунда кетирилген каталыктарды угуп мындай дептир:

– Силердин катыңар менен тааныштык. Бирок Республиканын жаңы административдик структурасы боюнча райондордун, облустардын биригүүлөрү жана силердин райондун жоюлуп башка районго кошулушу республикалык комиссиянын сунушу менен Москвага жиберилди. Ошондуктан азырынча жоюлууга тийиш болгон сиздердин районду калыбына келтирүү маселеси өтө кыйын. Ырас, райондун оор шарттарын эске алып, бул маселени Жогорку Кеңештин сессиясына кеңири талкуугa коёмун. Ошол комиссиянын сунушу боюнча райондун жалпы эли менен бирдикте бир жыйынтыкка келебиз. Ага чейин дагы бир жолу эл менен акылдашып көргүлө да өйдө-ылдый кыйналбай жашай бергиле, – деп барган комиссияны жылуу кабыл алыптыр.

Мен комиссия баргандан тартып Абдыкеримов менен күнүгө 2–3 жолу үзгүлтүксүз телефон аркылуу байланышып, алардын кайда барарын, кимдин кабыл алуусунда болгонун, кандай деңгээлде сүйлөшүүлөр болуп жатканын билип турдум. Ошентип, районубуздун өз калыбында калышына түздөн-түз кийлигишкен биз жиберген комиссия алдына койгон максатын аткарып келишти.

* * *

1988-жылдын июнь айында районго республиканын Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы Акматов Таштанбек баштаган комиссия келишти. Ошондо райондун бардык чарбаларынан атайын өкүлдөр чакырылып, элдик жыйын өткөрүлдү. Анда район өз алдынча калуу менен бирге Ош облусунун курамына кирүү боюнча чоң талкуу жүрдү. Жыйында көпчүлүк эл бул сунушту колдоп чыгышты. Бир аз убакыт өткөндөн кийин Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президумунун Кыргыз Республикасынын жаңы административдик структурасы боюнча Указы чыгып, анда Тогузторо району Ош облусунун курамына киргени айтылган.

1989-жылы апрель айында партиянын Ош облкомитетинин биринчи катчысы Р. Кульматов, облустук аткаруу комитетинин төрагасы Ж. Бекболотов баш болгон облустук тармактык уюмдардын жетекчилери районго биринчи келип ар бир тармак менен кеңири таанышышты. Өз ара пикир алмашкандан кийин райондун элине практикалык жардам берүү маселеси чечилди. Эсимде, бул комиссия келгендин экинчи күнү калктын көмүргө муктаждыгын чечүү максатында Ош облусунун геологиялык экспедициясынын начальниги Н. Рогальский менен Кылдоо участкасындагы көмүр кенине барып байкоо жүргүздүк. Көмүрдү казып алууга жол салып, өндүрүп элге кызмат көрсөтүү ошол жылда эле колго алына тургандыгы белгиленген. Мындан сырткары райондун аймагында бышкан кыш чыгара турган завод куруу, Дөдөмөл, Кошбулак кыштагында жашаган элди таза суу менен камсыз кылуу иштери башталмак. Ал эми Жалалабат, Ош шаарларына, Нарынга самолёт менен үзгүлтүксүз каттоо үчүн кошумча рейстер ачылган. Ошондой эле элдүү кыштактарда иштеп жаткан медициналык, турмуш-тиричилик жактан тейлөөчү ж. б. мекемелердин иштерин жакшыртуу боюнча чаралар көрүлгөн.

1990-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен Нарын облусу кайрадан калыбына келтирилди. Тогузторо району мурун Ош облусунун курамынан жаңыдан уюшулган Жалалабат облусуна бериле турган болду. Бул че-

чимге Нарындык аткаминерлер каршы чыгышат да Жогорку Советтин сессиясында Тогузторо районун кайра Нарын облусуна кошуу маселесин козгошот. Андан кийин «Советтик Кыргызстан» газетасынын 1991-жылдын 13-февралындагы санына Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаевге жана Тогузторо районунун элине Нарын облусуна кошулууну сураган кайрылууну жарыялашат. Кайрылууда Нарын облусунун бардык райондорунан жана Нарын шаарынан согуштун, эмгектин, партиянын ардагерлери болуп 24 адамдын ысымдары аталыптыр. Биз бул кайрылууга жооп кылып «Тогузторолуктар эмне дейт?» деген («Кыргыз Туусу» 13. III. 1991-жыл) кайчы пикир жаздык. Анда Нарын облусунун курамындагы Тогузторо элинин көп кыйынчылыктарды баштарынан өткөргөнү, социалдык-экономикалык маселелерди талдап, облустун райөнго тийгизген экономикалык таасиринин деңгээли талданып, түштүк аймагында болушубуздун зарылчылыгы түшүндүрүлгөн. Райондогу Нарын дарыясына салынган эки көпүрө, Нарын – Казарман трассасы боюнча тартылган жогорку чыңалуудагы электр танабы, Үгүт – Карагөө – Казарман автомобил жолу, телевизиондук станция ж. б. көптөгөн маданий мал жана суу чарба курулуштары 1966–1970-жылдары, райондун 1965-жылы Акталаа районунан бөлүнгөндөн кийин Кыргызстан КП БК менен Кыргыз ССР Министрлер Советинин «Тогузторо районунун социалдык экономикалык абалын көтөрүү жана жакшыртуу чаралары» деген атайын токтомунун негизинде курулуп ишке киргизилгени, андан кийинки социалдык-маданий чоң курулуштар СССРдин түстүү металлургия министрлиги тарабынан «Макмалалтын» комбинатынын курулуш комплексинин ичинде курулуп пайдаланууга берилгени айтылган.

Район Жалалабат облусунун курамындагы мезгилде облустун ошол кездеги жетекчиси – губернатор Осмонов Бекмамат Тогузторонун климаттык жаратылыш шартынын татаалдыгын терең түшүнүп, ар бир кыштакка мончо, Өрнөктөгү каналды ж. б. маданий курулуштарды бүткөргөн. Ал эми райондогу кадрларды өстүрүүгө дагы көп көңүл бөлгөн.

1993-жылы кандайдыр дагы бир жолу Нарын облусунун жетекчилери тарабынан Тогузторо районун кайра Нарын облусуна каратуу жөнүндө демилге көтөрүшөт. Буга биздин айрым мекеме-уюмдарда иштегендер Нарынга кошулуу жөнүндө элге үгүт жүргүзүп тогузторолук кызматкерлерди районго жиберип, кол чогултуп, Республиканын Жогорку Кеңешине кайрылуу

кат жолдошот. Республикадан райондук администрацияга элдин кайрадан Нарын облусуна биригүү жөнүндөгү каалоосун тактоону сурашкан кат жиберилет. Бул боюнча райондун жетекчилери бардык кыштактагы эл өкүлдөрүн катыштыруу менен жыйын өткөрүшөт. Жыйында республикага жиберилген каттагы элдин койгон колдорунун чындыгын текшерген тактоолор жүргүзүлөт. Аягында кайрадан Нарынга кошулуу же Жалалабат облусунун курамында калуу боюнча жалпы элдик референдум өткөрүлөт. Жыйынтыгында референдумга элдин 76,4 проценти Жалалабат облусунун курамында болууну каалаган добушун беришкен.

*Бакы ОРОКОВ*
*«Жеңиш туусу»,*
*21-июль, 2000-жыл*

## ИСА АКЕНИН КАЛТЫРГАН ИЗДЕРИ

Иса Иманбердиевди 1967-жылдан баштап, анын чарбалык да, партиялык да ишти илгиртпей туура уюштура билген инсан катары жакындан тааныймын. Райондун көпчүлүк элине, анын активине кадыр-баркы чоң экендигинен Иса аке деп аташчу.

Иса аке 1970-жылдын жаз айларында Ленин атындагы колхоздун башкармасынын төрагалыгына келген. Ошол мезгилде чарбанын экономикалык абалы бир кыйла төмөндөп кеткен эле. Бир күнү Иса аке мага кирип (МСОнун начальниги элем) колхоздун чарбалык курулуштарынын учур талабына жооп бербей жатканы, эми аларды кандайча ылдам темпте ишке ашыруунун зарылдыгы жөнүндө өзүнүн ойлорун айтып отурду.

1970–1975-жылдары райондун курулуш уюмунун планына биринчи кезекте Дөдөмөл, Казарман орто мектептеринин, 3000 баштык 6 кой сарай чабандын үйү менен, 1000 тонналык эгин кампасын жана мүмкүнчүлүк болсо электр менен жүрүүчү тегирмендин курулушун киргизүүнү сунуш кылды. Биз бул курулуштардын көбүн эки жылга жеткирбей эле бүткөрүп бердик. Ал эми тегирмендин жабдыктарын табуу ал учурда абдан кыйын болуучу. Союздун пландоо органдары тарабынан республикага 1–2ден вальцовый (электр менен жүргөн) тегирмендин жабдуулары бөлүнүүчү. Ал учурда республикада бардык эле райондор муктаж болуучу. Мындай тегирмендин биздин районго алып келинишине ошол мезгилдеги партиянын райондук комитетин жетектеген К. Жыргалбековдун аракети зор болду. Кыргыз Өкмөтүнүн түздөн-түз жардамынын негизинде

1972-жылы республикага бөлүнгөн 2 вальцовый тегирмендин бирөө биздин районго алып келинди. Бирок бул тегирменди башка чарбаларда өзүлөрүнө куруу жөнүндө талаш-тартыштар болбой койгон жок. Ага карабастан И. Иманбердиевдин алдын ала биздин курулуш уюмдун планына киргизгенин, аны чарбанын борборуна куруу жөнүндө бир нече жолку өтүнүчүн эске алуу менен Ленин колхозунда курууну МСОнун, райондун жетекчилери колдодук.

Ошентип, Нарын облусунда биринчилерден болуп Ленин колхозуна типтүү долбоор менен вальцовой тегирмендин курулушун баштадык. Айта кетчү бир кызыктуу жери, тегирмен чыккан заводдун инженер технологун тегирменди монтаждоого чакырганбыз. Заводдун инженери (фамилиясы эсимде жок) келип, анын жетекчилиги менен 3–4 айга жетпей тегирмендин курулушун бүткөрүп, пайдаланууга бердик. Эгерде бул заводдун инженери бизге келбеген шартта МСО субподрядчик издеп, монтаждаган адистердин жоктугунан бул тегирмен 2–3 жылга чейин курулбай туруп калмак. Демек, курулушту кыйынчылыкка карабай колхоздун башкармасы ишти туура уюштуруп, биз менен тыгыз байланышта болуунун натыйжасында кыска мөөнөттө бүткөрүлдү десем жаңылбайм. Тегирмен ушул күнгө чейин Тогузторо айыл өкмөтүнүн элин гана эмес, райондун борборунда жашаган элди тейлеп жатат. Карачий участкасындагы 200 баш малга эсептелген механизациялашкан сүттовар фермасы, Жайылманын оозундагы кой сарай комплекси да Иса акенин демилгеси менен курулган. Ошол мезгилде ал, азыркы асфальт заводу турган жерге колхоздун типтүү гаражын, механизаторлордун үйлөрүн курууну пландаштырып жүргөн эле.

Иса Иманбердиев менен биргелешип иштөө учурунда биз курган объектинин бири райондун эли үчүн кызмат көрсөтүп жаткан Дөдөмөлдөгү телерадио релейлик станция болду. Ал биздин түздөн-түз биргелешип иштөөнүн натыйжасында бүткөрүлгөн. Анткени биздин курулушчуларды колхоз тамак-аш менен бекер камсыз кылып турду. Иса Иманбердиев колхоздун чарба ишин жакшы билгендиктен аны алдын ала көрөгөчтүк менен пландаган иш билги инсан болуучу. Жалаң эле чарбалык ишти өз нугунда алып барбастан, ошол кездеги советтик, партиялык иштин көп кырдуу жолдорун практикада толук пайдаланды. Эл менен кеңешип иштеген кылдат жетекчи катары колхоздун социалдык-экономикалык абалын бир кыйла бийик деңгээлге жеткирген.

Мен Иса Иманбердиевди райондо өмүрүнүн акырына чейин ар түрдүү жетекчи кызматтарда үзүрлүү иштеп, элине зор эм-

гек сиңирген, бирден бир эл сыйлаган инсан экенин замандаш катары баалаймын. Анын жаркын элесин, өтөгөн үзүрлүү эмгегин келечек муундар, эл-журту эске алып Тогузторо айыл өкмөтүнүн борборундагы Ленин атындагы орто мектепке Иса Иманбердиевдин ысымынын ыйгарылганын чын ниетим менен колдоймун.

***Бакы ОРОКОВ,***
***эмгек ардагери.***
***«Жеңиш туусу», 2000-жыл, 24-август.***

## ЦЕМЕНТ КӨРҮҮГӨ ЗАР ЭЛЕК

Быйыл 1935-жылдын жай мезгилинде Акталаадан бөлүнүп Тогузторо өз алдынча түтүн булатканына 65 жыл толот. Алгач Казарман кыштагына эл отурукташа электе борбору Атай кыштагы болгон. Демек, районубуз пайгамбар жашынан өтүп калганга чейин өзөн жээктеп, суу бойлоп, кокту-колотто жашаган бытыранды эл биригип, айыл-кыштак куруп, район деген статус алып, бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып өсүп-өнүгүү жолу менен келишти. Ошентсе да ушул мезгил ичинде райондун эли не деген кыйынчылыкты баштарынан өткөрбөдү. «Эки үй бириксе, бир үй чачылат» дегендей бир нече жолу коңшулаш райондорго кошуп да, районду жоюп салган да күндөр болду. Райондун табигый жаратылыш өзгөчөлүгү, «жол азабы, көр азабы» дегендей сырт байланыштын татаалдыгы, элдин социалдык-экономикалык, маданий жагдайлары эске алынбады.

Мына ушундай үзүл-кесил турмуштун кулу болуп жашаган өрөөндүн элинин өткөн күндөрүн эс тутумуна түйүп, анын көөнө тарыхын келечек муундардын биле жүрүүсүн эске алган Бакы ОРОКОВ өзүнүн ой-туюмун газета окурмандар менен тең бөлгүсү келген. Төмөндө анын 1962-жылдан кийинки мезгилде райондун элинин экономикалык, социалдык-маданий маселелерди жана урунттуу окуяларды камтыган тарыхый эскерүүсүнөн баяндамаларын берүүнү чечтик.

***Рыскулбек БОБУКЕЕВ,***
***«Жеңиш туусу», 2000-жыл, 10-февраль***

* * *

1963-жылы (Н. С. Хрущевдин тушунда) Тяньшань облусу жоюлуп, Тогузторо Акталаа районуна кошулуп, борбору Дөрбөлжүн болгон. Ал мезгилде Тогузторо менен Акталаа райондорун бай-

ланыштырган Казарман – Ойкайың – Кошдөбө жолу гана бар эле. Ал жол да кеч күздөн баштап, жай айына чейин ак кар жамынып жол катнашын берчү эмес. Кышында Каргалык, Ача ашуулары аркылуу райондун байланыш мекемелери, керек-жарак коому элге керек болуучу өнөр жай жана тамак-аш продуктуларын, кат-кабарын өгүз, ат унаалары менен Кошдөбөдөгү базалардан ташып келишчү. Жол байланышынын абдан татаал экендигине карабастан, Тогузторо районун жоюп, коңшу Акталаа районуна кошуп коюшу ал мезгилдеги коммунисттик доордун кыңк эттирбей башкаруусунун натыйжасы.

Ошол 1963–1965-жылдары райондун эли ушунчалык кыйналыштуу жашоого дуушар болду. 180 чакырым алыстагы райондун борбору Дөрбөлжүнгө эл чарба жүктөрүн ташууга ар кандай унаа менен каттоочу. Көпчүлүк учурда жолдо түнөп, жөө-жалаңдап эки-үч күндө араң жетишчү. Тогузтородо жашаган калкты тейлөөчү райондун мекеме-уюмдары толук иштебегенден пенсия-жөлөкпулду өз учурунда алалбай Дөрбөлжүндө айлап жүргөн учурлар унутула элек. Кышында кээ бир зарыл иш менен барган жүргүнчүлөр Казармандан Нарынга самолет менен барып, (күн ачык болсо) андан Дөрбөлжүнгө келишчү. Ошентип, кайра Казарманга келгенге чейин бир айдын жүзү болуп, алган пенсиясын, эмгек акысын жолго кетиришкен. Колхоздордун абалы жыл сайын начарлап, өрөөндөгү социалдык-маданий мекемелердин базалары таланып-бүлүнүүгө учурады. Жол байланышынын кыйынчылыгынан курулуш иштери дээрлик токтоп мектептерди, медициналык тейлөө мекемелеринин имараттарын оңдоо иштери жүрбөй калган. Жогорудагыдай себептерден жыл сайын элдин жашоо-турмушу төмөндөп жакырланды. Буга факты катары маркум Ясын Бердалиев аксакалдын бир эскерүүсүн айта кетейин. Ал киши 1965-жылы Фрунзеде айылдык Советтердин бир айлык курсунда окуп жүргөн экен. Ошол убакта Кыргыз ССР Жогорку Советинин сессиясы өтөт.

– Ал сессияга бизди дагы катышууга чакырышты, — деп эскерчү Ясын аксакал. — Андагы талкууга алынган маселе айыл маданиятын көтөрүү, элди турмуш - тиричилик жактан тейлөөнү жакшыртуу экен. Бул маанилүү маселе боюнча сессияда чыгып сүйлөө үчүн кайта-кайта суранып жатып жарыш сөзгө чыктым. Мен Тогузторо өрөөнүнүн элинин жалпы абалы ушунчалык төмөндөп баратканын, жол байланышынын начардыгынан курулуш иши дээрлик токтоп калгандыгын айтып келип мындай салыштырмалуу мисал келтирдим.

Кочкор районунун борборундагы жол боюндагы көрүстөндөгү тургузулган эстеликтер жалаң бышкан кыштан же, болбосо цементтен тургузулганын, андай эстеликтерди куруу эмес, биздин эл печка салдыруу үчүн бышкан кыш же, үйлөрүнүн пайдубалын курууга цемент көрүүгө зар экендигин айттым. Мындан сырткары Тогузторо өрөөнүндө жашаган элдин көпчүлүк катмарынан Кыргызстан КП Борбордук Комитетине, Кыргыз Өкмөтүнө, Жогорку Советине районду кайрадан калыбына келтирүү жөнүндөгү арыздар, даттануулар үзгүлтүксүз түшүп жатканын да айттым, – деген эле.

Мындай оор акыбалды түшүнүп, партиянын Акталаа райондук комитетинин биринчи катчысы К. Акназаров мени колдоп сүйлөгөн. Натыйжада 1966-жылы декабрь айында кайрадан Тогузторо району болуп уюшулду.

1967-жылы Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети менен Кыргыз Өкмөтү «Тогузторо районунун экономикалык-социалдык абалын мындан ары жакшыртуу чаралары» боюнча атайын токтом кабыл алган. Бул токтом райондун тарыхында элдин социалдык-экономикалык абалынын жакшырышына эң зор роль ойноду. Анын аткарылышы республикалык жетекчиликтин такай көзөмөлүндө болгон. Аталган тарыхый документтин натыйжасын 1967–70-жылдары эң кыска мөөнөттүн ичинде көрө алдык. Казарман — Үгүт автомобил жолунун курулушу менен кошо тоо тепчиген жогорку чыңалуудагы электр танабы тартылып келинди. Нарын дарыясына долбоорлонгон көпүрө салынды. Дөдөмөл тоосунун чокусуна телекөрсөтүү жана радиотелефону үчүн жаңы станция орнотулду. Элди медициналык жактан тейлөө жана элге билим берүү жакшырып, айылдык медициналык пункттар, жаңы мектептердин имараттары курулган. Айыл чарбасын көтөрүүдө ургаалдуу аракеттер көрүлгөнү байкала баштады. Көптөгөн уй, кой сарайлар, малчылар үчүн үйлөр салынды.

1970–1985-жылдары райондун аймагында жүргүзүлгөн геологиялык чалгындоо иштери ийгиликтүү аяктады. Анын натыйжасында 1985-жылы республикада биринчи жолу «Макмалалтын» комбинаты ишке киргизилди. Ошентип, өрөөнүбүз агроөнөр жайлуу болуп чыга келди. Казарман кыштагынын канаты кеңейип, комбинаттын жумушчу-кызматчылары жашай турган «Нур-Жайык» кичи шаарчасы пайда болду. Анда учурдун талабына жооп берген типтүү орто мектеп, борборлоштурулган оорукана поликлиникасы менен, турмуш-тиричилик жана соода борбору ишке киришти. Техникалык жак-

тан талапка жооп берген Казарман аэропорту жүргүнчүлөрдү күн сайын тейлеп, республиканын түштүгү менен түндүгүнө тынбай байланыштырып турду. Деги элибиздин сырт байланышы аба жолу менен да, автомобил жолу менен да абдан жакшырганын калыстык үчүн айта кетели.

Ошентип, агроөнөр жайлуу районубуздун социалдык-экономикасы туруктуу жакшырып бараткан кезде кайра куруунун көлчүгүнө туш болдук...

*Б. ОРОКОВ,*
*«Тунук» фирмасынын директору*

## «ОПОЗИЦИОНЕРЛЕРДИ МЕНДЕЙ ЭРКЕЛЕТКЕН ПРЕЗИДЕНТ ЖОК»

Улуу урматтуу Президентибиз А. Акаев жакында Ош, Баткен облустарында болуп, андагы жалпы коомчулук менен жыйындарды өткөргөнү белгилүү. Президентибиздин аларда сүйлөгөн сөзүндө эгемендүүлүк алган мезгилден берки жана келечектеги өсүп өнүгүүдөгү жүргүзүлгөн иштеринен кеңири баяндама берди.

Чынында Президентибиздин ишмердүүлүгүнүн, демилгелүүлүгүнүн натыйжасында бир кезде «Белгисиз Арал» деп аталган Республикабыз өнүккөн мамлекеттердин таануусуна ээ болду. Ага кошумча Кыргыздардын бүткүлдүйнөлүк Курултайы, «Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекеси, Оштун 3000 жыдыгы өткөрүлгөнүн айтсак жетиштүү болот. Быйыл Бишкек Глобалдуу тоо саммити өтүп, ага дүйнөнүн 60 мамлекетинен келген 600дөн ашуун өкүл катышканы белгилүү.

Жогорудагы аталган форумдарда катышкан өлкөлөрдүн жетекчилеринин бизге көз караштары жакшырып таанып баштап, мамлекеттик өз ара экономикалык маданий кызматташтык байланыштар түзүлүп чыңдала баштады. Кыскасын айтканда, 12 жыл ичинде эң чоң жетишкендигибиз эркиндикти, демократияны, эгемендүүлүктү камсыз кыла алганыбыз болду. Биз аны менен дүйнө элине таанылганыбыз маалым. Бириккен Улуттар Уюмуна, Дүйнөлүк соода уюмуна мүчө болдук. А. Акаевдин сөзү менен айтканда өндүрүм каражаты чектелүү өлкөнү жогорудагы жетишилген үч принциптин негизинде бизди өнүккөн өлкөлөр экономикалык жактан колдоого алып жатканы анык.

Экономикалык багыттагы Президентибиздин өткөн мезгилдеги жүргүзгөн саясаты туура деп эсептеймин. Канчалык чет

өлкөлүк дүйнөлүк банктан, Азия-Евробанктан алынып, өлкөбүздүн экономикалык өнүгүшүнө берилген кредиттик каражаттардын КМШ мамлекеттеринин ичинен Кыргызстанга дурус бөлүнүп жаткандыгын билебиз. Бөлүнгөн финансылык колдоо каражаттары жөн эле келбейт да. Буга келген финансылык колдоонун негизинде Республикадагы телерадио коммуникациясынын, Бишкек–Ош жолунун кайра курулушу, Токмоктогу айнек, таш иштетүүчү заводдордун, Манас аэропортунун ж.б. ишканалардын иштей баштashы далил.

Быйылкы жылы Кыргызстанда өткөрүлгөн Бишкек Глобалдуу тоо саммитине катышкан өкүлчүлүктөрдүн «Бишкек тоо платформасы» – деп аталган документтин кабыл алынышын баса белгилөө керек. Бул документтердин негизинде дүйнөдөгү тоолуу өлкөлөрдүн ичинде биз тоолуу Кыргызстандын эли да жашоо деңгээлин жакшыртууга, тоонун экологиялык системасын коргоо жана тоо ресурстарын акыл-эстүү пайдалануу менен тоолуу аймактарда жашагандар өнүгүү стратегиясына ээ болушат. Бул стратегия эл аралык донор өлкөлөр тарабынан колдоого алынып олтурат. Айрыкча Америка Кошмо Штаттарынын өкүлдөрү Кажысай уран калдыктарды сактоочу жайды реабилитациялоо үчүн каражат бөлүп бергени, Норвегиялык делегация Майлысуудагы зыяндуу заттарды сактоочу жайды зыянсыздандырып-тазалап иликтөөгө каражат бөлүп берерин билдиришти.

Ал эми Германия Кыргызстанга жаңы жабдуулар менен жабдылган Жердин физикасы институтун ачты. Россиялык окумуштуулар жол шарты татаал тоолуу аймакта жашаган окуучуларга – 258 мектеп үчүн дистанциялык окуунун спутниктик системасын берүүгө ниеттенгенин билдирген. Ошондой эле ушул окуяга байланыштуу Дүйнөлүк банктын Кыргызстанга 800 млн АКШ доллары жеңилдетилген кредит берилери айтылган. Мына ушулардын бардыгын Президенттин – А. Акаевдин түздөн-түз жеке демилгеси жана аракетинин жыйынтыгы деп баалаш керек.

Кыргыз Республикасында жүргүзүлүп жаткан бардык социалдык, экономикалык, маданий ж.б. реформалардын баардыгы А. Акаевдин демилгеси жана түз жекече жетекчилиги менен жүргүзүлүп, турмушка ашырылып жатат. Бул реформалардын аткарылышы узак мөөнөттө ишке ашып, жакшы жыйынтыктарды берерине ишенемин. Кыскартып айтканда, Республикабызда чөгүп бара жаткан экономикалык кризис токтоп, кийинки жылдары аз-аздан болсо да жогорулап өсүп бара жаткан учуру. Аны статистикалык көрсөткүчтөр тастыктап

турбайбы. Ал эми жогорудагы жетишкендиктерди оппозиционерлер, оппоненттер бардыгы сөз кылып койбойт да саясий кызыл кулактык жана демагогия менен бийлик башындагыларды айрыкча А. Акаевдин жүргүзгөн саясатын каралап, тынч жаткан элди козутуп бийликти ээлеп алгысы келишет. Алар конструктивдүү сунуштарды айтышпастан, «Сынчынын сыңар өтүгү майрык!» дегендей тилекке каршы бийлик органдарын сынга алып, өтпөгөн талаптарды коюшууда.

Өлкөдө коомдук түзүлүштүн түп-тамырынан бери өзгөрүлүп, жаңы рыноктук коомго өтүүдөгү жүргүзүлүп жаткан экономикалык формацияда сөзсүз айрым кемчиликтердин болушу мүмкүн. Ал мыйзам ченемдүү.

Биздин оюбузча Президент келечекте өз ишинде төмөндөгүдөй каалообузду көңүлүнө ала жүрсө дегеним да:

– Республикада коммунисттик доордогудай жол менен республикалык, облустук, райондук денгээлдеги резерв кадрларды, алардын адистик билимдерине, практикалык ишиндеги уюштуруучулук жөндөмүнө жараша түзүп, ошолор аркылуу иш алып барууну колго алса. Илгертеден эле айтылып жүргөн биринчиси – кадр, экинчиси – темирдей тартип. Ошон үчүн учурунда: «Кадрлар баардыгын чечет» – деп, жөн жеринен айтылбаганы туура болсо керек. Бул бүгүнкү күндө актуалдуулугун жогото элек.

* * *

– Мамлекеттик кызматкерлерди өз демилгеси менен кызматка дайындап койгондон кийин, алардын аткарган иши боюнча келишпес жоопкерчилик талап кылуу керек. Андай ишенимди актабаса кызматтан четтелип, экинчи жооптуу кызмат берилбөөгө тийиш.

* * *

– Конституциялык өзгөртүүлөргө карата түзүлгөн кеңештин сунуштарын негизинен кубаттаймын. Бирок Президенттин көп укуктарын Парламентке тең салмактуу болуп берилиши туура эмес.

Парламенттин негизги иш багыты мыйзам чыгаруу болгондуктан, Президент менен бийлик талашуу болбошу керек. Президентти да, депутаттарды да эл шайлаган. Бирок Президентке өзгөчө Президенттик укуктар берилбесе Англиялык королго окшоп калбайбы. Ал эми конституциялык кеңештин Премьер-министрге берген укуктары абдан туура, ошончолук жоопкерчиликте талап кылуу да керек.

Жыйынтыктап айтканда, Президентибиз А. Акаевдин айрым кемчиликтерине карабастан, Президенттик башкаруудагы жүргүзгөн ишин толугу менен кубаттап жактаймын. Ал кишинин жеке өзүнүн жөндөмдүүлүгү менен жетишкен кадыр -баркы астында кыргыз элин экономикалык кубаттуу өлкөлөрдүн таануусуна ээ кылды. Алар менен өз ара экономикалык, маданий кызматташтык байланыштарды түзүп, перспективалуу иш алып барууда. Чет өлкөлүк донор өлкөлөрдүн, банктардын Кыргызстанга жардам берүүгө ниеттенип, жакын арада 800 млн АКШ долларын берүүгө макулдашкандыгы да өзгөчө мааниге ээ. Азыркы учурдагы оппозициядагы депутат топтордун, ага кошулган интеллигент атуулдарыбыздын карапайым элди адаштырып, айрым кетирилген кемчиликтерди, чек арага байланышкан маселелердин туура чечилгенине карабай тетири бурмалап, Президенттин нормалдуу иштешине жолтоо болушууда. Элди коомдогу ар кандай терс жолго түртүп, магистралдык жолду тосуп, ушак таратып, пикет уюштуруп, жүрүштөргө мажбурлап, дүрбөлөңгө салып жатышат.

Оппозиционерлер андай эле кыргыз элине жаны ачыган атуулдар болушса, өзүлөрү сындаган туура эмес иштерди болтурбай коюуга Президент менен тил табышып чогуу ынтымакта иш алып барышпайбы.

Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгын белгилөө жөнүндөгү Президент А. Акаевдин демилгеси кеңири эл аралык колдоого ээ болуп, биринчи кезекте Бириккен Улуттар Уюму колдоого алып олтурса, «Моя столица» гезити жанталашып бул деген «Миф», «Фольклор», «Дежур патриотизм» деген эч нерсеге сыйбаган көралбастык мамиле жасайт. Эмне, бул гезиттин дүйнөлүк тарыхый илимдин маалыматтарын, дүйнө тааныпган окумуштуулардын эмгектерин жалганга чыгарууга кандай акысы бар. Гезиттин элдин улуттук ар-намысына жана жетишкендиктерине шек келтирүүсүнө жол бербөө керек. Ошондуктан Республиканын компетенттүү органдарынан гезитти элди-жерди мазактагандыгы үчүн мыйзам чегинде жоопко тартууга чейин айып чараларды көрүү жагын сурар элем.

Кыргызстандагы партиялардын, коомдук уюмдардын, оппозициядагы депутаттар жана мамлекеттик эмес уюмдар менен А. Акаевдин өлкөнүн экономикалык, саясий абалы боюнча эки-үч жолу сүйлөшүүлөрү өттү. Алардан конкреттүү сунуштар болбой эле, кайра-кайра жеке кызыкчылыктарды көздөгөн, тигил же бул кемчиликтерди сындагандан башка экономиканы жакшыртууга байланышкан иштиктүү сунуш-

тары жокко эсе. Дагы эле алардын аракети Президентти өз мөөнөтүнөн мурда кызматтан кетирүүнүн жолдорун издешип, элди ар кандай амалдарга салып жатышат. Ага жол бербөө керек.

Президент А. Акаевдин Ош, Баткен облустарында жасаган баяндамасында оппозиционерлерди эркелеткен мендей Президент жок дебедиби, уктук да. Анысы эле туура да.


Ушундан улам «Демократия деле идеалдуу түзүлүш эмес, бирок адамзат азырынча андан жакшы коомду ойлоп чыгара элек» – деп У.Черчилль бекеринен айтпаса керек. Дагы бир акылмандын китебинде: «Адамдарга эркиндик бергенден кийин, алардан жакшылык күтпөгүн» – деп айтылат.


Сыягы, кайсы саясий жетекчи коомго демократияны киргизсе, ал өзү биринчи болуп демократиянын азабын тартат окшойт. Аны А. Акаев өз башынан өткөрүп келатат. Оңдоп-солдоп асылууларга, басма сөздөгү оппозициялык опузаларга чыдады. Канчалык оор болбосун демократияга улам кеңири жол ачып, Кыргызстанга адам укугунун артыкчылыгын орнотуп жатканына тунгуч президентибизге ыраазычылык айтсак жаңылбайбыз. «Кыргыз Туусу» гезитинин кабарчысы Т. Дүйшөбаевдин пикирин колдоп, төмөндөгүдөй сунушту айтаар элем.


Биз Кыргызстандын атуулдары Президентибиз А. Акаевдин жүргүзгөн ишин кош колдоп кубаттап, оппозициядагылардын ойлоруна карама-каршы Президент А. Акаевди алдыдагы референдумда 7 жылдык мөөнөткө Президенттин башкаруу укугун узартууну сунуштар элем. Мындай Президенттик башкаруу мөөнөттөрүн коңшу Өзбекстан, Казакстан деле узартып коюшпадыбы. Убагында АКШнын Президенти Ф. Рузвельтти Конституциялык эки жолку мөөнөтүнө карабай төрт жолу катары менен шайлашкан.


Бул сунуштаган оюмду Тогузторо районунун Карасуу айыл өкмөтүнүн эли, Казарман кыштагындагы Кадыркулов, Ж. Алымбабаев ж.б. көчөлөрдөгү жашаган атуулдар жакташты. Ошондуктан бул пикир-сунушумду Республикалык гезиттерге жарыялап, телерадиодон берүүнү өтүнөөр элем. Мындан биз утушка гана ээ болобуз деген ойдомун.


*ОРОКОВ БАКЫ,*
*эмгек ардагери, пенсионер*
*Тогузторо району, Казарман айылы,*
*Кадыркулов көчөсү № 42*


Кыпчак
Торайгыр кыпчак
Бабатай
Сазан
Көкшейдем
Бөбөн
Карамолдо
Жаныбек казы
Абдылда
Нарбото
Шербото
Бакей
Кыдырма
Кыдыралы
Баялы
Шералы
улуу аялынан
Султаналы
Аманкул
кичүү аялынан
Акбото
Шуруке
Шиназар
Жолчубай
Орозалы
Сырымбет
Шергазы
М у с а
Б а л б а к
Чапкынчы


Кыдырма
Бакей уулу
Орок
Нурбүбү
Ашырбай
Чачык
Тотуке
Расия
Баялы
Бакей уулу
Балкыбек
Кудайберген
Айчүрөк
Артелбек
Ыманберди
Шайлообек
Исламберди
Чынгыз
Илгиз
Аманкул
Бакей уулу
Калыке
Акматалы
Жоломан
Кыдыралы
Бакей уулу
Курманалы
Абаскан
Мадалкан
Масиркан
Сабира
Жамийла
Мамет
Ысмайыл
Шералы
Бакей уулу
Төпө
Султаналы
Бакей уулу
Абдыкалык
Мааткалык
Кундуз
Жылдыз


Орок
Кыдырма уулу
Бакы
Элмира
Назгүл
Шабдан
Искендер
Гүлнара
Азизбек
Чолпон
Алмазбек
Баян
Асел
Айсулуу
Алымбек
Алия
Султан
Эмир
Нурсултан
Бегимай
Нурбүбү
Кыдырма кызы
Өмүралы
Өмүр
Токон
Рыспай
Эмил
Рустам
Гүлнара
Бакен
Гүлбара
Жумакан
Бакыт
Анара
Чынара


Ашырбай
Кыдырма уулу
Тотуке
Кыдырма кызы
Алмабубу
Таалайбубу
Бейшен
Дүйшөн
Кайыпбек
Кыйбатбек
Жайлообубу
Бактыгул
Макен
Майрамбек
Жакып
Таама
Таалай
Жамыйла
Тиленбай
Кубанычбек
Кубаталы
Таалай
Нурбакыт
Жумамүдүн
Жыргал
Нурлан
Зейнегүл
Жыпаргүл
Сыйнагүл
Нургүл
Жолдошалы
Сүйүналы
Сабыралы
Кенжалы
Сайрагүл
Токтобүбү
Мирзат
Нурзат
Алтынбек
Перизат
Чубак
Фатима
Сыргаул
Саадагүл
Айтбек
Айгүл
Бурул




ПРОФЕССОР С. АТТОКУРОВДУН «САНЖЫРА» ДЕГЕН ЭМГЕГИНЕН ПАЙДАЛАНЫЛДЫ.

## МАЗМУНУ

Из калтырмак бизден ........................................ 3
Өмүр чыйыры жана кыйыры .................................... 5
Энемдин промартелде иштеши ................................. 22
Жаныбек казы тууганыбыз болгон ............................. 23
Ашырбайдын Шамен аталышы ................................... 28
Кыдырма уулу Орок дыйкан ................................... 29
Эжелерим жөнүндө эскерем ................................... 32
Жалпы орто билим алуу ...................................... 34
Осмоналиев Турсунбай, Турдуев Кеңешбектин
окуудан чыгышы ............................................. 39
Шергазы уулу Токтаалы аке .................................. 42
Жогорку окуу жайга кирүү — окуу ............................ 45
Таанышуу — үйлөнүү ......................................... 47
Бир жеңден кол чыгарып иштедик ............................. 54
Эженин тажрыйбасы мага чоң сабак ........................... 55
Асыл эжебиз ................................................ 56
Кайрынса эже асыл адам эле ................................. 57
Кайрынса мен жакшы көргөн адам эле ......................... 59
Эмне үчүн кесибимди алмаштырдым? ........................... 62
Районго Ремстройду кантип ачтым? ........................... 66
1967–1983-жылдары курулуш уюмунун иштеги
жетишкендиктери ............................................ 72
Индустриялык курулуш ....................................... 73
Текшерүү. Эч ким сурап албайт .............................. 77
Тогузторо өрөөнүндөгү кен байлыктар жана
өнөр жайынын өнүгүшү ....................................... 81
Т.У.Усубалиевдин комбинатка келиши — узатуу ................ 85
Мен алтымышка келгенде ..................................... 87
60 жылдык тойдо Асан Ибраимов куданын куттуктоосу 89
Уюштургуч жетекчи, ишбилги инсан ........................... 90
Бакынын байсалдуу жолу бааланды ............................ 91
Дагы далай ашууларды ашыңыз ................................ 91
Балдарым менин бакытым ..................................... 95
Эмгек үзүрү ................................................ 97
Мен сыйлаган адам .......................................... 100
Урматтуу Бакы Орокович! .................................... 106
Ак эмгектин бааланышы ...................................... 107
Сыйлыкты куттуктоолор ...................................... 109

Сыйлыгына сыймыктанам ........................................ 109
Тарых барагындагы инсан ........................................ 112
Бактылуу экен, Бакы аке ........................................ 113
Эстен кеткис достор ........................................ 114

Китептин автору жазган жана
ал жөнүндө жазылган макалалар ........................................ 118
Обком Сыдыков ........................................ 118
«Жол — турмуш артериясы жөнүндө көп айтчу»... ..... 123
Кыргыз Республикасынын Президенти
Акаев Аскар Акаевичке
Кыргыз Республикасынын Жогорку
Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын төрагасы
Мукамбаев Усуп Мукамбаевичке
Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин
Эл өкүлдөр жыйынынын төрагасы
Эркебаев Абдыганы Эркебаевичке ........................................ 131
Кыргыз Республикасынын Президенти жолдош
Акаев Аскарга жана Тогузторо районунун элине! ........ 134
Тогузторолуктар эмне дейт
«Кайчы сунуш киргизебиз»... ........................................ 137
«Алтынчөйчөктүн» аймагындагы ашка жарамдуу
туз же республикабыздын жалпы
туз кендеринин келечеги барбы?. . ........................................ 141
Эмгегин эл баалаган ........................................ 145
Жабыла көтөргөн жүк жеңил ........................................ 146
Тогузторолук туңгуч инженер ........................................ 148
Тогузторо кайда «тоголонуп» баратат? ........................................ 150
Келечеги кең туз кени ........................................ 153
Күкүктүн тили катканын күтөбүзбү ... ........................................ 154
«Тунуктуз» фирмасынын келечеги алдыда ........................................ 158
Эмне үчүн Ошко кошулдук? ........................................ 162
Иса акенин калтырган издери ........................................ 167
Цемент көрүүгө зар элек ........................................ 169
«Оппозиционерлерди мендей
эркелеткен Президент жок» ........................................ 172
Тогузтородогу Кашка уруусунун
кыпчактан таралышы ........................................ 177

**ОРОКОВ БАКЫ**

**«АЛТЫН ЧӨЙЧӨК» – ЫЙЫК БЕШИГИМ**

Редактору
***Түгөлбай Мамбетжунушов***
Корректору
***Жакин Теңирбергенова***
Компьютердик калыпка салган
***Өктөм Калыева***

Терүүгө 12.11. 2004-ж. берилди.
Басууга 20.02.2005-ж. кол коюлду.
Форматы 60/84 1/16. Көлөмү 13,5 басма табак.
Нускасы 600 даана.

Бишкек шаары
«Бийиктик» басмасы
Киев көчөсү, 77
Тел.: 66-75-58